Кыргыз улуттук илимдер академиясы
Гуманитардык жана экономикалык бөлүмү
Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институту

Ташполот САДЫКОВ
Курманбек ТОКТОНАЛИЕВ

# АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИ:
# фонетика жана фонология

Бишкек - 2015

УДК 811.51
ББК 81.2 Ки
С 14

Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б) негизинде жарык көрдү.

Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши басмага сунуш кылган.

**Редколлегия:** Акматалиев А.А., Байгазиев С.О., Жайнакова А.Ж., Маразыков Т.С., Мусаев С.Ж., Садыков Т.С., Токтоналиев К.Т., Эркебаев А.Э.

**Пикир айткандар:** филология илимдеринин доктору, профессор Ч.Түлеева; филология илимдеринин кандидаты, профессор Ш.Кадырова

**Жооптуу редактор:** Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын корр.-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор Мусаев С.Ж.

С 14 **Садыков Т.С., Токтоналиев К.Т.**
**Азыркы кыргыз тили: фонетика жана фонология.**
Бишкек: Имак Офсет, 2015. - 360 б.

ISBN 978-9967-12-521-6

Монографияда кыргыз тилиндеги сегменттик жана суперсегменттик бирдиктер фонетика, фонология жана интонологиянын заманбап теориялык контекстинде каралды. Студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга, докторанттарга, мугалимдерге жана кыргыз фонетикасынан жетик билим алгысы келген окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

С4602020400-15 УДК 811.51
ISBN 978-9967-12-521-6 ББК 81.2 Ки

© Ташполот Садыков, Курманбек Токтоналиев
© Кыргыз Улуттук илимдер академиясы
© ЖЧК Имак Офсет

# АЛГЫ СӨЗ

Кыргыз тили - б.з.ч. II кылымдан баштап тарыхый булактарда катталган [МИКК 2003: 13] жана Борбор Азиянын учу кыйырсыз кең мейкиндигин байырлаган тайпалардын ичинен эң байыркысы саналган кыргыз элинин тили, эгемен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили, адабий нормасы калыптанып өнүккөн, сөздүк байлыгы мол, стили жатык, колдонуу өрүшү кенен, дүйнөдө теңдеши жок «Манас» башында турган дастандарды, жөө жомокторду, аңыз-уламыштарды, накыл сөздөрдү, оозеки жана жазма адабияттын көөнөргүс үлгүлөрүн жараткан өркүндөп, өскөн тил, Кыргызстандан башка коңшулаш Өзбекстан, Тажикстан, Кытай, Казакстан, Ооганстан, Пакистан, Түркия, Орусия, Монголия сыяктуу дүйнөнүн бир катар өлкөлөрүндө жашаган барча кыргыз насилинин эне тили. Айрым расми жана бейрасми маалыматтарга караганда кыргыз тилинде сүйлөгөн калктын жалпы саны 5 млн.дон ашуун [КТ 2004: 230; http://www.kg. spinform. ru/people.html; http://www.centrasia. ru/news].

Чыгыш теги жагынан Алтай бүлөсүндөгү түрк тилдеринин тобуна кирет да, түрк тобунун ичинен алтай, хакас, тува, шор, чулум, саруйгур, фую тилдери менен бирге кыргыз бутагын түзөт [СИГТЯ 2002: 476-599, 727, 733]. Ички түзүлүшү жактан мүчөлөмө тилдердин катарына жатат, болгондо да, уңгунун туруктуу сактылып, өзүнчө сөз катары колдонулушу, бир сөздүн грамматикалык формаларынын уланды мүчөлөр менен уюшулушу, туунду сөздүн куранды мүчө менен жасалышы, сөз ичиндеги уңгу менен мүчөнүн үндөштүк аркылуу бир бүтүндүккө биригиши өңдүү типологиялык өзөк белгилери жагынан мүчөлөмө тилдердин ичинен эң үлгүлүүсү деп табылат.

Тил тарыхы - эл тарыхы. Кыргыз элинин сан кылымдык тарыхы кыргыз тилинин да тарыхы экендиги талашсыз. Бирок, ошентсе да, тилибиздин тарыхына тиешелүү ташка тамга

баскандай таш бетине жазылган байыркы эстеликтер кийинки доорлорго, V-IX кылымдарга таандык. Улуу Кыргыз Каганатынын доорунда жаралган жана илимде байыркы түрк, байыркы кыргыз, Орхон-Энесай жазмалары аталган бул эстеликтер Кыргызстан, Монголия, Хакасия, Тува, Тоолуу Алтай ж.б. аймактардан табылган. Алардын жалпы саны бүгүнкү күндө 700 дөн ашуун. Курам жактан 38 тамгадан туруп, үндөштүккө негизделген бул жазууну байыркы бабаларыбыз түзгөндүгү да, пайдалангандыгы да шексиз. Кыргыздардын кийинки тарыхында өйдөкүдөн башка да жазууларды колдонушканы, XVШ-XIX кылымдарда Орто Азиядагы чагатай жазуусун өз тилине ыңгайлаштырганы, XX кылымда адегенде арап жазуусунан латын графикасына өткөндүгү, андан соң латын графикасын орус алфавитине алмаштырганы да белгилүү. Демек, ушулардын баары - кыргыз тили жазуу жүйөсүнө эрте жеткен, тарыхтын ар кандай кезеңдеринде көөнө төл жазуусун унутта калтырып, башка жазуулардан да пайдаланган жана жаңы доордо адабий нормаларын өркүндөп өстүргөн тил экендигинин кадиксиз далили.

Кыргыз тил илими - кыргыз тили жөнүндөгү илим, XX кылымда өзүнүн жаралуу, телчигүү, калыпташып өркүндөө доорлорун баштан кечирген түркология илиминин бир тармагы. Кыргыз тил илиминин жаралышы жана пайдубалынын түптөлүшү улуттук маданий курулушка өлчөөсүз эмгек өтөп, эбегейсиз салымын кошкон жана каргашалуу жылдарда бейкүнө курмандыкка чалынган алгачкы агартуучуларыбыз Ишеналы Арабай уулу менен Касым Тыныстан уулунун аттары менен тыгыз байланыштуу. Булардын ичинен кыргыз тили жөнүндөгү илимдин негизин түптөгөн, агездеги даяр теориялык схемаларды туурабай, тилдик фактыларды бурмалабай, эне тилдин тун кыртышына таянуу менен иликтөөлөрдү жүргүзгөн, кулакка угумдуу, акылга жугумдуу төл терминдерди иштеп чыккан, алгачкы окуу китептерди жазган, ошол эле маалда дүйнөлүк

тилтаанымдагы Е.Д.Поливанов сындуу атактуу аалымдын «*кыргыз морфонологиясынын негиздөөчүсү*» деп берген бийик баасына татыктуу болгон кызыл профессорубуз Касым Тыныстан уулунун орду өзгөчө.

1940-1970-жылдары алгачкы агартуучуларыбыздын баскан жолу улантылып, салган чыйыры кеңитилип, кыргыз тилин ар тараптуу изилдөө иштери каркындашат, орчундуу монографиялык эмгектер жаралат, диалектилер иликтөөдөн өткөрүлөт, тектештирме-тарыхый өңүттөгү изилдөөлөр жүргүзүлөт, сөздүктөр түзүлөт, диссертациялык иштер корголот, окуу китептер жазылат, колдонмо куралдар иштелип чыгат. Мында улуттук илимдин эң оор жүгүн аркалаган залкар тилчи-окумуштууларыбыз Х.Карасаев, К.К.Юдахин, Б.М.Юнусалиев, Ж.Шүкүров, И.А.Батманов, К.К.Сартбаев, Ы.Жакыпов, А.Жапаров, К.Дыйканов, Б.Үмөталиева, Г.Бакинова, А.Турсунов, С.Кудайбергенов, Б.Орузбаева, Т.Ахматов, С.Давлетов, Ж.Мукамбаев, А.Иманов, Ж.Мамытов, А.Орусбаев, Ш.Жапаров, А.Сапарбаев, Ж.Осмонова, Р.Эгембердиев ж.б.лардын эмгеги баа жеткис. Учурда кыргыз тил илиминде буга чейин калыпташкан салттарды улаган, топтолгон илимий тажрыйбаны байыткан, лингвистикалык ойломдун озук үлгүлөрүн боюна сиңирген, жаңыча көз караштарды тутунган, өзүнчө теориялык концепцияларды иштеп чыккан, заманбап иликтөө ыкмаларын колдонгон жана кыргыз тилин жаңы өңүттөн изилдеп, жаңы багыттардын жаралышына өз салымдарын кошкон изилдөөчүлөрдүн жаңы мууну пайда болду. Алардын катарына адабий тил менен диалектилердин тыбыштык түзүлүшүн салыштырма-тектештирме өңүттөрдөн изилдеген Ж.Сыдыковдун эмгектерин, фонология, морфонология, интонология, типология багытында жүргүзүлгөн Т.Садыков, К.Токтоналиев, Ч.Түлееванын изилдөөлөрүн, лексикалык семантика, синтаксистик семантика, текст лингвистикасы тармагында аткарылган С.Мусаев, С.Өмүралиева, Т.Маразыковдун

иликтөөлөрүн, лингвопоэтика, лингвостилистика жаатындагы Б.Усубалиев, Т.Аширбаевдин өнүмдөрүн, тарыхый лексикология, этнолингвистика, лингвокультурология багытындагы И.Абдувалиев, К.Саматов, С.Ибраимов ж.б. көптөгөн тилчилердин эмгектерин кошууга болот. Демек, бүгүнкү күндө кыргыз тил илими да, анын ичинде кыргыз фонетикасы да, дүйнөлүк илимде өзүнүн татыктуу ордун тапкан, кыргыз тилин ар тараптан изилдөөгө өрүшүн кенен жайган, концептуалдык парадигмасы калыпташкан, логикалык ырааттуу бир системага салынган кыргыз таанымынын олуттуу бир тармагына айланып олтурат.

Адам баласынын тили – тыбыштык тил. Ал эми тилдин тыбыштык түзүлүшү менен аткарган кызматы тил илиминин фонетика бөлүмүндө изилдеп үйрөтүлөт. Демек, фонетика оозеки кептин айтылышын, угулушун, иштешин, учурдагы абалын, тарыхый жактан өнүгүшүн камсыз кылган бардык бирдиктерди, каражаттарды, кубулуштарды, заң-мыйзамдарды, эрежелерди ичине камтып, тил илиминин лексикология, сөзжасам, морфология, синтаксис, семантика бөлүмдөрү менен бирдей байланышта болот да, тил илиминин башталгыч бөлүмү жана кыймылдаткыч күчү деп табылат. Ошондон улам университеттердин филология, түркология жана журналистика факультеттеринде окутулган «Азыркы кыргыз тили» аттуу негизги түрмөктүн фонетика курсунан башталышы да дал ушул жагдай менен шартталат. Анткени фонетикада иштелип чыккан теориялык жоболор, жаңы түшүнүктөр, көзкараштар, принциптер, изилдөө ыкмалары, озук технологиялар тил илиминин калган бөлүмдөрүнө таратылып, сынактан өткөрүлүп, тажрыйба менен тастыкталып, акыры келип тил илиминин өзүнүн да, бөлүмдөрүнүн да өркүндөп өсүшүнө өбөлгө түзөт.

Кыргыз фонетикасы, жогоруда белгиленгендей, кыргыз тил илиминин дээрлик кенен да терең изилденген, атайын монографиялар жазылып, жоздор үчүн окуу китептери, окуу

куралдары түзүлгөн бөлүмү. Анын минтип бүгүнкүдөй бийик деңгелге көтөрүлүшүнө И.Арабай уулу, А.Байтурсун уулу, К.Жубанов, К.Тыныстан уулу башында турган алгачкы кыргыз-казак агартуучуларынын да, алардын жолун жолдоп, чыйырын уланткан Б.Юнусалиев, К.Дыйканов, С.Кудайбергенов, Т.Ахматов, А.Орусбаев, Ж.Сыдыков, Т.Садыков, А.Жунисбеков, З.Базарбаева, К.Токтоналиев, Ч.Түлеева өңдүү кийинки муундагы изилдөөчүлөрдүн да кошкон салымы, өтөгөн эмгектери өлчөөсүз. Ошондуктан аты аталган жана аталбай калган бардык окумуштуулардын эмгектерине терең урмат менен мамиле жасап, анда топтолгон бай илимий тажрыйба бул басылманы түзүүдө толук пайдаланылганын белгилей кетүү биз үчүн чоң сыймык.

Монографияда азыркы кыргыз тилинин фонетикасынын өзөк маселелери камтылып, илимий-теориялык жаңы өңүттөн сыпатталып, фонетика жана анын түрлөрү, тыбыштарды изилдөөнүн аспектери, үндүү жана үнсүз тыбыштардын бөлүнүшү, көп вариантуулуктун булактары, фонетикалык кубулуштар, муун, басым, муунак, графика, орфография, транскрипция, интонация ж.б. маселелер каралды.

Монографиянын негизги максаты - кыргыз жана түрк филологиясы, кыргыз журналистикасы багытында окуп жаткан студенттерге, изилдөө иштерин жүргүзүп жаткан магистрант менен докторанттарга азыркы кыргыз тилинин фонетикасы боюнча илимий-теориялык жактан зарыл жана жетиштүү деңгелде терең билим берүү.

Бул максатты ишке ашыруу үчүн, жогоруда белгиленгендей, кыргыз тилинин фонетикасы, фонология жана интонологиясы боюнча жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр, алардын негизинде жазылган фундаменталдуу эмгектер, монографиялар, окуу китептер, окуу куралдары, ошондой эле фонетикалык технологиянын соңку жетишкендиктери пайдаланылды.

Монографиянын алгы сөз, киришүү, сегменттик бирдиктер бөлүмдөрү Ташполот Садыков тарабынан жазылса, фонетиканын

перцептивдик аспекти, фонетикадагы эксперименттик ыкмалар, үндүү жана үнсүздөрдүн спектрин алуу, үндүүлөрдүн акустикалык базасы, үнсүздөрдүн акустикалык базасы, суперсегменттик бирдиктер, айтымдын максат кырдаал интонациясы бөлүмдөрү Курманбек Токтоналиев тарабынан жазылды. Ал эми кыргыз фонетикасынын кыскача тарыхы бөлүмү эки автор тарабынан биргелешип иштелип чыкты.

# КИРИШҮҮ

## 0.1. Фонетика жөнүндө жалпы түшүнүк

Тил – айтылган ойду кабарлоо жана кабылдоо аркылуу ишке ашырыла турган адам баласынын пикир алышуу куралы, уңгу, мүчө, сөз, сөз айкашы, сүйлөм өңдүү тилдик белгилердин өзгөчө системасы. Пикир алышуунун негизги бирдиги - айтылган сүйлөм. Ал сөз жана сөз айкаштарынан турса, сөз муундан турат. Муун болсо үндүүдөн же үндүү менен үнсүздүн айкашынан турат. Демек, пикир алышуунун негизги бирдиги болгон сүйлөмдүн да, сүйлөм тутумундагы сөз жана сөз мүчөлөрүнүн да заттык жагы тыбыштардын тизмегинен куралат. Ошондуктан тыбышсыз тил да, тилдеги бирдиктер да болбойт. Дүйнөдөгү бардык тилдер тыбыштык тилге жатат. Анткени кеп агымында айтылган тыбыштардын тизмеги үн толкундарын түзүп, абада таралып, аба аркылуу сүйлөөчүдөн тыңдоочуга жеткирилип турат. Аталган процесс күндүзү да, түндөсү да, бардык убакта бирдей ишке ашырылат.

Экинчи жагынан адам баласы абадан дем алып, аба аркылуу жандуу жана жансыз жаратылыштан чыккан албан түрдүү үндөрдү угуп, аба мейкиндигинде өмүр сүрөт. Абасыз, абадан дем албай жашоо мүмкүн эмес.

Ошентип, жогорудагы факторлор акыры келип адам баласынын тили тыбыштык тил болушун шарттайт, атап айтканда, адамдар аба мейкиндигинде жашайт жана ошол эле мейкиндикте бири-бири менен карым-катыш жасоо үчүн ойду кабарлоо менен кабылдоонун негизги каражаты болгон тыбыштык тилди пайдаланат. Мисалы: *Бала китеп окуду*. Он төрт тыбыш, жети муун жана үч сөздөн турган бул сүйлөм *баланын китеп окугандыгы* тууралуу ойду кабарлады. Мында айкын өткөн чактын *-ды* мүчөсү уланган *оку-* сөзү баяндоочтук милдет аткарып, өзү туюндурган кыймыл-аракеттин сүйлөп

жаткан учурдан мурда болгондугун, атооч жөндөмөдөгү *бала* сөзү ээлик милдет аткарып, кыймыл-аракеттин субъектисин, табыштын нөл формасындагы *китеп* сөзү тике толуктоочтук милдет аткарып, кыймыл-аракеттин объектисин билдирди. Ошол эле маалда аталган сүйлөмдүн тутумундагы үч сөздүн ар бири жеке өзүнүн керт башына гана тиешелүү болгон тыбыштык турпат менен мүнөздөлдү.

Пикир алышуу оозеки түрдө да, жазма түрдө да ишке ашырылат. Бирок булардын ичинен жазууга негизделген жазма кеп, эреже катары, тыбышка негизделген оозеки кепке дайыма туунду болуп келет. Демек, оозеки кеп баштапкы кубулуш деп, жазма кеп оозеки кептин негизинде пайда болгон кийинки кубулуш деп табылат.

Жазма кеп калыпташуу кезеңинде оозеки кептин негизинде өркүндөп өсөт, андан көзкаранды болот. Жазма кептин нормалары калыпташып, бир нукка салынган соң, өз кезегинде оозеки кептин айтым нормаларына да таасирин тийгизе баштайт. Адабий тилдин алкагында тилдин айтым нормалары менен жазуу нормалары дайыма бири бирине шайкеш келтирилип турушу шарт.

Ошентип, *фонетика - тилдин тыбыштык жүйөсүн ичине камтыган тил системасынын бир бөлүгү жана ал бөлүктү изилдеп үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүмү.*

Бул, алибетте, фонетиканын жалпылаштырылган аныктамасы. Ошондуктан фонетиканын табиятын илимий жактан тереңден аңдап түшүнүү үчүн анын изилдөө объектилерин так аныктоо талап этилет.

## 0.2. Фонетиканын изилдөө объектилери

Фонетиканын изилдөө объектилери өтө эле арбын. Алардын ичинен кыргыз жана башка бардык тектеш түрк тилдери үчүн эң орчундуусу деп төмөнкүлөр табылат:

1. *Тилдеги тыбыштардын толук курамы.* Тилдин тыбыштык курамы, атайын изилдөөлөр көрсөткөндөй, ондогон эмес, жүздөгөн тыбыштарды ичине камтыйт.

2. *Ар бир тыбыштын акустика-артикуляциялык касиеттери.*

3. *Тилдеги окшош тыбыштардын өзөгү - фонемалардын толук курамы.*

4. *Ар бир фонеманын ажыратуу белгилеринин толук курамы.*

5. *Тилдеги фонологиялык оппозициялардын толук курамы.*

6. *Көп варианттуулуктун булактары.* Кеп агымында айтылган тыбыштардын бири-бирине таасир этип, ар кандай өзгөрүүлөргө кабылышын жөнгө салган фонетикалык кубулуштардын топтому мүчөлөмө типологиядагы кыргыз жана башка бардык түрк тилдери үчүн ириде мүчөдөгү, андан соң уңгу менен сөздөгү көп варианттуулуктун булактары деп табылат да, төмөнкү кубулуштарды ичине камтыйт:

- сөз ичиндеги бардык муундардын, муун ичиндеги бардык тыбыштардын айтым күүсүн камсыз кылган жана сөздүн фонетикалык паспортун түзгөн *үндөштүк (сингармонизм) кубулушу,*
- сөз менен мүчөнүн чегинде жана мүчө менен мүчөнүн жигинде үнсүздөрдүн окшошуп, же окшошпой айтылышын камсыз кылган *окшошуу жана окшошпоо кубулуштары,*
- муун ичиндеги үндүү жана үнсүз тыбыштардын ыңгайлашып айтылышын камсыз кылган *аккомодация кубулушу*,

- сөз ичиндеги үндүү тыбыштын кыскарып айтылышын камсыз кылган *редукция кубулушу,*
- сөздүн бир жерине үндүү тыбыштын кошулуп айтылышын камсыз кылган *протеза кубулушу,*
- сөз соңундагы басымсыз муундагы үндүүнүн кыскарып айтылышын камсыз кылган *элизия кубулушу,*
- сөз ичинде бир, же бир нече тыбыштын түшүрүлүп айтылышын камсыз кылган *синкопа кубулушу,*
- сөз соңундагы тыбыштын кошулуп айтылышын камсыз кылган эпитеза кубулушу,
- сөз ичинде бир тыбыштын кошулуп айтылышын камсыз кылган *эпинтеза кубулушу,*
- сөздүн кыскарып айтылышын камсыз кылган *апокопа кубулушу*,
- сөз ичиндеги тыбыштардын, же муундардын орун алмашып айтылышын камсыз кылган *метатеза кубулушу* ж.б.

7. *Муундун табияты, түрлөрү, типтери, тыбыштык курамы, айкашуу, сыйлыгышуу, жиктелүү эрежелери.*

8. *Басым жана анын түрлөрү.*

9. *Муунак (синтагма): курамы жана түрлөрү.*

10. *Интонация жана интонема: табияты, курамы, түрлөрү, типтери.*

11. *Алфавит, графика, орфография жана орфоэпия маселелери.*

12. *Траскрипция жана транслитерация маселелери ж.б.*

Көрүнүп тургандай, бул объектилер фонетиканын тике же кыйыр түрдө тилдин бардык деңгелдери менен бирдей карым-катышта болорун тастыктап турат. Анткени тил системасынын эң жогорку деңгелиндеги сүйлөмдөн баштап төмөнкү деңгелиндеги уңгу-мүчөгө (морфемага) чейинки бардык эки жактуу бирдиктер сөзсүз түрдө кандайдыр бир тыбыштык турпатка жана мааниге ээ болушу шарт.

Ал эми тыбыш (фонема) болсо өз алдынча эч маанини билдирбейт, бирок морфемадан сүйлөмгө чейинки уңгу, мүчө, сөз, туруктуу сөз айкашы, сүйлөм сыяктуу эки жактуу маани берүүчү бардык бирдиктердин тыбыштык турпатын куроо кызматын аткарат. Тактап айтканда, тилдеги бул өңдүү эки жактуу маани берүүчү бардык бирдиктер тыбыштардын өзөгүн түзгөн фонемалардан куралып, жандуу кепте фонемаларды ишке ашырган тыбыштардын тизмеги аркылуу айтылат. Ушунун өзү эле фонетиканын тилдин бардык деңгелдери менен бирдей байланыш-катышта болорун ачык далилдейт. Демек, фонетиканын табиятын түшүнбөй туруп тил системасынын бөлүктөрү менен тил илиминин бөлүмдөрүнүн табиятын да илимий жактан аңдап, түшүнүү эч мүмкүн эмес.

## 0.3. Фонетиканын түрлөрү

Фонетика теориялык жактан *жалпы фонетика* жана *жеке фонетика* болуп экиге жиктелет.

*Жалпы фонетикада* дүйнөдөгү бардык тилдердин тыбыштык түзүлүшүндөгү жалпы өзгөчөлүктөр, тыбыштардын жасалуу, угулуу, кабылдануу заңдары, заттык, кызматтык жалпылыктары, фонологиялык концепциялар, тыбыш, фонема, морфонема, архифонема өңдүү түшүнүктөр, фонемалардын ажыратуу (дифференциялык) жана бириктирүү (интегралдык) белгилери, фонологиялык оппозициялар, алардын түрлөрү менен типтери, интонация каражаттарынын колдонулушу, тыбыштык системалардын тарыхый жактан өнүгүшү, алардын бири-бирине таасир этүү заңдары, бир системадагы тыбыштардын айкашуу, кеп агымындагы тыбыштардын колдонуу эрежелери, графика, орфография, орфоэпия принциптери жана эрежелери сыяктуу көптөгөн теориялык маселелер каралат.

*Жеке фонетикада* бул маселелер бир тилдин алкагында өз чечилишин табат да, ал тилдин тыбыштык түзүлүшүн ар тараптан изилдөөгө шарт түзүлөт.

Жалпы фонетика менен жеке фонетика өз ара тыгыз карым-катышта өнүгүп, жалпы фонетика жеке фонетиканын алкагында топтолгон фактыларга таянуу менен жалпы теориялык бүтүмдөрдү, түшүнүктөрдү, жоболорду иштеп чыкса, жеке фонетика жалпы фонетиканын алкагында иштелип чыккан ар кандай теориялык жоболорго, көзкараштарга, концепцияларга, түшүнүктөргө, эрежелерге, заң-мыйзамдарга ж.б.ларга таянуу менен гана бир тилдин тыбыштык түзүлүшүн так жана терең сыпаттап берүүгө жетише алат.

Изилдөө объектиси менен коюлган максатына карай фонетика төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт:

1) сыпаттама фонетика,

2) тарыхый фонетика,

3) тектештирме, тектештирме-тарыхый фонетика,

4) салыштырма, салыштырма-типологиялык фонетика,

5) диалектилик фонетика,

6) эксперименттик фонетика.

*Сыпаттама фонетика* (описательная, дескриптивная фонетика) - кээде синхрондук же статикалык фонетика деп да аталат. Белгилүү бир мезгилдеги тилдин тыбыштык түзүлүшүн изилдеп үйрөтөт. Көбүнчө тигил же бул тилдин азыркы учурдагы абалын иликтөө менен чектелет. Ошондуктан, маселен, «Азыркы кыргыз тили: фонетика» аттуу окуу китептер дал ушул сыпаттама фонетиканын бир түрү деп эсептелет.

*Тарыхый фонетика* (историческая, диахроническая фонетика) тилдин тыбыштык түзүлүшүнүн тарыхый жактан өнүгүп, өзгөрүшүн изилдеп үйрөтөт. Азыркыга чейин эне тилибиздин тарыхый фонетикасы да, грамматикасы да жазыла элек. Тилдин тыбыштык түзүлүшүн азыркы жана тарыхый тургудан сыпаттоодо тектеш тилдердин фактысына да кайрылуу

абзел. Бул болсо тыбыштардын тарыхый жактан өзгөрүү жана өнүгүү себептерин ачып берүүгө мүмкүндүк берет.

*Тектештирме (сравнительная), тектештирме-тарыхый (сравнительно-историческая) фонетика* тектеш тилдердин тыбыштык жүйөсүндөгү жалпылык менен айырмачылыктарды салыштып изилдөө аркылуу бабатилдин тыбыштык жүйөсүн калыбына келтирүү максатын көздөйт. Буга мисал кылып «Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков: фонетика» (М: 1984) аттуу совет жана орус окумуштуулары тарабынан даярдалган орчундуу эмгекти айтууга болот.

Тарыхый фонетика менен тектештирме-тарыхый фонетика бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, тектештирме-тарыхый ыкманы колдонуу жагынан экөө тең бирдей жалпылыкты түзүшөт. Айырмачылыгы: тарыхый фонетика көбүнчө бир тилдин тыбыштык жүйөсүн тарыхый жактан изилдөө максатын көздөсө, тектештирме-тарыхый фонетика тектеш тилдердин негизин түзгөн бабатилдин тыбыштык жүйөсүн калыбына келтирүү максатын көздөйт. Ошондуктан буларды бири-бирине кескин карама-каршы коюу дайым эле мүмкүн боло бербейт.

*Салыштырма, салыштырма–типологиялык (сопоставительно-типоло-гическая) фонетика* тилдерди тектеш же тектеш эместигине карабастан салыштырып изилдейт да, анда салыштырылып жаткан тилдердин тыбыштык түзүлүшүндөгү жалпылык менен айырмачылыктарды ар тараптан ачып берүү максаты көздөлөт. Салыштырма фонетика багытында кыргыз тил илиминде бир катар кандидаттык диссертациялар корголуп, окуу куралдары жазылган.

*Диалектилик фонетика* – тилдин жергиликтүү диалектилеринин тыбыштык өзгөчөлүктөрүн изилдөө максатын көздөйт.

Изилдөөнүн жаңы ыкмалары менен технологияларын пайдалануу жагынан *эксперименттик фонетика* фонетиканын

бардык түрлөрүнөн өзгөчөлөнүп турат да, ал төмөнкүдөй төрт багытты ичине камтыйт:

1. *Акустикалык фонетика* – тилдеги тыбыштарды үн кубулушунун бир түрү катары карайт да, тилдин тыбыштык түзүлүшүн кимограф, осциллограф, интонограф, спектрограф өндүү акустикалык куралдарды колдонуу менен изилдейт.

2. *Артикуляциялык фонетика* – тилдеги тыбыштарды сүйлөө органдарынын иш-аракети менен байланышкан биологиялык кубулуш катары карап, тилдин тыбыштык түзүлүшүн палатограф, ренгенограф, миограф сыяктуу физиологиялык куралдардын жардамы менен изилдейт.

3. *Перцептивдик фонетика* – тилдеги тыбыштардын тил ээси тарабынан кабылдоо өзгөчөлүктөрүн изилдейт да, бул максатты ишке ашыруу үчүн психологиялык, психолингвистикалык жана акустика-артикуляциялык ыкмаларды колдонот.

4. *Компьютердик фонетика* – тилдин тыбыштык түзүлүшүн, оозеки кептин анализи менен синтезин компьютердик, сандык жана озук технологияларды колдонуу менен изилдейт.

Эксперименттик фонетиканын аталган багыттарынын ар бири боюнча кыргыз тил илиминде бир катар диссертациялык изилдөөлөр аткарылган.

## 0.4. Кыргыз фонетикасынын кыскача тарыхы


Фонетиканын тарыхы тыбыштык жазуунун тарыхы менен өзөктөш экендиги талашсыз. Бул жагынан кыргыз жана башка бардык тектеш түрк тилдеринин тыбыштык түзүлүшүн изилдөө тарыхы байыркы бабаларыбыз жараткан жана V-1X кылымдарда колдонулган Орхон-Энесай жазуу жүйөсүнө барып такалары анык.

Чынында да, 38 тамгадан турган, сөз жана сөз мүчөсүнүн фонетикалык паспортун түзгөн жана түрк тилдеринин типологиялык өзөк белгиси болгон үндөштүк кубулушун туура берүүгө багытталган бул жазуу системасынын негизин байыркы

бабаларыбыз кол жеткирген сингармонологиялык терең билим [Жунисбек 2009: 28-29] түзөрү кадиксиз.

Демек, *мындан түрк тилдеринин фонетикасынын тарыхы бери дегенде бир жарым миң жыл мурда башталат деген бүтүм келип чыгат*.

Түрк тилдеринин жалпы фонетикасынын тарыхындагы орчундуу доор - XI кылымдын экинчи жарымындагы Кашкарлык Махмуттун «Дивану лугат-ит түрк» эстелигинин жазылыш мезгили. Эгерде Орхон-Энесай эстеликтери түрк тилдеринде жазылган алгачкы тарыхый текст деп табылса, Кашкарлык Махмуттун «Дивану лугат-ит түрк» эстелиги түрк тилдери жөнүндө жазылган алгачкы илимий текст деп табылат. Ошол эле маалда эстеликте түрк тайпаларынын таралыш арелдарын чагылдырган алгачкы карта берилген.



Кыскасы, «Диванда» түрк сөздөрү муун санына карай бир муундуу, эки муундуу жана көп муундуу сөздөр деп сөздүккө алынса, үндөштүктүн сакталышына же сакталбай бузулушуна карай түрк тилдери *таза тилдер* жана *аралашма тилдер* деп эки топко бөлүп каралган. Салыштырууга алынган тилдердин ортосундагы фонетикалык шайкештиктердин негизинде, анын ичинде сөз башындагы *д~т, м~б, й~ж* алмашуу заңына ылайык жана сөз ортосундагы каткалаң үнсүздөрдүн жумшаруу кубулушуна карай түрк тилдери чыгыш жана батыш топторуна жиктелген. Түрк диалектилеринин өнүгүү тарыхынын эң байыркы доорлорун чагылдырган жана түркологияда кийинчерек гана белгилүү болгон *д~з~й, р~з, л~ш* шайкештиктери да дал ушул эстеликте алгач ирет илимий айлампага киргизилген. Демек, «Дивану лугат-ит түрк» эстелиги түркология илиминин да, анын бир тармагы болгон түрк тилдеринин жалпы фонетикасынын да кайнар булагы экендиги талашсыз [КМТДТ 2007].

XIX кылымдын соңунан баштап Жетисуу чөлкөмүн, анын ичинде кыргыз жергесин каратып алгандан кийин орус окумуштууларынын кыргыз жана башка түрк тилдерине болгон кызыгуусу артат. Буга чейин кыргыз-казак тилдеринин фонетикалык өзгөчөлүгүнө, анын ичинде тыбыштык курамына, муун түзүлүшүнө, үндөштүк кубулушунун заң-эрежелерине байланыштуу В.В.Радлов, Н.И.Ильминский өңдүү аалымдардын эмгектери жарык көрөт [Жүнісбек 2009: 198-270].

Ошентсе да, кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү өткөн кылымдын 20-30-жылдарында гана ырааттуу түрдө иликтөөгө алына баштайт. Бул жагынан алгачкы маалымат 1911-жылы Уфа шаарында жарык көргөн И.Арабай уулу менен Х.Сарсеке уулунун кыргыз-казак балдарына арнап жазылган «Алиппе же төтө окуу» аттуу китебинде берилет. Бирок анда тилдеги тыбыштардын бөлүнүшүн иштеп чыгуу максаты көздөлбөстөн, ал тыбыштарды жазууга үйрөтүү аркылуу кыргыз-казак

балдарынын сабатын ачуу максаты көздөлөт [Арабай уулу, Сарсеке уулу 1911].

Эне тилибиздин фонетикасы жөнүндөгү илимий жактан тастыкталган алгачкы маалымат кыргыз тилтаанымын негиздеген Касым Тыныстан уулунун калемине таандык. Тактап айтканда, туңгуч профессорубуздун «Эне тилибиз» (1926-29), «Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин жаңы долбоору» (1934), «Кыргыз тилинин морфологиясы» (1934), «Кыргыз адабий тилинин орфографиялык эрежелери» (1936) аттуу эмгектеринде тилибиздеги тыбыштар үндүү жана үнсүз деп эки чоң топко бөлүп каралган. Булардын ичинен үндүү тыбыштар созулма жана кыска, жоон жана ичке, эрин жана ачык, кең жана кууш деп дагы сегиз топко бөлүнгөн. Үнсүздөр болсо өз кезеги менен уччул, түпчүл, орточул, артчыл, жарылма, жылчыкчыл, каткалаң, жумшак, уяң, кожогой деп өзүнчө топторго түркүмдөштүрүлгөн. Кыргыз фонетикасынын өнүгүшүнүн кийинки этаптарында К.Тыныстан уулунун жогорудагы табылгалары менен илимий жоболору бир катар жагынан тактална да, негизинен алар өзгөрүүсүз сакталган. Демек, ушунун өзү эле К.Тыныстан уулунун илимий мурастарында эне тилдин тыбыштык табияты так жана дээрлик кенен ачып көрсөтүлгөндүгүн кабарлайт.

Экинчи жагынан Касым Тыныстан уулу 30-жылдардын башында эне тилдин сөздүк байлыгын жыйноо маселесин күн тартибине койгон экен. Бул маселени чечүү үчүн тасма түрүндөгү атайын математикалык таблицаны ойлоп табат. Ар бир тасмага латын тамгаларын колдонуу жыштыгына карай A–>K–>T–>B–>Ç–>I тартибинде жазат да, аларды кайчылаштырып бирден жылдыруу аркылуу жаңы сөз же сөз формаларын ала баштайт. Алынган сөздөрдү улам каттап турат. Ошентип, *Касым Тыныстановдун таблицасы* деген ат менен белгилүү болгон бул ыкма аркылуу кыргыз тилине тиешелүү 100 миңге жуук сөз жана сөз формасы чогултулган экен [Тыныстанов 1934а]. Демек, Касыкемдин бул эмгегин кыргыз тилтаанымындагы, кененирек алсак, түркологиядагы

фоностатистикалык жана генеративдик багыттын башталышы деп кароого толук негиз бар.

Өйдөкү эмгек менен мазмун жактан байланышкан Касым Тыныстан уулунун *«Кыргыз адабий тилинин жаңы ымласынын* долбору» аттуу дагы бир эмгеги [Тыныстанов 1934 b], чынында да, кыргыз морфонологиясынын башталышы болуп саналат. Учурунда Е.Д.Поливанов бул эмгекке карата өз пикирин минтип билдирген экен: «*И тот факт, что т. Тыныстан уулу не просто прислушался к последному слову западной науки, а наоборот - самостоятельно пошел по параллельному ей пути, создав собственную морфонологию кыргызского языка (хотя и не* называ*емому им этим именем), уже сам по себе говорит о значительности достижений киргизского лингвиста. Этим я вовсе не хочу сказать, однако, что все вопросы морфонологического характера уже разрешены для кыргызского языка Тыныстановым. Но во всяком случае сделано им уже достаточно для того, чтобы практические вопросы орфографии могли разрешаться на твердой базе теоретического материала...» [*Поливанов 1934]. Атактуу окумуштуунун кыска жана нуска айтылган бул пикиринде кыргыз морфонологиясы кантип жана кандай фактыларга таянуу менен иштелип чыккандыгы жөнүндө так маалымат берилген эмес. Ошентсе да, окумуштуунун негизги оюн өйдөкү эки эмгекти талдап териштирүү аркылуу калыбына келтирүүгө болорун белгилей кетүү абзел. Бул, арийне, өзүнчө карала турган өзөк маселе. Мындагы биз үчүн орчундуусу - тун профессорубуздун теориялык лингвистикага кошкон дагы бир салымы.

Касым Тыныстан уулу өйдөкү эмгегинде сөз жана сөз формаларын логикалык санак жолу менен эсептеп алуунун жол-жобосун иштеп чыккан экен. Анда кыргыз жана башка бардык түрк тилдери үчүн бирдей мүнөздүү болгон муундун төмөнкүдөй 6 тибин жетекчиликке алат: A, AP, ALP, PA, PAP, PALP. Мында A - үндүү тыбыш, P - үнсүз тыбыш, L - уяң үнсүз.

Ар бир тип тиешелүү тыбыштар менен толтурулган соң бир муундуу сөздөрдүн толук тизмеси алынат. Анан кезек 2 муундуу сөздөргө келет. Мындай сөздөрдү алуу үчүн 6 типке көп муундуу сөздүн бардык өңүттөрүндө бирдей келген соңку 3 тип (PA, PAP, PALP) көбөйтүлүп, 2 муундуу сөздөргө тиешелүү муундун 18 тиби аныкталат. 18 тип тыбыштар менен толтурулгандан кийин 2 муундуу сөздөрдүн толук тизмеси чыгарылат. Бул амалды улам кайталап аткаруу аркылуу 3, 4, 5 жана башка көп муундуу сөздөрдүн толук тизмеси аныкталат.

Ошентип, К.Тыныстан уулу тарабынан сунушталган бул ыкма азыркы формалдык лингвистикада *тилдик объектилерди логикалык эсептеп чыгаруу ыкмасы* (*способ логического исчисления лингвистических объектов*) деп аталат. Бул ыкма XX кылымдагы тил илиминде төңкөрүш жасаган жана америкалык окумуштуу Н.Хомский тарабынан негизделген генеративдик лингвистика аттуу багыттын теориялык бир негизин түзөрүн айта кетүү абзел. Кызыгы, Н.Хомскийдин «*Синтаксистик структуралар*» аттуу эмгеги 1957-жылы Нидерландияда англис тилинде басылып чыкса, Касым Тыныстан уулунун эмгеги андан алда канча мурда 1934-жылы Кыргызстанда басылып чыгат [10]. Бул салыштыруунун негизинде генеративдик лингвистиканын, анын ичинде генеративдик морфологиянын бир башаты түркологияда жатат деп бүтүм чыгарууга толук негиз бар.

Касым Тыныстан уулунун фонетика теориясына кошкон дагы бир салымы - үндөштүк кубулушунун ишке ашуу механизмин илимий жактан чечмелеп бериши. Тунгуч профессорубуз өзүнүн өйдөкү эмгегинде, агездеги түрк тилдерине карата калыпташкан идеологиялык терс көзкараштардан айырмаланып, үндөштүк кыргыз жана башка бардык түрк тилдери үчүн сенек, жоголуп бараткан эмес, жандуу, жашап жаткан жана жашай бере турган кубулуш экендигин далилдейт да, үндөштүк кубулушу кантип башкарылып, кандай эреже аркылуу ишке ашырыларын түркологияда алгачкы ирет аныктаган экен. Эреженин түпнускасы орус тилинде минтип

берилет: «*Общий закон влияния первого гласного звука на третий гласный идет через посредство второго рядом стоящего звука»* (*биринчи үндүүнүн үчүнчү үндүүгө таасир этишинин жалпы заңыжанаша турган экинчи тыбыш аркылуу ишке ашырылат)* [Тыныстанов 1934b: 6].

Тилекке каршы, бул жобо бүгүнкү күнгө чейин жалпы тил теориясында да, түркологияда да өзүнүн татыктуу баасын албай келет. Анын көп себебинин бири бул жобонун мазмунун алигиче жетик түшүнбөй жүргөнүбүздөн да болушу ыктымал. Ошентсе да, аталган жобо түркологиядагы эң орчундуу ачылыштардын бири экендигин баса белгилөө менен ага төмөнкүчө тактоо киргизүү зарыл: *«үндөштүктө биринчи муун үчүнчү муунга түздөн түз таасир этпестен экинчи муун аркылуу таасир* этет» [Садыков, Шаршембаев 2011: 228].. Бул жобону төмөнкү мисал аркылуу тастыктоого болот:

(1) *куш* + *нын* > *куштун* (сайраганы);

(2) *куш*+ *лар* + *нын* > *куштар* + *нын* > *куштардын* (сайраганы).

Көрүнүп тургандай, (1) учурда биринчи муун (*куш* уңгусу) экинчи муунга (*-нын* мүчөсүнө) түздөн түз таасир этип, мүчөдөгү ачык үндүү эрин үндүүгө өтөт.

(2) учурда биринчи муун экинчи муунга (*у* => *а*), экинчи муун үчүнчү муунга (*а* => *ы*) түздөн түз таасир этип, көптүк мүчөдөгү кең үндүү да, жөндөмө мүчөдөгү кууш үндүү да сакталып айтылат: сал. *куш* + *тар* + *дын*.

Эгерде бул процессте салттуу көзкарашка ылайык биринчи муун калган бардык муундардын үндөшүп айтылышын (*у* => *а, у* => *у*) шарттаган болсо, анда (2) учурда тилде колдонулбаган **куш* + *тар* + *дун* формасы келип чыкмак. Буга, алибетте, тил жол бербейт.

Кыргыз фонетикасын эксперименттик өңүттөн изилдөө багыты проф. Т.Ахматов тарабынан түптөлгөн. Ал 1969-жылы Ленинград (Санкт-Петербург) мамлекеттик университетиндеги акад. Л.В.Щерба атындагы эксперименттик фонетика лаборато-

риясында аткарган *«Азыркы кыргыз адабий тилинин тыбыштык түзүлүшү»* аттуу докторлук диссертациясын коргоп, ушул эле аталыштагы эки томдук басылмасын жарыя кылат [Ахматов 1968, 1970]. Аалымдын бул эмгеги, чынында да, кыргыз адабий тилиндеги тыбыштардын толук курамын акустика-артикуляция жактан да, кызмат жактан да так жана объективдүү негизде иликтөөгө алган алгачкы изилдөө экендиги талашсыз. Андыктан бул изилдөөдө кол жеткирилген натыйжалар жалпысынан учурда да өзүнүн өзөктүүлүгүн жоготпой, кыргыз фонетикасы боюнча жүргүзүлгөн жаңыча иликтөөлөргө негиз болуп келет.

Проф. Т.Ахматовдун экспериментгик фонетика багытындагы өйдөкүдөй саамалыктарынан кийин эне тилибиздин тыбыштык түзүмүн изилдөө иштери дээрлик каркындашып, мунун натыйжасында кыргыз фонетикасынын ар кандай маселелери боюнча үч докторлук диссертация корголот. Алар төмөнкүлөр: кыргыз адабий тили менен диалектилеринин тыбыштык түзүлүшүн экспериментгик фонетиканын ыкмалары аркылуу салыштырма өңүттөн изилдөөгө арналган Ж.Сыдыковдун диссертациясы [Сыдыков 1990], кыргыз фонологиясы менен морфонологиясынын теориялык негиздерин иликтөөгө арналган Т.Садыковдун изилдөөсү [Садыков 1995] жана кыргыз тилиндеги айтымдын коммуникативдик-функционалдык, интонациялык структурасын иликтеген К.Токтоналиевдин изилдөөсү [Токтоналиев 2004]. Кыргыз диалектилеринин тыбыштык түзүлүшүн изилдөө боюнча Б.Юнусалиевдин, ошондой эле Г.Бакинова, Ж.Жумалиевдердин кошкон салымы да олуттуу [Юнусалиев 1985]. Диалектилик фонетикага арналган иликтөөлөрдүн жыйынтыгы Ж.Сыдыковдун диссертациясында берилген. Буга кошумча үндөштүк кубулушу, кыргыз фонетикасы менен немис, англис, француз, орус, корей жана башка тилдердин фактыларын салыштырып изилдөө боюнча бир катар докторлук жана кандидаттык диссертациялар да корголгон [Тулеева 2008, 2009; Касымова 1991; Ибраев 1986; Шаймергенова

1986; Кадырова 1988; Момунбаева 1984; Алымова 1980; Байтерекова 1978; Исабеков 1970 ж.б.].

Кыргыз фонетикасынын башка өңүттөрү боюнча да бир катар иликтөө иштери аткарылганы маалым. Маселен, акад. И.А.Батманов Орхон-Энесай жазуусунда үндүү тыбыштардын саны 8 эмес 4 болуп, алардын ар биринин экиден комбинатордук варианттары болушу мүмкүн деген пикирди айтат да, бул 8 үндүүнү ачык жана эрин, кең жана кууш, жоон жана ичке деп 6 топко бөлүп карайт [Батманов, 1959: 32]. Ошол эле маалда Энесай жана Талас эстеликтеринде 16 үнсүз тыбыш катталганын С.Сыдыков белгилейт [Сыдыков 2011: 241].

Нурдин Усеев «Энесай жазма эстеликтери (лексикасы жана тексттер)» деген эмгегинде байыркы түрк жазуусунда үндүүлөр үчүн 5 тамга жана түгөйлөш жоон-ичке 10 үнсүз үчүн 20 тамга колдонулгандыгын эскерет [Усеев 2011: 21].

1939-жылы К.Бакеев, У.Бактыбаевдин «Кыргыз тилинин морфологиясы» деген китеби жарык көрөт. Бул окуу китебинин фонетика бөлүмүндө кыргыз тилинин тыбыштык курамы К.Тыныстановдун үлгүсүндө бөлүштүрүлөт.

1940-жылы жарык көргөн Б.Асылбековдун «Грамматика. 1-бөлүк. Морфология» деген окуу китебиндеги кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү боюнча таблицалар В.Радловдун таблицаларынан анча айрымаланбайт.

1946-жылы И.А.Батмановдун «Фонетическая система современного киргизского языка» деген эмгеги жарык көрүп, анда кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү талдап териштирилет. 1956-жылы И.А.Батманов, Г.Бакинова, Ю.Яншансин тарабынан чыгарылган эмгекте 1946-жылкы классификация толук кайталанат.

1959-жылы жарык көргөн К.Дыйкановдун «Кыргыз тилиндеги үндүүлөр» деген окуу китебинде кыргыз тилинин үндүүлөр системасы акустикалык жана артикуляциялык жактан анализделет.

XX кылымдын 50-70-жылдарында тил таануу илиминде оозеки кептеги тыбыштарды электрондук аппараттардын жардамы менен ар тараптан изилдөө үчүн эксперименттик-фонетикалык ыкма колдонула баштайт. Мындай ыкманы колдонуу менен эне тилдин тыбыштык түзүлүшүн изилдөө кыргыз тил таанымын жаңы баскычка көтөрдү. Бул маселеге алгачкы чыйырды салган окумуштуу, жогоруда белгиленгендей, Токтосун Керимбаевич Ахматов болгон. Албетте, кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүн эксперименттик ыкма менен изилдөө жүргүзүү сыпаттама ыкмага караганда алда канча так, туура жыйынтыктарды чыгарууга түртку берет. Эксперименттик фонетиканы өнүктүрүүгө Москва мамлекеттик чет тилдер институтунундагы проф. В.Артемов жетектеген эксперименттик фонетика лабораториясы жана Ленинград мамлекеттик университетиндеги акад. Л.В.Щерба атындагы эксперименттик фонетика лабораториясынын салымы чоң. Кийин ушул лабораториялардан билим алып, аспирантурасын бүтүрүп келишкен Т.К.Ахматов, А.О.Орусбаев, Ж.К.Сыдыков, Т.Садыков, К.Т.Токтоналиев ж.б. изилдөөчүлөр эксперименттик фонетика ыкмасы менен кыргыз тилинин сегменттик жана суперсегменттик бирдиктерин изилдешип, илимдин доктору даражасын алышкан. 1971-жылы Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун алдында эксперименттик фонетика лабораториясы түзүлүп, Ж.Дөңбаев, А.Чымбаев кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүн ЭЭМдин жардамы менен изилдешип, техника илимдеринин кандидаты болушса, Н.Салахидинова, А.Ибраев, Ж.Дүйшеев, М.Исабеков, Р.Чанаков, Ш.Кадырова, Б.Касымова ж.б.лар кыргыз тилинин үндүүлөр жана үнсүздөр системасын изилдешип, филология илимдеринин кандидаты деген илимий даражаны алышты. Кыргыз илимдер академиясынындагы эксперименттик лингвистика лабораториясынын уюштурууда агезде СССР илимдер академиясында аспирантураны бүтүрүп, кандидаттык диссертациясын убагында коргогон Абдыкадыр Орусбаевдин

эмгеги зор болгон. Ал ар бир приборду өзү көтөрүп келип жыйнаган. Жаш кадрларды лабораторияга тарта баштаган. Радиостудия түзгөн.

1974-жылы Абдыкадыр Орусбаевдин «Киргизская акцентуация (опыт экспериментального исследования ударения в слове и во фразе)» деген монографиясы жарык көрөт. Автор аталган китебинде кыргыз тилиндеги муун түрлөрүн жана аларга түшкөн басымды, ошондой эле фразадагы басымды эксперименттик фонетика ыкмасынын жардамы менен аныктаган. Түркологияда басым маселеси ушул кезге чейин толук түрдө чечилбей келе жатат. Түрк тилдеринин теориясы боюнча басым негизинен сөздөгү муундун аягына түшөт. А.Орусбаев муну минтип бекемдейт: “На основании изложенных фактов можно сделать следующие предположения, необходимые для дальнейшего исследования: а) местом киргизского словесного ударения является конец слова; б) акустический эффект ударения создается прежде всего силой и длительностью гласного” [Орусбаев 1974: 13]. Автор кыргыз тилиндеги эки муундуу, үч муундуу, төрт муундуу сөздөрдүн негизги тонунун жыштыгын, интенсивдүүлүгүн, созулушун жана сөздөгү басымдын түрлөрүн электрондук аппараттардын жардамы менен изилдеп, натыйжалуу жыйынтык чыгара алган.

Кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүн изилдөөгө өзгөчө салым кошкон окумуштуунун бири – Жеңиш Сыдыков болуп саналат. Анын 1978-жылы жарык көргөн «Безударный вокализм в киргизском языке», 1978-жылы басмадан чыккан “Сопоставительная фонетика киргизского и английского языков” жана 1990-жылы чыккан “Фонетическая структура современного киргизского литературного языка и диалектов” деген монографиясы кыргыз тилинин жана диалектилеринин тыбыштык түзүлүшүн изилдөөнү жаңы белеске алып чыкты.

1991-жылы А.О.Орусбаев жана К.Т.Токтоналиевдин «Кыргыз тилинин фонетикасы боюнча изилдөөлөр (сегменттик жана суперсегменттик бирдиктер)” деген монографиялык

изилдөөсү жарык көрүп, биринчи жолу сегменттик жана суперсегменттик бирдиктердин катышы изилденген. Бул изилдөө мурдагылардан, биринчиден, эксперименттик материалдардын Тил жана адабият институтундагы эксперименттик фонетика лабораториясынын үн жазуу студиясында жазылгандыгы жана ошол жердеги акустика - артикуляциялык аппараттар аркылуу илимий жыйынтыктардын алынгандыгы менен кескин айырмаланып турат. Ал эми Т.К.Ахматов, А.Орусбаев, Ж.Сыдыков тарабынан изилденген кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү боюнча эксперименттик материалдар Москва, Ленинград сыяктуу борборлордогу эксперименттик фонетика лабораторияларында алынган. Абдыкадыр Орусбаев түзгөн эксперименттик фонетика лабораториясынан кыргыз тилинин фонетикалык жана интонациялык түзүлүшүн изилдеген илимдин төрт доктору чыкты: А.Орусбаев, Ж.Сыдыков, Т.Садыков жана К.Токтоналиев.

Кыргыз тилинин морфонологиясына негиз салган окумуштуунун бири филология илимдеринин доктору, профессор Ташполот Садыков болуп саналат. Анын 1987-жылы жарык көргөн «Проблемы моделирования тюркской морфологии» аттуу монографиясы түрк тилдерин изилдөөдө өзгөчө жаңылык болду. Бул китепте иштелип чыккан моделдер жана алгоритмдердин негизинде УИАнын корр.–мүчөсү П.С.Панков тарабынан жазылган компьютердик программалар менен бирге кезегинде И.Арабаев атындагы сыйлыкка татыктуу болгон. Сөз кылып жаткан монография түрк тилдеринин морфологиясын, анын ичинде сөз маанисинен сөз формасын ЭЭМде синтездөө процессин изилдөө багытында соңку учурларда пайда болгон компьютердик лингвистика аттуу жаңы багыттын башталышынан кабар берет. Т.Садыков – тил теориясы менен кибернетиканын акыркы жетишкендиктерин билгичтик менен пайдаланып, лингвистикалык жаңы тереңдиктеги кубулуштардын сырларын ачууга баш оту менен тайманбай кирген окумуштуу. Бул эмгек анын ошол багытта жүргүзгөн илимий изилдөөлөрү

менен жарыя кылынган макалаларынын логикалык жыйынтыгы, проблеманын жалпы эле түрк тилдеринин контекстинде коюулушу жана кыргыз тилинин факты-материалдарынын негизинде чечмелениши.

Т.Садыковдун «Основы кыргызской фонологии и морфонологии. Б: Илим, 1992» аттуу монографиясы кыргыз тил илиминде гана эмес, түркологияда да, жалпы тил илиминде да, фундаменталдуу изилдөө болуп саналат. Такталган, тастыкталган жана ынанымдуу фактылардын негизинде жазылган бул эмгекте кыргыз тилинин фонетика-фонологиялык курулушу чечмеленип, тилдин фундаментин жана фонологиялык системанын өзөгүн тыбыштардын белгилик мазмуну түзөрү жана муну менен морфонологиянын табияты ажырагыс байланышта болору даана ачып көрсөтүлөт да, морфонология фонетика менен морфологиянын жалгашуусунан жаралган жана жашап жаткан өзгөчө деңгээл экендиги тастыкталат. Кыргыз тилиндеги мындай заң-мыйзамдар, анын ичинде фономорфологиялык эрежелер аталган китепте синхрондук планда да, диахрондук планда да ийнине жеткире чечмеленген.

2006-жылы жарык көргөн Т.Садыковдун «Кыргыз тилинин фонетикасы» деген окуу китебинде кыргыз тилинин үндүүлөр жана үнсүздөр системасына терең анализ берилген. Окуу китебинде азыркы кыргыз тилинин тыбыштык системасынын орчундуу маселелери камтылып, лингвистикалык теориянын жаңы өңүтүнөн сыпатталып, фонетика жана анын түрлөрү, тыбыштарды изилдөөнүн аспектилери, тыбыштардын бөлүнүшү, көп варианттулуктун булактары, фонетикалык кубулуштар, муун, басым, муунак, графика, орфография эрежелери, транскрипция ж.б. маселелер каралган.

1980-жылдардан кийин кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүн башка тилдердин тыбыштык түзүлүшү менен салыштырма планда изилдеген эмгектер жаралды.Алардын катарына Б.Касымованын «Восприятие фонетических и фонетических свойств гласных неродного языка», “Исследование

перцептивной базы языка в условиях киргизско-русского двуязычия (на материале кирг., руск., франц., англ. языков)", Н.Салахидинованын "Сопоставительно-типологическая характеристика структурно-позиционных типов слогов киргизского и русского языков", М.И.Момунбаеванын "Восприятие и воспроизведение согласных неродного языка в условиях двуязычия (экспериментально-фонетическое исследование на материале киргизского, русского и французского языков)", А.Ибраевдин "Сопоставительная характеристика киргизских и английских гласных фонем", Ш.Кадырованын "Сонанты в современном киргизском литературном языке", А.Шаймергенованын "Акустическая характеристика связи гласного с согласным в различных фонетических последовательностях", А.Эргешовдун "Консонантизм в современном кыргызском языке (в сравнении с другими тюркскими и французскими языками)", Ж.Ч.Джудемишевдин "Фонетическая интерференция в кыргызской речи русских", Д.Кадыралиеванын "Фонетические особенности устной речи городских кыргызов" ж.б. эмгектерди кошууга болот.

Тилдин фонетика бөлүмү сыяктуу эле интонация өңүтү да изилдөөчүлөрдү байыртадан бери кызыктырып келет. Интонацияны изилдөө тарыхы тереңге кетет. Кеп интонациясын атайын изилдөө негизинен эки багытта жүргүзүлгөн. Биринчи багыты - кеп теориясына, б.а., чечендик өнөрүнө жана сценалык кепке байланыштуу изилденсе, экинчи багыты - тил таануу илиминде, тактап айтканда, тилдин фонетика, фонология бөлүмүн изилдегенде интонацияны кошо карап кетишкен. Бизге жеткен маалыматтарга таянсак байыркы Индияда, Грецияда, Римде чечендик өнөргө байланышкан эмгектерде интонациянын негизги бирдиктери: ыргак, тыным, темп, кеп бирдиктеринин бөлүнүшү, ритм жөнүндө кеңири жазып кетишкен [Корш 1893; Ваарас 1901; Радциг 1954]. Айтымдын үндүн ыргагына карата маани-маңызы өзгөрүлүп турарын, ритм жөнүндө толук маалыматтарды жана айтымдын сүйлөм түзүлүшүнө тийгизген

таасирин Аристотелдин, Цицерондун эмгектеринен жолуктурууга болот [Античные риторики 1978: 352]. Ушул жерде бир маанилүү маселени өзгөчө белгилеп кетүүгө болот. Бүгүнкү күнгө чейин мурда совет доорунда жашаган, андан кийинки жаш окумуштуулар да, илимдин кайсы гана тармагы болбосун илимий аныктамаларды, теоремаларды бекемдөө үчүн сөзсүз батыштын окумуштууларынын эмгектерине кайрылышат, ошолорго шилтеме берип, изилдеп жаткан илимий көз карашын бекемдөөгө аракет кылышат. Биз буга каршы эмеспиз. Бирок дүйнөлүк илимдин тарыхына кайрылсак адамзат өнүгүшүнүн этабында илимдин көп тармактары чыгышта жаралып, өнүгүп-өсүп батышка жеткен. Бул - тарыхый факт, эч ким тана албайт. Кеп интонациясы жөнүндө сөз кылып жатканда ушундай бир ой сезим көөдөндү бийлеп алды: эмне биздин ата-бабалар кеп маанисине, интонацияга, айтымдын ар түрдүү ыргактарына анча көңүл бурган эмеспи? Бурган, бурганда да кандай бурган! Бери эле келгенде «Манас» эпосунун интонациясы не деген керемет! Кыргыз тилин түшүнбөгөн адамдын да ой-чабытын ээлеп алып, делебесин козгойт. Болбосо кыргыз тилиндеги «чечен» деген сөздү алсак биздин заманга чейинки сактардын, хунндардын доорунда жаралгандыгын айрым тарыхый маалыматтарда айтылат. «Чечен» деген сөздүн мааниси ойчул, акылман, философ дегенди түшүндүрөт. Кыргыз эли сөзгө, анын айтылыш ыргагына өтө чоң маани берген эл. Кыргыздын эл башчылары, элчилери, акылмандары, акылчылары, санжырачылары, саяпкерлери сөзгө чечен болушкан. Алар сөздүн касиетин, ыргагын, маданиятын, байлыгын жакшы билишкен. Сөз кунарын өтө жогору баалашкан. Сөз кунары – бул айтыла турган ой-пикирдин, сөздүн таамайлыгы. Кыргыздын тарыхында, санжырасында Ажыбай чечен, Кара Төлөк чечен, Жээренче чечен, Шыбыр чечен, Муңайбас кыз менен Эсенгелди чечен, Казыке чечен, Эмил чечен, Чарыша чечен, Байжигит чечен жана башка улуу сөзмөрлөрдүн катары аталып жүрөт [Жусупов 2001: 175]. Мына ушулардын эмгектери, айткан ойлору китеп болуп

жазылып калганда, биз батышты карап, алардын ойлоруна арбалып отурбайт элек. Ошол байыркы бабалар бизге тил боюнча төмөнкүдөй айрым осуяттарды гана калтырып кетишиптир:

- *Адептүүлүктүн башаты – тил;*
- *Ар киши өз тилинин астында ойрон болот;*
- *Кеп көркү - тил, ойдун көркү - сөз болот;*
- *Адам сөзүнөн сынат, уй мүйүзүнөн сынат;*
- *Жакшы сөз – суу, жаман сөз – уу;*
- *Сөзгө жараша сөз айтпаса, сөздүн атасы өлөт;*
- *Айтылган сөз – атылган ок;*
- *Өнөр алды – кызыл тил;*
- *Туура сөз кылычтан өткүр;*
- *Биринчиси – ойду, сөздү таамай айткын,*
- *Экинчиси – заңдын жолун бекем баккын.*

Албетте, бул жерде байыркы бабалардын тил жөнүндө айткан ойлорун, пикирлерин толук келтирүү мүмкүн эмес. Ал изилдөөнүн максатына да кирбейт. Тек гана жогорудагы айтылган ойлор түрк тилдеринин интонациясын изилдөө алкагынын тегерегинде каралды.

Ал эми тил илимине байланыштуу интонациялык изилдөөлөрдү эки мезгилге бөлүүгө болот. Биринчи мезгил - XX кылымдын 40-жылдарына чейинки изилдөөлөр. Бул изилдөөлөрдө кеп интонациясына байланышкан маселелер, негизинен, көбүнчө синтаксистин объектисин изилдеп жаткан учурда кошо камтылып, айтымдын ажырагыс бирдиги катары каралып кеткен. Экинчи мезгил - XX кылымдын 40-жылдарынан тартып бүгүнкү күнгө чейинки изилдөөлөрдө лингвистикалык теориялардын өнүгүшү менен кошо эксперименттик фонетиканын келип чыгышы - интонацияны физикалык (акустикалык). физиологиялык жана функционалдык жактан терең изилдөөгө алынышына шарт түздү. Интонациянын табиятын ар тараптуу изилдөөгө алуу жагынан советтик

окумуштуулардын тил таануу илимине кошкон салымы зор. Дегеле тил таануу илиминде интонациянын изилдениш тарыхы жөнүндө обзордук эмгектер аздыр-көптүр жарык көргөн [Цеплитис 1974; Наш1973].

Албетте, илимдин жаралыш жана өнүгүш тарыхын изилдөө мурда кандайдыр бир себептер менен кетирилген кемчилдиктерди таап, өз убагында оңдоого шарт түзөт. Экинчиден, окумуштуулардын жаңы мууну өткөндүн мурасын сын көз менен карап, талдап, кайра чыгармачылык менен изилдеп чыгууну талап кылат. Конкреттүү илимий проблеманын изилдениш тарыхын иликтөө изилдөөчүнүн изилдеп жаткан маселеси боюнча түшүнүгүн кеңейтип, илимге болгон көз карашын калыптантат. Үчүнчүдөн, кыргыз тилин изилдөө маселелерин тектеш тилдерди изилдөө иштеринен бөлүп кароого болбойт. Мунун себеби тектеш тилдерди изилдөөдө жалпы лингвистикалык методология гана колдонулбастан, алардын изилдене турган элементтери да бири-бирине жакын, окшош болот. Ошондуктан тектеш тилдердин бирөө боюнча иштелген илимий эмгек экинчи бир тилдин ошол сыяктуу көрүнүштөрүн изилдөө үчүн баа жеткис көмөкчү курал болуп эсептелет [Юнусалиев 1985: 333]. Төртүнчүдөн, кандай гана илим болбосун анын максаты изилдөө обьектисиндеги байкалган фактыларды жөн гана жазып койбостон, ал фактыларды ар тараптан изилдеп, ички жана тышкы өзгөчөлүктөрүн аныктап, алардын бири-бирине болгон карым-катнашын, өз ара таасирин аныктоо болуп саналат: «Задача всякой науки состоит не только в описании ее обьекта, но в обьяснении наблюдаемых в нем явлений. В меру существующих возможностей наука обязана сказать не только как устроен изучаемый ею обьект, но и почему он так устроен» [Зиндер 1979: 3].

Түрк тилдеринин интонациясынын айрым элементтери: басым, үндүн күчү жана тыным жөнүндө XIX кылымда түрк тилдеринин грамматикасын изилдеген окумуштуулар жазып кетишкен [Троянский 1814; Казем-Бек 1839; Ильминский 1860,

1861; Мелиоранский 1894-1897; Терентьев 1876; Бектемиров 1909]. Бирок алар кептин интонациясын атайын бөлүп көрсөтүшкөн эмес жана «интонация» деген термин алардын жазган окуу китептеринде кездешпейт.

Биздеги болгон маалыматтар боюнча түрк тилдеринин интонациясын изилдөө 1907-жылдардан башталат. Түрк тилдеринин фонетикасын, интонациясын алгачкылардан болуп эксперименттик фонетика ыкмасы менен изилдеген окумуштуу В.А.Богородицкий болуп саналат [Богородицкий 1930, 1939, 1953]. Ал орус жана татар тилдеринин интонациясын салыштырма планда изилдеген алгачкы илимпоз болуп саналат. Бодуэн де Куртенэнин окуучуларынын ичинен В.А.Богородицкий Казань университетинин алдында алгачкы жолу эксперименттик фонетика лабораториясын уюштурган. Анын бизге калтырган мурастары көбүнчө эксперименттик фонетикалык изилдөөлөргө арналып, тил илиминин бул тармагынын өнүгүшүнө зор салым кошту.

В.А.Богородицкий орус тилинин фонетикасын изилдөөгө алып жатканда, татар тилинин тыбыштык түзүлүшү менен салыштырып изилдеп, интонациянын табиятын теориялык жана эксперименттик жактан негиздеп, жалпы эле тилдердин интонациясы жөнүндө түшүнүк берет. Интонациянын негизги элементтери болгон жыштыкты, басымды, үндүн күчүн, тонун өзгөчө бөлүп көрсөтөт. Көрүнүктүү түрколог Н.К.Дмитриев В.А.Богородицкий жөнүндө мындайча жазат: «Белгилүү окумуштуу Бодуэн де Куртенэнин алгачкы окуучуларынан болуп, дүйнөлүк атак даңкка ээ болгон, Казан шаарында Россияда биринчи жолу эксперименттик фонетика лабораториясын уюштурган. В.А.Богородицкий алгачкы жолу бизге эксперименттик фонетика ыкмасы менен изилдеген татар тили боюнча материалдарды белек кылды» [Богородицкий 1953].

XX кылымдын эң ири ачылыштарынын бири - радиоэлектрондук аппараттардын жана телевидениенин пайда болушу тил илиминин фонетикасын жана интонациясын ар

түрдүү аппараттардын жардамы менен изилдөөгө шарт түздү. Тилдердин тыбыштык түзүлүшүн аппараттардын жардамы менен «угуп» жана «көрүп» изилдөө тил таануу илиминде өзүнчө ыкманы-эксперименттик фонетика методун жаратты.

Көрүнүктүү тюрколог А.П.Поцелуевскийдин жетекчилиги астында 1945-жылы М.Н.Шахназарова «Опыт нотной записки туркменской разговорной интонации» деген макаласын жарыялайт. Автор түркмөн тилинин интонациялык түзүлүшүн нотага түшүрүп, нотага жазуу аркылуу үндүн күчүн, созулушун изилдөөгө алган. Бирок тилекке каршы аталган эмгек аягына толук чыкпай калган [Шахназарова 1945].

1948-жылы Казак ССР илимдер академиясынын «Кабарларына» В.Н.Зиновьевдин «О ритмикомелодической структуре казахского языка» деген чакан макаласы жарыяланат. Изилдөөчү аталган макалада казак тилинин ритмикалык ыргагы жөнүндө сөз кылат. Бул чакан макалада казак тилинин ритмикалык-ыргактык структурасы жөнүндө учкай гана сөз болгону менен, аталган изилдөө казак тилинин интонациялык структурасын изилдөөгө алган алгачкы саамалык эле.

1950-жылдардан баштап кибернетиканын жана компьютердик системанын дүркүрөп өнүгүшү (коммунисттик идеологияда кибернетика буржуазиялык илимдин катарына кошулуп келгендигине карабай) тил илиминин тыбыштык түзүлүшүн, муун ыргагын, интонациясын жана башка структурасын терең изилдөөгө алууга мүмкүнчүлүк түздү. Тилдин структурасын жана системасын математикалык эсептөөлөр, физиканын закондору менен изилдөө тил илиминин эксперименттик бөлүгүн так илимдердин катарына кошту. Тилдин тыбыштык түзүлүшүн, интонациясын сүрөткө түшүрүүчү аппараттар пайда болду. Тыбыштардын жана интонациянын «сөлөкөтүн» сүрөттөн көрүү - тил таануу илиминде чоң секирик болду. Сүйлөмдүн айтылыш түрлөрүн изилдеген окумуштуулар сөзсүз түрдө интонация маселесине, анын табиятына, акустикалык, семантикалык жана функционалдык өзгөчөлүгүнө,

сүйлөмдүн структурасына тийгизген таасирине кайрыла башташты. Сүйлөмдүн айтылыш табиятын толук ачуу үчүн жалаң эле анын структуралык түзүлүшүн эмес, интонациясын, акустикалык, семантикалык жана функционалдык жактан изилдөө зарылчыгы келип чыкты. Кептин интонациясын атайын изилдеген илимий эмгектер пайда боло баштады. Интонацияны эксперименттик жол менен изилдөө - тил таануу илиминде жаңы бөлүмдү интонологияны жаратты.

Түрк тилдеринин интонациялык түзүлүшүн эксперименттик жол менен изилдөө түркология илими үчүн зарыл жана кечиктирилгис милдет экендигин Э.В.Севортян, М.З.Закиев, А.Н.Нурмаханова, Т.К.Ахматов, А.Н.Кононов, Р.Наш, А.Орусбаев, Ж.К. Сыдыков, Ж.Дүйшеев, Р.Ч.Чанаков ж.б. көптөгөн окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө белгилеп кетишкен.

Түрк тилдеринин интонациялык түзүлүшүн изилдеген илимий эмгектерди анализ кылып көргөнүбүздө эки багыттын же эки топтун келип чыкканын көрөбүз. Биринчи топту «кыйыр изилдөөлөр» деп атадык. Бул топко кирген изилдөөлөрдө кептин интонациясы атайын изилденбестен, кайсы бир тилдик кубулушту карап жатканда, башкача айтканда, синтаксисттик түзүлүштү, кептин ритмин, айтымдын түрлөрүн изилдөө учурунда кошо каралып кетет [Абдурахманов 1960; Алиев 1960; Актанов 1940; Ашмарин 1898; Ахматов 1983; Батманов 1963, 1946, 1940; Балакаев 1959; Баскаков 1952; Будагова 1963; Гулямов 1968; Дыренкова 1941; Дмитриев 1948; Жапаров 1950, 1951, 1979, 1992; Жакыпов1958; Жубанов 1966; Закиев 1963; Кононов 1960, 1956; Поливанов 1938; Поцелуевский 1945; Решетов 1947, 1959; Иманов 1990; Санжеев 1940, 1941; Севортян 1955; Убрятова 1950 ж.б.лар].

Экинчи топту «атайын изилдөөлөр» деп атадык. Бул топтогу изилдөөлөрдө кептин интонациясы негизинен эксперименттик фонетикалык изилдөөгө алынып, сүйлөмдүн айтылышынын кайсы бир түрү акустикалык, семантикалык жана функционалдык жактан анализге алынат. Кептин интонациясын функционалдык

жана акустикалык жактан салыштырма планда изилдөөгө алган эмгектердин бири - А.Н.Нурмаханованын «Типы предложении по модальности и интонации в тюркских языках» деген докторлук диссертациясы болуп саналат. Ошол эле 1965-жылы аталган автордун «Типы простого предложения в тюркских языках (грамматические и интонационные особенности на материалах узбекского, каракалпакского и казахского языков)» деген монографиясы жарык көргөн. Аталган эмгектерде А.Н.Нурмаханова өзбек, казак жана каракалпак тилдериндеги сүйлөмдөрдүн айтылыш түрлөрүн акустикалык жактан изилдөөгө алган. Автордун жыйынтыгы боюнча казак тилинде жай сүйлөмдүн негизги тонунун жыштыгынын диапозону чоңураак болсо, каракалпак тилинде кичирээк экенин көрөбүз. Ал эми өзбек тилиндеги негизги тондун жыштыгынын диапозону казак жана каракалпак тилдеринин негизги тондорунун жыштыгынын диапозонунан да кичине экенин интонографиялык материалдардын негизинде далилдөөгө далалат жасаган.

Аталган диссертациялык жана монографиялык эмгекте А.Н.Нурмаханова сүйлөмдөрдүн айтылыш түрлөрүнүн интонациясын салыштырган изилдөөдө орчундуу методологиялык каталыктарды кетирген. Талдоого алынган тилдик материалдардын аздыгы, аларга толук, терең анализдердин жүргүзүлбөгөндүгү, акустикалык анализдин үстүртөн болуп калышы казак, каракалпак жана өзбек тилдериндеги сүйлөмдөрдүн айтылыш интонациясынын өзгөчөлүктөрүн толук ачып бере алган эмес. Эң негизгиси, А.Н.Нурмаханова кептин интонациясына система түрүндө изилдөө жүргүзбөй, баш аламандыкка жол берген. Жалпы жонунан алып караганда изилдөө тилдик материалдардын жыйындысы болуп калгандай туюлат.

1960-жылдардын экинчи жарымынан баштап түрк тилдеринин жөнөкөй жай сүйлөмүнүн интонациялык өзгөчөлүгүн эксперимент жолу менен изилдөө кеңири кулач жайды. Бир топ диссертациялык эмгектер корголду. Мындай изилдөөлөрдүн

катарына С.М.Бабаевдин «Особенности интонации простых повествовательных предложений деепричастными оборотами в современном азербайджанском языке» (1966), Д.М.Ниязовдун «Интонация повествования в современном узбекском литературном языке» (1968), О.Д.Розыеванын «Интонация повествования в современном туркменском языке» (1975), Ж.Дүйшеевдин «Интонация простого повествовательного предложения в современном киргизском языке» (1880) деген эмгектерин кошууга болот.

Булардын ичинен С.М.Бабаевдин изилдөөсү азербайжан тилинин чакчыл түрмөктүү жөнөкөй жай сүйлөмүнүн интонациясын англис тилинин жөнөкөй жай сүйлөмүнүн интонациялык структурасы менен салыштырып, ал тилдердин интонациялык окшоштуктарын, ошондой айырмачылыктарын акустикалык жактан салыштырат. Мындай окшош эмес тилдердин интонациялык өзгөчөлүктөрүн салыштырып изилдөө тилди үйрөнүүгө, тыбыштык түзүлүшүн, акценттик айтылышын так айтууга өбөлгө түзөт.

Жай сүйлөмдүн интонациясын изилдөөдө кээ бир авторлордун, алсак, Д.М.Ниязов, О.Д.Розыева, Ж.Дүйшеевдин кандидаттык диссертацияларынын мазмуну дээрлик окшош экендигин көрөбүз. Авторлор алгач жай сүйлөмдү функционалдык-семантикалык анализге алышып, коммуникативдик түрлөргө ажыратышкан. Жай сүйлөмдүн коммуникативдик түрлөрүнүн интонациясын акустикалык жактан изилдөөгө алышып, негизги тондун жыштыгын башкы параметр кылып бөлүп чыгышат. Албетте, негизги тондун жыштыгы интонациянын компоненттеринин ичинен негизги параметри экендигин эч ким танбайт, бирок, интонациянын бир эле компоненти менен жай сүйлөмдүн интонациясынын табиятын ачып берүү мүмкүн эмес. Кандай гана изилдөө болбосун бир жактуу болуп калары айдан ачык. Мына ушундай изилдөөлөрдүн катарына Ж.Дүйшеевдин «Интонация простого повествовательного предложения в современном киргизском

языке» деген диссертациялык эмгегин кошууга болот. Аталган изилдөөдө «конкреттүү эксперименттик фонетикалык материалдар аз» [Сыдыков 1990: 137], анын үстүнө автор көбүнчө мурда белгилүү болгон, башкача айтканда, орус тилинде жарык көргөн интонациянын теориялык маселелерине көбүрөөк көңүл буруп, тигил же бул автордун жазгандарын кайталап анализге ала берген. Ошол эле учурда, Ж.Дүйшеев кыргыз тилиндеги жөнөкөй жай сүйлөмдүн интонациялык өзгөчөлүгүн изилдөөдө кыргыз тилинин кеп айтымынын (высказывание) бир өзгөчөлүгүн бөлүп көрсөтө алган. Дегинкиси кайсы гана айтым болбосун интонация, конкреттүү айтканда, логикалык басымдын жана сөз тизмегинин өзгөрүшү - сүйлөмгө кошумча түр берип, айтым ичиндеги негизги ой түшкөн сөздү бөлүп көрсөтүүгө шарт түзөрү белгилүү. Ж.Дүйшеев мына ушундай логикалык басымды негиз кылып алып, кыргыз тилинде синтаксисттик омоним бар экендигин «Кой соё албайт экенсиң», «Асан сокур ат минди» жана «Асан ага-туугандарына келип-кетип жатат» деген сүйлөмдөрдүн жардамы менен далилдөөгө далалат кылат.

Түрк тилдеринде жай сүйлөмдүн интонациясы акустикалык жактан бири-биринен анча айырмалана бербейт. Бирок айрым учурларда бир тилдеги бир эле маселени изилдеген окумуштуулардын арасында кайчы пикирлер кездешет. Алсак кыргыз тилинин жай сүйлөмүнүн интонациясын изилдеген Ж.Дүйшеев негизги тондун жыштыгынын багыты боюнча төмөнкүдөй ойду айтат: «Интонация повествовательного предложения отличается от других коммуникативных типов предложений небольшой частотной контрастностью, средним частотными регистром, падением частоты основного тона в конце предложения, произнесенного с пониженной громкостью и замедленным темпом, движение тона восходящее исходящее, направление подьема тона характеризуется малым интервалом падения. Общая средняя модель для всякого повествовательного предложения» [Дүйшеев 1980: 24-25]. Ошол эле мезгилде кийинки жылдарда жарык көргөн илимий эмгектерде, алсак,

Ж.К.Сыдыковдун «Фонетическая структура современного киргизского литературного языка и диалектов» деген монографиясында жай сүйлөмдүн негизги тонунун багытына төмөнкүчө аныктама берет: «Следует отметить, что отмечаемые вышеинтонационные контуры определенных предложений, читаемых дикторами, т.е. интонация живой речи, не всегда имеет отчетливые восходяще-нисходящее и нисходяще-восходящее направления, обычно свойственные восходящее направления, обычно свойственные определенным видам вызказываний устной литературной речи" [Сыдыков 1990: 147].

Түрк тилдеринин сүйлөмдүн айтылыш түрлөрүнүн ичинен суроолуу сүйлөмдүн интонациялык түзүлүшүнө көбүрөөк көңүл бурулуп, интонациялык түзүлүштөр лексика-грамматикалык каражаттар менен карым-катнашта изилдене баштады [Бекимбетов 1965; Туркбенбаев 1966; Балтаева 1973; Чанаков 1980]. Суроолуу сүйлөмдүн интонациясын изилдөө суроо иретинде айтылган айтымдын функционалдык түрлөргө бөлүштүрүүгө шарт түздү. Негизинен жай, илептүү жана буйрук сүйлөмдөрдүн интонациясын изилдөөгө караганда суроолуу сүйлөмдүн интонациясы тереңирээк изилдөөгө алынып, акустикалык сапаттары, типологиялык окшоштуктары жана айрымачылыктары так ажыратылып берилген.

Түрк тилдеринин буйрук жана илептүү сүйлөмдөрүнүн интонациясын эксперименттик жактан изилдөө 1970-жылдардын экинчи жарымында башталды. Айрым түрк тилдеринде, анын ичинен кыргыз тилинде да, кийинки кездерге чейин буйрук сүйлөм өз алдынча функционалдык түр болуп бөлүнүп келген эмес. Ал илептүү сүйлөмдүн тутумунда каралып келген. Акыркы жылдарда гана аталган сүйлөмдүн айтылыш түрү өз алдынча функционалдык түргө бөлүнүп, лексико-грамматикалык, семантикалык жана интонациялык жактан изилдене баштады [Жапаров 1992; Токтоналиев 1984; Орусбаев, Токтоналиев 1990; Иманов 1995]. Буйрук сүйлөмдүн интонациясы жай сүйлөмдүн интонациясына караганда айтылыш үнү жогору экендигин, үндүн

күчү жана негизги тондун жыштыгы сүйлөмдүн айтылыш түрлөрүнө караганда айырмачылыгы чоң экендигин көрөбүз. Мындай өзгөчөлүктү азербайжан тилинин буйрук сүйлөмүнүн интонациясын изилдеген Н.А.Мехтиев да бекемдеп кетет [Мехтиев 1973].

Түркологияда сүйлөмдүн айтылыш түрлөрүнүн ичинен илептүү сүйлөмдүн интонациялык структурасын изилдеген эмгектер жокко эсе. Азыркы кезде биздин колубузда Ч.Бегмагамбетованын «Интонация как средство выражения эмоций» (1978) деген гана изилдөөсү бар. Автор илептүү сүйлөмдүн бир эле түрүнүн айтылышын, башкача айтканда, кайгынын интонациясын эксперименттик изилдөөгө алган.Албетте, илептүү сүйлөмдүн функционалдык түрүнүн бирөөсүнүн гана интонациялык түзүлүшүн изилдөө маселенин маңызын, табиятын, өзгөчөлүгүн жана айырмачылыгын толук ачып бербейт.

Кыргыз тилиндеги сүйлөмдөрдүн айтылыш түрлөрүнүн интонациялык өзгөчөлүгүн акустикалык жактан изилдөөгө алган олуттуу эмгектердин бири - Ж.К.Сыдыковдун «Фонетическая структура современного киргизского литературного языка и диалектов» деген монографиясы. Аталган изилдөөдө кыргыз тилиндеги жай, суроолуу жана илептүү сүйлөмдөрдүн интонациясы кыргыз диалектилеринин (говорлорунун) интонациясы менен салыштырма планда каралган. Адабий тилдин интонациялык түзүлүшүн диалектилердин интонациялык өзгөчөлүгү менен салыштырып, типологиялык жалпылыгын жана айырмачылыгын, акустикалык өзгөчөлүгүн изилдөө түркология илиминде али күнчө колго алынбай келген. Ж.К.Сыдыков тил илиминин бул багытына негиз салды. Жай, суроолуу жана илептүү сүйлөмдөрдүн интонациялык өзгөчөлүктөрүнүн акустикалык касиеттерин аныктоодо автор төмөнкүдөй физикалык бирдиктерди алган: негизги тондун жыштыгы, басым түшкөн муундун жана негизги тондун жыштыгынын башталыш аралыгы, фразанын жыштык аймагы, муундардагы негизги

тондун жыштыгы, фразанын жалпы айтылуу аралыгы, фразадагы муундардын созулуп айтылышы, негизги тондун жыштыгынын жогору көтөрүлүшү жана төмөн түшүшү. Интонациялык түзүлүштү эксперименттик фонетикалык метод менен изилдөөдө аталган физикалык бирдиктердин жыйындысы анын акустикалык табиятын кайсы бир деңгээлде толук ачып берүүгө шарт түзөрүн мурда изилдеген эмгектердин тажрыйбасынан көрөбүз [Артемов 1956, 1962, 1971, 1972; Байчура 1970; Барышникова 1972; Блохина 1970, 1972, 1977; Бондарко 1965; Гарбузов 1948, 1950, 1955, 1956; Цеплитис 1974].

Казак тилинин интонациялык түзүлүшү З.М.Базарбаева тарабынан изилденди. Автор казак тилиндеги жай сүйлөмдүн курулуш-коммуникативдик түрлөрүнүн интонациясын, тең байланыштагы кошмок сүйлөмдүн, багыныңкы байланыштагы кошмок сүйлөмдүн интонациясын, ошондой эле поэзия тилиндеги интонациялык көрүнүштөрдү изилдеген.Изилдөөчү интонацияны сүйлөмдүн түзүлүшү жана жасалышына гана таасирин тийгизбестен, ошондой эле анын коммуникативдик маанисине, эмоционалдык-экспрессивдик түрлөрүн аныктай тургандыгын белгилейт. Анын «Казак тилинин интонациялык түзүлүшү» (1996) деген монографиялык эмгеги түрк тилдеринин интонациялык түзүлүшүн салыштырып изилдөөгө чоң өбөлгө түзмөкчү.

Түрк тилинин интонациялык түзүлүшү эксперименттик фонетика методу менен изилдеген эмгектер мурдагы СССРде жана Түркиянын өзүндө да саналуу. 1973-жылы Мичиган университетинин тил жана тилдердин табиятын изилдөө борборунда Роза Наш «Түрк интонациясы» деген эмгекти жазган. Китеп үч бөлүктөн турат: а) теманы негиздөө; б) изилдөөнүн принциптери жана методиканы жазуу; в) материалдарды анализдөө. Эмгектин аягында 1000 ге жакын илимий адабияттардын тизмеси берилген. Түрк тилинин интонациясын изилдөөнүн негизи кылып Кожо Насреддиндин анекдотторун алган. Роза Наш интонацияга аныктама берип, түрк тилиндеги сүйлөмдүн

айтылыш түрлөрүнө кандай таасир тийгизерин аныктап берет. Ошондой эле ал интонациянын, кеп ыргагынын (речевая мелодия) жана просодиянын айырмачылыгын аныктап берет. «Просодия- ыргактын эң жогорку чеги, күчтүү басым, узундук, тембр, үндүн жогорулашы, регистри, тездиги, темпи» [Наш 1973: 22]. Ал эми кеп ыргагына төмөнкүдөй аныктама берет: «Кеп ыргагы деген айтымды жандап жүргөн, кабыл алынган тондун реалдуу кыймылы» [Наш 1973: 22]. Интонация Розе Наштын изилдөөсүндө «морфология», «фонология», жана «синтаксис» тил таануу илиминде кандай термин болсо, ошондой эле техникалык термин. Формалдуу түрдө интонация лингвистикалык анализ учурунда гана аныкталат. Ал кеп ыргагынын көтөрүңкү жана жай айтылышына өзгөчө көңүл буруп, жаңы төрөлгөн бала бир жашка чейин кеп ыргагынын жогорулашына жана төмөндөшүнө гана көңүл бурарлыгын белгилейт. Р.Наш кеп ыргагынын төмөнкү 5 лингвистикалык функциясын бөлүп көрсөтөт: 1) таануу функциясы - интонациялык бирдик сегменттик фонологиялык бирдиктерден айырмаланып кеп ыргагынын бардык тилдерде окшош компонентке ээ, же кеп ыргагынын кыймылы жана ритм дүйнөдөгү бардык тилдер үчүн бирдей, окшош мүнөздүү; 2) элестетүү функциясы-сүйлөм конструкциясынын айтымга айланышынан башка ар бир конкреттүү тилде өз алдынча структурага ээ; 3) түзүлүш функциясы - сүйлөмдүн конструкциясынын чек арасы менен интонация бирдиктеринин чек арасы дайыма эле дал келе бербейт. Сүйлөмдүн конструкциялык түзүлүшү өзүнүн ички грамматикалык структурасы менен аныкталат, ал эми интонациялык бирдиктер грамматикалык түзүлүш менен жана сүйлөөчүнүн предметке болгон мамилеси менен аныкталат; 4)шилтөө функциясы - айтым учурунда сүйлөмдүн кайсы бир лексикасында негизги тон көтөрүңкү айтылат. Мына ушундай учурду айырмалоо функциясы дейбиз; 5) экспрессивдүү функциясы - сүйлөөчүнүн ички сезимин билдирет. Бул изилдөөдөгү негизги кемчилдик -

автор интонациянын жалпы маселелерине көбүрөөк көңүл буруп, конкреттүү изилдөөдөн четтеп кеткен. Изилдөөгө алынган материалдар сүйлөмдүн ар түрдүү коммуникативдик түрлөрү болбогондуктан, аларды микросүйлөмдөргө бөлүштүрүү түрк тилинин интонациясынын физикалык бирдиктеринин карым-катнашын гана аныктоого мүмкүндүк берген.Айрым кемчилдиктерин эске албаганда, бул изилдөө түрк тилдеринин интонациясын эксперименттик фонетика ыкмасы менен изилдеген фундаменталдуу эмгектердин катарына кирет.

1930-жылдардан тартып кыргыз тилинин синтаксиси боюнча окуу китептерин, окуу куралдарын жазышкан кыргыз элинин алгачкы агартуучулары интонациянын кеп агымындагы маанисин өз алдынча карашпаганы менен, интонациянын сүйлөм уюштуруудагы, кошмок сүйлөмдөрдү бириктирүүдөгү ролун баса көрсөтүшкөн. Шабдан уулу Ажыйман 1931-жылы жарык көргөн «Биздин тилибиз (кыргыз тилинин синтаксиси)» деген окуу куралында сүйлөмдүн коммуникативдик түрлөрүн аныктоодо интонациянын мааниси чоң экендигин жазып келип, интонацияга мындай аныктама берип кетет: «Айтайын деген ойду ыңгайына карай сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн көтөрүңкү же басыңкы үн менен жай же ылдам айтылышын ынтанасыйа дейт» [Шабдан уулу 1931: 5].

Т.Сопу уулу интонациянын сүйлөм түзүүдөгү маанисин аныктап, «айтайын деген ойуңдун ынтайсына карай, сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн көтөрүңкү же басыңкы үн менен же жай, же ылдам айтылышын ынтанайсыйа дейбиз» [Сопу уулу 1933: 30] деген аныктаманы берет.

Т.Сопу уулунун интонацияга берген аныктамасы Шабдан уулу Ажыймандын аныктамасына сөзмө-сөз дал келип жатышы ошол кезде, мүмкүн атайын адабияттардын аздыгынан авторлор бири-биринин китебинен пайдаланышса керек деген ой туулат. Проф. С.Ибрагимов «Кыргыз тилинин синтаксиси» деген эмгегинде К.Тыныстановдун 1934-жылы жарык көргөн «Кыргыз тилинин морфологиясы» аттуу окуу китебине анализ берип

жатып, автордун «сүйлөгөнүбүздө сүйлөмдүн ээсине же баяндоочтун айкындоочуна көңүлдү өтө койуп сүйлөйбүз. Сүйлөмдүн көңүлдү атайы койуп айта турган мүчөсүн көздөп сүйлөйбүз. Сүйлөмдөгү мындай мүчөнү көздөмө сөз дейбиз. Көздөп айтуучу сөзүбүздү, ыр эмес, жөнөкөй сөздө дайым баяндоочтун алдына койобуз. Маселен: *Жумушчулар планды аткарды*. Эгер ээни көздөп сүйлөй турган болсок *жумушчулар* деген сөздү байандоочтун алдына койобуз» [Тыныстанов 1934: 15] деген оюна төмөнкүдөй аныктама берет: «Бул жагдай, албетте, сүйлөмдүн өзгөчөлүгүнүн бири болгон интонация, анын түрү жана логикалык, фразалык басымдар, сөздөрдүн орун тартиби сыяктуу маселелерди өзүнө камтыган сүйлөмдүн өзгөчө грамматикалык көрсөткүчү жөнүндө маселени эске алып жатат. К.Тыныстанов бул белгини байкаганы менен маселенин талашсыз чечилишин азыр сунуш кыла алган эмес» [Ибрагимов 2001: 37-38].

Т.Актанов, Н.Макешев, К.Бакиев 1941-жылы авторлош жазган «Кыргыз тилинин синтаксиси» деген орто мектептер үчүн окуу китебинде кошмо сүйлөмгө аныктама берип жатып, кошмо сүйлөм өз ара интонация, жардамчы сөздөр, байламта сөздөр жана байламта мүчөлөр аркылуу байланыштарын жазышкан [Актанов, Макешев, Бакеев 1941]. Проф. А.Жапаров «Кыргыз тилинин грамматикасы» (1950) окуу китебинде кошмо сүйлөмгө берген аныктаманы сөзмө-сөз көчүрүп алганы байкалат. Бу кокустукпу же?. Сөзүбүздү далилдөө үчүн Т.Актанов, Н.Макешев, К.Бакеевдин (1941) жана А.Жапаровдун (1950) кошмо сүйлөмгө берген аныктамасын келтирип көрөлү: «Айрым турган жөнөкөй сүйлөмдөрдүн маани жагынан өз ара тутумдашып кеткен түрүн кошмо сүйлөм деп аташат» [Актанов, Макешев, Бакеев 1941]; «Айрым турган жөнөкөй сүйлөмдөр маани жагынан өз ара тутумдашып, татаал ойду түшүндүрүп турса кошмо сүйлөм деп аталат» [Жапаров 1950: 134].

Кыргыз тилинин синтаксисин изилдеген окумуштуулар М.Мураталиев (1956), К.К.Сартбаев (1957), Ы.Жакыпов (1958)

кошмок сүйлөмдүн карамагына кирген жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырып туруучу негизги каражат интонация экендигин, сүйлөм болуш үчүн, сөзсүз түрдө, бүткөн айрым ойдун билдиришин, баш мүчөлөрдүн болушун, интонацияны, ой жүргүзүү же грамматикалык категориялардын мүнөздүүлүгүн, өзүнүн мурунку же кийинки сүйлөмдөр менен байланышта болушун танышпайт. Бирок атайын белгилеп кетүүчү нерсе, проф.А.Жапаровдун кийинки жазган эмгектери (1979, 1992) кыргыз тил таануу илиминде, анын ичинен синтаксис бөлүгүн изилдеген эмгектердин ичинен «сүйлөм жана анын баш мүчөлөрү жөнүндөгү маселени кыргыз тилинде, биринчи жолу илимий негизде китеп жана өзүнчө эмгек катары коомчулуктун сынына таштагандыгында» [Ибрагимов 2001: 99]. Кийинки жарык көргөн илимий эмгектеринде проф. А.Жапаров интонацияны сүйлөмдү грамматикалык жактан уюштуруучу негизги каражат катары карап, интонациянын ролун, маанисин көптөгөн тилдик каражаттар менен көрсөтө алган. Проф. А.Иманов сүйлөмдүн маанилик жактан бөлүнүшүндө «грамматикалык жана стилистикалык милдеттерди аткарган» интонациянын маанисин өтө жогору баалап, анын сүйлөм уюштуруудагы ролун бөлүп көрсөтөт [Иманов 1990: 78]. Проф. Б.Өмүралиев «Кыргыз тилинин синтаксисин окутуунун методикасы» (1990) деген эмгегинде сүйлөмдү айтылыш максатына карай бөлүштүрүүдө интонациянын мааниси чоң экендигин белгилеп, дегеле, интонациянын ролун терең түшүндүрүү керектигин эскертет [Өмүралиев: 1990].

Азыркы мезгилге чейин түрк тилдеринин интонациялык түзүлүшү лингвистикалык планда гана изилденип, көркөм сөз өнөрүнө тийгизген таасири көмүскөдө калып келүүдө. Көркөм сөз өнөрүндөгү интонациянын изилденбеши дагы эле болсо көркөм окууга өз таасирин тийгизип келүүдө. Биздеги, өзгөчө түрк тилдериндеги, көркөм окуу өнөрүнүн өнүкпөгөндүгүнүн бирден бир себептеринин бири - көркөм окууда кеп интонациясынын таасиринин изилденбешинен көрөбүз. Демек,

түрколог-окумуштуулардын жана жаңыдан илим жолуна кадам койгон жаш изилдөөчүлөрдүн алдында зор милдеттер турат. Түрк тилдеринин интонациялык түзүлүшүн лингво-акустикалык, семантикалык, функционалдык жана грамматикалык жактан изилдеп, тилдердин интонациялык өзгөчөлүгүн жана жалпылыгын типтештирип, салыштырма планда изилдөө - учурдагы эң актуалдуу проблемалардын бири болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз фонетикасы бүгүнкү күндө кыргыз тил илиминин дээрлик кенен да терең изилденген бөлүмү деп табылат.

## 0.5. Фонологиялык парадигма

Фонологиянын негизги изилдөө объектиси катары сөздүн тыбыштык жагын уюштуруучу фонема аттуу бирдик каралып келгендигине карабастан, ар башка фонологиялык парадигмада аталган түшүнүк ар башка мазмун ыйгаруу менен ар башкача чечмеленип келет. Андыктан фонема жөнүндө жетик билимге кол жеткирүүдө аталган түшүнүктүн азыркы фонологиялык мектептерде [ЛЭС 1990: 552-554, 555-557; Садыков 1992: 6-15] калыпташкан теориялык негиздери олуттуу экендиги талашсыз. Ошондуктан биздин максат –айрым фонологиялык мектептердин концептуалдык негиздерин кароо.

**Москва фонологиялык мектеби (МФМ).** 1920-30-жылдары И.А.Бодуен де Куртененин идеяларына таянуу менен Р.И.Авенесов, П.С.Кузнецов, А.А.Реформатский, В.Н.Сидоров, А.М.Сухотин ж.б.лар тарабынан негизделет [Реформатский 1970]. XX кылымдагы лингвистика илиминин өркүндөп өсүшүнө эбегейсиз салым кошушкан Н.С.Турбецкой менен Р.О.Якобсон да бул мектеп менен жакындан кызматташтыкта болот. Булардын ичинен тагдырдын жазмышы менен Н.С.Турбецкой Вена университетинин профессору болуп иштеп жүрүп Прага лингвистика ийриминин негизделишине өз салымын кошсо, аны менен өнөктөш Р.Якобсон адегенде Батыш Европада, согуш

башталган соң Америкада эмгек өтөп, АКШдагы бир катар жаңы илимий багыттардын түптөлүшүнө өбөлгө түзөт.

Бул мектептин теориялык негизи төмөнкүчө аныкталат:

(1) мектептин пайдубалы И.А.Бодуен де Куртененин морфематизм принцибине негизделет да, фонеманы аныктоо үчүн кеп тутумунда келген сөздүн грамматикалык формасы жетекчиликке алынбастан, сөз курамын аныктап, уңгу-мүчөнүн башын бириктирген *морфема* аттуу бирдик жетекчиликке алынат;

(2) аталган максатты ишке ашыруу үчүн *«1 морфема = 1 фонема»* деген эреже негиз кылып алынат.

Бул эреже боюнча фонема морфеманын (уңгу-мүчөнүн) чегинде гана аныкталат да, анын ар бир өңүтү (башы/ортосу/соңу) үчүн бирден гана фонема бөлүнүшү талап этилет.

Ошентип, МФМ жоболору боюнча түрк тилдериндеги уңгулардын фонемалык курамын аныктоодо анчейин деле кыйынчылык туула бербейт. Бирок мүчөдөгү фонемалардын курамын аныктоодо бул мектептин жоболору теориялык тунгуюкка барып такалат. Тактап айтканда, мүчөдөгү тыбыштардын курамы акустика-артикуляциялык жактан көп жагынан уңгудагы тыбыштардын курамын кайталаганына карабастануңгу-мүчөдөгү тыбыштардын фонологиялык статусунда айырмачылык олуттуу болот.

Ошентип, Москва фонологиялык мектебинде фонема - сөз формасынын тыбыштык субстанциясына эмес, алмашуу кубулушуна кириптер болгон тыбыштардын морфемадагы өңүтүнө негизделип аныкталган бирдик. Мунун натыйжада мүчөлөр үчүн түрк тилдеринин тыбыштык субстанциясынан алдаканча ажыратылган, тыбыштык кыртыш менен болгон байланышы үзүлгөн 2-даражадагы абстарктуу бирдиктердин бөлүнүшүнө жол берилет. Белгилей кетчү нерсе, бул жерде маселенин өзөгүнө тиешелүү фонеманы аныктоодо колдонулган

кошумча дистрибуция, эркин дистрибуция, демейки алмашуу, тарыхый алмашуу сыяктуу критерийлер жөнүндө сөз болбойт.

**Петербург фонологиялык мектеби.** Бул мектеп 1920-30-жылдары акад. Л.В.Щерба тарабынан негизделген жана анда фонема деген бирдикти аныктоо үчүн төмөнкүдөй жоболор жетекчиликке алынат:

1. Фонема - тилдеги автономдуу системанын бирдиги.

2. Фонема - тыбыштык тип, окшош тыбыштардын жалпылыгы.

3. Фонема – морфеманын деңгелинде эмес, сөз формасынын деңгелинде аныкталган бирдик [ЛЭС 1990:552-554, 555-557; Садыков 1992: 11-12].

Кыскасы, Петербург мектебинде фонеманы аныктоо амалы Москва мектеби сыяктуу тыбыштык субстанциядан четтебей, тескерисинче, тыбыштык субстанциянын кыртышына негизделип ишке ашырылат. Ошондуктан Петербург фонологиялык мектебинде фонема тыбыштык тип, окшош тыбыштарды жалпылоочу бирдик деп табылат.

**Прага фонологиялык мектеби.** Өткөн кылымдын 20-30-жылдары Чехословакия аалымдары Матезюс, Гавранек, Трнка жана орус окумуштуулары Турбецкой, Якобсондор тарабынан негизделген. Прага фонологиялык мектебинин теориялык негиздери 1939-жылы жарык көргөн Н.С.Трубецкойдун «Основы фонологии» аттуу фундаменталдуу эмгегинде түптөлгөн [Турбецкой 2000].

Прага фонологиясында оппозициянын мүчөсү *фонема* деп аныкталса, эки фонеманы бири-бирине карама-каршы коюп турган *минималдык түгөйлөрдүн* негизи *фонологиялык оппозиция* деп аныкталат [Турбецкой 2000: 36-37, 39-44, 71-95; ЛЭС 1990: 552-554, 555-557; Реформатский 1970].

**Генеративдик фонология.** Генеративдик фонология - АКШ жана Батыш Европада генеративдик лингвистика деген ат менен өрүшүн кенен жайып, өркүндөп өнүккөн өзгөчө илимий багыт, XX кылымдын экинчи жарымында

лингвистикада жана жалпы эле гуманитардык илимде төңкөрүш жасаган америкалык окумуштуу Наум Хомский тарабынан негизделген [Хомский 1962; ЛЭС 1990: 98-99; Садыков 1992: 12-14; Chomsky, Halle 1968; Hengirmen 1998: 369-382].

Генеративдик фонологияда башка фонологиялык мектептерден айырмаланып, фонема деген түшүнүк толук бойдон жокко чыгарылат да, тилдин тыбыштык системасын сыпаттоо үчүн тыбыштардын ажыратуу белгилеринин топтому жетекчиликке алынат. Бул максатта Р.Якобсон, Г.Фант, М.Халле тарабынан иштелип чыккан дихотомиялык негиздеги 12 акустикалык белги колдонулат. Генеративдик фонологияда мындай дихотомиялык белгилердин саны кыркка жеткирилгени жана анын теориялык негиздери англис тилинин фактысында Н.Хомский, М.Халле тарабынан иштелип чыкканы маалым.

Генеративдик фонологиянын өзгөчөлүгү – лексикондогу бирдиктер фонема эмес, ажыртауу белгилердин топтому аркылуу сыпатталышында [Садыков 1992: 12-14]. Бул багыттын олуттуу өксүк жактары да бар. Алардын эң негизгиси - тыбыштардын ажыратуу белгиси менен тыбыштын бир деңгээлде каралышы жана абстракциялоо амалына ашкере басым жасалышы, демек, мындан алынган бирдиктердин да ашкере абстракцияланып, тыбыштык субстанциядан ажырап калышы. Бул маселе теориялык жактан атайын изилдөөлөрдө тереңден териштирилгени маалым [Садыков 2012; 1992; 1995].

Ошентип, жогорудагы фонологиялык мектептер боюнча төмөнкүдөй бүтүм чыгарууга болот:

1. «*1 морфема = 1 фонема*» принцибине негизделген Москва фонологиялык мектебинде морфеманын ар бир өңүтүү үчүн бирден гана фонеманын бөлүнүшү талап кылынгандыктан, түрк тилдеринде туруктуулугу менен мүнөздөлгөн уңгудагы тыбыштардын фонемалык статусун

аныктоо анчейин деле кыйынга тура бербейт. Ошол эле маалда мүчөдөгү көп варианттуулук фонемалардын курамын аныктоого ар дайым кедерги болот.

2. Тыбыштык типке негизделген Петербург фонологиялык мектебинде уңгунун фонемалык курамы мүчөлөргө таратылгандыктан, уңгу менен мүчөдөгү фонемалар курамын аныктоо тыбыштык субстанцияны эске алуу менен ишке ашырылат. Бирок, буга карабастан, уңгу менен мүчөдөгү фонемалардын ажыратуу белгилери бул эки чөйрөдө ар башка кызмат аткарары көз жаздымда калтырылат.

3. Оппозицияга негизделген Прага фонологиялык мектебинде фонеманын курамы менен ажыратуу белгилерин аныктоо эрежелери ийги иштелип чыккандыгына карабастан, уңгу менен мүчөдөгү фонемалардын аткарган кызматы ар башка экенин эске алуу менен сунушталган Н.С.Турбецкойдун концепциясы да түрк тилдеринин алкагында Москва фонологиясы кептелген туңгуюкка кабылат.

4. Тыбыштардын ажыратуу белгилерине негизделген генеративдик фонологияда фонема деген түшүнүк толук бойдон жокко чыгарылышы, тыбыштардын ажыратуу белгиси менен тыбыштын бир деңгээлде каралышы жана абстракциялоо амалына ашкере басым жасалышы түбү келип ашкере абстракцияланып, тыбыштык субстанциядан ажыраган бирдиктер менен иш алып барууга алып келет.

5. Түркологиянын теориялык парагмасында фонологиялык мектептер кабылган туңгуюктан чыгуу жана түрк тилдеринин төл кыртышын чагылдырган жоболорду иштеп чыгуу багытында атайын изилдөөлөр жүргүзүлүүдө [Жүнісбек 2009; Жунисбек 2009].

## 0.6. Фонетиканын аспектери

Тилдеги тыбыштар өтө татаал жана көп кырдуу кубулушка жаткандыктан, алардын табиятын ар тараптан изилдөө талап этилет. Аталган максатты ишке ашыруу үчүн тыбыштар (1) акустикалык жактан да, (2) артикуляциялык жактан да, (3) перцепцивдик же тил ээси тарабынан кабылданышы жактан да, (4) функциясы же тилдеги аткарган кызматы жактан да изилдөөгө алынууга тийиш. Тыбыштарды изилдөөнүн бул төрт өңүтү *фонетиканын аспектери* деп аталат.

### 0.6.1. Фонетиканын акустикалык аспекти

Тилдеги тыбыштар табияттагы адам баласынын кулагына угулган жана угулбаган сан кырлуу үн кубулушунун бир түрүнө жатат. Үн толкундары ар кандай чөйрөдө ар башка ылдамдык менен таралат: маселен, абада секунтуна 340 м ылдамдык менен тараса, сууда секунтуна 1500 м, темирде 4800 м, болотто 5000 м ылдамдык менен тарайт. Ал эми жарык нурунун ылдамдыгы секунтуна 300 000 км.ге жетет. Андыктан чагылгандын жарк этиши анын чарт эткен үнүнө караганда алда канча мурда көзгө көрүнөт.

Ошентип тыбыштар акустикалык жактан үн толкундарынын бир түрү катары каралат да, аларды мүнөздөө үчүн төмөнкүдөй чоңдуктар колдонулат.

**1. Термелүү жыштыгы.** Фонетикада термелүү жыштыгы деп 1 секунтта болуп өткөн толук термелүүнүн саны аталат, *герц* (*гц*) деген бирдик менен ченелет. Маселен, адамдын үн түйүндөрү секунтуна 100 жолу термелсе, анда мындан пайда болгон үндүн термелүү жыштыгы 100 гц деп табылат. Адам баласынын кулагы 16 дан 20 000 герцке чейинки үндү кабыл алууга жөндөмдүү.

Адамдардын ортосундагы баарлашуу 500 - 4000 гц жыштыкта өтөт. Үн түйүндөрү демейде 40 - 1700 гц аралыктагы үн чыгарууга жөндөмдүү. Маселен, бас 80 гц жыштыктан баштап ырдаса, сопрано 1300 гц жыштыктын алкагында ырдайт. Кулак тарсылдагынын жекче термелүүсү - 1000 гц. Андыктан адам үчүн

дал ушул толкундагы суунун шаркыраган добушу, бак-даректын шуулдадаган үнү дайыма жагымдуу сезилет. Эркектин үнү 100 - 200 гц, аялдын үнү 150 - 300 гц аралыкка туура келет. Анткени эркектин үн түйүндөрү- 23 мм, аялдыкы-18 мм болот. Ошол эле маалда тилдеги тыбыштар 50 герцтен 10000 герцке чейинки толкун жыштыгындагы үн менен чектелип, өйдөкү көрсөткүчтөн алда канча аз алкакты ичине камтыйт. Демек, ушунун өзү эле адамдын кулагы оозубуздан чыккан, тилде колдонулган тыбыштарды да, жандуу жана жансыз жаратылыштан чыккан албан түрдүү башка үндөрдү да угууга ыңгайлашканын ачык тастыктайт. Бул бир жагынан.

Экинчи жагынан, адам баласынан айырмаланып, балык, ит, мышык, куш, пил, жарганат, жылкы өңдүү бир катар үй айбандары менен жапайы жаныбарлар 20 герцтен төмөнкү же 20 000 герцтен жогорку жыштыктагы үндү да кабыл алуу жөндөмүнө ээ. Маселен, кит 200 000 герцке чейинки үндү кабылдай алса, ит 40 000 герцке чейинки үндү кабылдай алат. 20 герцтен төмөнкү жыштыктагы үн *инфраүн* деп, 20 000 герцтен жогорку жыштыктагы үн *ультраүн* деп аталат**.** Булар кулакка угулбаганы менен турмушта кеңири колдонулат. Маселен, инфраүн түндө көрүүгө арналган аскери дүрбүлөрдө, ультраүн бейтап адамдын илдетин аныктоочу медициналык атайын жабдыктарда кеңири колдонулат. Ошондой эле атайын кызмат үчүн иттерди даярдоодо адамдын кулагы укпаган, бирок иттин кулагы уккан ультра үн чыгара турган ышкырыктарды падаланышат.

**2. Үндүн бийиктиги.** Термелүү жыштыгынан көзкаранды болгон чоңдук. Термелүү жыштыгы канчалык көп болсо, үн ошончолук ичке чыгат. Керисинче, термелүү жыштыгы канчалык аз болсо, үн да ошончолук жоон чыгып, коңур угулат.

Үндүн бийиктиги – үндүн жоон-ичкелигин мүнөздөөчү чоңдук. Маселен, тилибиздеги үндүүлөрдүн жоон жана ичке болуп эки топко бөлүнүшү, бир муун ичиндеги тыбыштардын үндөштүк күүсүнө баш ийип же жоон, же ичке айтылышы, муунак, сүйлөм интонациясынын өзгөрүшү дал ушул белгинин негизинде ишке ашырылат. Аталган чоңдук ырчылык өнөрдө ырчылардын үнүн сыпаттоодо да колдонулат. Бул жагынан эң

жоон үн бас деп, жоон үн баритон деп, ичке үн тенор деп, андан ичке үн сопрано деп, эң ичке үн альт же контральт деп аталат.

**3. Термелүү арымы.** Бул чоңдук термелүүчү нерсенин, айталы, үн түйүндөрүнүн, баштапкы абалдан четтөө аралыгын билдирет да, мм менен ченелет.

**4. Үндүн күчү.** Бул чоңдук термелүүнүн арымынан көзкаранды болгон чоңдук. Демек, термелүүнүн арымы канчалык чоң болсо, үн да ошончолук күчтүү чыгат, тескерисинче, термелүүнүн арымы канчалык кичине болсо, үн да ошончолук алсыз чыгат. Фонетикада үндүн күчү децибелл (дб) менен ченелет. Белл - акустика жаатындагы изилдөөчү, телефонду ойлоп тапкан инженер, акустикалык фонетикага чоң салым кошкон изилдөөчү.

Адам баласынын кулагына угулган эң алсыз үн *угумдун төмөнкү чеги* деп, эң күчтүү үн *угумдун жогорку чеги* деп аталат. Эгерде үн угумдун төмөнкү чегинен да акырын чыкса, анда ал кулакка угулбайт. Эгерде үн угумдун жогорку чегинен ашып, катуу чыкса, анда ал *ооруга чыдоонун чеги*деп аталат да, кулакка күч келтирип, денсоолукка зыян алып келиши же кулактын тарсылдагын жарып кетиши да мүмкүн.

Шыбырап сүйлөшүү 20 - 30 дб, демейки кеп 40 - 60 дб, кыйкырык 80 - 90 дб аралыкты камтыса, үнү күчтүү ырчылардын добушу 110 - 130 дб аралыкка чейин жетиши мүмкүн.

Үндүн күчү термелүү жыштыгына карай түрдүүчө аныкталат. Маселен, термелүү жыштыгы 1000 гц үн үчүн угумдун төмөнкү чеги 0 дб.ге барабар болсо, анын жогорку чеги 130 дб.ге барабар болот. Эгер үн мындан да каттуу чыкса, анда адамдын кулагы ооруу чегине кириптер болот.

Үндүн күчү термелүү жыштыгына жараша кулакка ар башкача угулат. Маселен, күчтөрү бирдей, бирок биринин термелүү жыштыгы 1000-3000 гц, экинчисиники 100-300 гц, үчүнчүсүнүкү 5000-10000 гц болгон үч үндүн ичинен биринчиси, өйдөдө белгиленгендей, калган экөөнө караганда кулакка алда канча даана, катуу да жагымдуу угулат. Ошондуктан үндүн күчүнүн акустикасы менен перцептивдик белгилери салыштырма мүнөздө болуп, бири-бирине дал келе бербейт.

**5. Үндүн созулушу.** Тилдеги тыбыштарды айтуу үчүн белгилүү бир өлчөмдөгү убакыт бирдиги талап кылынат. Демек,

бул жагынан тилдеги айрым бир тыбыштар өтө кыска, экинчилери андан созулуңку, үчүнчүлөрү өтө созулуп айтылат.

Үндүн созулушу боюнча тыбыштар топ-тобу менен төмөнкүчө жайгашат:

1) каткалаң жарылма үнсүздөр: *п, т, ч, к*;
2) каткалаң жылчыкчыл үнсүздөр: *с, ш*;
3) жумшак жарылма үнсүздөр: *б, д, ж, г;*
4) жумшак жылчыкчыл үнсүздөр: *з, г*;
5) жарылма уяң үнсүздөр: *м, н, ң;*
6) жылчыкчыл уяң үнсүздөр: *л, р, й;*
7) кыска кууш үндүүлөр: *ы, и, у, ү*;
8) кыска кең үндүүлөр: *а, е, о, ө*;
9) созулма кууш үндүүлөр: *уу, үү*;
10) созулма кең үндүүлөр: *аа, ээ, оо, өө.*

Мында эң кыска айтылган *т* тыбышы менен эң созулуп айтылган *аа* тыбышынын ортосунда калган бардык тыбыштар жайгашат. Ошол эле маалда бул белги тилибиздеги созулма жана кыска үндүүлөрдү айырмалоо кызматын аткарат.

Эксперименттик фонетика көрсөткөндөй, тилибиздеги созулма үндүүлөр кыска үндүүлөргө караганда болжол менен 2-3 эсе созулуп айтылат.

Тилдеги тыбыштардын созулушу *миллисекунт (мс)* менен ченелет. Мында 1 миллисекунт 1 секунттун миңден бир үлүшүнө барабар, б.а.1 мс = 1/1000 сек. Адам баласынын кулагынын угум чеги – 30-50 мс. Эгер тыбыш бул убакыттан кыска айтылса, анда ал угум чегинен төмөн туруп, кулакка угулбай калат. Демек, адам баласынын кулагы 30-50 мс.тан жогору созулуп айтылган тыбыштарды гана угуп кабылдоого жөндөмдүү.

**6. Үндүн тембри.**Үндүн сапатын аныктоочу чоңдук, негизги тон жана кошумча тон деген түшүнүктөр аркылуу сыпатталат.

**Негизги тон -** адам баласынын үн түйүндөрүнүн жекече термелүүсүнүн натыйжасында пайда болгон үн. Ар адамдын жана эркек менен аялзатынын үн түйүндөрү бири-биринен айырмаланып турат. Маселен, эркектердин үн түйүндөрү 1,5 см чамалуу болсо, аялдардыкы 1, 2 см.дей болот. Аялдардын үн түйүндөрү кыска, ошон үчүн алардын үнү эркектикине караганда ичке чыгат. Акустикалык жактан эркектердин негизги тону 80-250 гц аралыкты түзсө, аялзатынын негизги тону 140-500 гц

жыштыкта ишке ашырылат. Ал эми балдардын негизги тону 170-600 гц жыштыктагы үнгө туура келет.

**Кошумча тон** - үн түйүндөрүнүн термелүүсүнүн натыйжасында пайда болгон негизги тондон башка тондор. Негизги жана кошумча тондор (үндөр) ооз, мурун, көмөкөй көңдөйлөрүнөн чыккан жаңырык тондор менен коштолот. Кошумча тондор *обертондор*деп аталат. Айтылган сөздүн тутумундагы тыбыштар негизги жана кошумча тондор менен жаңырык тондордун аралашмасынан турат.

**7. Үндүн спектри.** Күндүн жарыгы ар кандай түстөгү нурду ичине камтыган сыяктуу тилдеги тыбыштар да ар кандай акустикалык элементтерди ичине камтыйт. *Үндүн спектри* деп үн тутумундагы акустикалык элементтердин өз ара катышы аталат. Фонетикада тыбыштардын спектрин алуу үчүн спектрограф деген атайын прибор колдонулат.

Үндүн спектриндеги энергия жыйналган бөлүктөр *формантгар* деп аталат. Спектр деген түшүнүк үндүү же үнсүз тыбышты мүнөздөй турган ар кандай жыштыктагы термелүүнү жана ошол белгилүү жыштыктагы термелүүнүн мүнөзүн аныктоо дегендике жатат. Спектр аркылуу үн же тыбыш кандай жыштыктагы толкундардан турарын жана ички түзүмү кандай экендигин аныктоого мүмкүндүк алабыз.

Үндүн спектрин окуп үйрөнүүдө негизги жыштык, формантгык жыштык, формантгык жыштыктын чектери деген түшүнүктөрдү билүү зарыл. Үн толкунунун спектриндеги эң төмөнкү жыштык *негизги жынтык* же *негизги тон* деп аталат. Негизги тон 400-500 гц аралыгындагы жыштыкта өзгөрөт. Үндүн бийиктиги негизинен ушул негизги тонго байланыштуу болот.

Үн толкунунун мүнөзү өтө татаал болот да, анын ар жыштыгына туура келген жыштык *формантгык жыштык* деп аталат.

Көпчүлүк үнсүздөр жана үндүүлөр ар түрдүү фонетикалык контексте, тиешелүү артикуляциялык органдардын иштеши менен шартталат. Кептеги кайсы гана тыбыш болбосун “өзүнө тиешелүү формантга ээ, ал тыбышты аял же эркек, же бала айтып жаткандыгына карабай өзүнүн жалпы касиетин сактайт” [Чейд 1975: 28]. Демек, *формант* дегенибиз тыбыштык касиеттин негизги акустикалык корреляты болуп саналат.

Үндүүлөрдүн жана айрым үнсүздөрдүн спектринде 2ден 5ке чейинки форманттардын бар экени анык. Бирок алардын ичинен биринчи үч формант тыбышты изилдөөдө өзгөчө маанилүү. Биринчи формант F1 тилдин тик абал боюнча таңдайга карай көтөрүлүшү менен шартталат; экинчи формант F2 тилдин көлдөлөң абал боюнча алдыга-артка жылышын чагылдырса, үчүнчү формант F3 жекече айтуучунун үнүнүн тембр жагынан өзгөчөлүгүн чагылдырат. Негизги тондун форманты FHT үн түйүндөрүнүн термелүү саны менен аныкталат. Негизги тондун спектри үндүү жана каткалаң тыбыштардан башка үнсүздөрдө да болот. Үндүн механика-миоэластикалык теориясынан алып караганда FHT төмөнкү факторлордун таасири тийет: а) массанын бөлүнүшүн жана чыңалышын аныктоочу булчуң түйүндөрүнүн таасири; б) үстүңкү органдардан өпкөгө карай багытталган басымдын басаңдашы; в) кеп жолдорунун туура кесилишинин көлөмүнүн өзгөрүшү; г) артикуляция убагындагы тилдин абалынын өзгөрүшү. Формант жыштыгынын чектери сүйлөө органдарынын физикалык, акустикалык касиеттерине байланыштуу. Форманттык жыштыктар төмөнкүдөй чектерде болушат:

1. Биринчи форманттык жыштык 150-850 гц
2. Экинчи форманттык жыштык 500-2500 гц
3. Үчүнчү форманттык жыштык 1500-3500 гц
4. Төртүнчү форманттык жыштык 2500-4500 гц


Аялдардын үнүнүн форманттары эркектикинекараганда болжол менен 1, 7 эсе жогорку жыштыкта жайгашат.

Спектрографияда форманттан башка форманттык деңгээл, форманттык тилке, форманттык тилке жазылыгы деген түшүнүктөр да колдонулат. *Форманттык деңгээл* – спектрдин ийилгич чокуларынын сандык көрсөткүчтөрү. *Форманттык тилке* - тиешелүү артикуляция менен аныкталган форманттардын ээлеген орду. Спектрдеги эки ийилген чекиттин аралыгы *форманттык тилкенин жазылыгы* деп аталат.

### 0.6.2. Фонетиканын артикуляциялык аспекти

Тилдеги тыбыштар сүйлөө органдарынын иш-аракетинин натыйжасында пайда болгондуктан, ал тыбыштардын жасалыш өзгөчөлүктөрүн түшүнүү үчүн тыбыш жасоонун артикуляциялык аспектисин билүү зарыл.

Тилдеги тыбыштарды жасоодо төрт түрдүү органдардын системасы катышат:




1-сүрөт. Сүйлөө органдарынын түзүлүшү

**1. Борбордук нерв системасы –** адам баласынын бардык органдарын башкарып турган система - мээ, ал сүйлөө органдарынын да калыпташкан иш-аракетин башкарып турат.

**2. Дем алуу органдары.** Өпкө жана көкүрөк булчуңдарын камтып, кекиртек жана үн түйүндөрү аркылуу аба агымын ооз көңдөйүнө айдоо кызматын аткарат. Аба агымын ооз көңдөйүнө


айдоонун натыйжасында үн түйүндөрү дирилдеп, үн пайда болот. Ал эми аба агымынын ооз көңдөйүнүн бир жериндеги тоскоолду жарып өтүшү же андан кысылып чыгышы аркылуу шыбыш пайда болот. Ошондуктан үн түйүндөрү *үн жасоочу органдар* деп, шыбыш чыгаруучу органдар *шыбыш жасоочу органдар* деп аталат.

**3. Үн жасоочу органдар.** Кекиртек менен ооз көңдөйүнүн туташкан жеринде жайгашкан үн түйүндөрүнүн дирилдешинин натыйжасында үн пайда болот. Дем алуу жана дем чыгаруу учурунда үн түйүндөрү ачык болсо, сүйлөп жаткан учурда кысылып, жабылыңкы абалда болот. Үн түйүндөрүнүн термелүүсүнүн натыйжасында пайда болгон үн *негизги тон* деп аталат.

Негизги тон үндүү тыбыштардын жасалышына тикелей негиз болсо, уяң, жумшак үнсүздөрдүн жасалышына шыбыш менен бирге ар кандай катышта негиз болот.

**4. Тыбыш жасоочу органдар.** Булар сүйлөө органдары деп аталат да, курамына көмөкөй көңдөйүн, мурун көңдөйүн жана ооз көңдөйүн камтыйт.


Сүйлөө органдарынын ичинен тыбыштарды жасоодо ооз көңдөйү өзгөчө роль ойнойт. Ооз көңдөйү тил, кичинекей тил, астыңкы жана үстүңкү тиштер, катуу жана жумшак таңдайларды камтып, эриндер менен бүтөт. Бул органдар *активдүү* жана



*пассивдүү органдар* деп экиге бөлүнөт. Тактап айтканда, тилдин бардык бөлүгү, кичинекей тил, жумшак таңдай, астыңкы эрин, үн түйүндөрү активдүү органга жатса, калган органдар пассивдүү органга жатат.

Үндүү тыбыштардын жасалышында тил вертикалдык тик жана горизонталдык көлдөлөң багытта кыймылга келүү менен ооз көңдөйү ар кандай формага ээ болуп, негизги тонго ар кандай кошумча тондорду кошумчалап, үндүү тыбыштардын жасалышын шарттайт (сүрөттө *аты* сөзүндөгү [а] тыбышынын жасалышы көрсөтүлдү; Эсенбаева 2009: 44).

Үнсүздөрдүн жасалышында ооз көңдөйүнүн ичиндеги активдүү жана пассивдүү органдар бири-бирине тийишип же жакындашып, ар кандай тоскоолдорду пайда кылат да, үнсүз тыбыштардын өзөгүн түзгөн шыбышты пайда кылат (сүрөттө *жан* сөзүндөгү [н] тыбышынын жасалышы көрсөтүлдү).



Ошентип тыбыштардын артикуляциялык жана акустикалык касиеттери бири бири менен татаал жана көп жактуу байланышта болот. Ошондуктан фонетикада тыбыштардын артикуляциялык

касиетине карай алардын акустикалык белгилерин, керисинче, акустикалык белгилери боюнча артикуляциялык касиеттерин калыбына келтирүүгө болот. Демек, тыбыштардын өйдөкүдөй фонетикалык касиеттерине байланыштуу так маалыматтар алардын тилде аткарган кызматын иликтөөгө өбөлгө түзөт.

### 0.6.3. Фонетиканын перцептивдик аспекти

Кеп бирөөгө багытталып айтылат. Анын максаты – эң кеми эки адамды сүйлөштүрүү, пикирлештирүү, баарлаштыруу. Кеп бир нече баскычтан турат: а) нерв системасынын таасири астында адамда үн түйүндөрү дирилдейт; б) мунун натыйжасында мейкиндикте акустикалык сигнал пайда болот; в) ал адамдын угуу органдары аркылуу кабылданып, мээдеги тиешелүү нервдердиништешине түрткү берет; г) кабылданган сигналдар тилдик (лингвистикалык) бирдиктерге бөлүнөт. Адамдын угуу органы кептин негизин түзгөн акустикалык сигналдарды кайра өзгөртүү кызматын аткарат. Ошол себептүү кайра өзгөрүүгө жалаң эле билдирүүнүн жалпы мүнөзү таасир этпестен, угуучунун психофизикалык абалы да таасир этет. Ошондуктан кептеги тыбыштарды объективдүү кубулуш катары кароо менен катараларды угуп кабылдоодо субъективдүү факторлор да аракетке келет.

Адамдын угуу органы үч бөлүктөн турат: *кулак калканчасы, ортоңку кулак* жана *ички кулак*. Үн же тыбыш кулак жаргакчасына жетип, аны дирилдетет. Дирилдөө калакчаны кыймылга келтирет, кыймылга келген балкача дөшүчөнү ургулайт. Ал сүйрү тешиктеги кулак жаргакчасын термелтет. Бул термелүү суюктукка берилет. Суюктуктун кыймылы керектүү тыбыш толкундарын кармоого ылайыкталган серпилгич жука жаргакча системасына жана үлүлчөнүн ичиндеги түктүү клеткага таасир этет. Натыйжада нерв импульстарынын пайда болушуна жана угуу нервдери аркылуу аларды борбордук нерв системасына жеткирүүгө шарт түзүлөт.

Объективдүү мүнөздөгү акустикалык сигналдар биздин угуу сезимибиз аркылуу субъективдүү мүнөзгө өтөт. Атап айтканда, үндүн күчү үн бийиктигине, үндүн спектралдык бөлүгү үндүн тембрине, термелүү жыштыгытондун бийиктигине өтөт. Демек, бир абалдан экинчи бир абалга өткөн учур угуу сезими менен үндүн физикалык касиетинин татаал карым-катнашын чагылдырат. Психоакустикалык тажрыйбалар көрсөткөндөй, үндүн бийиктиги үндүн күчүнө, термелүү жыштыгына жана тыбыштын спектрине байланыштуу болот.

Ошентип, кептеги тыбыштардын кабылданыш жана лингвистикалык бирдикке айланыш процесси бүгүнкү күнгө чейин табышмак бойдон калууда. Дүйнөдөгү көптөгөн илимий лабораторияларда бул түйүндү чечүүнүн үстүндө кеңири изденүүлөр жүргүзүлүүдө.

### 0.6.4. Фонетиканын лингвистикалык аспекти

Тилдеги тыбыштардын акустикалык жана артикуляциялык табияты өтө татаал жана көп кырдуу. Маселен, кеп агымында ар бир тыбышты айтуу үчүн 1 секунтта сүйлөө органдарынын 100 дөн ашуун булчуңу аракет этери анык. Бирок буга карабастан пикир алышуу өнөктүгүндө тыбыштардын уруттуу деп табылган өзгөчөлүктөрү гана пайдаланылат. Бул жагдай фонетиканын тилдик аспектинде иликтөөгө алынат да, ал *функционалдык фонетика* же *фонология* деп аталат. Фонетиканын тилдик аспекти тил илиминде алгачкы ирет Бодуэнде Куртене тарабынан негизделген. Анын фонологиялык окуусу академик Л.В.Щебра жана фонологиянын атасы болгон Н.С.Трубецкой тарабынан өркүндөтүлгөн. Генеративдик фонология аттуу өзгөчө багыт америкалык окумуштуу Наум Хомский тарабынан иштелип чыккан.

Тилдеги тыбыштардын аткарган кызматын аңдап билүү жана тил менен кептин табиятын түшүнүү үчүн *тыбыш* жана *фонема*

(*үнтек*) деген түшүнүктүн жалпылык жана айырмачылыктарын так аныктоо зарыл.

Тыбыш деген түшүнүккө фонетикада төмөнкүчө аныктама берилет: *айтылган сөздүн тутумундагы кулакка угулган эң кичинекей фонетикалык бирдик* ***тыбыш*** *деп аталат.* Маселен, *ат, эт, от, өт* деген бир муундуу төрт сөздү алып көрөлү. Бул төрт сөздүн тутумунда 4 үндүү жана 4 үнсүз тыбыш бар. Алардын ичинен үндүү жана үнсүздөрү төмөнкүлөр: *ат* = *[*at], *эт* = *[*et'], *от* = *[*ot°], *өт* = *[*öt°'].

Көрүнүп тургандай, бул 4 сөздүн башында 4 кең үндүү келди. Ал эми алардын соңунда өзүнөн мурда келген үндүүнүн таасири менен бир эмес, 4 башка үнсүз тыбыш айтылды. Атап айтканда: *t* - жоон үнсүз, *t′* - ичке үнсүз, *t°* - эриндешкен жоон үнсүз, *t°′* - эриндешкен ичке үнсүз.

Дагы бир мисалга кайрылып көрөлү: *бал* = *[*ba°l], *бел* = *[*b'e°l'], *бол* = *[*b°o°l°], *бөл* = *[*b°'ö°l°'].Мында сөз ортосунда, өйдөкүдөн айырмаланып, эринчил үнсүздүн таасири менен эриндешкен *а°, е°, о°, ö°*үндүү тыбыштары айтылды. Үнсүздүн үндүүгө тийгизген таасирин мурундашып айтылган үндүүлөрдөн да ачык байкоого болот. Мисалы: *нан* = *[*nãn], *Манас* = *[*mã/nãs], *асман* = *[*as/mãn] ж.б. Мында *нан, Манас, асман* сөздөрүндө келген *ã* үндүүсү мурунчул *н, м*үнсүздөрүнүн таасири менен мурундашып айтылды. Демек, мындан биз *ат, бал, нан* сөздөрүнүн тутумунда бир эмес, үч башка үндүү тыбыш келет деп жыйынтык чыгарууга тийишпиз.

Ошентип, тилдеги үндүү жана үнсүз тыбыштардын курамы, салттуу көзкараштан айырмаланып, 39 эмес, жүздөгөн тыбыштарды ичине камтыйт. Маселен, Алимхан Жүнисбековдун эсеби боюнча, казак тилинин фонетикалык базасы 500дөн ашуун тыбышты ичине камтыйт. Эне тилибиздеги тыбыштардын саны да бул көрсөткүчтөн ашып түшпөсө, эч качан кем эместиги талашсыз.

Тилдеги тыбыштар жүздөп саналганы менен окшоштук жагынан алар ондоп саналган фонема аттуу бирдикке биригет.

Маселен, жогорудагы *ат, эт, от, өт* сөздөрүнүн соңунда келген төрт үнсүз [t, t', t°, t°'] бир гана | t |фонемасын түзөт, б.а. [t, t', t°, t°'] <=> | t |.

Көрүнүп тургандай, бул төрт үнсүз тыбыштын ар бири керт башына мүнөздүү болгон айырмачылыктарына карабастан бир гана фонемага бириктирилди.

Ал эми жазууда болсо тыбыш эмес, фонема белгиленет. Буга жараша жазуу системасында колдонулган тамгалардын саны да тыбыштардын санынан алда канча аз келип, көбүнесе фонемалардын саны менен бирдей болот.

Ошентип, фонемага төмөнкүчө аныктама берүүгө болот: *тилдеги окшош тыбыштарды жалпылаштыруучу өзөк бирдик* ***фонема*** *деп аталат.*

Фонема менен тыбыштын ортосунда төмөнкүдөй айырмачылыктар бар:

1. Тыбыш конкретүү бирдик, фонема абстрактуу бирдик.

2. Тыбыш жекече бирдик, фонема жалпылоочу бирдик.

3. Сөздүктөгү сөз, сөз мүчөсү фонемалардын тизмегинен куралат.

4. Тексттеги сөз, сөз мүчөсү тыбыштардын тизмегинен турат.

Маселен, *тар, тер, тор, төр* деген төрт сөздүн башында */т/* фонемасы, соңунда */р/* фонемасы, ортосунда */а, е, о, е/* фонемалары келет. Эгерде биз көптүк мүчөсү уланган *аттар, иттер, оттор, чөптөр* деген сөз формаларын алсак, анда булардын тутумундагы *–тар/-тер/-тор/-төр* тизмектери бир эле мүчөнүн төрт башка вариант-көрсөткүчүнө жатат. Бирок буга карбастан алардын фонемалык курамы жогорку сөздөрдүн фонемалык курамына толугу менен дал келет. Демек, *сөздү жана сөз тутумундагы уңгу-мүчөнү маани же форма жактан айырмалоо касиети фонеманын эң негизги касиети деп табылат.*

Ошентип, фонема окшош тыбыштарды жалпылоочу бирдикке жатат да, анын ички мазмуну фонемага бириктирилген тыбыштардын ички мазмуну менен аныкталат. Бирок

тыбыштардын ички мазмунуна караганда фонеманын ички мазмуну алда канча жарды болот. Ал эми тыбыштардын ички мазмуну фонеманыкына карганда, керисинче, дайыма бай болот. Себеби айтылган тыбыш угуу сезимибиз менен кабалдангандыктан, конкреттүү бирдикке жатса, фонема акыл-эсибиз менен аңдап түшүнүлгөндүктөн жана өзү камтыган тыбыштардын ичинде гана жашагандыктан, ал абстрактуу бирдикке жатат. Демек, фонеманын ички мазмунунун жарды жана тыбыштын ички мазмунунун бай болушу дал ушул фактор менен шартталат. Анткени чындыктагы конкреттүү нерсе ички мазмуну жагынан абстрактуу нерсеге караганда дайыма бай болот.

Маселен, жогоруда белгиленген *ат, эт, от, өт* сөздөрүнүн соңунда келген [*t, t′, t°, t°′*] тыбыштары бир гана | t |фонемасын түзөт. Бирок | *t* | фонемасынын ички мазмуну [*t, t′, t°, t°′*] тыбыштарынын керт башына тиешелүү болгон жеке белгилерин эмес, жалпы белгилерин гана ичине камтыйт.

Кыскасы, сөздүктөгү сөз (сөздүн уңгусу да, мүчөсү да) тилдеги даяр сакталган бирдиктерге жатат да, фонемалардын тизмегинен куралат. Ал эми кеп агымында айтылган сөз (сөздүн уңгусу да, мүчөсү да) тыбыштардын тизмегинен куралат.

Жыйынтыктап айтканда, бул жагдайдан эки башка теориялык натыйжа келип чыгат:

1) сүйлөөчү фонемадан тыбышка өтүү аркылуу сөздү айтат;

2) тыңдоочу айтылган сөздүн тутумундагы тыбыштардан фонемага өтүү аркылуу ал сөздүн маанисин аңдап түшүнөт;

3) мунун натыйжасында сүйлөөчү менен тыңдоочунун ортосунда пикир алышуу өнөктүгү ишке ашырылат.

### 0.7. Фонетикадагы эксперименттик ыкмалар

*Эксперимент* – илимий изилдөө практикасынын бир түрү. Тилге карата катышы төмөнкүдөй: а) тыбыштарды ар түрдүү ыкма менен изилдөөчү эң жаңы радиоэлектрондук аспаптар

менен лабораторияны жабдуу; б) аларга программа түзүү жана материалдарды аспаптар аркылуу жаздыруу; в) алынган эксперименттик материалдарды изилдөө. Эксперименттин жүрүшүндө изилдөөчү жөнөкөй көзгө байкалбаган кептин айтылыш шартынын сандык жана сапаттык маалыматын алат. Бул жагынан эксперимент объективдүү деп табылат. Алынган материалдардын сыпаттама ыкма менен карым-катнашта изилдениши теория түзүүдөгү негизги материалдардан болгон фактылардын жыйындысын түзөт.

Заманбап эксперименттик фонетика үчүн көптөгөн жаңы методдор менен технологиялар мүнөздүү. Алардын жалпы саны отуздан ашуун. Бизге магниттик резонанс томографиясы, компьютердик технология, палатография, рентгенография, глотография, спектрография, тензометрия, интонография, электромиография, оциллография өңдүү методдор белгилүү. Демек, кепти изилдөөдө прибордун саны канча болсо, ошончо метод бар экендигин байкоо кыйын эмес. Эксперименттик фонетикадагы методго болгон мындай көз караш, биздин оюбузча, бир жактуу мамиле кылгандык. Философиялык жактан метод - таанып билүү ыкмасы. Жаратылышты таануунун жалпы методу – диалектикалык метод. Бул метод материалдык дүйнөнүн өнүгүшүнүн, өсүшүнүн жалпы закондорун үйрөтөт. Лингвистикада башка илимдер сыяктуу эле метод деп тилди изилдөөгө колдонулган ыкмалардын жыйындысын айтабыз. Ошондуктан жогоруда аталган эксперименттик фонетикадагы методдор тыбыштарды изилдөөчү ыкмалар болуп эсептелет. *Метод* – ыкмага жана методикага караганда жалпыланган кеңири түшүнүк. *Ыкма* – методдун ичинен изилдөөчүнүн изилдөө объектисине жараша тандап алган таанып билүүнүн жеке каражаты. Бул өңүттөн кепти эксперименттик фонетиканын алканан изилдөөдө колдонулган үч метод төмөнкүлөр: артикуляциялык, акустикалык жана кабылдоо методдору.

Артикуляциялык метод магниттик резонанс томография, электромиография, кинорентгенография, палатография өңдүү

ыкмалардын жыйындысын ичине камтыса, акустикалык метод осциллография, спектрография, интонография, аспап-программа өңдүү ыкмаларды ичине камтыйт. Ал эми кабылдоо методу аудиометрия жана кабылдоонун ар түрдүү жолдорунун жыйындысын камтыйт.

*Динамикалык палатография.* Бул ыкма кеп агымында тилдин тик жана көлдөлөң абалынын өзгөрүү динамикасын изилдөөгө шарт түзөт. Техникалык жактан сезгич электроддор жайгашкан жука пластмасса пластинкасынан турат.Тажрыйба үчүн тартылган адамга АКР-7 пластмассасынан өз-өзүнчө пластинка жасалат. Электроддордун бир бөлүгүнө өзгөрмөлүү чыңалуу берилет, экинчи бөлүгүндө сүйлөө учурунда тил жасалма таңдайга жалгашкан учурда сигнал берилет. Сигнал токтогу электроддор жайгашкан таңдай менен тилдин тийишкендигин шарттайт. Адистер белгилеп жүрүшкөндөй, динамикалык палатограмма ар түрдүү фонетикалык абалдарда келген көпчүлүк үнсүздөрдүн жана кеп агымындагы жоон үндүүлөрдүн айтылышындагы тилдин абалын үзгүлтүксүз белгилеп турууга мүмкүндүк берет [РАВ 1965: 34-35 [.

*Кинорентгенография.* Артикуляцияны изилдөөдөгү негизги ыкмалардын бири, анын жардамы менен айтылган учурда өз касиеттерин өзгөртүп туруучу аффрикат, дифтонг өңдүү тыбыштар изилденет. Тыбыштык алмашуу процессин изилдегенде анын маанаси олуттуу.

Кинорентгенография төмөнкүлөрдөн турат: а) рентген түтүгү; б) крандуу эки көздүү линза менен жабдылган жана катоддор жайгашкан электрондук оптикалык кайра өзгөрткүч; в) кино камерасы. Артикуляция убагындагы кеп органдарын рентгенге тартуу процесси секунтуна 24 жана 3 кадр ылдамдыкта, сезгичтиги 1300 рентгенге барабар келген 35 мм Р3 тибиндеги флюрографиялык пленкада жүргүзүлөт. Рентгенограмманы кайра иштеп чыгуу жана аларга лингвистикалык түшүнүк берүү атайын ыкманын негизинде жүзөгө ашырылат [Хачартян, Айрепетян 1971: 22-23].

*Глотография.* Тыбыштардын айтылышын изилдөөчү ыкманын бир түрү. Бул ыкма кепти изилдөөдө үн түйүндөрүнүн иштешин тикеден-тике байкап турууга шарт түзөт [Жинкин, Отряшенков 1968: 54-65]. Ыкма төмөнкү принципке негизделет: үн түйүндөрү дирилдеген мезгилде кекиртектин каршылык көрсөтүп өзгөрүшү осциллограммага жазылат. Экспериментке тартылган адамдын мойнунакалкан сыяктуу кемирчектин эки жагына электрод жабыштырылат. Үн жылчыгы ачылып-жабылганда кекиртектин каршылыгы өзгөрөт. Мындай көрүнүш шлейф осциллографына жазылат да, бир эле учурда фонограмманы да, жана башка көрсөткүчтөрдү да алууга шарт түзөт.

*Электромиография*. Сүйлөө учурундагы ооз булчуңдарынын биопотенциалын аныктоо үчүн колдонулат. Бул ыкманын жардамы менен эриндешкен жана уччул тыбыштар изилденген [Джапаридзе 1966]. Электромиографиялык ыкма тыбыштардын ар тараптуу терең изилденишине шарт түзөт. Бул ыкма мурда кабыл алынып жүргөндөй тыбыштардын айтылышын экскурсия, айтуу жана рекурсия деп бөлбөй, тыбыштарды айтуу учурунда кеп органдарынын артикуляциясына негиздеп өз-өзүнчө сегментке бөлүштүрүү ылайыктуу экендигин көрсөттү. Мындай сегменттер тыбышка чейинки, тыбыш мезгилиндеги жана тыбыштан кийинки мезгил деп аталат. Тыбышка чейинки мезгил – артикуляциялык кыймыл башталгандан тартып тыбыш айтылганга чейинки убакыт бирдиги; тыбыштын айтылуу мезгили – тыбыш айтылгандан баштап бүткөнгө чейинки убакыт; тыбыштан кийинки мезгил – тыбыш бүткөндөн баштап кеп органдарындагы артикуляциялык кыймылдын толук токтошу. Демек, мындай бөлүштүрүү экскурсия, айтуу жана рекурсия менен дал келбейт. Анткени айрым учурда экскурсия менен тыбышка чейинки мезгил дал келбей, экскурсия тыбыш айтылган жерден, ал эми тыбышка чейинки мезгил айтуудан бүтөт.

*Спектрография* – азыркы учурдагы ар тараптан өнүккөн ыкманын бири. Кеп агымындагы тыбыштар айтылган кезде ар

түрдүү өзгөрүүлөргө дуушар болуп, үндүү-үнсүздөрдүн алмашуу процесси жүрөт. Тыбыштардын ушул динамикалык өзгөрүшүн көз алдыга келтирүү үчүн машакаттуу бир топ талдоо жасоого туура келет. Бирок мындай жумушту спектография жеңилдетет. Анын жардамы менен тыбыш, сөз, сөз айкашыжана сүйлөмдүн акустикалык түзүлүшсүрөтүн алабыз. Тыбыштарды талдоочу аспап спектограф де, ал чыгарган сүрөт спектограммасы деп аталат.

Кийинки мезгилде фонетиканы изилдөөгө жаңы аппараттык-программа ыкмасы колдонула баштады. Бул ыкманын өзгөчөлүгү – компьютердик техниканын жардамы менен тыбыштардын кээ бир релеванттык белгилери автоматтык түрдө ажыратылат [Фант 1970: 15-16].

Ооз көңдөйү жана кекиртекти камтыган кеп жолу ар түрдүү конфигурацияга ээ. Тиешелүү артикуляциялык органдар менен ар кандай фонетикалык контексте айтылган тыбыштар кеп жолунда үзгүлтүксүз өзгөрүп турат. Бул өзгөрүү форманттык жыштыктын маанисинде жана форманттын структурасында чагылат. Жогоруда аталган ыкма артикуляция менен байланышкан кээ бир белгилердин динамикалык убактысын көз алдыга келтирүүгө шарт түзт. Аппараттык-программа ыкмасынын жардамы менен кыргыз тилиндеги ГС, ГСГ, СГ муун түрлөрү боюнча тыбыштык айкаштардын статистикалык маалыматтары алынган [Орусбаев 1976].

*Интонография.* Кептин интонациясын изилдөө ыкмасынын бири. Интонограф кептин негизги тону, күчү жана созулушу өндүү акустикалык үч белгисин бөлүп берүү кызматын аткарат.

*Осциллография* – тыбыштардын сапаттык белгиси жөнүндө так маалымат берүүчү ыкма [Бондарко 1965]. Бул ыкма аркылуу тыбыштардын контекстке карай өзгөрүүлөрүн тактап изилдөөгө жол ачылат. Атап айтканда, тыбыштын жумшарышы, каткалаңдашы, үнсүздөрдүн аффрикаттык, аспирациялык касиеттери, жарылма үнсүздөрдүн имплозиясы, жылчыкчыл үнсүздөрдүн башталыш касиети, үнсүздөрдүн дирилдөө же

жылчыкчыл мүнөзү, үндүүлөрдүн мурунчул болуп айтылышы дал ушул ыкма аркылуу териштирилет.

Соңку мезгилдерде эксперименттик фонетикада кептин анализименен синтезин иликтөөдө электрондук жана компьютердик техниканын жетишкендери кеңири пайдаланылууда.

## 0.8. Үндүү жана үнсүздөрдүн спектрин алуу

Кыргыз тилиндеги үндүү жана үнсүз тыбыштардын спектрин изилдөө иши кезегинде республикабыздын Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтундагы эксперименттик тил илими лабораториясында жүргүзүлгөн эле. Иш төмөнкү тартипте аткарылган:

*Эксперименттик материалды даярдоо*. Эксперимент үчүн 1550 бир муундуу сөз жана үндүү менен үнсүздүн түрдүү тартиптеги айкашынан турган материал топтолуп, аны иргөөдө үндүүлөрдүн муун ичиндеги мүмкүн болгон позиция жана комбинацияларын толук камтууга аракет жасалды.

*Эксперименттин материалын магнитафонго жазуу*. Эксперименттин материалы МЭЗ-28А магнитофонунун тамасына эки ирет эки башка диктордун окуусунда жазылды. Тасманын ылдамдыгы - 38 мм/сек. Ушул эле ылдамдыкта эки диктордун окуусунда үндүү жана үнсүздөрдүн жеке айтылышы жазылды. Жазуунун максаты - үндүүлөрдүн негизги аллафондорунун спектрин алуу.

Изилдөөнүн объектиси адабий тилдин тыбыштык түзүлүшүн иликтөө болгондуктан дикторлорду тандоодо да алардын адабий тилдин нормасында таза сүйлөөсүнө көңүл бурулду. Ошондуктан биздин материалдарды окууга кыргыз радиосунун дикторлору Г.Молдоева менен Ж.Ашымов тартылды.

*Тыбыштардын спектрин алуу.* Аны үчүн МЭЗ-28А магнитафонунда жогорку эле ылдамдыкта эксперименттик материал кайра жаңыртылып, 50 каналдуу динамикалык

анализаторго, андан соң Н-115 тибиндеги осцилографка берилди. Тыбыштардын осцилографка берилген спектрлеринин сүрөтүн алуу үчүн осцилографка УФ-67-100 тибиндеги сүрөт кагазы салынды. Сүрөт кагазынын жылуу ылдамдыгы - 500 мм/сек.

*Спектрограммаларда тыбыштардын чегин ажыратуу*. Үнсүздөрдөн айырмаланып, үндүүлөрдүн форманттык түзүлүшү даана болгондуктан спектрограммаларда үндүүлөр менен үнсүздөрдүн ортосунда өткөөл ачык эле көрүнүп турду. Спектрдин өткөөл тилкеси тыбыштардын чегин ажыратууга гана эмес, алардын бири-бирине тийгизген таасирлерин аныктоодо олуттуу мааниге ээ.

*Үндүүлөрдүн форманттык жыштыгын аныктоо.* Тыбыш энергиясынын көп топтолгон тилкелери *формантгар* деп аталат. Динамикалык анализатордо аларды аралары төмөнкү интенсивдүүлүктөгү сигналдар менен ажыратылган жогорку интенсивдүүлүктөгү сигналдардын өркөчтөнгөн топтору түрүндө көрүнөт. Ошол өркөчтөрдүн эң чокусундагы сигналдардын жыйынтыгы форманттык мааниси катары алынат. Сигналдардын жыштыгы дегенибиз анализатор ар бир термелүүнү эмес, 100дөн 12000 гц ке чейинки жыйынтыктагы термелүүлөрдү 16, 5 мсек ичинде 50 фильтр аркылуу анализдөөгө гана жөндөмдүү. Демек, спектрограммада ар бир термелүүнүн эмес, фильтрлердин өткөн электр сигналдары гана көрүнөт. Ал эми ар бир фильтр өз сыйымдуулугуна жараша 100 дөн 12000 гц ке чейинки термелүүнүн белгилүү бир бөлүгүн гана өткөрө алат. Кайсы фильтрдин жыйынтыгы канча экендиги анализатордун техникалык сыпаты жана колдонуу нускоосунда берилген. Маселен, спектрдеги биринчи өркөчтүн чокусундагы сигнал спектрдин башталышынан санаганда алтынчы болсо, анын биринчи форманты F1 600 гц термелүү жыштыгына ээ болот. Анткени 6 фильтр 600 гц жыштыктагы термелүүнү өткөрүүгө гана жөндөмдүү.

Динамикалык анализатор 16, 5 мсек. убакта 100дөн 12000 гц жыштыктагы термелүүнүн анализин берет. Бирок тыбыш андан

көп созулуп айтылышы мүмкүн, мисалы, 49, 5 мсек. Анда кандай болот? Мындай учурда динамикалык анализатор тыбыш айтылып бүткөнчө ар бир 16, 5 мсек сайын анализдей берет. Эгерде тыбыш 49, 5 мсек созулуп айтылса, анализатордон ар бири 16, 5 мсек турган форманттык 3 тилкени алышыбыз мүмкүн. Бул форманттык тилкелер тыбыштын айтылышынын кайсыбөлүгүн чагылдырса, ошол бөлүктүн акустикалык объективдүү сүрөтүн берет. Үндүүлөрдү акустикалык касиети боюнча сыпаттоо үчүн ал тилкелердин баары маанилүү. Эксперимент изилденген тыбыштын айтылышынын кайсы бөлүгүн чагылдыргандыгына жараша алар өткөөл деп бөлүнөт. Мындай бөлүштүрүү негизинен каралып жаткан тыбыш башка тыбыштардын ортосунда келгенде жүргүзүлдү. Ал тыбыш башка тыбыштардын ортосунда келгенде, тыбыштын айтылышынын башында өзүнөн мурдакы тыбыштын аягында кийинкисинин таасирине кабылары, айтылышынын орто ченинде гана алардын таасиринен белгилүү өлчөмдө кутулары, бул өзгөрүүлөрдүн баары спектрограммада көрүнөөрү менен байланыштуу.

Ошентип, форманттардын саны динамикалык анализатордо 16, 5 мсек тилкенин ичиндеги өркөчтүн санына, бул же тигил тыбыштын спектриндеги форманттык тилкелердин саны 16, 5 мсекундалык бөлүктүн санына жараша болот. Ал тилкелердин ар биринин форманттары жана алардын 1-2-3-форманттары өз-өзүнчө талданып, салыштырып, окшоштуктары жана айырмачылыктары чыгарылат. Форманттардын катары спектрдин баш жагынан тарта аныкталат: биринчи өркөч - экинчи өркөч - ж.б.у.с. болот. Мында ар бир форманттык тилкеде 16, 5 мсекунданын ичинде форманттар кайрадан бирден башталат. Анткени анализатор ар бир 16, 5 мсек сайын 1000 ден 12000 гц ке чейинки термелүү жыйынтыгынын гана анализин берет.

# I БАП.
# СЕГМЕНТТИК БИРДИКТЕР

## 1.1. ҮНДҮҮЛӨР СИСТЕМАСЫ

Үндүү тыбыштардын табиятын түшүнүү үчүн адегенде алардын үнсүздөрдөн болгон айырмачылыгын билүү зарыл. Тилибиздеги үндүү тыбыштар үнсүздөрдөн төрт жагынан төмөнкүчө айырмаланат:

1. Акустикалык жактан үндүүлөр жалаң гана тондон (үндөн) турса, үнсүздөр жалаң гана шыбыштан, же шыбыш менен үндүн катышынан турат. Бул жагынан үндүүлөр *тончул тыбыштар* деп, үнсүздөр *шыбышчыл тыбыштар* деп аталат.

2. Артикуляциялык жактан үндүү тыбыштар айтылганда өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы эч бир тоскоолдукка учурабай ооз көңдөйүнөн эркин чыгат.

Ал эми үнсүз тыбыштарды айтканда өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы ооз көңдөйүнүн бир жеринде пайда болгон тоскоолдукка сөзсүз түрдө учурайт.

Үндүүлөр тоскоолдукка учурабай жасалат, андыктан алардын жасалуу орду жок болсо, үнсүздөрдүн жасалуу орду милдеттүү түрдө бар болот.

Ошондуктан үндүүлөр *тоскоолсуз тыбыштар* деп, үнсүздөр *тоскоолчул тыбыштар* деп аталат. Бул бир жагынан.

Экинчи жагынан, үндүүлөр жасалуу орду жок, бирок жасалуу булагы бар тыбыштарга жатса, үнсүздөр жасалуу орду да, жасалуу булагы да бар тыбыштарга жатат.

Булардын ичинен үн түйүндөрү дирилдеп негизги тондупайда кылышы, негизги тондун кубулуп, өзгөрүп, көмөкөй, ооз, мурун көңдөйлөрүнөн жаңырып кошумча жана жаңырык тондордун чыгышы *үндүүлөрдүн жасалуу булагы* деп табылат.

Ал эми ооз көңдөйүнүн бир жеринде пайда болгон тоскоол *үнсүздөрдүн жасалуу булагы* да, *жасалуу орду* да деп эсептелет.


Ошол эле маалда айрым мурунчул үнсүздөр үчүн мурун көңдөйү, жумшак жана уяң үнсүздөр үчүн үн түйүндөрү *кошумча булак* деп табылат.

3. Тилдеги аткарган кызматы жагынан үндүү тыбыштар эң кичинекей айтым бирдиги болгон муундун өзөгүн түзсө, үнсүздөр муундун кошумча компонентин түзөт. Ошондуктан үндүүлөр *муунчул тыбыштар* деп, үнсүздөр *муунчул эмес тыбыштар* деп аталат.

4. Семиотикалык жактан үндүү тыбыштар муун аркылуу сөз жана сөз мүчөсүнүн айтылышына кызмат кылса, үнсүз тыбыштар сөз жана сөз мүчөсүн маани жактан ажыратуу кызматын аткарат.

Маселен, жоктукту билдирген *-сыз* мүчөсүнүн төрт көрсөткүчүнүн башында *с,* соңунда*з* тыбыштары келип, аталган мүчөнүн маанисине тике байланса, ортон өңүттө келген төрт үндүү мүчөнүн маанисинен дээрлик окчун туруп, маани жак менен кыйыр түрдө гана байланышат.

Муну схема түрүндө төмөнкүчө көрсөтүүгө болот:




Көрүнүп тургандай, үндүүлөр мүчөдө өзгөрүлмөлүү келип, мүчөнүн мааниси менен кыйыр түрдө байланышса, үнсүздөр туруктуу келип, мүчөнүн мааниси менен түздөн түз байланышат. Демек, бул өзгөчөлүктөн төмөнкүдөй теориялык бүтүм келип чыгат:

*Үндүү тыбыштар муун аркылуу сөз жана сөз мүчөсүнүн айтылышына кызмат кылса, үнсүз тыбыштар сөз жана сөз мүчөсүнүн маанисине тике байланып, тилдеги маани алып жүрүүчү бирдиктин милдетин аткарат. Мунун натыйжада морфеманын тыбыштык жагы иралды үнсүз тыбыштардын тизмегинен куралса, андан соң үндүү тыбыштардын тизмегинен куралат.*

Ошентип, үндүү тыбыштар менен үнсүз тыбыштардын айырмачылыктары аныкталган соң кыргыз тилиндеги үндүүлөрдүн курамын тактоо маселеси келип чыгат.

### 1.1.2. Үндүүлөрдүн курамы

Түркология менен кыргыз тилтаанымында калыпташкан салттуу көзкараш боюнча, кыргыз адабий тилиндеги үндүүлөрдүн курамы 14 тыбышты ичине камтыйт. Алар төмөнкүлөр:

(1) *а, е, о, ө, ы, и, у, ү;*

(2) *аа, ээ, оо, өө, уу, үү*.

Ошол эле маалда айрым тилчи-окумуштуулар созулма үндүүлөрдү бир тыбыш эмес, бир тыбыштын катар келген айкашы катары карашат.

### 1.1.3. Үндүүлөрдүн ажыратуу белгилери

Үндүүлөрдү система катары бир бүтүмдүккө бириктирип, бири-биринен жана үнсүз тыбыштардан айырмалап турган белгилер үндүүлөрдүн *ажыратуу белгилери* деп аталат. Демек, үндүүлөрдүн ажыратуу белгилери, биринчиден, бир үндүүнү экинчи бир үндүүдөн айырмаласа, экинчиден, бардык үндүү тыбыштарды үнсүз тыбыштардан айырмалайт.

Үндүүлөрдүн ажыратуу белгилери кыргыз жана башка түрк тилдери үчүн, негизинен, жалпылыкты түзөт. Булардын

ортосундагы айырмачылык тогузунчу [*ə*] үндүүнүн бар-жок экендигине байланыштуу жана фарингалдуу үндүүлөрдү камтыган тува тили үчүн мүнөздүү. Ошентип, төмөнкү төрт белги үндүүлөрдүн ажыратуу белгиси деп табылат.

**1. Созулма-кыскалык белги.** Бул белги сапаттык эмес, сандык мүнөзгө ээ. Үндүүлөрдүн курамын созулма жана кыска үндүүлөр деген эки топко бөлөт да, бул эки топ бири-биринен созулуп же кыска айтылышы жагынан гана айырмаланат. Калган бардык акустика-артикуляциялык касиеттери боюнча созулма жана кыска үндүүлөр толугу менен бири-бирине дал келет. Эксперименттик фонетика багытындагы даректер көрсөткөндөй, созулма үндүүлөр өзүнүн кыска түгөйүнө караганда болжол менен 2 эсе созулуп айтылат. Созулма үндүүлөр көпчүлүк окумуштуулар тарабынан бир тыбыш катары каралса, айрым окумуштуулар тарабынан тыбыштык айкаш катары каралат.

Ошентип, түркологияда калыпташкан салттуу көзкараш боюнча, созулма үндүүлөр бир тыбыш деп каралат да, төмөнкүдөй чакан түгөйлөр аркылуу далилденет: *сат - саат, эк - ээк, жон - жоон, өн - өөн, ук - уук, жүн - жүүн* ж.б. Демек, бул жана ушул өңдүү башка түгөйлөр аркылуу кыргыз тили үчүн төмөнкүдөй 8 кыска жана 6 созулма үндүү бөлүнөт:

1. Кыска үндүүлөр: *а, е, о, ө, ы, и, у, ү;*

2. Созулма үндүүлөр: *аа, ее* (жазууда **-** ээ), *оо, өө, уу, үү.*

Кыргыз тилинин диалектилик негизин изилдеген акад. Б.М.Юнусалиев өзүнүн «Кыргыз диалектологиясы» аттуу эмгегинде жогорудагы 6 созулма үндүүнүн тизмесин анда катталбаган 2 кууш созулма үндүү менен толуктайт: *ыы, ии*; *карыыр, чириир ж.б.* [26, 85-87]. Ошол эле маалда фую кыргыздарынын тилинде созулма *ыы, ии* тыбыштары сөздүн башкы муунунда да, калган бардык муундарында да бирдей келе берет экен: *мыын* **-** мойун, *гиис* - кийиз, *жиит* - жигит, *иин* - ийин, *ырыых* - ыраак, алыс ж.б.

Созулма үндүүлөрдү тыбыштык айкаш деп караган экинчи көзкарашта төмөнкү фактылар жетекчиликке алынат:

1. Түрк тилдериндеги созулма үндүүлөр (а) үндүү менен үнсүздүн айкашынан, же (б) эки үндүүнүн ортосундагы үнсүздүн түшүп калышынан пайда болот:

(а) *tağ > too, suğ > suu;*

(б) *sağat > saat, oğul > uul.*

2. Кыргыз тилинде *қ/к* тыбыштары менен бүткөн бир муундуу сөздөрдөн кийин барыш жөндөмөнүн башкы үнсүзүнүн сакталышы же сакталбай түшүп калышы төмөнкү эреже боюнча жөнгө салынат:

(а) бир муундуу сөздөн кийин барыш жөндөмө мүчөнүн башкы үнсүзү сакталып айтылат же каткалаңдашуу кубулушуна кириптер болот:

*бак + га > бакка* *так + га > такка,*

*жак + га > жакка* *көк + га > көккө.*

(б) эки же көп муундуу сөздөн кийин барыш жөндөмөнүн башкы үнсүзү түшүрүлүп айтылат:

*бычак + га > бычака* *тарак + га > тарака,*

*терек + га > тереке* *жүрөк + га > жүрөкө ж.б.*

(в) созулма үндүү менен келген аталган типтеги бир муундуу сөздөн кийин барыш жөндөмөнүн башкы үнсүзү түшүрүлүп айтылат:

*тоок + га > тооко* *суук + га > суука,*

*жаак + га > жаака* *жээк + га > жээке ж.б.*

Көрүнүп тургандай, созулма үндүү менен келген бул типтеги «бир муундуу» сөздөр «бир муундуу» экендигине карабастан эки муундуу сөздүн эрежесине баш ийди. Ошол эле маалда сөздүн муун саны үндүүлөрдүн саны менен аныкталары бештен белгилүү. Демек, мында созулма үндүүлөр бир тыбыш эмес, бир тыбыштын кайталанган айкашы катары өздөрүн көрсөтөт.

3. Кыргыз жана башка түрк тилдериндеги аркылуу мамиленин *-т* мүчөсү бир эмес, көп муундуу этиштен кийин келет:

*майла + т > майлат* *ыйла + т > ыйлат,*

*сыла + т > сылат* *чыла + т > чылат,*

*ышта + т > ыштат* *иште + т > иштет ж.б.*

Бирок созулма үндүү менен келген бир муундуу сөздөн кийин демейки эреже жол берген аркылуу мамиленин *-дыр* көрсөткүчү эмес, *-т* көрсөткүчү уланат:

*жуун + т > жуунт* *суур + т > суурт,*
*муун + т > муунт* *куур + т > куурт* ж.б.

Демек, бул учурда да созулма үндүүлөр өздөрүн бир тыбыш эмес, бир тыбыштын катар келген айкашы катары көрсөтөт.

Жыйынтыктап айтканда, фонологиялык жактан тилибиздеги созулма үндүүлөрдү бир тыбыш эмес, тыбыштык айкаш деп кароого толук негиз бар. Бул болсо созулма үндүүлөрдү жазууда бир тамга менен эмес, эки тамга менен белгилөөгө жол ачкан кыргыз графикасынын буга байланыштуу эрежелери теориялык жактан туура негизде түзүлгөндүгүн далилдейт. Ошентсе да, түркологияда калыпташкан салт боюнча кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөр өзүнчө тыбыш катары каралып келет.

**2. Кең-кууштук белги.** Акустикалык жактан бул белги үндүүлөрдүн айтылышында ооз көңдөйүнөн абанын көп же аз чыгышына негизделсе, артикуляциялык жактан үндүүлөрдүн жаактын кең ачылып же кууш абалда айтылышына негизделет. Ошондуктан жаак кең ачылып айтылган үндүүлөр *кең үндүүлөр* деп, жаак кууш абалда айтылган үндүүлөр *кууш үндүүлөр* деп аталат:

1) кең үндүүлөр - *а, е, о, ө; аа, ээ, оо, өө,*
2) кууш үндүүлөр - *ы, и, у, ү; уу, үү.*

Тилдеги колдонулушу жактан *мүчөдөгү үндүүлөр же жалаң кең, же жалаң кууш болот.* Бул эреже үндүүлөр системасы тарыхый жактан кескин жылыштарга кабылган татар-башкыр тилдеринен башка бардык түрк тилдерине бирдей таралат:

кырг.:

| | | | |
|---|---|---|---|
| *-чы* | *-лар* | *-нын* | *-га* |
| *-чи* | *-лер* | *-нин* | *-ге* |
| *-чу* | *-лор* | *-нун* | *-го* |
| *-чү* | *-лөр* | *-нүн* | *-гө.* |

түрк.:

| | | | |
|---|---|---|---|
| *-çı* | *-lar* | *-ın* | *-a* |
| *-çi* | *-ler* | *-in* | *-e* |
| *-çu* | *-Ø* | *-un* | *-Ø* |
| *-çü* | *-Ø* | *-ün* | *-Ø.* |

Көрүнүп тургандай, мүчөдөгү үндүүлөр же жалаң кең, же жалаң кууш болот да, эч качан бул эки топтогу үндүүлөр (татар-башкыр тилдеринен башкасында) аралашып келбейт, ага тил өзү да жол бербейт. Демек, мындан төмөнкүдөй бүтүм келип чыгат: *үндүүлөрдүн кең-кууш болуп эки топко бөлүнүшү тил илиминдеги тилчи-окумуштуулар тарабынан ишке ашырылган бөлүштүрүү эмес, мүчөлөмө типологиядагы түрк тилдеринин ички* түзүлүшү *менен шартталган жана тарыхый жактан калыпташкан тилдеги ички бөлүнүшкө жатат.*

**3. Ачык-эриндик белги.** Бул белги артикуляциялык жактан үндүүлөр айтылганда эриндин катышып же катышпай тургандыгына негизделет да, эриндер катышып, чормоюңку абалда айтылган үндүүлөр *эрин үндүүлөр* деп, эрин катышпай, ачык абалда айтылган үндүүлөр *ачык үндүүлөр* деп аталат:

1) ачык үндүүлөр - *а, е, ы, и; аа, ээ,*

2) эрин үндүүлөр - *о, ө, у, ү; оо, өө, уу, үү.*

Акустикалык жактан эрин үндүүлөр өздөрүнүн ачык түгөйлөрүнө караганда бир аз жоон айтылат.

Функционалдык жактан мүчөдөгү созулма үндүүлөр жалаң гана эрин үндүүгө тиешелүү болот да, бул типтеги мүчөлөрдө ачык үндүүлөрдүн колдонулушуна чек коюлат: *-луу/-лүү, -оо/-өө, -уу/-үү.* Мисалы:

*Аталуу бала арсар жетим, Энелүү бала эрке жетим. Алтооң ала болсоң алдыдагыны алдырасың, Төртөөң төп келсең төбөдөгүнү аласың.*

Ошол эле маалда түрк тилдеринин басым көпчүлүгүндө, кыргыз тилинен айырмаланып, мүчөдөгү кең үндүүлөр жалаң гана ачык үндүүлөрдөн болот. Мисалы:

каз. *-лар/-лер, -дар/-дер, -тар/-тер; -да/-де, -та/-те; -ға/-ге, -қа/-ке;* түрк.: *-lar/-ler, -da/-de, -ta/-te; -ça/-çe; -са/-се* ж.б.

Демек, бул тилдерде кең эрин үндүүлөрдүн мүчөдө колдонушуна чек коюлат.

**4. Жоон-ичкелик белги.** Бул белги акустикалык мүнөзгө ээ. Ошентсе да, артикуляциялык жактан үндүүлөрдүн айтылышында тилдин көлдөлөң абалы боюнча артка тартылышы же алга жүткүнүшү аркылуу так аныкталат. Тилдеги колдонулушу жактан түрк тилдеринин типологиялык өзгөчөлүгүн аныктаган жана айтылган сөздүн фонетикалык паспортунтүзгөн үндөштүк кубулушун ишке ашырат да, төл сөздөрдүн баштан аяк же жоон, же ичке айтылышын шарттайт. Мисалы: *кыргыз, кымыз, кызыр* сөздөрү баштан аяк жоон айтылса, *келин, кереге, билерик, ийгилик* сөздөрү баштан аяк ичке айтылат. Ошондуктан, жоон айтылган үндүүлөр *жоон үндүү* деп, ичке айтылган үндүүлөр *ичке үндүү* аталат:

1) жоон үндүүлөр - *а, о, ы, у; аа, оо, уу,*
2) ичке үндүүлөр - *е, ө, и, ү; ээ, өө, үү.*

### 1.1.4. Үндүүлөрдүн артикуляциялык базасы

Артикуляциялык база - сүйлөө органдарынын кыймыл-аракетиндеги тарыхый жактан калыпташкан жүйө. Сүйлөө органдары физиологиялык жактан бардык адамдарда бирдей, бирок алардын калыпташкан аракети ар тилде ар башка [Жүнісбек 2009: 34-43]. Бул жөнүндө акад. Л.В.Щерба минтип айтат: «При поверхностном изучении неизвестного иностранного языка иногда создается ошибочное впечатление, что звуки этого языка повторяют звуки нашего родного языка плюс или минус несколько отдельных звуков. В действительности дело обстоит совсем иначе: обычно почти все звуки другого языка имеют те или иные особенности (часто не сразу уловимые), которые превращают фонетическую систему каждого языка в самостоятельную и своеобразную систему. Очень специфична и

так называемая артикуляционная база каждого языка - совокупность речевых двигательных (артикуляционных) тенденций, характерных для данного языка» [Щерба 1957: 151; Селютина 2011: 13-44]. Демек, артикуляциялык базага мүнөздөмө берүү үчүн тилдеги ар бир тыбышты жасоодо катышкан сүйлөө органдарынын калыпташкан иш-аракети менен абалын так аныктоо талап этилет.

Үндүү тыбыштардын артикуляциялык базасында (1) үн түйүндөрү дирилдеп толук термелип, үндүүлөрдүн өзөгүн түзгөн үндүн пайда болушу, (2) тилдин тик же көлдөлөң абалы боюнча кыймылга келип, ооз көңдөйүнүн ар кандай формадагы резонаторго ээ болушу, (3) эриндин чормоюңку абалда катышып же бейтарап абалда катышпай айтылышы чечүүчү мааниге ээ.

Булардын ичинен үн түйүндөрү чыңалып, үн жолун жаап, өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы бул тоскоолду жарып өтүшү, натыйжада үн түйүндөрү дирилдеп толук термелип, үндү пайда кылышы, фонетикадагы соңку изилдөөлөр көрсөткөндөй, бардык үндүүлөрдүн жасалышындагы артикуляциялык милдеттүү орток белги деп табылат [Жунисбек 2009: 92-96]. Демек, үндүүлөрдүн артикуляциялык базасын мүнөздөөдө дал ушул өйдөкү өзгөчөлүктөр жетекчиликке алынууга тийиш.

Ошентип, үндүүлөрдүн мүнөздөмөсүн объективдүү негизде ишке ашырууда кыргыз фонетикасы боюнча топтолгон мол тажрыйба жетекчиликке алынат [Ахматов 1968; Сыдыков 1990; Орусбаев, Токтоналиев 1991; Садыков 2006]. Айрым учурларда РИА Сибирь бөлүмүнүн В.М.Наделяев атындагы эксперименттик фонетикалык изилдөөлөр лабораториясында алынган үндүүлөргө тиешелүү рентгеносхемалар да пайдаланылат [Эсенбаева 2009].

**[*а*] фонемасы -** *е* тыбышынын жоон түгөйү, айтылганда үн түйүндөрү чыңалып, үн жолу жабылып, өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы бул тоскоолду жарып өтүшү аркылуу үн түйүндөрү дирилдеп, толук термелип, таза үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү толук термелгени жактан үндүү тыбыш деп табылат. Жаак кең ачылып, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай кең үндүүгө жатат. Ооз көңдөйү бөлүнбөйт. Тил артка тартылып,

ооз көңдөйүнүн арт жагында жайгашып жоон айтылат. Айтылышы боюнча жоон жана тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил арты үндүү деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп мурун жолун жабат, аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Эриндер бейтарап ачык абалда калат. Эриндин катышына карай ачык үндүү деп табылат. Үндүн созулушу жагынан кыска айтылган кыска үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *ат, айт, бал, кант, ала, кура, чыда ж.б.*

Тилдин артка тартылып же алга жүткүнүшү, мурун көңдөйүнүн ачылып же жабылышы муун ичинде жанаша келген үнсүздүн жасалуу орду менен жасалуу ыгына карай өзгөрүп турат. Маселен, *та-қа* сөзүндө биринчи муундагы *а* тил бир аз алга жүткүнүңкү абалда айтылса, экинчи муундагы *а* тил артка толук тартылган абалда айтылат. Ал эми *Ма-нас, а-ма-нат, аң-чы, ы-лаң, жаң-гак* сыяктуу мурунчул үнсүз катышкан муундарда өйдөкүгө кошумча бул тыбыштын таңдай көшөгөсү ылдый түшүп, мурун жолу ачылып, мурундашып айтылган варианты жасалат.

**[*е*] фонемасы -** *а* тыбышынын ичке түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан үндүү тыбыш деп табылат. Жаак *а* тыбышына караганда толук эмес, жартылай кең ачылып, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына жана кууш түгөйү болгон *и* тыбышынын айтылышына карай кең үндүү деп табылат. Тилдин орто чени бир аз катуу таңдайга карай көтөрүлүп, ичке айтылат. Айтылышы жактан ичке үндүү деп табылат. Тилдин учу астыңкы тиштерге тийип, ооз көңдөйүнүн алды жагында жайгашат. Тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил алды үндүү деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Эриндер бейтарап ачык абалда калат. Эриндин катышына карай ачык үндүү деп табылат. Созулуп же кыска айтылышы жагынан кыска үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *эн* [*ен*], *эрк* [*ерк*], *бел, чек, теке, сирке ж.б.*

Тилдин көлдөлөң абалынын өзгөрүшү, мурун көңдөйүнүн ачылып же жабылышы муун ичинде жаңаша келген үнсүздүн сапатынан көз каранды. Маселен, *э-сен, э-чен, тен-тек, ме-кен, ке-ме, Се-ме-тей, кең-дик, эң-ке,* сөздөрүндөгү *сен, чен, тен* муундарында *е* тыбышы мурундашып, алга жүткүнүңкү вариантта айтылса, *ме, кең, эң* муундарындамурундашып, артка тартыңкы вариантта айтылат. Ал эми *те-ке, ке-се* сөздөрүндөгү *те, се* мурундарында тил алга жүткүнүңкү, *ке* муунунда тил артка тартыңкы айтылган вариант жасалат.

**[о] фонемасы -** *ө* тыбышынын жоон түгөйү, жасалгандаүн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан үндүү тыбыш деп табылат. Жаак жартылай кең ачылып, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына жана кууш түгөйү болгон *у* тыбышынын айтылышына карай кең үндүү деп табылат. Тил артка тартылып, ооз көңдөйүнүн арт жагына жайгашып, жоон айтылат. Айтылышы жактан жоон үндүү деп табылат. Эриндер бир аз чормоюңку абалда калат. Эриндин катышына карай эрин үндүү деп табылат. Ооз көңдөйү бөлүнбөгөн абалда болот. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз аркылуу сыртка чыгат. Созулуп же кыска айтылышы жагынан кыска үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *от, ок, бол, сок, соко, орто ж.б.*

Муун ичиндеги тишчил же алдыңкы таңдайчыл үнсүздөр менен катар келгенде тил алга жүткүнүңкү айтылган вариант жасалат (сал.: *то-ғуз, жо-моқ, со-ғон*), түпчүл же эринчил үнсүздөр менен келгенде тил артка тартыңкы айтылган вариант жасалат (сал.: *қо-муз, то-поз, то-мо-го, оң-қо, қор-го-шун*). Мурунчул үнсүздөр менен чогуу келгенде өйдөкү өзгөрүүлөр менен бирге аталган тыбыштын мурундашып айтылган варианты жасалат. Маселен, *мо, ңой, оң* муундарында (*мо-мо-лой, то-мо-го, чо-ңой, оң-ко*) бул тыбыштын тил артка тартылып, таңдай көшөгөсү ылдый түшүрүлүп, мурундашып айтылган варианты жасалса, *но, он* (*но-кот, со-но, он-то*) муундарында анын тил

алга жүткүнүңкү абалда мурундашып айтылган варианты жасалат.

**[ө] фонемасы -** *о* тыбышынын ичке түгөйү, жасалгандаүн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан үндүү тыбыш деп табылат. Жаак жартылай кең ачылып, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына жана кууш түгөйү болгон *у* тыбышынын айтылышына карай кең үндүү деп табылат. Тил алдыга жүткүнүп, ооз көңдөйүнүн алды жагында жайгашат. Тилдин учу астыңкы тиштерге тийип, ортоңку бөлүгү бир аз өйдө көтөрүлүп, ичке айтылат. Айтылышы жактан ичке үндүү деп табылат. Ооз көңдөйү экиге бөлүнөт. Эриндер бир аз чормоюңку абалда болот. Эриндин катышына карай эрин үндүү деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Созулуп же кыска айтылышы жагынан кыска үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *өн, өрт, бөл, көрк, бөлө, сүйлө ж.б.*

Тилдин көлдөлөң абалы, таңдай көшөгөсүнүн ачылып же жабылышы муун ичинде жанаша келген үнсүздүн жасалуу ыгы менен ордунан көз каранды. Эгерде бул тыбыш артчыл же эринчил үнсүздөр менен жанаша келсе, анын тил артка тартыңкы айтылган варианты жасалат (сал.: *<u>кө</u>-<u>кө</u>-лө, <u>кө</u>-<u>пө</u>-лөк*). Калган катардагы үнсүздөр менен чогуу келгенде анын тил алга жүткүнүңкү айтылган варианты жасалат (сал.: *<u>тө</u>-<u>тө</u>, <u>өл</u>-<u>чө</u>-гүч*). Мурунчул үнсүздөр менен чогуу келгенде аталган тыбыштын мурундашкан варианты жасалат (сал.: *<u>мө</u>-<u>мө</u>, <u>мөл</u>-<u>мөл</u>, <u>дөң</u>-гө-лөк, кө-<u>рөң</u>-гө, тө-<u>нө</u>-гүч*).

Ошентип, жогорудагы төрт үндүүнүн ичинен *а* тыбышы, калган үчөөнөн айырмаланып, жаак дээрлик кең ачылып, тил төмөн түшкөн абалда айтылат. Ал эми *е, о, ө* үндүүлөрү жаак жартылай кең ачылып, тил бир аз көтөрүңкү абалда айтылат. Бирок бул өзгөчөлүк тектеш түрк тилдеринин ичинен сегиз кыска үндүүнү камтыган кыргыз тили үчүн функционалдык жактан маанiге ээ эмес деп табылат. Анткени кыргыз тилинде мүчөдөгү

үндүүлөр же жалаң кең (сал.: *-лар/-лер/-лор/-лөр*), же жалаң кууш (сал.: *-нын/-нин/-нун/-нүн*) болот.

**[ы] фонемасы -** *и* тыбышынын жоон түгөйү, айтылгандаүн түйүндөрү толук термелип, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелгендиктен үндүү тыбыш деп аталат. Жаак кууш ачылып, тил жогору көтөрүлөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай кууш үндүү деп табылат. Тил артка тартылып, ооз көңдөйүнүн арт жагында жайгашып, жоон айтылат. Айтылышы жактан жоон, тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил арты үндүүгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп мурун жолун жабат. Эриндер бейтарап ачык абалда калат. Эриндин катышына карай ачык үндүү деп табылат. Созулушу жактан кыска үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *ык, ырк, быш, сын, чыны, жаңы ж.б.*

Кеп агымында оозчул үнсүздөр менен катар келгенде мурун көңдөйү жабылып, аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгып, оозчул вариантта айтылат: *<u>ты-быр-чы</u>-ла, <u>кы-зык-тыр-ды</u>, <u>ы</u>-ла-<u>йык-сыз-дык</u>* ж.б. Мурунчул үнсүздөр менен катар келгенде мурун көңдөйү ачылып, мурунчул вариантта келет: *кы-<u>мыз</u>, сы-<u>нык</u>, чы-<u>ны</u>, жа-<u>ңы</u> ж.б.* Түпчүл, эринчил катардагы үнсүздөр менен жанаша келгенде тил артка тартылып айтылган вариантта келет: *<u>кыр</u>-<u>гыз</u>, <u>кы</u>-<u>мы</u>-ран, <u>кы</u>-<u>мыз</u>, <u>бы</u>-чак ж.б.* Калган катардагы үнсүздөр менен жанаша келгенде тил алга жүткүнүңкү айтылган вариантта келет: *<u>ты</u>-кан, <u>тыр</u>-нак, <u>чы</u>-<u>ны</u>-гы, ба-<u>йы</u>, <u>жыл</u>-<u>дыз</u>, <u>зы</u>-мы-<u>рык</u> ж.б.*

**[*и*] фонемасы -** *ы* тыбышынын ичке түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жактан үндүү тыбыш деп табылат. Жаак кууш ачылып, тил өйдө көтөрүлөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай кууш үндүү деп табылат. Тилдин орто чени бир аз катуу таңдайга карай көтөрүңкү абалда болуп, ичке айтылат. Айтылышы жактан ичке үндүү деп табылат. Тилдин учу астыңкы тиштерге тийип, ооз көңдөйүнүн алды жагында жайгашат. Тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил алды үндүүгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен

ооз көңдөйүнөн чыгат. Эриндер бейтарап ачык абалда болот. Эриндин катышына карай ачык үндүү деп табылат. Созулуп же кыска айтылышы жагынан кыска үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *ил, ий, бил, тиш, киши, эчки ж.б.*

Кеп агымында оозчул үнсүздөр менен катар келгенде мурун көңдөйү жабылып, аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгып, оозчул вариантта айтылат: *ки-ши, ки-йик, би-рин-чи-лик, ти-ри-чи-лик* ж.б. Мурунчул үнсүздөр менен катар келгенде мурун көңдөйү ачылып, мурунчул вариантта келет: *и-нң, нң-ке, се-миз, ке-мир, ке-ңи-ри, и-ңир, ил-бе-риң-ки ж.б.*

**[у] фонемасы -** *у* тыбышынын жоон түгөйү, жасалгандаүн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан үндүү тыбыш деп табылат. Жаак кууш ачылып, тил өйдө көтөрүлөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай кууш үндүү деп табылат. Тил артка тартылып, ооз көңдөйүнүн арт жагына жайгашып, жоон айтылат. Айтылышы жактан жоон, тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил арты үндүү деп табылат. Эриндер бир аз жыйылыңкы абалда болот. Эриндин катышына карай эрин үндүү деп табылат. Ооз көңдөйү бөлүнбөгөн абалда болот. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз аркылуу сыртка чыгат. Созулуп же кыска айтылышы жагынан кыска үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *уй, ун, кут, курт, кору, уйку ж.б.*

Мурунчул үнсүздөр менен катар келгенде мурундашып айтылат: *нур, муң, мурч, тун* ж.б.

**[ү] фонемасы -** *ү* тыбышынын ичке түгөйү, жасалгандаүн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан үндүү тыбыш деп табылат. Жаак кууш ачылып, тил өйдө көтөрүлөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай кууш үндүү деп табылат. Тил алдыга жүткүнүп, ооз көңдөйүнүн алды жагында жайгашат. Тилдин учу астыңкы тиштерге тийип, ортоңку бөлүгү бир аз өйдө көтөрүлүп, ичке айтылат. Айтылышы жактан ичке, тилдин көлдөлөң абалы

боюнча тил алды үндүү деп табылат. Ооз көңдөйүн бөлүнбөйт. Эриндер бир аз жыйылыңкы абалда болот. Эриндин катышына карай эрин үндүү деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Созулуп же кыска айтылышы жагынан кыска үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *үй, үр, жүк, сүй, күлкү, түлкү ж.б.*

Мурунчул үнсүздөр менен катар келгенде мурундашып айтылат: *ӈн, кӈң, ө-мӈр, тӈн* ж.б.

**[аа] фонемасы -** *а* тыбышынынсозулма жана ээ тыбышынын жоон түгөйү, айтылганда үн түйүндөрү чыңалып, өпкөдөн чыгып келаткан аба агымынын таасиринде дирилдетип, толук термелип, таза үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү толук термелгендиктен үндүү тыбыш деп табылат. Жаак чыңалып, кыска түгөйүнө караганда бир аз кең ачылат, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай кең үндүүгө жатат. Ооз көңдөйү бөлүнбөйт. Тил ооз көңдөйүнүн арт жагына карай тартылып, жоон айтылат. Айтылышы жактан жоон жана тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил арты үндүү деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп мурун жолун жабат, аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Эриндер бейтарап абалды ээлейт. Эрин катышына карай ачык үндүү, созулушу жактан созулма үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *аары, аалам, саан, таар, жаа, таа ж.б.*

Муун ичинде тишчил же алдыңкы таңдайчыл үнсүздөр менен жанаша келгенде *аа* тыбышы тил бир аз алга жүткүнүңкү абалда айтылат: *таа, саа, жаа, жаат, таар ж.б.* Ал эми мурунчул үнсүз катышкан муундарда өйдөкүгө кошумча аталган тыбыштын мурундашып айтылган варианты жасалат: *наам, маара, жаан, саан, саам* ж.б.

**[ээ] фонемасы -** *е* тыбышынын созулма түгөйү жана *аа* тыбышынын ичке түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан үндүү тыбыш деп табылат. Жаак *аа* тыбышына

караганда толук эмес, жартылай кең ачылат, кыска түгөйүнө караганда бир аз чыңалып, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына жана кууш үндүүлөрдүн айтылышына карай кең үндүү деп табылат. Тилдин орто чени бир аз катуу таңдайга карай көтөрүлүп, ичке айтылат. Айтылышы жактан ичке үндүү деп табылат. Тилдин учу астыңкы тиштерге тийип, ооз көңдөйүнүн алды жагында жайгашат. Тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил алды үндүү деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат, аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Эриндер бейтарап ачык абалда калат. Эриндин катышына карай ачык үндүү деп табылат. Созулуп айтылышы жагынан созулма үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *ээн* [*е:п*], *ээк [е:k], жээк [се:k], тээк [те:k], мээ [ме:], бээ [бе:] ж.б.*

Муун ичинде мурунчул үнсүздөр менен жанаша келгенде мурундашып айтылган варианты жасалат: *мээ, чээн, жээн, зээн, мээр, мээнет* ж.б.

**[оо] фонемасы** *–о* тыбышынын созулма түгөйү жана *өө* тыбышынын жоон түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан үндүү тыбыш деп табылат. Жаак жартылай кең ачылып, булчуңдары бир аз чыңалып, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына жана кууш *уу* түгөйүнүн айтылышына карай кең үндүү деп табылат. Тил артка тартылып, ооз көңдөйүнүн арт жагына жайгашып, жоон айтылат. Айтылышы жактан жоон үндүү деп табылат. Эриндер бир аз чормоюңку абалда болот. Эриндин катышына карай эрин үндүү деп табылат. Ооз көңдөйү экиге бөлүнөт. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз аркылуу сыртка чыгат. Созулуп айтылгандыктан созулма үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *ооз, оор, оол, тоок, боор, соот, жоо, боо, тоо ж.б.*

Муун ичинде мурунчул үнсүздөр менен жанаша келгенде мурундашып айтылган варианты жасалат: *жоон, коон, коом, моокум, ноо-ту* ж.б.

**[өө] фонемасы -** *ө* тыбышынын созулма түгөйү жана *оо* тыбышынын ичке түгөйү, айтылганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан үндүү тыбыш деп табылат. Жаак жартылай кең ачылып, булчуңдары бир аз чыңалып, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына жана кууш түгөйү болгон *үү* тыбышынын айтылышына карай кең үндүү деп табылат. Тил алдыга жүткүнүп, ооз көңдөйүнүн алды жагында жайгашат. Тилдин учу астыңкы тиштерге тийип, ортоңку бөлүгү бир аз өйдө көтөрүлүп, ичке айтылат. Айтылышы жактан ичке үндүү деп табылат. Ооз көңдөйү бөлүнбөйт. Эриндер бир аз чормоюңку абалда болот. Эриндин катышына карай эрин үндүү деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Созулуп айтылгандыктан созулма үндүү деп табылат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *өөн, сөөк, жөөк, жөө, төө, көө, көө ж.б.*

Муун ичинде мурунчул үнсүздөр менен жанаша келгенде мурундашып айтылат: *өөн, көөн, сөөм, мөөр, мөө-рө ж.б.*

**[уу] фонемасы -** *у* тыбышынын созулма түгөйү жана *ү* тыбышынын жоон түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан үндүү тыбыш деп табылат. Жаак кууш ачылып, булчуңдары бир аз чыңалып, тил өйдө көтөрүлөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай кууш үндүү деп табылат. Тил артка тартылып, ооз көңдөйүнүн арт жагына жайгашып, жоон айтылат. Айтылышы жактан жоон, тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил арты үндүү деп табылат. Эриндер бир аз жыйылыңкы абалда болот. Эрин катышына карай эрин үндүү деп табылат. Ооз көңдөйү бөлүнүңкү абалда болот. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жаап турат. Аба агымы толугу менен ооз көңдөйү аркылуу сыртка чыгат. Созулуп айтылгандыктан созулма үндүү деп табылат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *уук, ууз, уул, ууч, суук, жуук, куут, жуу, туу, буу, чуу, суу ж.б.*

Мурунчул үнсүздөр менен катар келгенде мурундашып айтылат: *жуун, муун, буум* ж.б.

**[үү] фонемасы** - *у* тыбышынын созулма түгөйү жана *у* тыбышынын ичке түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан үндүү тыбыш деп табылат. Жаак кууш ачылып, булчуңдары бир аз чыңалып, тил өйдө көтөрүлөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай кууш үндүү деп табылат. Тил алдыга жүткүнүп, ооз көңдөйүнүн алды жагында жайгашат. Тил учу астыңкы тиштерге тийип, ортоңку бөлүгү бир аз өйдө көтөрүлүп, ичке айтылат. Айтылышы жактан ичке, тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил алды үндүү деп табылат. Ооз көңдөйү бөлүнбөйт. Эриндер жыйылыңкы абалда болот. Эрин катышына карай эрин үндүү деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Созулуп айтылгандыктан созулма үндүү деп табылат.

Сөз ортосу жана соңунда келет: *жүүн, ке-чүү, тирүү, өргүү, черүү ж.б.*

Мурунчул үнсүздөр менен катар келгенде мурундашып айтылат: *жүүн, ме-лүүн, се-рүүн* ж.б.

Ошентип, созулма *аа, ээ, оо, өө, уу, үү* үндүүлөрү артикуляциялык жактан кыска түйгөйлөрүнүн айтылышына негизинен дал келет. Айырмачылыгы - созулма үндүүлөр жасалганда кыска түгөйүнө караганда (1) сүйлөө органдары бир аз чыңалыңкы абалда болот, (2) болжол менен 2 эсеге жуук созулуп айтылат [Эсенбаева 2008: 234-242, 276-278].

### 1.1.5. Үндүүлөрдүн оппозициясы

Тилдеги үндүү жана үнсүз тыбыштардын өз ара карама-каршы коюлуп, бири-биринен бир же бир нече белгиси боюнча айырмаланып турушу *оппозиция* деп аталат [21, 71-95].

Тилибиздеги үндүүлөрдүн өзөгүн түзгөн 8 кыска үндүү 28 оппозиция боюнча бири-бирине төмөнкүчө карама-каршы коюлат:

| Катар номуру | Кыска үндүүлөрдүн оппозициясы | Минималдык түгөйлөр |
|---|---|---|
| 1 | *а – е* | *бал - бел* |
| 2 | *а – о* | *бал - бол* |
| 3 | *а – ө* | *бал - бөл* |
| 4 | *а – ы* | *каш - кыш* |
| 5 | *а – и* | *чай - чий* |
| 6 | *а – у* | *бал - бул* |
| 7 | *а – ү* | *чач - чүч* |
| 8 | *е – о* | *тер - тор* |
| 9 | *е – ө* | *сез* - сөз |
| 10 | *е - ы* | *сез - сыз* |
| 11 | *е - и* | *бел - бил* |
| 12 | *е - у* | *бел - бул* |
| 13 | *е - ү* | *кет - күт* |
| 14 | *о - ө* | *от - өт* |
| 15 | *о - ы* | *сок - сык* |
| 16 | *о - и* | *бол - бил* |
| 17 | *о - у* | *бол - бул* |
| 18 | *о - ү* | *бор - бүр* |
| 19 | *ө - ы* | *сөз - сыз* |
| 20 | *ө - и* | *бөл - бил* |
| 21 | *ө - у* | *бөл - бул* |
| 22 | *ө - ү* | *көз - күз* |
| 23 | *ы - и* | *тый - тий* |
| 24 | *ы - у* | *кыр - кур* |
| 25 | *ы - ү* | *тык - түк* |
| 26 | *и - у* | *бил - бул* |
| 27 | *и - ү* | *тик - түк* |
| 28 | *у - ү* | *тур – түр* |

Көрүнүп тургандай, бул 28 оппозиция үндүүлөр системасынын өзөгүн түзгөн 8 кыска үндүүнүн курамы менен ажыратуу белгилерин так аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Тактап айтканда, 8 кыска үндүүнүн башында турган *а* тыбышы калган 7 тыбышка, *е* тыбышы калган 6 тыбышка, *о*

тыбышы калган 5 тыбышка, *ө* тыбышы калган 4 тыбышка, *ы* тыбышы калган 3 тыбышка, *и* тыбышы 2 гана тыбышка, *и* тыбышы жалгыс гана *й* тыбышына карама-каршы коюлат да, кыска үндүү оппозициялардын саны 7 + 6 + 5 + 4 + 3 + 2 + 1 = 28 болот.

Ал эми бул оппозициялар аркылуу 8 кыска үндүүнүн ажыратуу белгилерин аныктоо үчүн *а* тыбышы катышкан 7 оппозиция зарыл жана жетиштүү деп табылат.

Мында *а - е* оппозициясын жоон-ичкелик белгиси, *а - о* оппозициясын ачык-эриндик белгиси, *а - ө* оппозициясын ачык-эриндик жана жоон-ичкелик белгилери, *а - ы* оппозициясын кең-кууштук белгиси, *а - и* оппозициясын кең-кууштук жана жоон-ичкелик белгилери, *а - у* оппозициясын кең-кууштук жана ачык-эриндик белгилери, *а - ү* оппозициясын кең-кууштук, ачык-эриндик жана жоон-ичкелик белгилери түзөт.

Ал эми созулма үндүүлөр 15 оппозиция боюнча төмөнкүчө карама-каршы коюлат:

| Катары номуру | Үндүүлөрдүн оппозициясы | Минималдык түгөйлөр |
|---|---|---|
| 1 | *аа - ээ* | *баа – бээ* |
| 2 | *аа - оо* | *жаа – жоо* |
| 3 | *аа - өө* | *жаа – жөө* |
| 4 | *аа - уу* | *жаа – жуу* |
| 5 | *аа - үү* | *жаан – жүүн* |
| 6 | *ээ - оо* | *жээн – жоон* |
| 7 | *ээ - өө* | *ээн – өөн* |
| 8 | *ээ - уу* | *жээн – жуун* |
| 9 | *ээ - үү* | *жээн – жүүн* |
| 10 | *оо - өө* | *тоо – төө* |
| 11 | *оо - уу* | *соо – суу* |
| 12 | *оо - үү* | *жоон – жүүн* |
| 13 | *өө - уу* | *төө – туу* |
| 14 | *өө - үү* | *көө – күү* |
| 15 | *уу - үү* | *жуун – жүүн* |

Мында да кыска үндүүлөр сыяктуу эле созулмалардын оппозициясын кең-кууштук, ачык-эриндик жана жоон-ичкелик белгилери түзөт. Демек, бул үч белги кыска жана созулма үндүүлөрдүн башын бириктирген орток белги деп табылат. Ал эми алардын айырмачылыгы, жогорто белгиленгендей, сапаттык эмес, сандык мүнөзгө ээ: созулмалар кыска түгөйүнө караганда болжол менен 2-2, 5 эсе созулуп айтылат [Орусбаев, Токтоналиев 1991: 48-57; Эсенбаева 2008: 276-278].

### 1.1.6. Үндүүлөрдүн акустикалык базасы

**[а] фонемасы.** Бул фонеманын акустикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөө үчүн 82 бир муундуу сөздөрдүн спектри талдоого алынды.

Жеке айтылганда [а] фонемасынын биринчи форманты ($F_1$) стационардык тилкеде 600 гц, ал эми бардык тилкелеринин орточо көрсөткүчү 616 гц, экинчи форманты ($F_2$) стационардык тилкеде 1270 гц, бардык тилкелеринин орточо көрсөткүчү 1221 гц болот. Биринчи формант ($F_1$) боюнча [а] фонемасы башка үндүүлөргө салыштырганда бир топ жогорку жыштыкта келет. Спектрдин борбордук тилкесиндеги (200 - 4000 гц) жыштыктар *борбордук же орточо жыштыктар* деп аталат.

Демек [а] фонемасын айтканда башка үндүүлөргө караганда үн энергиясы спектрдин борбордук тилкесине топтолот. Бул көрсөткүч тилдин эң төмөн түшүп, жаактын кең ачылып, ооз көңдөйүнүн алдыңкы бөлүгү кең абалда болгонун билдирет. Биринчи форманттын спектриндеги энергиянын топтолуш мүнөзү боюнча [а] фонемасын компактуу (кең) үндүү деп атоого болот. Биринчи форманты ($F_1$) эң жогорку жыштыкка ээ болсо, экинчи форманты ($F_2$) [о] жана [и]

| [а] фонемасы | |
|---|---|
| **$F_1$** | **$F_2$** |
| 600 | 1160 |
| 660 | 1160 |
| 600 | 1215 |
| 600 | 1270 |
| 600 | 1270 |
| 660 | 1325 |
| 660 | 1325 |
| 616 | 1325 |

фонемаларынан башка калган фонемалардын жыштыгына караганда төмөнкү жыштык менен мүнөздөлөт. Ал жыштыктар спектрдин төмөнкү жыштык тилкесине ыктай жайгашат. Демек [а] фонемасынын биринчи формантындагы жана экинчи формантындагы жыштыктардын сандык айырмачылыктары ичке үндүүлөрдүн форманттарына караганда көп эмес. [а] фонемасынын экинчи формантынын ($F_2$) жыштыгы анын жоон үндүү экендигин айкындап турат.

Таблицадан көрүнүп тургандай, ар бир формант бир нече жыштык тилкесинде көрүнүшү мүмкүн. Ал тилкелер фонемаларды айтуу учурундагы тыбыштардын форманттарынын өзгөрүшүн аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт.

Кеп агымында тилдеги тыбыштар өз ара айкашып, муун түзүп, сөз жана сүйлөм курайт. Тилдеги тыбыштардын жана сөздөрдүн айкашы эркин, чалды-куйду болбостон, ирээттүү түрдө бири-бирине таасир этип, биринин артикуляциялык жана акустикалык сапаты экинчисине өтүп, биринин ыгына экинчиси көнүү сыяктуу түрлүү карама-каршылыктар менен мүнөздөлөт. Белгилүү тилчи Ф. де Соссюрдун сөзү менен айтканда тыбыштардын «фонологиялык типтерди байланыштыруу эркиндиги артикуляциялык кыймылдарды жалгаштыруу мүмкүнчүлүгү менен чектелет» [Соссюр 1977: 87].

Ошондуктан фонемалар кеп агымында басым менен муунга карата алган орду, айкашкан тыбыштардын мүнөздөрүнө жараша өзгөрүүлөргө кабылып, түрдүү оттенокторго ээ болуп, ошолор аркылуу тил чындыгына айланат. Мында биринчиликти жалгыз гана айкашкан тыбыштарга ыйгаруу жарабайт. Фонемалардын жеке касиеттери да чечүүчү мааниге ээ. Өз ара айырмаланган, таанылган фонемалар болбосо, алардын айкашы, демек тыбыштык тил да болбос эле.

[а] фонемасы жанаша келген үнсүздөрдүн мүнөздөрүнө жараша ар түрдүү комбинатордук өзгөрүүлөргө кабылат. Анын мурунку жана кийинки келген үнсүздөрдүн мүнөзүнө жараша

форманттык түзүлүштөрү өзгөрүүгө учурарын спектрлерден көрөбүз.

Үнсүз тыбыштар менен [а] фонемасынын төрчүл жана уччул айкашын камтыган спектрограммалардагы биринчи ($F_1$) жана экинчи форманттын ($F_2$) жыштык тилкелеринин өзгөрүүлөрүнөн улам төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот: кыргыз тилиндеги [а] фонемасы ар кандай үнсүздөрдөн кийин (жасалуу орду боюнча) келгенде айтылышынын башында биринчи формант ($F_1$) төмөнкү жыштыкка ээ болот, тактап айтканда, үнсүз тыбыш менен [а] фонемасынын чегинде спектрдин башка тилкелерине караганда биринчи формант ($F_1$) көбүнчө төмөнкү жыштыктан орун алат; өзүнөн мурда келген үнсүз [а] фонемасынын экинчи формантына ($F_2$) да өз таасирин тийгизет.

| Муун [а] фонемасы | $F_1$ жыштык тилкелери | $F_2$ жыштык тилкелери | муун | $F_1$ жыштык тилкелери | $F_2$ жыштык тилкелери |
|---|---|---|---|---|---|
| тат | 550 | 1270 | жар | 500 | 1000 |
| | 600 | 1330 | | 600 | 1200 |
| | 650 | 1330 | | 600 | 1270 |
| | 600 | 1160 | | | 1270 |
| дат | 530 | 1300 | жаз | 430 | 1270 |
| | 600 | 1370 | | 500 | 1270 |
| | 700 | 1400 | | 430 | 1270 |
| | 680 | - | | 430 | 1270 |
| нан | 500 | 1350 | чаң | 500 | 1420 |
| | 520 | 1270 | | 600 | 1350 |
| | 500 | 1340 | | 600 | 1270 |
| заң | 480 | 1400 | бак | 600 | 1180 |
| | 510 | 1340 | | 660 | 1250 |
| | 600 | 1340 | | 720 | 1200 |
| | 600 | 1220 | | 720 | 1160 |
| | - | 1170 | | | |
| сап | 500 | 1260 | май | 1440 | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| рас | 510<br>600<br>600<br>600<br>500<br>690 | 1270<br>1270<br>1320<br>1320<br>1330<br>1290 | как | 1270<br>1500<br>2400<br>2700<br>1280<br>1200 | |

**[е] фонемасы**. Бул фонеманын акустикалык мүнөзүн аныктоо үчүн өзүнчө, бир жана көп муундуу сөздөрдө айтылган 65 спектрограмма талдоого алынды. Жеке айтылганда [е] фонемасынын биринчи форманты ($F_1$) 420 гц, экинчи форманты ($F_2$) 2000 гц ти түзөт.

| [е] фонемасы | |
|---|---|
| **$F_1$** | **$F_2$** |
| 420 | 2200 |
| 420 | 2100 |
| 420 | 2000 |
| 420 | 2000 |
| 420 | 2000 |
| 420 | 2060 |

[е] фонемасынын биринчи формантынын ($F_1$) спектрдин ортоңку жыштык тилкесинде жайгашышы бул фонеманын компактуу, экинчи формантынын ($F_2$) жогорку жыштыктарга ыктап турушу анын бийик тондуу үндүү экендигин көрсөтөт. [е] фонемасы бардык позицияда жана терең түпчүл [қ ғ] фонемаларынан башка бардык үнсүздөр менен айкаша берет. Айкашкан үнсүздөрдүн мүнөздөрүнө жараша кеп агымында түрдүү аллофондорго ээ болуп, артикуляция-акустикалык өзгөрүүлөргө учурайт. Эринчил үнсүздөрдөн кийин келгенде анын спектринин баш жагында үнсүз менен жалгашкан жеринде стационардык тилкеге салыштырмалуу экинчи форманттын ($F_2$) жыштыгы көпчүлүк учурда жогорулагандыгы байкалат. Ал эми биринчи форманты ($F_1$) көбүнчө төмөнкү жыштыкта көрүнөт. [е] фонемасынын мындай көрүнүшү орточул үнсүздөрдөн кийин келгенде да көрүнөт, тактап айтканда, [е] фонемасынын экинчи форманты ($F_2$) байкарлык өзгөрүүгө учурабайт.

[е] фонемасы уччул үнсүздөр менен айкашканда бир жактуу бүтүм чыгаруу кыйын: форманттар жыштыктары бирде

жогоруласа, бирде төмөндөйт. Түпчүл үнсүздөр да [е] фонемасынын формантгык түзүлүшүнө таасир этет. Ал өзгөчө экинчи формантынан ($F_2$) жакшы көрүнөт, тактап айтканда, түпчүлдөш үнсүздөр менен айкашкан жеринде спектрдин башка тилкелерине салыштырмалуу ал жогорку жыштыктарга ээ болот. Бул [е] менен түпчүл үнсүздөрдүн артикуляциялык айырмачылыктарынын акустикалык жаңырыгы болуп саналат. Жаңаша келген үнсүздөрдүн мүнөздөрүнө жараша [е] фонемасынын формантык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдү төмөнтөн көрүүгө болот.

| Муун [е] онемасы | F жыштык тилкелери | F жыштык тилкелери | муун | F жыштык тилкелери | F жыштык тилкелери |
|---|---|---|---|---|---|
| бел | 400 | 2000 | теш | 400 | 1900 |
| | 400 | 1880 | | 400 | 1900 |
| | 400 | 1800 | | 400 | 1900 |
| мен | 400 | 1500 | шер | 400 | 1900 |
| | 430 | 1400 | | 450 | 1500 |
| | 210 | 1200 | | 420 | 1600 |
| беш | 380 | 1950 | дей | 450 | 1530 |
| | 400 | 1900 | | 380 | 1800 |
| | 400 | 1860 | | 400 | 1800 |
| жей | 340 | | кеп | 300 | 2000 |
| | 390 | 2050 | | 420 | 1900 |
| | 400 | | | 430 | 1760 |
| чеч | 400 | 2530 | кек | 400 | 1880 |
| | 430 | 2530 | | 400 | 1630 |
| | 430 | 2530 | | 400 | 1400 |
| дем | 400 | 2200 | кен | 300 | 2780 |
| | 400 | 2100 | | 380 | 2680 |
| | 420 | 2000 | | 400 | 2450 |

**[о] фонемасы.** Акустикалык мүнөздөмөсүн бериш үчүн жүздөн ашуун спектрограмма талдоого алынды. Бул тыбыштын негизги аллофонунун стационардык тилкесинде биринчи форманты ($F_1$) 450 гц, экинчи форманты

| [о] фонемасы | |
|---|---|
| **$F_1$** | **$F_2$** |
| 420 | 960 |
| 450 | 1000 |
| 420 | 1030 |
| 430 | 997 |

($F_2$) 1000 гц ти түзөт. (8-таблица). Форманттардын мындай жайгашышы акустикалык мүнөзү боюнча [о] фонемасы компактуу, жапыс тондуу үндүү экендигин көрсөтөт. Тактап айтканда, биринчи форманты ($F_1$) спектрдин борбордук тилкесинде жогорку жыштыктарды, ал эми экинчи форманты ($F_2$) ошол эле тилкеде төмөнкү жыштыктарды, биринчи формантты карай ыктай жайгашкан. [о] фонемасын айтканда үндүн негизги энергиясы спектрдин борборуна көп топтолот. Мындай көрүнүш аталган фонема артикуляциялык жактан резонатордун салыштырмалуу бир түрдүү жөнөкөйлүгү, тилдин учу менен ортосунун катуу таңдайдан алыс, төмөн түшүп тургандыгына байланыштуу ооз көңдөйү чоң ачылып, бөлүнбөй айтылгандыгы менен шартталат.

[о] фонемасы бардык жоон үндүүлөр сыяктуу эле кеп тутумунда [қ ғ] тыбыштарынан башка үнсүздөр менен ар түрдүү позицияда айкаша берет. Айкашкан үнсүздөрдүн мүнөзүнө жараша форманттык түзүлүшүндө өзгөрүүлөр болот. Бирок ошол өзгөрүүлөрдү белгилүү бир типтерге бөлүштүрүү көпчүлүк учурда кыйынчылыкты туудурат. Анткени алар бирдей эле позицияда бирдей эле тыбыш менен айкашса да, бирде «алууну», бирде «кошууну» көрсөтүп турат. Бул өзгөчө [б п] эринчилдери жана уччул үнсүздөр менен айкашуусуна мүнөздүү.

[о] фонемасы түпчүл [к] дан кийин келгенде экөөнүн чегинен баштап стационардык тилкеге чейин биринчи ($F_1$) жана экинчи форманттар ($F_2$) көпчүлүк учурда бир кылкалыгын сакташат. Бул алардын [о] менен [к] нын артикуляциялык жакындыгын тастыктаган акустикалык көрүнүш болуп саналат. Уяң үнсүздөрдөн кийин келгенде [о] фонемасынын айтылышынын бардык жеринде биринчи формантындагы ($F_1$), алардан мурун келсе, эки форманттагы жыштыктар негизинен өзгөрбөйт.

Жалгашкан үнсүздөрдүн мүнөзүнө карай [о] фонемасынын формант курулушундагы өйдөкү өзгөчөлүктөр төмөнтө көрсөтүлдү:

| Муун [о] фонемасы | F жыштык тилкелери | F жыштык тилкелери | муун тилкелери | F жыштык тилкелери | F жыштык тилкелери |
|---|---|---|---|---|---|
| бош | 420 | 930 | топ | 420 | 950 |
| | 430 | 1160 | | 450 | 960 |
| боз | 400 | 930 | | 420 | 930 |
| | 450 | 930 | тон | 460 | 1050 |
| дос | 450 | 1100 | | 480 | 970 |
| | 470 | 1100 | | 480 | 1000 |
| | 470 | 1220 | | 450 | 1270 |
| зор | 400 | 1370 | шор | 430 | 1050 |
| | 400 | 1160 | | 430 | 1000 |
| | 420 | 990 | | 470 | 980 |
| | 480 | 1110 | | | 920 |
| шок | 480 | 1180 | мол | 500 | 920 |
| | 480 | 1095 | | 500 | 920 |
| | 480 | 1050 | | 500 | 920 |
| | - | 1100 | лом | 500 | 920 |
| сот | 430 | 1000 | | 500 | 920 |
| | 430 | 1000 | | 500 | 930 |
| сой | 400 | 1100 | мор | 500 | 980 |
| | 450 | 1250 | | 500 | 1000 |
| | 450 | 1250 | | 500 | 1000 |
| | 300 | 1400 | | | 1100 |
| ком | 480 | 980 | он | 520 | 1160 |
| | 480 | 980 | | 500 | 1100 |
| | 500 | 1000 | | 500 | |
| кош | 500 | 1000 | | 500 | 900 |
| | 500 | 1200 | он | 500 | 900 |
| | 500 | 1200 | | 500 | 900 |
| | 500 | 1200 | | 500 | 900 |
| жол | 400 | 1800 | чон | 450 | 1280 |
| | 450 | 1200 | | 430 | 1050 |
| | 440 | 1100 | | 430 | 1000 |
| | 420 | 1000 | | 470 | 980 |

**[ө] фонемасы**. Акустикалык жактан мүнөздөө үчүн 64 спектрограмма изилдөөгө алынды. Спектрограммалардын маалыматтарына таянсак, анын негизги аллофонунун биринчи форманты ($F_1$) 430 гц, экинчи форманты ($F_2$) 1650 гц теги жыштыкка ээ. Айтылышынын бардык тилкелеринде анын форманттары анчалык өзгөрүүлөргө кабылбайт десе болот. [ө] фонемасы тилдин алга жүткүнүшүндө жасалып, терең түпчүл үнсүздөр менен полярдык катышта тургандыктан, бардык ичке үндүүлөр өндүү эле кеп тутумунда айкашпайт. Калган үнсүздөр менен түрдүү позиция жана комбинацияларда келе берет. Кепте жанаша келген үнсүздөрдүн мүнөзүнө жараша ар кандай аллофондорго өзгөрөт. Өзгөчө эринчил жана түпчүл, уччул үнсүздөр менен айкашканда анын форманттык түзүлүшүндө өзгөрүү айкын көрүнөт. Эгерде эринчил үнсүздөрдөн кийин келсе, ошол үнсүз менен жалгашкан жеринде, б.а., стационардык тилкеге караганда спектрдин башында, алардан мурда келсе, спектрдин аягында биринчи форманты ($F_1$) төмөнкү жыштыктарга ээ болот, экинчи форманты ($F_2$) көп өзгөрбөйт. Түпчүлдөр менен жалгашуусунда, тескерисинче, биринчи форманты ($F_1$) туруктураак келип, экинчиси форманты ($F_2$) өзгөрүүгө көбүрөөк кабылат. Өткөөл тилкеде ал төмөнкү жыштыктарда көрүнөт. Уччулдардан кийин келгенде спектрдин башында экинчи форманты ($F_2$) көбүнчө жогорку жыштыктарга ээ болот. Ал эми орточул үнсүздөр менен айкашкандагы форманттык түзүлүшү жөнүндө бир жактуу пикир айтуу кыйын: өткөөл тилкеде форманттары бирде жогоруласа, бирде төмөндөйт. Форманттардын мындай «көрүнүштөрү» башка үнсүздөргө караганда орточул үнсүздөр менен айкашкандагы [ө] фонемасынын аз өзгөрүшүнүн фактысы катары кароого болот.

| [ө] фонемасы | |
|---|---|
| **$F_1$** | **$F_2$** |
| 430 | 1650 |
| 430 | 1650 |
| 430 | 1650 |
| 430 | 1650 |
| 430 | 1650 |
| 400 | 1575 |
| 425 | 1637 |

Мындай өзгөчөлүктөр үнсүздөрдүн мүнөзүнө жана артикуляциялык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу. Алсак эринчил үнсүздөрдү жасаганда эриндер тийишип, алдыңкы резонатор [о] фонемасына караганда кууш болгондуктан [ө] фонемасы менен

айкашканда анын артикуляцияланышына таасир этет. Ал таасир [ө] фонемасынын үнсүздөр менен кандайча тартипте жалгашкандыгына жараша болот. Эгерде [ө] фонемасы үнсүздөрдөн кийин келсе, айтылышынын башында, ал эми мурда келсе, аягында кууш резонаторго ээ болот. Бул [ө] фонемасынын акустикасында стационардык тилкеге караганда спектрдин аягы же башында биринчи формантын ($F_1$) жыштыгынын төмөндөшүнө алып келет. [ө] фонемасы үнсүздөр менен айкашканда биринчи формантынын ($F_1$) анчалык өзгөрбөгөндүгү алардын (эринчил үнсүздөр менен [ө] фонемасынын) тилдин горизонталь кыймылына карай жасалышы боюнча жакындыгы менен түшүндүрүлөт.

| Муун [ө] фонемасы | F жыштык тилкелери | F жыштык тилкелери | муун | F жыштык тилкелери | F жыштык тилкелери |
|---|---|---|---|---|---|
| бөк | 400 | 1420 | көп | 400 | 1290 |
| | 460 | 1400 | | 430 | 1380 |
| пөп | 300 | 1380 | | - | 1400 |
| | 430 | 1380 | көм | 410 | 1270 |
| өп | 500 | 1400 | | 410 | 1300 |
| | 300 | 1400 | | 410 | 1340 |
| мөл | 360 | 1300 | чөл | 410 | 1340 |
| | 420 | 1450 | | 400 | 1270 |
| | 420 | 1450 | | 400 | 1400 |
| | 300 | 1500 | | 400 | 1320 |
| дөң | 400 | 1500 | жөн | 400 | 1270 |
| | 400 | 1280 | | 400 | 1600 |
| | 400 | 1280 | | 420 | 1500 |
| | 400 | 1280 | | 420 | 1500 |
| өт | 480 | 1650 | чөп | 420 | 1500 |
| | 420 | 1800 | | 400 | 1400 |
| төш | 400 | 1500 | | 360 | 1200 |
| | 400 | 1400 | | | 1400 |
| | | | | | 1200 |

Демек, формантгык түзүлүшүн карап көрүп, [ө] фонемасын акустика алкагында компактуу, бийик тондуу жана бемолдуу үндүү деп мүнөздөөгө болот.

**[ы] фонема.** Акустикалык касиеттерин мүнөздөө үчүн 79 спектрограмма талдоого алынды. Ал спектрограммалар [ы] фонемасынын өз алдынча жана бир муундуу сөздөрдөгү ар түрдүү комбинатордук кырдаалдагы айкаштарын камтыйт. Өз алдынча айтылганда [ы] фонемасынын биринчи форманты ($F_1$) 350 гц, экинчи форманты ($F_2$) 930 гц теги жыштыкта көрүнөт. Айтылыш учурунда башка сүйлөө органдарында өзгөчө артикуляциялык кыймылдар байкалбайт: терең түпчүлдөр менен айкашкан учурда [ы] фонемасынын башталышында, экинчи формантын ($F_2$) жыштыгы бир аз төмөндөйт. Мындай көрүнүш [ы] фонемасынын [қ ғ] үнсүздөрүнө караганда бир аз алдыда жасалгандыгынын натыйжасы болуп саналат. Аталган фонеманын абсолюттук жыштыктары төмөндө көрсөтүлдү.

| Муун [ы] фонемасы | F жыштык тилкелери | F жыштык тилкелери | Муун | F жыштык тилкелери | F жыштык тилкелери |
|---|---|---|---|---|---|
| дың | 410 | 1630 | шып | 420 | 1450 |
| | 420 | 1490 | | 410 | 1100 |
| | 450 | 1490 | мыш | 400 | 1200 |
| тыз | 420 | 1410 | быч | 480 | 1500 |
| | 420 | 1320 | | 400 | 1400 |
| | 420 | 1320 | кыз | 400 | 1500 |
| | 420 | 1350 | | 450 | 1400 |
| зым | 300 | 1400 | кыс | 400 | 1400 |
| | 400 | 1200 | | 400 | 1300 |
| жый | 400 | 2000 | | 410 | 1300 |
| | 410 | 1880 | кыр | 420 | 1370 |
| | 420 | 1800 | | 420 | 1370 |
| | 410 | 2000 | | 450 | 1200 |
| | | | | 450 | 1200 |
| | | | | 420 | 1200 |

Ошентип, [ы] фонемасы форманттык жыштыктары боюнча акустикалык жактан диффузиялуу жапыс тондуу үндүү деп табылат.

**[и] фонемасы.** Акустикалык жактан мүнөздөө үчүн [и] фонемасынын 70 ке жакын спектрограммасы иликтөөгө алынды. Спектрограммалар фонеманын өз алдынча айтылышын жана бир муундуу сөздөрдөгү ар кандай үнсүздөр менен болгон комбинацияларын камтыйт.

| [и] фонемасы | |
|---|---|
| **$F_1$** | **$F_2$** |
| 300 | 2250 |
| 300 | 2250 |
| 300 | 2250 |
| 300 | 2250 |

[и] фонемасынын негизги аллофонун биринчи форманты ($F_1$) 300 гц, экинчи форманты ($F_2$) 2250 гц жыштыктарга ээ. Биринчи формант ($F_1$) төмөнкү, экинчи форманты ($F_2$) жогорку жыштыктарды ыктай жайгашкан. Артикуляциялык жактан биринчи формант ($F_1$) төмөнкү жыштыкта жайгашышы тилдин катуу таңдайды көздөй көтөрүлүп, резонатордун ооз көңдөйүнүн куушурулушу менен шартталса, экинчи форманттын ($F_2$) жогорку жыштыкка ээ болушу тилдин алга жүткүнүшү, башкача айтканда, [и] фонемасынын уччул экендиги менен шартталат.

[и] фонемасынын биринчи формантынын ($F_1$) төмөнкү, экинчи формантынын ($F_2$) жогорку жыштыктарда жайгашышы акустикалык мүнөзү боюнча диффузиялуу жана бийик тондуу үндүү экендигин көрсөтөт.

Бул фонема кеп тутумунда терең түпчүл [қ ғ] тыбыштарынан башка бардык үнсүздөр менен айкашат. Үнсүздөр менен айкашканда үнсүздөргө таасир этүү менен өзү да ошол тыбыштардын таасирине кабылат. Тактап айтканда, «кыргыз тилинде [и] фонемасы менен айкашкан үнсүз тыбыштар дайыма таңдайлашып айтылат. Мурунчул үнсүздөр менен айкашканда мурунчул, орточул, түпчүл үнсүздөр менен айкашканда жабык аллофонго ээ болот» [Ахматов 1990: 35].

**[у] фонемасы.** Бул фонеманы сыпаттоо үчүн бир муундуу 86 сөздүн спектри талданды. Эксперимент көрсөткөндөй, [у] фонемасынын биринчи форманты ($F_1$) 400 гц, спектр жыштык тилкелеринин айтылышынын бардык жерлеринде бирдей жыштыкка ээ. Экинчи форманты ($F_2$) орто эсеп менен 1430 гц ке барабар. Биринчи формантынын ($F_1$) жыштыгы (50 - 400 гц) *төмөнкү жыштык* деп аталат. Жайгашышы [у] фонемасынын диффузиялуулугун көрсөтөт. Демек аны айтканда үндүн негизги энергиясы спектрдин төмөнкү жыштык тилкесине топтолот. Ичке үндүүлөрдүн спектри менен салыштырсак, аларга караганда экинчи форманты ($F_2$) биринчи формантына жакын жайгашкан. Мындай көрүнүш [у] фонемасынын тону төмөн экендигин билдерет.

| [у] фонемасы | |
|---|---|
| **$F_1$** | **$F_2$** |
| 400 | 1400 |
| 400 | 1450 |
| 400 | 1500 |
| 400 | 1450 |
| 400 | 1450 |
| 400 | - |
| 400 | 1430 |

[у] фонемасы түпчүл [к] жана [д] тыбыштарынан башка үнсүз фонемалар менен айкашып, алардын артикуляциялык өзгөчөлүктөрүнө жараша өзгөрүүлөргө учурайт. Ал өзгөрүүлөр анын акустикалык сапатына да таасирин тийгизет. Алар негизинен үнсүздөрдүн жасалуу ордуна байланыштуу болгондуктан [у] фонемасынын экинчи формант жыштыгына таасир этет. Мындай көрүнүш [у] фонемасынын спектринен даана байкалгандай, өзүнөн кийин келген үнсүздөргө караганда өзүнөн мурунку үнсүздөрдүн таасири ачык көрүнөт.

Эгер [у] фонемасы уччул үнсүздөрдөн кийин келсе, спектрдеги ошол үнсүздөрдөн кийинки чегиндеги экинчи формантын ($F_2$) жыштыгы жогорулайт. Артикуляциялык жактан мындай кубулуш [у] фонемасынын айтылышынын башталышы үнсүз тыбыштардын таасиринен дароо чыгып кетпегендиги менен, тактап айтканда, артикуляциянын башталышында уччул мүнөзгө ээ болорлугу менен түшүндүрүлөт.

Эринчил үнсүздөр [у] фонемасынын артикуляциялык жана акустикалык сапаттарына таасир этет.

Биринчи ($F_1$) жана экинчи ($F_2$) форманттар стационардык тилкеге салыштырмалуу төмөнкү жыштыктарга ээ болушат. Бул

эринчил үнсүздөр менен [у] фонемасынын ортосундагы артикуляциялык өткөөлдүн эринчилдиктен эринсиздикке өтүү процессин чагылдырат.

Уччулдарга жалгашкандагыга карганда терең түпчүл жана орточул үнсүздөр менен айкашканда [у] фонемасынын экинчи форманты ($F_2$) аз өзгөрөт. Буга алардын жасалуу орду боюнча жакындыктар себеп болот. Үнсүздөрдүн мүнөзүнө жараша [у] фонемасынын формантарындагы өзгөрүүлөрдү төмөнкү таблицада көрсөтүлдү.

| Муун [у] фонемасы | F жыштык тилкелери | F жыштык тилкелери | Муун | F жыштык тилкелери | F жыштык тилкелери |
|---|---|---|---|---|---|
| муз | 400 | 930 | тун | 400 | 930 |
| | 400 | 930 | | 400 | 880 |
| | 400 | 930 | | 400 | 880 |
| мун | - | 870 | суур | 380 | 930 |
| | 420 | 870 | | 380 | 850 |
| | 460 | 870 | | 380 | 850 |
| | 500 | 870 | | 400 | 930 |
| бук | 400 | 930 | сур | 380 | 800 |
| | 400 | 850 | | 400 | 820 |
| | 400 | 930 | | 410 | 980 |
| | 380 | 850 | | 410 | 900 |
| пул | 350 | 900 | шум | 410 | 900 |
| | 350 | 1000 | | 410 | 900 |
| | 300 | | | 410 | 920 |
| кус | 400 | 900 | душ | 410 | 820 |
| | 400 | 930 | | 410 | 820 |
| | 400 | 1160 | | 420 | 800 |
| куш | 400 | 820 | жул | 400 | 1100 |
| | 400 | 950 | | 300 | 1000 |
| | 400 | 930 | | 400 | 1100 |
| | 400 | 820 | | 300 | 120 |
| | | | | 400 | 1160 |
| | | | | 400 | 1030 |

**[ү] фонемасы.** Акустикалык өзгөчөлүгүн мүнөздөө үчүн бул фонеманын өзүнчө жана бир муундуу, көп муундуу сөздөрдө келген спектрограммасы иликтөөгө алынды. Негизги аллофонунун биринчи форманты ($F_1$) спектрдин стационардык тилкесинде 340 гц, экинчиси форманты ($F_2$) 1880 гц жыштыктар менен мүнөздөлөт.

Таблицада көрүнүп тургандай [ү] фонемасынын биринчи ($F_1$) жана экинчи ($F_2$) форманттарынын жыштыктары айырмаланып турат. Биринчи формант ($F_1$) төмөнкү жыштыкка, экинчи формант ($F_2$) жогорку жыштыкка ээ. [ү] фонемасынын мындай форманттык түзүлүшкө ээ болушу кеп жолунун резонанстык өзгөчөлүктөрү, башкача айтканда, эриндердин чормоюп, тилдин катуу таңдайга карай көтөрүлүп, алга жүткүнүшүнүн натыйжасында алдынкы резонатордун куушурулуп жана муунакталып, арткы резонатордун кеңейип, ошого жараша үн энергиясы спектрдин бир борбордук тилкесинде эмес, эки (төмөнкү жана жогорку жыштыктарда) тилкеде топтолгондугу менен шартталган.

| [ү] фонемасы | |
|---|---|
| **$F_1$** | **$F_2$** |
| 300 | 1880 |
| 300 | 1880 |
| 340 | 1880 |
| 340 | 1880 |
| 300 | 1750 |
| 300 | 1880 |
| 313 | 1858 |

Бул акустикалык маалыматтардын негизинде [ү] фонемасын диффузиялуу, бийик тондуу, бемолдуу үндүү деп мүнөздөөгө болот.

[ү] фонемасы башка ичке үндүүлөр сыяктуу эле артикуляциясы боюнча терең-түпчүл (к), (г) тыбыштары менен полярдык катышта тургандыктан, кеп агымында аларга айкашпайт. Калган үнсүздөр менен ар кандай комбинацияда келе берет. Муундагы орду, басымга мамилеси боюнча эркин.

[ү] фонемасы эринчил үнсүздөр менен айкашканда экинчи форманты ($F_2$) көп өзгөрбөйт, айрым учурда биринчи формантынын ($F_1$) жыштыгы спектрдин өткөөл тилкелеринде бир аз төмөндөшү байкалат. Уччул жана орточул үнсүздөргө айкашканда да форманттык түзүлүшүндө олуттуу өзгөрүүлөр байкалбайт. Ал эми түпчүл үнсүздөрдөн кийин келгенде, негизги аллофонуна караганда спектрдин башында экинчи формантынын ($F_2$) жыштыгы төмөндөйт. Артикуляциялык жактан [ү]

фонемасынын мындай аллофону тилдин артка тартылышында жасалгандыгы менен мүнөздөлөт.

Созулма үндүүлөр үчүн кыска түгөйлөрү катышкан 200 сөз эксперимент үчүн материал катары тандап алынды. Бул сөздөр экиден аял жана эркекке окутулуп, магнитофонго жазылган соң ар бир сөздүн осциллограммасы алынды. Алардын жалпы саны 800 болду.

Изилдөө бир муундуу, эки муундуу, көп муундуу сөздөрдүн башында (*ууч - уч, оор - ор, аары - ары*), ортосунда (*таан - тан, туурдук - турдук, каат - кат, маара - мара*) жана соңунда (*өгөө - өгө*) келген үндүүлөрдүн созулушун талдоого багытталды.

Талдоого алынган бул материалдардын негизинде мсек менен ченелген үндүүлөрдүн созулуш даражасы аныкталды. Бул көрсөткүч боюнча созулма үндүүлөр кыска үндүүлөргө салыштыруудан өткөрүлдү. Төмөндө мындай салыштыруунун бир бөлүгү келтирилет:

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ууч | 446 | уч | 144 | 3, 1 |
| оор | 504 | ор | 168 | 3 |
| таан | 444 | тан | 148 | 3 |
| туурдук | 360 | турдук | 94 | 3, 82 |
| каат | 388 | кат | 126 | 3, 15 |
| аары | 416 | ары | 194 | 2, 14 |
| тоок | 492 | ток | 138 | 3, 56 |
| маара | 400 | мара | 150 | 2, 66 |
| өгөө | 504 | өгө | 224 | 2, 25 |

Бул маалыматтар созулма үндүүлөр кыска үндүүлөргө караганда орто эсеп менен 2 ден 4 эсеге чейин (соңку мамыча) созулуп айтыларын көрсөтөт.

Ошол эле маалда үндүүлөрдүн созулушу сынакка тартылган дикторлордун сүйлөө өзгөчөлүгүнөн да, сөз ичиндеги муун саны менен муун түрүнөн да, үндүүлөрдүн сөз башында, сөз ортосунда жана сөз соңунда келишинен көз каранды болору аныкталды.

Биз териштирген эксперименттик материалдарда көп муундуу сөздөрдөгү айрым созулма үндүүлөрдүн созулушу кыска үндүүлөрдүн созулушуна караганда алдаканча кыска болгон учурлар да катталды. Бирок биз үчүн эң олуттуусу -

созулма үндүүлөрдүн сөз аягына кыскарып келиши. Муну төмөнкү даректер тастыктайт:

| Созулма үндүү катышкан сөздөр | Созулма үндүүнүн созулушу (мсек) | Кыска үндүү катышкан сөздөр | Кыска үндүүнүн созулушу (мсек) | Созулма-кыска үндүүнүн катышы |
|---|---|---|---|---|
| суулуу | 344 | сулу | 184 | 1, 86 |
| | | | 178 | 1, 71 |
| уулуу | 348 | улу | 172 | 2, 02 |
| | 362 | | 188 | 1, 92 |

Мында бир сөздөгү карама-каршы коюлуучу эки созулма жана эки кыска үндүүнүн созулуу даражасы көрсөтүлдү. Тактап айтканда, *суулуу - сулу, уулуу - улу* сөздөрдөгү үндүүлөрдүн бири сөз башында (***уу****луу - **у**лу*), экинчиси сөз ортосунда (*с**уу**луу - с**у**лу*) жана сөз аягында (*сулу**уу** - сул**у**, улу**уу** – ул**у**)* кандай сандык көрсөткүчкө ээ болгондугу аныкталды.

Ошентип, сөз соңундагы созулма үндүүнүн созулушунун сөз соңундагы кыска үндүүнүн созулушуна болгон катышы сөздүн башы жана сөз ортосундагыга салыштырганда алда канча кыска болот. Бул кубулуш көп муундуу сөздөрдө муундун созулуп айтылышы муун саны өскөн сайын кыскара берери менен үндөшүп турат. Муну төмөнкү даректер тастыктайт:

| Сөздөр | 1-2-үндүүнүн созулушу | Сөздөр | 1-2-үндүүнүн созулушу | Созулуу катышы |
|---|---|---|---|---|
| уулуу | 348 | улуу | 142 | 2, 45 |
| | 362 | | 428 | 0, 84 |
| уулуу | 348 | уулу | 368 | 0, 94 |
| | 362 | | 182 | 1, 98 |
| уулуу | 348 | улу | 152 | 2, 28 |
| | 362 | | 188 | 1, 92 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| уулу | 368 | улуу | 142 | 2, 59 |
| | 182 | | 428 | 0, 42 |
| уулу | 368 | улу | 152 | 2, 42 |
| | 182 | | 188 | 0, 96 |
| улуу | 142 | уулу | 152 | 0, 93 |
| | 428 | | 188 | 2, 27 |
| улуу | 142 | уулу | 368 | 0, 38 |
| | 425 | | 182 | 2, 35 |
| суулуу | 354 | сулуу | 86 | 4, 11 |
| | 306 | | 370 | 0, 90 |
| сулуу | 354 | сулу | 84 | 4, 21 |
| | 306 | | 178 | 1, 71 |
| сулуу | 86 | сулу | 84 | 1, 02 |
| | 370 | | 178 | 2, 07 |
| маара | 400 | мара | 150 | 2, 66 |
| | 200 | | 220 | 0, 90 |
| туурдук | 360 | турдук | 94 | 3, 82 |
| | 105 | | 86 | 1, 22 |

Ошентип, үндүүлөрдүн созулушу кеп агымында ар түрдүү фонетикалык, морфологиялык, лексикалык, контексттик ж.б. себептердин таасиринде өзгөрүп турат. Мындай үндүүлөрдүн созулушуна үндүүлөрдүн алдындагы жана артындагы үнсүздөр, муундун ачыкже жабыктыгы, басым түшүп же түшпөй айтылышы, үндүүнүн жоон-ичкелик, кең-кууштук, ачык-эриндик сапаты таасир этет.

Жогоруда азыркы кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштардын артикуляциялык касиеттери жана акустикалык сапаттары жөнүндө аздыр-көптүр сөз кылып, анализге алдык.

Булардын акустикалык сапатын аныктоодо биринчи ($F_1$) жана экинчи ($F_2$) форманттык жыштыктарынын маанилери каралды. Кыргыз тилиндеги үндүү тыбыштарды артикуляциялык жана акустикалык жактан талдоонун натыйжалары, алардын бул

касиеттери бири-бири менен тыгыз байланышып, ажырагыс абалда экендигин көрсөттү. Эгерде үндүү тыбыштар тилдин канчалык алга сунулушунда жасалса, экинчи форманты ($F_2$) ошончолук жогорку жыштыкта, тил канчалык артка тартылып жасалса, экинчи форманты ($F_2$) ошончолук төмөн болорлугу, алдыңкы резонатордун канчалык көп кеңейишинде айтылса, биринчи форманты ($F_1$) ошончолук жогорку жыштыкта, канчалык көп куушурулуп жасалса, ошончолук төмөнкү жыштыкта болорлугу аныкталды.

Тилдеги үндүү жана үнсүз тыбыштар артикуляциялык жана акустикалык касиеттери боюнча өз ара үндөшүп, шартташып турушат. Эксперименттик маалыматтар көрсөкөндөй, тилибиздеги үндүү фонемалардын негизги аллофондорунун биринчи форманты ($F_1$) 300 дөн 660 гц, экинчи форманты ($F_2$) 960 тен 2250 гц тилкеде жайгашат.

### 1.1.7. Үндүүлөрдүн белгилик мазмуну

Тилибиздеги ар бир үндүү тыбыш аларды бири биринен айырмалап турган ажыратуу белгилердин тиешелүү маанисин ичине камтыйт.

Ошондуктан үндүүлөрдүн белгилик мазмунун аныктоо үндүүлөрдүн системасын аныктоо дегенди билдирет. Кыргыз тилиндеги ар бир үндүүнүн белгилик мазмуну жогорудагы төрт белгинин бирден мааниси аркылуу төмөнкүчө аныкталат:

*Кыска үндүүлөр*

а - кыска, кең, ачык, жоон үндүү
е - кыска, кең, ачык, ичке үндүү
о - кыска, кең, эрин, жоон үндүү
ө - кыска, кең, эрин, ичке үндүү
ы - кыска, кууш, ачык, жоон үндүү
и - кыска, кууш, ачык, ичке үндүү
у - кыска, кууш, эрин, жоон үндүү
ү - кыска, кууш, эрин, ичке үндүү

*Созулма үндүүлөр*

аа - созулма, кең, ачык, жоон үндүү
ээ - созулма, кең, ачык, ичке үндүү
оо - созулма, кең, эрин, жоон үндүү
өө - созулма, кең, эрин, ичке үндүү.
уу - созулма, кууш, эрин, жоон үндүү.
үү - созулма, кууш, эрин, ичке үндүү.

Көрүнүп тургандай, тилибиздеги ар бир үндүү тыбыш милдеттүү түрдө төрт ажыратуу белгинин бирден гана маанисин өз ичине камтыйт да, ар бир үндүү тыбыштын белгилик мазмуну топтом жагынан өзүнчө жана кайталангыс болуп табылат. Ошол эле маалда өйдөкү эки топтун ар биринин ичинде белгилик мазмуну жактан үндүүлөр бири-бирине карата үч түрдүү катышта болот. Атап айтканда, кыска үндүүлөр өйдөкү 28 оппозициялык түгөй боюнча бири-бирине төмөнкүчө карама-каршы коюлат:

(1) үч белгиси тең ар башка мааниге ээ болгон кыска үндүүлөр төрт оппозициялык түгөйдү түзөт: *а - ұ, е - у, ы - ө, и - о;*

(2) бир белгисинин мааниси окшош, калган эки белгисиники ар башка болгон кыска үндүүлөр он эки оппозициялык түгөйдү түзөт: *а - ө, а - и, а - у, е - о, е - ы, е - ұ, о - ы, о - ұ, ө - и, ө - у, ы - ұ, и - у;*

(3) эки белгисинин мааниси окшош, бир белгисиники ар башка болгон кыска үндүүлөр он эки оппозициялык түгөйдү түзөт: *а - е, а - о, а - ы, е - ө, е - и, о -ө, о - у, ө - ұ, ы -и, ы - у, и - ұ, у -ұ.*

Ал эми созулма үндүүлөр болсо үч башкача 15 оппозициялык түгөй боюнча төмөнкүчө бири-бирине карама-каршы коюлат:

(1) үч белгиси тең ар башка мааниге ээ болгон созулма үндүүлөр эки оппозициялык түгөйдү түзөт: *аа - үү, ээ - уу;*

(2) бир белгисинин мааниси окшош, калган эки белгисиники ар башка болгон созулма үндүүлөр алты оппозициялык түгөйдү түзөт: *аа - өө, аа - уу, ээ - оо, ээ - үү, оо - үү, өө - уу;*

(3) эки белгисинин мааниси окшош, бир белгисиники ар башка болгон созулма үндүүлөр жети оппозициялык түгөйдү түзөт: *аа - ээ, аа - оо, ээ - өө, оо - өө, оо - уу, өө - үү, уу - үү.*

Ошентип, тилибиздеги кыска үндүүлөр да, созулма үндүүлөр да белгилик мазмунундагы айырмачылыктарына карай үч түрдүү оппозиция аркылуу бири-бирине карама-каршы коюлат экен:

(1) бир белгисинен айырмаланып, эки белгиси боюнча бирдей болгон оппозициялар аркылуу: *а - е, а - о, а - ы, е - ө, е - и, о - ө, о - у, ө - ү, ы - и, ы - у, и - ү, у - ү; аа - ээ, аа - оо, ээ - өө, оо - өө, оо - уу, өө - үү, уу - үү.* Мындай оппозицияны бир *өлчөмдүү оппозиция* деп атоого болот [Трубецкой 2000: 72-95];

(2) эки белгисинен айырмаланып, бир белгиси боюнча бирдей болгон оппозициялар аркылуу: *а - ө, а - и, а - у, е - о, е - ы, е - ү, о - ы, о - ү, ө - и, ө - у, ы - ү, и - у; аа - өө, аа - уу, ээ - оо, ээ - үү, оо - үү, өө - уу.* Мындай оппозицияны *эки өлчөмдүү оппозиция* деп атоого болот;

(3) бир эле учурда үч белгиси боюнча айырмаланган оппозициялар аркылуу: *а - ү, е - у, ы - ө, и - о; аа - үү, ээ - уу.* Мындай оппозицияны *үч өлчөмдүү оппозиция* деп атоого болот.

Эгерде кыска жана созулма үндүүлөрдү өз-өзүнчө эмес чогуу карай турган болсок, анда алар бирден төрт өлчөмдүү оппозицияга чейин бири-бирине карама-каршы коюларын байкоого болот.

## 1.2. ҮНСҮЗДӨР СИСТЕМАСЫ

Кайсы гана тил болбосун анын үнсүздөр системасы үндүүлөр системасына караганда алдаканча татаал жана көп кырдуу болот. Жогоруда белгиленгендей, акустикалык жактан үнсүздөр жалаң шыбыштан же шыбыш менен үндүн катышынан турса, үндүүлөр жалаң үндөн турат. Артикуляциялык жактан үнсүздөрдүн жасалышында ооз көңдөйүнүн бир жеринде сөзсүз тоскоол пайда болсо, үндүүлөрдүн жасалышында мындай тоскоол пайда болбостон аба ооздон эркин чыгат. Тилдеги колдонулушу жактан үнсүздөр муундун кошумча компонентин түзсө, үндүүлөр муундун өзөгүн түзөт.

Ошентип, тилибиздеги үнсүздөрдүн курамын жана бөлүнүш прициптерин аныктоо үчүн алардын акустикалык жана артикуляциялык табиятын жана тилдеги колдонуу өзгөчөлүктөрүн жетекчиликке алуу менен үнсүздөрдүн ажыратуу белгилерин аныктоо маселесин чечүү зарылдыгы келип чыгат.

### 1.2.1. Үнсүздөрдүн курамы

Кыргыз тилинде жазууда өзүнчө тамгалар аркылуу белгиленген да, белгиленбеген да үнсүздөр бар. Булардын ичинен жалаң гана төл сөздөрдө келген үнсүздөрдү *фонема* же *тирек үнсүздөр* деген термин менен атап, төмөнкүчө берүүгө болот:

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **п** | **т** | **ч** | **(к)** | **қ** |
| **б** | **д** | **ж** | **(г)** | **ғ** |
| **м** | **н** | **-** | **ң** | |
| **-** | **с** | **ш** | **-** | **-** |
| **-** | **з** | **-** | **-** | **(ғ)** |
| **(β)** | **л** | **р** | **й** | **-** |

Мында кашаа ичинде үнсүз үнтектердин варианттары көрсөтүлдү. Ошондо кыргыз тилиндеги төл сөздөрдө келген негизги тирек үнсүздөрдүн курамы казак тилиндегидей эле

[Жүнісбек 2009: 47-49] 17 фонема болуп чыгат. Алар төмөнкүлөр: ***п, б, м, т, д, н, с, з, л, ч, ж, ш, р, й, қ, г, ң.*** Ал эми бул үнсүздөрдүн үндөшүп айтылган түрлөрү төмөнкүчө аныкталат:

| | |
|---|---|
| [п] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [п п' п° п'°]; |
| [б] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [б б' б° б'°]; |
| [м] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [м м' м° м'°]; |
| [т] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [т т' т° т'°]; |
| [д] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [д д'д° д'°]; |
| [н] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [н н' н° н'°]; |
| [с] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [с с' с° с'°]; |
| [з] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [з з' з° з'°]; |
| [л] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [л л' л° л'°]; |
| [ч] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [ч ч' ч° ч'°]; |
| [ж] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [ж ж' ж° ж'°]; |
| [ш] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [ш ш' ш° ш'°]; |
| [р] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [р р' р° р'°]; |
| [й] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [й й' й° й'°]; |
| [к] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [к к' қ° к'°]; |
| [ғ] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [ғ г' ғ° г'°]; |
| [ң] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: | [ң ң' ң° ң'°]. |

Ошол эле маалда кыргыз тилинде эрин-эринчил жалпак жылчыкчыл [β] үнсүзүнүн [β β' β° β'°] төрт үндөш варианты да колдонулганын белгилей кетүү зарыл. Мисалы: аба - [а-βа], жебе - [с'е-β'е], кубул - [q°u-β°ul°], күбө - [k'°ü-β'°ö] ж.б. Кыргыз фонетикасында бул үнсүздүн мартабасы алигиче так аныкталган эмес.

Ошентип, кыргыз тилинин артикуляциялык базасы 14 үндүү жана 68 үнсүздөн турган 82 үндөш тыбышты ичине камтыйт деп кесе айтууга болот. Аталган көрсөткүч [β] тыбышынын эсебинен дагы 4 үндөш тыбышка көбөйүшү мүмкүн. Бул - өзүнчө изилдөөнү талап эткен маселе.

### 1.2.2. Үнсүздөрдүн ажыратуу белгилери

Үнсүз тыбыштардын өзөгүн төрт ажыратуу белгиси түзөт. Алар төмөнкүлөр:

**1. Жасалуу ыгы.** Артикуляциялык мүнөздөгү бул белги үнсүздөрдүн жасалышына негиз болгон тоскоолдон өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы жарылып же жылчык аркылуу кысылып өтөрүн билдирет. Ошондуктан бул белги жарылма-жылчыкчылдык белгиси деп аталат да, үнсүз тыбыштарды жарылма жана жылчыкчыл үнсүздөр деген эки чоң топко бөлөт:

1) жарылма үнсүздөр - *п, б, м, т, д, н, ч, ж, к, г, қ, ң*;

2) жылчыкчыл үнсүздөр: с, з, *л, ш, р, й, ғ.*

Жарылмалардын ичинен *ч, ж* үнсүздөрү айтылганда жарылма менен башталып, жылчыкчыл болуп бүткөн куранды (аффрикат) тыбышка жатат. Бирок алар системада жылчыкчылдардын түрмөгүнөн эмес, жарылмалардын түрмөгүнөн орун алат [Садыков 1992: 46; Селютина 2011: 47].

**2. Жасалуу орду.** Бул белги үнсүздөрдүн жасалуу ордун аныктайт да, аларды төмөнкүдөй беш катарга (топко) бөлөт:

1 эринчилдердин катары: *п, б, м;*

2 тишчилдердин катары: *т, д, н, с, з, л;*

3 алдынкы таңдайчылдардын катары: *ч, ж, ш, р;*

4 артчылдардын катары: *й, к, г, ң;*

5 түпчүлдөрдүн катары: *қ, ғ, ң.*

**3. Түгөйлөш-уяңдык белгиси.** Бул белги үнсүздөрдүн түгөйлөш же түгөйлөш эместигине негизделет да, аларды түгөйлөш жана уяң үнсүздөр деген эки чоң топко бөлөт. Булардын ичинен түгөйлөш үнсүздөр биринчи жана экинчи сапты ээлешсе, уяң үнсүздөр үчүнчү сапты ээлейт:

1) түгөйлөштөр *п-б, т-д, ч-ж, к-г, қ-ғ, с-з, ш-Ø* ж.б.;

2) уяңдар *м, н, ң, л, р, й.*

**4. Каткалаң-жумшактык белгиси**. Бул белги үнсүздөрдүн үн катышып же катышпай айтылышына негизделет да, аларды *каткалаң* жана *жумшак үнсүздөр* деген эки чоң топко бөлөт. Каткалаң үнсүздөр биринчи сапка жайгашса, жумшак үнсүздөр экинчи сапка жайгашат.

Жыйынтыктап айтканда, тилибиздеги ар бир үнсүз тыбыш жогорку төрт белгинин бирден маанисин өз ичине камтыйт да, бул белгилер үнсүздөр системасынын өзөгүн түзүп, үнсүздөрдүн ич ара бөлүнүшүн аныктайт.

### 1.2.3. Жарылмалар түрмөгү

Кыргыз тилиндеги жарылма үнсүздөр төмөнкү типологиялык кеште аркылуу тастыкталат:

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|
| п | т | ч | к | қ |
| б | д | ж | г | ғ |
| м | н | - | ң | |

Мында: 1) *ң* тыбышы жоон үндүү менен катар келсе, 5-катардан түпчүл болуп айтылат: сал. *аң, таң, чоң, чың,* заң. Ичке үндүү менен катар келсе, 4-катардан артчыл болуп айтылат: сал. *эң, тең, кең, жең, үңү* ж.б.;

2) *қ, ғ* үнсүздөрү *кыргыз, кымыз, комуз* сыяктуу сөздөрдө жоон үндүүлөр менен катар келип айтылса, *к, г* үнсүздөрү *келин, кереге, тилек* өңдүү сөздөрдө ичке үндүүлөр менен бирге келип айтылат;

3) *ғ* үнсүзү көбүнчө жылчыкчыл болуп айтылганына карабай жарылмалар түрмөгүндө да, жылчыкчылдар түрмөгүндө да берилди. Анткени ал *таңга маал, шаңга бөлөндү, аңга түштү* сыяктуу тизмектерде жарылма болуп айтылат.

Көрүнүп тургандай, 1-5-катардагы сандар үнсүздөрдүн жасалуу ордун билдирет. Булардын ичинен 1-катар эринчилдердин катары деп, 2-катар тишчилдердин катары деп, 3-катар алдыңкы таңдайчылдардын катары деп, 4-катар артчылдардын катары деп, 5-катар түпчүлдөрдүн катары деп аталат.

Ошол эле маалда 1-2-саптагы үнсүздөр түгөйлөш жарылма үнсүздөрдүн тобун түзөт: *п-б, т-д, ч-ж, к-г, қ-ғ ж.б.* 3-саптагы үнсүздөр түгөйү жок жарылма уяң үнсүздөрдүн курамын аныктайт: *м, н, ң ж.б.*

Түгөйлөш үнсүздөр бири-биринен каткалаң-жумшактык белгиси боюнча айырмаланат да, бул белги жарылмаларды каткалаң жана жумшак үнсүздөр деген эки топко бөлөт. Булардын ичинен каткалаңдар 1-сапта, жумшактар 2-сапта жайгашат. Ал эми 3-сап түгөйү жок уяңдарга ыйгарылат:

1) каткалаңдар: *п, т, ч, к, қ;*
2) жумшактар: *б, д, ж, г, ғ;*
3) уяңдар: *м, н, ң.*

Ошентип, кыргыз тилиндеги жарылма үнсүздөрдүн курамы жогорку кештеде көрсөтүлгөн тыбыштар менен аныкталса, алардын бөлүнүшү (классификациясы) аталган кештенин өзү менен тастыкталат. Атап айтканда, жарылмалар жарылма-жылчыкчылдык белгиси боюнча жылчыкчылдардан ажыратылган соң түрмөк ичинде

(1) жасалуу орду боюнча 5 топко,

(2) шыбыш менен үндүн катыш даражасы боюнча түгөйлөш-уяң үнсүздөрдүн 2 тобуна,

(3) түгөйлөштөр ич ара үн катышы боюнча каткалаң-жумшак үнсүздөрдүн 2 тобуна ажырайт.

### 1.2.4. Жылчыкчылдар түрмөгү

Кыргыз тилиндеги жылчыкчыл үнсүздөр өйдөкүдөй эле типологиялык кеште менен төмөнкүчө сыпатталат:

| **1** | **2** | **3** | **4** | **5** |
|---|---|---|---|---|
| **(ф)** | **с** | **ш** | **(х)** | **-** |
| **(в)** | **з** | **-** | **-** | **ғ** |
| **β** | **л** | **р** | **й** | **-** |

Мында: 1) *физика, ваучер, химия* өндүү жалаң гана чет сөздөрдүн тутумунда келген *ф, в, х* үнсүздөрүнүн кыргыз тилиндеги тыбыштык статусу күнү бүгүнкүгө чейин илимий жактан так аныкталбай келет;

2) β үнсүзү *б* тамгасы менен белгиленип, эки үндүүнүн ортосунда дайыма кош эринчил жалпак жылчыкчыл тыбыш

болуп айтылат, бирок жазууда бтамгасы менен белгиленет: *аба, ооба, убакыт, түбөлүк, күбө, обо, абал ж.б.*

Көрүнүп тургандай, жылчыкчыл үнсүздөрдүн курамы чет сөздөрдүн тутумунда келген *ф, в, х* үнсүздөрүн эске албаганда жарылмалардын курамына караганда алда канча аздык кылат. Ошентсе да, жылчыкчыл үнсүздөрдүн ажыратуу белгилери менен бөлүнүшү жарылмаларга толугу менен дал келет.

Корута айтканда, жылчыкчыл үнсүздөрдү жарылма-жылчыкчыл белгиси боюнча жарылмалардан бөлүнүп алган соң түрмөк ичинде

(1) жасалуу орду боюнча 5 топко,

(2) шыбыш менен үндүн катышы боюнча түгөйлөш-уяң үнсүздөрдүн 2 тобуна,

(3) түгөйлөштөр ич ара үн катышы боюнча каткалаң-жумшак үнсүздөрдүн 2 тобуна ажырайт.

### 1.2.5. Үнсүздөрдүн артикуляциялык базасы

Үнсүздөрдүн артикуляциялык базасын [Жүнісбек 2009: 34-43; Селютина 2011: 13-44] аныктоо үчүн алардын ажыратуу белгилерин да, коштоочу белгилерин да так ачып көрсөтүү зарыл. Тактап айтканда, ажыратуу белгилер аркылуу үнсүздөрдүн (1) жасалуу орду, (2) жасалуу ыгы, (3) түгөйлөштүгү, (4) үн түйүндөрүнүн термелүү даражасы аныкталса, коштоочу белгилер аркылуу (1) сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы, (2) таңдай көшөгөсүнүн ачык-жабык абалы, (3) үндөштүк кубулушуна ылайык ар кандай вариантта өзгөрүп айтылышы такталат.

Ошентип, үнсүздөрдүн жасалышына мүнөздөмө берүүдө иралды кыргыз фонетикасы боюнча топтолгон объективдүү маалыматтар жетекчиликке алынат [Ахматов 1968-70; Орусбаев, Токтоналиев 1991; Сыдыков 1990; Садыков 2006; Кадырова 1988; Момунбаева 1984; Шаймергенова 1986 ж.б.]. Ал эми тактоону талап кылган бир катар учурлар боюнча Орусия Илимдер Академиясынын Сибирь бөлүмүнүн В.М.Наделяев атындагы эксперименттик фонетикалык изилдөөлөр лабораториясында магниттик-ресонанстык (МР) томография технологиясын

колдонуу аркылуу атайын түзүлгөн программа боюнча кошумча изилдөөлөр жүргүзүлдү (28.10.2012). Эксперимент өткөрүү үчүн төмөнкүдөй бир муунду сөздөр тандап алынды:

| | | | |
|---|---|---|---|
| аПа | аТа | аЧ | баКа |
| аБа | аДа | Жыл | аГа |
| каМ | жаН | - | - |
| аСа | - | аШ | - |
| саЗы | - | каР | чаҢ |
| аЛа | - | аЙ | ж.б. |

МР-томографта аталган сөздөр автор тарабынан улам кайталап окулган соң тиешелүү томограммалар алынды. Томограммалардын контурун сүрөткө түшүрүү жагы В.М.Наделяев атындагы эксперименттик фонетикалык изилдөөлөр лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери, филология илимдеринин кандидаты Н.С.Уртегешов тарабынан ишке ашырылды. Ан үчүн биз ага ак дилден ыразычылыгыбызды билдиребиз. Ошентип, өйдөкү учурларды жетекчиликке алуу менен тилибиздеги үнсүздөр төмөнкүчө мүнөздөлөт.

**п [*p*] фонемасы -** жумшак [*b*]'нын каткалаң түгөйү, айтылганда эриндер күчтүү чыңалып, астыңкы эрин үстүңкү эринге тийип, тогошуп, үн жолун жаап тоскоол пайда кылат. Тил артка тартыңкы абалда болот. Жасалуу орду боюнча кош эринчил үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы эриндер тогошкон тоскоолду жарып өтүү аркылуу жасалат. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Эриндердин чыңалуу даражасы жагынан күчтүү үнсүз деп табылат. Үн түйүндөрү бейтарап абалда калат. Үн жолун ачып, үн түйүндөрү катышпай айтылгандыктан каткалаң үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай оозчул тыбыш деп табылат.

Төл сөздөрдүн ортосу менен аягында гана келет: *а-па, жы-пар, қо-рум, жап, топ, жип ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *а-па, кап, кып-чы*,

2) ичке ачык вариантта: *се-пил*, *теп, эп-чи*,

3) жоон эрин вариантта: *то-поз, топ, уп-чу,*

4) ичке эрин вариантта: *ү-пүп, чөп, тү-пөк*.

Сөз соңунда тынымдын алдында жана сөз ичинде жарылма үнсүздөн мурда эриндер тогошот, бирок жарылбай имплозивдүү болуп айтылат: *жап, жип, жуп, сеп, теп, та-пт-ым, қа-пт-ал, қа-пқ-ан ж.б.*

Сөз ичинде үндүү тыбыш менен жылчыкчыл үнсүздүн ортосунда жылчыкчыл болуп айтылат. Мисалы: *тапшыр* - [*taɸʃɪr*], *капшыт* - [*qaɸʃɪt*], *апсай* - [*aɸsay*], *супсак*- [*suɸsaq*].

Татаал сөздүн түгөйлөрүнүн арасында же эки сөздүн чегинде үндүү тыбыш менен жылчыкчыл үнсүздүн ортосунда келсе, жылчыкчыл болуп айтылат. Мисалы: *алып сал - [alɪɸsal], күлүп сүйлө - [külüɸsülö*].

**б [*b*] фонемасы -** каткалаң [*p*]'нын жумшак түгөйү (өйдөкү сүрөттү караңыз), жасалганда тил бейтарап абалда калат, эриндер алсыз чыңалып, бири бирине тийишип, тогошуп, үн жолунда тоскоол пайда болот. Тил эркин бейтарап абалда калат. Жасалуу орду боюнча кош эринчил үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы эриндер тогошкон тоскоолду жарып өтүү аркылуу жасалат. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Эриндердин чыңалуу даражасы жагынан алсыз үнсүз деп табылат. Үн түйүндөрү бир аз чыңалып, бири бирине жакындашып кыймылга келет. Үн түйүндөрү жартылай термелип айтылгандыктан жумшак үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жабат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай оозчул тыбыш деп табылат.

Төл сөздөрдүн башында жана ортосунда гана келет: *бал, ба-ла, кам-был, тан-ба, жам-баш* ж.б.

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *ба-ба, бы-чак, там-ба*,

2) ичке ачык вариантта: *бек-бе-кей*, *бил, бий-кеч*,

3) жоон эрин вариантта: *бо-то, дом-бу-ра, бу-лак,*

4) ичке эрин вариантта: *бүк-төө, бү-лө, бөл, бө-рү*.

[*b*] фонемасы эки үндүүнүн ортосунда, же *л, р, й* үнсүздөрү менен үндүүнүн арасында кош эринчил жарылмалык сапатын жоготуп, кош эринчил жалпак жылчыкчыл [β] тыбышына өтүп айтылат: *аба* [a-β̲a], *убак* [ʃu-β̲aq], *себеп* [se-β̲ep], *собол* [ʃso-β̲ol], *өбөлгө* [ʃö-β̲öl-gö], *үбөлүк* [ʃü-β̲ö-lük], *күбөлүк* [ʃkü-β̲ö-lük], *түбөлүк* [ʃtü-β̲ö-lük], *өбөк* [ʃö-β̲ök], *торбо* [ʃtor-β̲o], *арбак* [ʃar-β̲ak], *илбирс* [ʃil-β̲irs], *айбан* [ʃay-β̲an], *убал* [ʃu-β̲al], *кайберен* [ʃqay-β̲e-ren], *айбат* [ʃay-β̲at] ж. б.

**[β] фонемасы** сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык төрт вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *аба* - [a-β̲a],

2) ичке ачык вариантта: *жебе* - [c'e-β̲'e],

3) жоон эрин вариантта: *обо* - [o-β̲°o],

4) ичке эрин вариантта: *күбө* - [k'°ü-β̲'°ö].

[*b*] фонемасы эки сөздүн чегинде каткалаң жылчыкчыл *ш, с* үнсүздөрдөн кийин жарылмалык касиетин жоготуп, жылчыкчыл каткалаң [ф]үнсүзүнө өтүп айтылат. Мисалы:

| | |
|---|---|
| *түш болду* | [tüʃ-f̲ol-du |
| *аш берди* | [aʃ-f̲er-di] |
| *бас бери* | [bas-f̲e-ri ж.б. |

[*b*] фонемасы эки сөз ортосундагы каткалаң жарылма четчил (эринчил, артчыл/түпчүл) үнсүздөн кийин каткалаң үнсүзгө өтүп айтылат. Мисалы:

| | |
|---|---|
| *кырк беш* | [qırq-pe̲ʃ] |
| *тап берди* | [tap-p̲er-di] |
| *куп болот* | [qup-p̲o-lot] ж.б. |

**м [*m*] фонемасы** - түгөйүжок уяң үнсүз, жасалганда тил катышпайт. Эриндер өтө алсыз чыңалып, бири бирине тийишип, тогошуп, үн жолунда тоскоол пайда кылат. Тил эркин бейтарап абалда турат. Жасалуу орду боюнча кош эринчил үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы эриндер тогошкон тоскоолду жарып өтүү аркылуу жасалат. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Эриндердин чыңалуу даражасы жагынан эң алсыз үнсүз деп табылат. Үн түйүндөрү кыйла чыңалып, жакындашып, дирилдеп кыймылга келет. Үн түйүндөрү жумшак [*b*] тыбышына караганда көбүрөөк термелип айтылгандыктан уяң

үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү ылдый түшүп, мурун көңдөйүн ачат. Мурун көңдөйү катышып, аба мурундан да, ооздон да чыгып айтылганына карай мурунчул тыбыш деп табылат.

Төл сөздөрдүн башында да, ортосунда да, соңунда да келе берет: *мал, май, ма-ла, там, кум, эм-чек, кам-был, жам-баш ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *мал-чы, май-луу, сым-бат, чым-кый,*

2) ичке ачык вариантта: *эм-чек*, че-*чим, кем-чи-лик*, *би-лим,*

3) жоон эрин вариантта: *мо-мо-лой, дом-бу-ра, му-кам, о-ро-мол,*

4) ичке эрин вариантта: *мөл-түр, чөл-мөк, бөл-мө, кү-мүш, чө-мүч.*

**т [*t*] фонемасы -** жумшак [*d*]' нын каткалаң түгөйү, айтылганда тил алга жүткүнүп чыңалып, тил учу үстүңкү маңдай тиштин түбү менен бүйлөсүнө тийип, үн жолун жаап, тоскоол пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил учунан жасалган тишчил үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тоскоолду жарып өтөт. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча күчтүү үнсүз деп табылат. Эриндер да, үн түйүндөрү да бейтарап абалда болот. Үн түйүндөрү катышпай айтылганына карай каткалаң үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай оозчул тыбыш деп табылат.

Төл сөздөрдүн башында да, ортосунда да, соңунда да келе берет: *тал, тай, та-ка, там, а-та, бе-те-ге, кут, тат, жыт ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *та-ка, ат-та, а-та, жа-тык, ба-шат*,

2) ичке ачык вариантта: *те-ке*, *ти-кен, бе-те-ге, э-тиш, бет*, *ит,*

3) жоон эрин вариантта: *то-кой, ту-мак, о-то, то-ту, от, кут,*

4) ичке эрин вариантта: *төл, түр, бү-түр, өт-күр, өт, сүт.*

**д [*d*] фонемасы -** каткалаң [*t*]' нын жумшак түгөйү, жасалышы боюнча өзүнүн каткалаң түгөйүнө бир катар белгилери боюнча дал келет. Атап айтканда, тил алга жүткүнүп, алсыз чыңалат, тил учу үстүңкү маңдай тиштин түбү менен бүйлөсүнө тийет да, үн жолун жаап, тоскоол пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил учу тишчил үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тил учу кашка тиштин түбү менен бүйлөсүнө тийип турган тоскоолду жарып өтүшү аркылуу жасалат. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасына карай алсыз үнсүз деп табылат. Үн түйүндөрү кыймылга келип үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү катышып айтылгандыктан жумшак үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай оозчул тыбыш деп табылат.

Төл сөздөрдүн башы менен ортосунда гана келет: *де, да-ғы, ка-дам, ал-да, ыл-дам, шыл-дың* ж.б.

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *да-ғы, дат-ка, а-дыр, бал-дак, ы-дык,*

2) ичке ачык вариантта: *де-ди, дер-дей, ди-рил-де, бир-дик,*

3) жоон эрин вариантта: *до-лу, ду-мук, бос-до,* ооз-*дук, кыз-дуу,*

4) ичке эрин вариантта: *дөө, дө-бө, дү-лөй, күл-дүр, бүл-дүр.*

**н [*n*] фонемасы -** түгөйү жок уяң үнсүз, айтканда тил алга жүткүнүп, өтө алсыз чыңалып, тил учу үстүңкү маңдай тиштин түбү менен бүйлөсүнө тийип, үн жолун жаап, тоскоол пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил учу тишчил үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы ооз көңдөйүндө пайда болгон тоскоолду жарып өтүү аркылуу жасалат. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча эң алсыз үнсүз деп табылат. Эриндер бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү дирилдеп, үн жолунда үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү мол дирилдеп, шыбышка караганда үн

көбүрөөк катышып айтылгандыктан уяң үнсүз деп табылат. Таңдай көшөгөсү ылдый түшүп, мурун көңдөйүн ачып турат. Мурун көңдөйү ачылып, аба ооз менен кошо мурундан да чыгып айтылганына карай мурунчул тыбыш деп табылат.

Төл сөздөрдүн ортосунда жана соңунда гана келет: *сан-дык, эн-дик, сын-чы, сал-кын, со-гон* ж.б.

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *кан-дай, сы-нык, ай-ны, кый-на*,

2) ичке ачык вариантта: *тен-тек*, *мин-дир*, *се-кин, че-чен,*

3) жоон эрин вариантта: *он-то, кун-дуу, оо-на, туун-ду,*

4) ичке эрин вариантта: *өн-дүр, жөн-дө, үн-дүү, күн-дө.*

Сөз соңундагы *н* тыбышы мүчөже сөз башында *б/п/м* тыбыштарынын алдында *м* тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

*тан + ба > тамба* *жуун + ба > жуумба,*
*тун + ма > тумма* *катын + пос > қатымпос,*
*ойун + пос > ойумпос* *колдон + мо > қолдоммо,*
*орун + басар > орумбасар күн + батыш > күмбатыш* ж. б.

Сөз агындагы *н* тыбышы мүчөже сөз башында *г/г/қ/к* тыбыштарынын алдында *ң* тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

*көн + гөн > көңгөн* *жаан + га > жааңга*
*кан + кор > қаңқор* *күн + кор > күңқор*
*жакын + кы > жақыңқы* *түн + кү > түңкү*
*жан + кечти > жаңгешти* *жан + күйөр > жаңгүйөр*
*күн + карама > күңгарама* *түн + катар > түңгатар*
*үн + кош > үңгош* *күн + көр > күңгөр* ж.б.

**ч [ç] фонемасы -** жумшак [*с*]'нын каткалаң түгөйү, жасалганда тилдин тулкусу алга жүткүнүңкү чыңалып, ортоңку бөлүгү бир аз өйдө көтөрүлүп, алдыңкы бөлүгү кашка тиштин бүйлөлөрү менен катуу таңдайдын чектеш бөлүгүнө тийип, капталдары азуу тиштерге кыналып, тил учу бир аз төмөн түшкөн абалда үн жолун жаап, тоскоол пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил учу алдыңкы таңдайчыл (бүйлөчүл) үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба басым менен адегенде жарылып барып тоскоолду ачып, жарылма шыбыш чыгарат да, андан соң жылчыкка айланган тоскоолдон кысылып өтүп, шуулдама шыбыш чыгарат. Жарылма (импульс) жана шуулдама

(турбулент) шыбыштын ширөөсүнөн бүткөн бул татаал тыбыш жасалуу ыгы боюнча жарылма-жылчыкчыл (аффрикат) үнсүз деп табылат. Жарылма бөлүгү жылчыкчыл бөлүгүнөн дээрлик ашып түшүп жарылмалар түрмөгүнөн орун алат [16, 46; 28, 47]. Сүйлөө мүчөлөрүнүн чыңалуу даражасына карай күчтүү үнсүз деп табылат. Эриндер ачык абалда болот. Үн түйүндөрү бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү катышпагандыктан каткалаң үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыккандыктан оозчул үнсүз деп табылат.

Төл сөздөрдүн башында да, ортосунда да, соңунда да келе берет: *чал, чак, ча-ка, а-ча, бе-чел, күч, чач, тынч ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна карай 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *ча-ка, ак-ча, а-ча, а-чык, ба-чым*,

2) ичке ачык вариантта: *че-ке*, *чий-ки, бе-чел, эн-чи, чеч*, *ич,*

3) жоон эрин вариантта: *чо-кой, чу-ку, о-чок, чо-чун, учч,*

4) ичке эрин вариантта: *чөл, чү-кө, бү-чүр, өч-көн, көч, күч.*

Сөз соңундагы *ч* тыбышынан кийин *ч, т, л, н, д, ж, с* тыбыштарынан башталган мүчө же сөз келсе, ч тыбышы жарылмалык касиетин жоготуп, жылчыкчыл ш тыбышына өтүп айтылат:

| | |
|---|---|
| *ач + чы > ашчы* | *чач+ тарач> чаштарач* |
| *ач + ды > ашты* | *ач + жылаңач> ашчылаңач* |
| *чач + ды > чашты* | *жыгач + чы > жыгашчы* |
| *кач + са > кашса* | *кылыч + чан > кылышчан* |
| *чач + са > чашса* | *көмөч + нан > көмөшнан* |
| *үч + терек> Үштерек* | *кылыч + нын > кылыштын.* |

**ж [*с*] фонемасы -** каткалаң [*ç*]'нын жумшак түгөйү (өйдөкү сүрөттү караңыз), жасалышы көп жагынан каткалаң түгөйүнө дал келет. Атап айтканда, башталгыч фасада тилдин тулкусу алга жүткүнүңкү алсыз чыңалып, ортоңку бөлүгү бир аз өйдө көтөрүлүп, алдыңкы бөлүгү кашка тиштин бүйлөлөрү менен катуу таңдайдын чектеш бөлүгүнө тийип, капталдары азуу тиштерге кыналып, тил учу бир аз төмөн кайрылган абалда үн жолун жаап, тоскоол пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил учу

алдыңкы таңдайчыл (бүйлөчүл) үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба басым менен адегенде тоскоолду жарып барып, андан соң ачылган жылчыктан кысылып өтөт да, жарылма-шуулдама куранды татаал тыбыш жасалат. Жасалуу ыгы боюнча жарылма-жылчыкчыл үнсүзгө жатат. Жарылма бөлүгү жылчыкчыл бөлүгүнөн ашып түшкөндүктөн жарылмалар түрмөгүнөн орун алат. Сүйлөө мүчөлөрүнүн чыңалуу даражасына карай алсыз үнсүз деп табылат. Эриндер бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү жартылай кыймылга келип, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү жартылай катышып айтылганына карай жумшак үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай оозчул тыбыш деп табылат.

Төл сөздөрдүн башы менен ортосунда гана келет: *же, жа-лын, ба-жа, ал-жы, жал-жал, кубул-жу ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш варианта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *жа-быш, жыт-та, ка-жы, жал-жал,*

2) ичке ачык вариантта: *же-миш*, *жер-деш*, *жи-бер, жи-лик, э-же,*

3) жоон эрин вариантта: *жо-гол, жу-муш, жо-ро-мол, жол-жол,*

4) ичке эрин вариантта: *жөө, жө-жө, жү-рөк, кө-жө*, *мүл-жү*.

**к [*k*] фонемасы -** жумшак [*g*]’ нын каткалаң түгөйү, айтылганда тилдин тулкусу артка жүткүнүңкү жыйрылып, учу төмөн түшүп, астыңкы маңдай тиш менен бүйлөлөрүнө жакындап, арткы бөлүгү өйдө көтөрүлүп жумшак таңдай менен катуу таңдайдын чектеш жерине тийип, үн жолун бөгөгөн тоскоолду пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил артынан жасалган артчыл үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тоскоолду жарып өтөт. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча күчтүү үнсүз деп табылат. Үн түйүндөрү менен эриндер бейтарап абалда болот. Үн түйүндөрү катышпай айтылганына карай

каткалаң үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай оозчул тыбыш деп табылат.

Төл сөздүн ортосу менен соңунда ичке үндүүлөр менен гана айкаша келет: *эр-ке, эч-ки, э-тек, эр-кек, бек, жик, жи-лик ж.б.*

Сөз башында ичке үндүүлөр менен катар жазылган *к* тамгасы адабий норма боюнча *г* тыбышы менен айтылат. Сал.: жазууда *кел, кий, көл, күч, кеме*, *кирпик,* бирок айтымда *гел, гий, гөл, гүч, геме*, *гирпик ж.б.* Ошентсе да, тилибиздин айрым жергиликтүү айтымдарында ушул эле шартта сөз башындагы *к* тыбышынын колдонушуна жол берилет: *кел, кий, көл, күч, кеме*, *кирпик, көчө, көлөкө, күрүч* ж.б.

Сөздөгү үндөштүк кубулушуна ылайык *к* тыбышы 2 үндөш вариантта айтылат:

1) ичке ачык вариантта: *бе-ки, ти-кен, бек*, *тик,*

2) ичке эрин вариантта: *бү-күр, өт-күр, бөк, түк.*

Аягы *к* тыбышы менен бүткөн сөзгө мүчө уланганда кош үндүүнүн ортосунда калган *к* тыбышы жумшарып *г* тыбышына өтүп айтылат:

| | |
|---|---|
| *жибек+ ы > жибеги* | *жүрөк + ы> жүрөгү* |
| *тирек+ ы > тиреги* | *гүрөк + ы> гүрөгү* |
| *гөк + ар > гөгөр* | *чөк + ар > чөгөр ж.б.* |

**г [*g*] фонемасы -** каткалаң [*k*]’ нын жумшак түгөйү, жасалышы жагынан өз түгөйүнө дал келет. Атап айтканда, тил өнө бою артка жыйрылып, учу төмөн түшүп, астыңкы маңдай тиш менен бүйлөлөрүнө жакындап, арткы бөлүгү өйдө көтөрүлүп жумшак таңдай менен катуу таңдайдын чектеш жерине тийип, үн жолун бөгөп, тоскоол пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил артынан жасалган артчыл үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тоскоолду жарып өтөт. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча алсыз үнсүз деп табылат. Эриндер бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү жартылай дирилдеп, кыймылга келип, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү жартылай катышып айтылгандыктан жумшак үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө

көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай оозчул тыбыш деп табылат.

Төл сөздүн башы жана ортосунда ичке үндүүлөр менен гана айкаша келет: *гөл, гөк, гүч, гүл, ге-лин, ги-лем, гө-чө, тер-ге, кир-гил, те-ле-гей ж.б.*

Эки үндүүнүн ортосунда сүйлөө органдарынын алсыз чыңалышынын натыйжасында жарылмалык касиетин жоготуп, көбүнесе жылчыкчыл үнсүзгө өтүп айтылат: *жи-гит, ти-гил, бү-гүн, өр-гү, жөр-гө-мүш, төө-лө-гөн, ге-ле-гет* (< *келе кет*) ж.б.

Сөздөгү үндөштүккө ылайык 2 үндөш вариантта айтылат:

1) ичке ачык вариантта: *ге-лин, ги-лем, жи-гит, ти-гил,*

2) ичке эрин вариантта: *гө-чө, гүр-мөк, бү-гүн, бүр-гөн.*

**қ [*q*] тыбышын -** жумшак [ğ]' нын каткалаң түгөйү, айтылганда тилдин тулкусу артка тартылып, жыйрылып, учу төмөн түшүп, астыңкы маңдай тиштин бүйлөлөрүнө жакындап, арткы бөлүгү өйдө көтөрүлүп, ага утурлай ылдый түшкөн жумшак таңдай менен кичине тилге тирелип, үн жолун жаап, тоскоол пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил түбү кичине тилден жасалган түпчүл үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тоскоолду жарып өтөт. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча күчтүү үнсүз деп табылат. Эриндер бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү кыймылсыз болот. Үн түйүндөрү катышпай айтылганына карай каткалаң үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү бир аз төмөн түшөт, бирок мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылгандыктан оозчул тыбыш деп табылат.

Төл сөз башында да, ортосунда да, соңунда да жалаң гана жоон үндүүлөр менен айкаша келет: *қал, қат, қа-нат, қы-лыч, қыр-чын, ба-қа, та-қа, чы-қый, ыш-қыр, ақ, оқ, уқ, сақ, сық, қарқ ж.б.*

Сөздөгү үндөштүккө тете 2 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *қыр-ғыз, қы-мыз, та-қа, чы-қый,*

2) жоон эрин вариантта: *қо-муз, у-қу-руқ, то-қой, ор-тоқ.*

Аягы *қ* тыбышы менен бүткөн сөзгө мүчө уланганда же башка сөз кошулганда эки үндүүнүн ортосунда *қ* тыбышы жумшарып *ғ* тыбышына өтүп айтылат:

| | |
|---|---|
| *қалақ+ ы >қалағы* | *ақ + ар> ағар* |
| *қурақ+ ы > қурағы* | *чық + ым > чығым* |
| *уқуруқ + ы > уқуруғу* | *ақ + аюу> ағаюу* |
| *сақ + ын > сағын* | *ақ + ала> ағала ж.б.* |

Сөз ичинде жылчыкчыл *ш, с* үнсүздөрүнүн алдында жарылмалык сапатын жоготуп, жылчыкчыл болуп айтылат:

| | | | |
|---|---|---|---|
| *бақшы* | [*baχʃ*] | *жақшы* | [*yaχʃ*] |
| *сақсай* | [*saχsay*] | *ақшый* | [*aχʃɨy*] ж.б. |

Сөз соңунда тыным алдында жана сөз ичинде каткалаң жарылмадан мурда тилдин түпкү бөлүгү менен кичине тил тогошкон тоскоол ачылат, бирок жарылбай айтылат: *тақ, тоқ, тық, та̲қта, ы̲қчам, а̲ққан, ба̲ққан* ж.б.

**ғ [ğ] тыбышын -** каткалаң [*q*]'нын жумшак түгөйү, жасалышы каткалаң түгөйүн көп жагынан кайталайт. Айтылганда тил артка тартылып, жыйрылып, учу төмөн түшүп, астыңкы маңдай тиштин бүйлөлөрүнө жууктап, арткы бөлүгү өйдө көтөрүлүп, ылдый түшкөн жумшак таңдай менен кичине тилге жакындап, үн жолунда жылчык сымал тоскоолду пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил түбү кичине тилден жасалган түпчүл үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тоскоолдон кысылып өтөт. Жасалуу ыгы боюнча жылчыкчыл үнсүз деп тастыкталат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча алсыз үнсүз деп табылат. Эриндер бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү жартылай дирилдеп, кыймылга келип, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү жартылай катышып айтылгандыктан жумшак үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү бир аз төмөн түшкөнү менен мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай оозчул тыбыш деп табылат.

Көбүнчө сөз ортосунда, өтө сейрек сөз башында жоон үндүүлөр менен гана келет: *қыр-ғыз, а-ғы̲н, а-ға̲, со-ғу̲м, қар-ғы̲, ға̲-на, ға̲* ж.б.

Сөздөгү үндөштүк бою нча 2 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *қыр-ғыз, қар-ғы, жыл-ғын, қар-ға,*

2) жоон эрин вариантта: *со-ғум, қор-го-шун, бу-ғу, қыр-ғоол.*

Сөз ортосунда түпчүл мурунчул *ң* тыбышынан кийин жылчыкчылдык касиетин жоготуп, жарылма үнсүзгө өтүп айтылат:

| | | | |
|---|---|---|---|
| *таңғак* | [taŋğaq] | *уңгу* | [uŋğu] |
| *даңғыл* | [daŋğıl] | *сыңған* | [sıŋğan] |

**ң [ŋ] фонемасы -** түгөйү жок уяң үнсүз, айтканда тил өнө бою артка тартылып, жыйрылып, өтө алсыз чыңалып, тил учу төмөн түшүп, астыңкы маңдай тиштин бүйлөлөрүнө жакындап, арткы бөлүгү өйдө көтөрүлүп, төмөн түшкөн жумшак таңдай менен кичине тилге тирелип, үн жолун жаап, тоскоол пайда кылат. Жасалуу орду боюнча үндүүгө карата артчыл же түпчүл үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тоскоолду жарып өтөт. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча эң алсыз үнсүз деп табылат. Эриндер бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү дирилдеп, үн жолунда үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү мол дирилдеп, шыбышка караганда үн көбүрөөк катышып айтылгандыктан уяң үнсүз деп табылат. Таңдай көшөгөсү ылдый түшүп, мурун көңдөйүн ачып турат. Мурун көңдөйү ачылып, аба ооз менен кошо мурундан да чыгып айтылганына карай мурунчул үнсүз деп табылат.

Сөз ортосу жана соңунда гана келет: *жа-ңы, аң-ге-ме, же-ңиш, сы-ңар, үң-күр, үң-гү, аң, таң, тең, тоң, өң, чың, миң, муң, күң ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат да, жанаша келген үндүүгө карата жасалуу орду өзгөрүп турат:

1) жоон ачык вариантта түпчүл болуп: *аң, таң, чың, жа-ңы, сы-ңар,*

2) жоон эрин вариантта түпчүл болуп: *тоң, чоң, муң, үң-гү, қо-ңур*

3) ичке ачык вариантта артчыл болуп: *эң, тең, миң, же-ңиш, те-ңе,*

4) ичке эрин вариантта артчыл болуп: *өң, көң, күң, сөң-гөк, үң-күр.*

**с [*s*] фонемасы -** жумшак [*z*]'нын каткалаң түгөйү, айтылганда тил алга жүткүнүп, чыңалып, тил учу үстүңкү маңдай тиштин кырына жакындап, алды астыңкы тиштерге тирелип, ортосу бир аз өйдө көтөрүлүп, үн жолунда тегерек жылчык тоскоолду пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил учунан жасалган тишчил үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тегерек жылчыктан кысылып өтүп, ызылдама шыбыш чыгарат. Жасалуу ыгы боюнча жылчыкчыл үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча күчтүү үнсүз деп табылат. Эриндер да, үн түйүндөрү да бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү катышпай айтылганына карай каткалаң үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толук бойдон ооздон чыгып айтылгандыктан оозчул тыбыш деп табылат.

Төл сөздөрдүн башында да, ортосунда да, соңунда да келе берет: *сал, сай, са-қа, сат, ас-қа, ке-се, эс, ас, бас, барс ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *са-қа, ас-та, а-са, а-са-ба, қы-сыл*,
2) ичке ачык вариантта: *сер-ке, ке-се, э-лес, ил-бирс, кет-кис,*
3) жоон эрин вариантта: *той-бос, тоот-пос, жол-борс, ко-кус,*
4) ичке эрин вариантта: *сүт, түс-түү, өс, өт-күс, кү-нөс.*

**з [*z*] фонемасы -** каткалаң [*s*]'нын жумшак түгөйү, айтылганда тил алга жүткүнүп чыңалып, тил учу үстүңкү маңдай тиштин кырына жакындап, алды астыңкы тиштерге тирелип, , ортосу бир аз өйдө көтөрүлүп, үн жолунда тегерек жылчык тоскоолду пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил учунан жасалган тишчил үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тегерек жылчыктан кысылып өтүп, ызылдама шыбыш чыгарып, үн менен кошулуп айтылат. Жасалуу ыгы боюнча жылчыкчыл үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасына карай алсыз үнсүз деп табылат. Эриндер бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү дирилдеп, жартылай кыймылга келип, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү катышып айтылгандыктан жумшак үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү

катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай оозчул тыбыш деп табылат.

Төл сөздөрдүн ортосу менен соңунда гана келет: қы-*зыл, саз-дақ, ыз-ғыт, ал-сыз, тез, жез, қыз, күз, уз ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *қы-зыл, саз-дақ, ыз-ғыт, ал-сыз,*

2) ичке ачык вариантта: *де-ңиз, се-миз, тез-дик, ке-зек, тиз-ме,*

3) жоон эрин вариантта: *қооз, боз-до, ооз-дук, туз, ууз, бу-зул,*

4) ичке эрин вариантта: *өз, көз, күз-ғү, ү-зөң-ғү, жү-зүм.*

Жөнөкөй же татаал сөз ичинде каткалаң үнсүздүн алдында *з* тыбышы каткалаңдашып *с* тыбышына өтүп айтылат:

| | | | |
|---|---|---|---|
| *туз+ сыра* | [tussura] | *қыз + теке* | [qısteke] |
| *туз* + сыз | [tussuz] | *саз + тикен* | [sastiken] |
| *көз сал* | [kössal] | *көз + таңмай* | [göstaŋmay] |
| *аз + сан* | [assan] | *жез + тырмак* | [cestırmaq] |
| *жүз + токсон* | [cüstoχson] | *ооз + тий* | [o: stiy]. |

**л [*l*] фонемасы –** түгөйү жок уяң үнсүз, жасалганда тил алга жүткүнүп, өтө алсыз чыңалып, учу үстүңкү маңдай тиштин түбү менен бүйлөсүнө тийип, түбү жумшак таңдайга карай көтөрүлүп, капталдары төмөн түшүп, орто чени кашык сымал кайрылып, үн жолунда тилдин эки капталынан жылчыкча калтырылат. Жасалуу орду боюнча тил учунан жасалган тишчил үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тил учу тоскоолго кабылып, тилдин эки капталындагы жылчыктан айланып өтөт. Жасалуу ыгы боюнча капталчыл жылчыкчыл үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасына карай эң алсыз үнсүз деп табылат. Эриндер бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү дирилдеп, молунан кыймылга келип, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү мол катышып айтылгандыктан уяң үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай оозчул тыбыш деп табылат.

Төл сөздөрдүн ортосу менен соңунда гана келет: *ба-ла, ал-ғы, ил-бирс, у-лар, қы-зыл, ал, бал, бел, бол, бөл, бил, бул ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *ал-қыш, жыл-қы, тал, бал, ба-ла, қы-зыл,*

2) ичке ачык вариантта: *ил-бирс, же-лек, ке-лин, эл, бел, жел, тил, бил,*

3) жоон эрин вариантта: *жол-дош, қол-тук, тул-пар, уул, бул, құл, тол,*

4) ичке эрин вариантта: *көл-мө, чөл-дүк, үл-гү, ү-лүш, мөл-түр, өл-чөм.*

**ш [ş] фонемасы -** түгөйлөштөр ичинен жумшак түгөйү жок каткалаң үнсүз, айтылганда тил алга жүткүнүп, чыңалып, учу үстүңкү маңдай тиштин бүйлөлөрү менен катуу таңдайдын чектеш бөлүгүнө жакындап, капталдары азуу тиштерге кыналып, ортосу кашыкча сымал чуңкурайып арты жумшак таңдайга карай бир аз көтөрүлүп, үн жолунда жалпак жылчык тоскоолду пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил учунан жасалган алдыңкы таңдайчыл үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы жалпак жылчыктан кысылып өтүп, шуулдама шыбыш чыгарат. Жасалуу ыгына карай жылчыкчыл үнсүз деп тастыкталат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча күчтүү үнсүз деп табылат. Эриндер менен үн түйүндөрү бейтарап абалда болот. Үн түйүндөрү катышпай айтылганына карай каткалаң үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба бөлүнбөй толук бойдон ооздон чыгып айтылгандыктан оозчул тыбыш деп табылат.

Негизинен төл сөздөрдүн ортосу менен соңунда келет: *а-ша, о-шо, мы-шык, ма-шак, баш, жаш, теш, бош, төш, тиш, туш, түш, же-миш, жаз-мыш, тур-муш, кү-мүш* ж.б.

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *а-ша, ма-шак, аш-та, қыш, баш, жаш,*

2) ичке ачык вариантта: *те-шик, э-шек, бе-шик, же-миш, тиш, эш,*

3) жоон эрин вариантта: *коң-шу, қо-шоқ, жол-дош, қо-шун, у-руш,*

4) ичке эрин вариантта: *кү-мүш, түш-түк, кү-мүш, жү-рүш, төш.*

**р [*r*] фонемасы -** түгөйүжок уяң үнсүз, жасалганда тил алга жүткүнүп, өтө алсыз чыңалып, учу артка кайрылыңкы бир аз өйдө көтөрүлүп, алды үстүңкү маңдай тиштин бүйлөлөрү менен катуу таңдайдын чегине жакындашып, орто капталдары азуу тиштерге кыналып, эриндер артка тартылып, маңдай тиштер ачылып үн жолунда өзгөрүлмө тоскоолду пайда кылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тоскоолдон кысылып, тил учун дирилдетип барып сыртка чыгат. Жасалуу ыгы боюнча жылчыкчыл дирилдеме үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасына карай эң алсыз үнсүз деп табылат. Үн түйүндөрү дирилдеп, молунан кыймылга келип, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү мол термелип айтылгандыктан уяң үнсүзгө жатат. Эриндер бейтарап абалда калат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай оозчул тыбыш деп табылат.

Төл сөздөрдүн ортосу менен соңунда гана келет: *та-рак, ар-ға, ал-барс, у-лар, қыр-мы-зы, ор-оқ, бар, бер, бор, бүр, бир ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *ар-қа, жар-қын, тар, бар, қыр, сыр, ыр, жыр,*

2) ичке ачык вариантта: *кир-гил, жер-деш, тер-ме, эрк, бир, чер, бер,*

3) жоон эрин вариантта: *чор-дон, қор-гон, тур-муш, оор, боор, қур, тор,*

4) ичке эрин вариантта: *көр-көм, өр-дөк, сүр-гү, ү-рөн, мөл-түр, жүр.*

**й [у] фонемасы –** түгөйү жок уяң үнсүз, жасалганда тил өнө бою алга жүткүнүп, учу бир аз артка жыйрылып, тил учу эки капталы менен бирге астыңкы тиштерге кыналып, ортосу катуу таңдай менен жумшак таңдайдын чегине жакындап үн жолунда

жылчык тоскоолду пайда кылат. Жасалуу орду боюнча орточул/артчыл үнсүз деп табылат [8, 90].

Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы жылчык тоскоолдон кысылып өтүп шыбышты пайда кылат. Жасалуу ыгы боюнча жылчыкчыл үнсүзгө жатат.

Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасына карай эң алсыз үнсүз деп табылат. Үн түйүндөрү дирилдеп, молунан кыймылга келип үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү мол катышып айтылгандыктан уяң үнсүзгө жатат. Эриндер бейтарап абалда калат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай оозчул тыбыш деп табылат.

Төл сөздөрдүн ортосу менен соңунда гана келет: *та-йақ, ай-ғыр, ий-не, у-йуқ, қы-йан, ай, бай, бой, бий, үй ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *та-йақ, ай-ғыр, сый-лық, жа-йа, тай, бай,*

2) ичке ачык вариантта: *ий-не, се-йил, чир-кей, ке-дей, э-лей, тий, бий,*

3) жоон эрин вариантта: *жой-ло, қой-чу, туй-ғун, у-йуқ, бой, той, уй,*

4) ичке эрин вариантта: *көй-нөк, чүй-гүн, ұй-мө, ү-йүр, сүй-рүй, үй.*

### 1.2.6. Үнсүздөрдүн акустикалык базасы

[п] жана [б] фонемалары сөз башында 25-35 мсек созулуп айтылса, сөз ортосунда курчап турган фонетикалык контекстке жараша 60-80 мсек созулуп айтылат. Сөз аягында кээ бир учурда 100 мсек узарып айтылат.

[м] фонемасынын биринчи форманты (F ) 350-500 гц теги аймакта, экинчи форманты (F ) 1000-1450 гц теги аймакта кездешет. Созулуу убактысы - 90-120 мсек

[т] фонемасы [д] фонемалары импульс жана үндүн катышуусунда айтылат да, жыштык тилкесинин биринчи форманты ($F_1$) 300-400 гц, экинчи форманты 1250-2400 гц аралык менен чектелет.

[н] фонемасынын биринчи форманты (F ) 350-500 гц теги аймакта, экинчи форманты (F ) 1000-1450 гц теги аймакта кездешет. Созулуу убактысы - 90-120 м/сек.

[ч] жана [ж] фонемалары акустикалык жактан бир топ кызыгууну туудурат. Сөз башында [ж] ачык спектрге ээ болот. Бул өзгөчө төмөнкү жыштыктагы тилкелерде ишке ашкан үн күчүнөн даана байкалат. Биринчи форманты ($F_1$) 200-400 гц, экинчи форманты ($F_2$) 4000 гц тен 6000 гц ге чейин жетет. Ал эми 7000 гц тен кийин шыбыш күчөйт. [ж] фонемасынын сөз башында үндүүлөрдөн мурда келгендеги орточо созулушу 35-40 мсек.ка барабар. Бул фонеманын күңүрттүгү - негизги диапазондо төмөнкү жыштыктан жолукпагандыгы жана 3000 гц, же андан жогорку аймактагы бийик жыштыктуу шыбыш менен шартталганын көрөбүз. Ал эми [ч] фонемасынын спектринде белгилүү эки аймакта үндүн күчүнүн топтолгону жолугат. Биринчиси - 3000-4100 гц диапазондо, экинчиси - 5000-6000 гц диапазондо. Бул ширешкен [ч] үнсүзүнүн форманттары экени анык. Анткени анын спектрограммадагы $F_1$ жана $F_2$ форманттары айтылуу фазасына дал келет. [ч] үнсүз + үндүү, үнсүз + үнсүз айкаштарындагы созулушу 40 мсек.ка барабар.

Акустикалык жактан [к] үнсүзү бардык учурда кыска күңүрт жарылма спектри менен мүнөздөлөт. Биринчи форманттык жыштыгы (F) 350-450 гц теги аймакта, экинчи форманттык жыштыгы (F) 1000-2400 гц аймагында жайгашат.

Сонограммага 450-1200 гц жыштыктагы үндүн күчүнүн спектри таасын түшөт. Анан энергия алсызданып барып, кайра күчөйт. Бирок алгачкыга караганда күчсүз жана алсыз. Шыбыштуу үндүн күчү үнсүздөн үндүүгө өткөн учурда күчөйт. Өзгөчө мындай абал жоон [а] үндүү тыбышынын алдында даана байкалат.

[к] тыбышынын жогорку жыштыктагы диапазондо шыбыштын спектри ачык-айкын көрүнөт. Бул болсо [к] тыбышы башка тектеш тилдердегидей эле ичке үндүүлөр менен айкаша келгендигин тастыктайт. [к] фонемасынын спектриндеги биринчи формант ($F_1$) [а] фонемасынын спектринен дайыма бийик турат. Анткени ичке үндүүлөрдүн экинчи форманты ($F_2$) жоон үндүүлөрдүн экинчи формантына ($F_2$) караганда салыштырмалуу бийик экендиги маалым.

Осцилограмма жана спектрограмма көрсөткөндөй, сөз башында [к] фонемасынын жарылуу рекурсиясы гана байкалат, ал эми сөз аягында мындай жарылуу дайым эле бирдей боло бербейт. Бул фонеманын жарылуу фазасы 100 мсек созулат. Ал эми сөз ортосундагы анын созулушу 45-55 мсек чейин барат.

Акустикалык жактан [г] фонемасы негизинен 45-50 мсек созулат. Бул тыбыштын спектри ачык болушу үн күчүнүн алсыздыгы менен мүнөздөлөт. [г] фонемасынын биринчи форманты ($F_1$) 300-400 гц те, экинчи форманты ($F_2$) 1200-2500 гц теги алкактарда жайгашат.

[ң] фонемасынын биринчи форманты ($F_1$) [н] фонемасындай эле 400-500 гц теги аймакта, экинчи форманты ($F_2$) 1100-2500 гц теги тилкеде жолугат. Убакыт жагынан [ң] фонемасынын өз алдынча созулушу 80-110 мсек.ка барабар.

[с] жана [з] фонемалары спектр жактан ачык жана күңүрттүк сапаты менен айырмаланат. Формanttык жыштыктары - биринчи формант ($F_1$) 350-400 гц те, экинчи форманты ($F_2$) 900-1200 гц те көрүнөт. Муну проф. Ж.К.Сыдыковдун изилдөөлөрү да ырастайт [Сыдыков 1990: 89].

[л] фонемасынын биринчи форманттык ($F_1$) жыштыгы - 350-500 гц, экинчи форманттык ($F_2$) жыштыгы - 1000-2800 гц, созулушу 80-100 мсек.

[ш] фонемасынын биринчи форманты ($F_1$) - 400-500 гц, экинчи форманты ($F_2$) - 1300-1200 гц, созулуш убактысы - 70-110 мсек.

[р] фонемасынын форманттык жыштык тилкелери [ң] фонемасына жакын. Биринчи аймактык форманты ($F_1$) 400-500 гц, экинчи формантынын ($F_2$) аймактык жыштыгы 1000-2500 гц, созулушу - 70-100 мсек.

[й] фонемасынын биринчи форманттык ($F_1$) жыштыгы 350-400 гц, экинчи форманттык ($F_2$) жыштыгы 1300-2500 гц болот, убакыт жагынан созулушу - 70-100 мсек.

### 1.2.7. Үнсүздөрдүн белгилик мазмуну

*Жарылмалар түрмөгү*

п - жарылма, эринчил, түгөйлөш, каткалаң
б - жарылма, эринчил, түгөйлөш, жумшак
м - жарылма, эринчил, уяң
т - жарылма, тишчил, түгөйлөш, каткалаң
д - жарылма, тишчил, түгөйлөш, жумшак
н жарылма, тишчил, уяң
ч - жарылма, алд. таңдайчыл, түгөйлөш, каткалаң
ж - жарылма, алд. таңдайчыл, түгөйлөш, жумшак
қ - жарылма, түпчүл, түгөйлөш, каткалаң
ғ - жарылма, түпчүл, түгөйлөш, жумшак
ң - жарылма, түпчүл, уяң

*Жылчыкчылдар түрмөгү*

с - жылчыкчыл, тишчил, түгөйлөш, каткалаң
з - жылчыкчыл, тишчил, түгөйлөш, жумшак
л - жылчыкчыл, тишчил, уяң
ш - жылчыкчыл, алд. таңдайчыл, түгөйлөш, каткалаң
р - жылчыкчыл, алдыңкы таңдайчыл, уяң
й - жылчыкчыл, артчыл, уяң
х - жылчыкчыл, артчыл, түгөйлөш, каткалаң
(ғ) - жылчыкчыл, түпчүл, түгөйлөш, жумшак.

Мында түгөйлөш үнсүздөрдүн белгилик мазмуну төрт белги менен аныкталса, уяң үнсүздөрдүн белгилик мазмуну төрт эмес, үч белги менен аныкталат. Анткени уяң үнсүздөрдүн түгөйү жок, аларды бири-биринен ажыратуу үчүн үч белги гана талап этилет. Экинчиден үнсүз тыбыштардын белгилик мазмуну фонемалардын белгилик мазмунуна караганда алдаканча бай болот. Маселен, *бал, бар, тар* сөздөрүнүн баш-аягындагы үнсүздөрдүн белгилик мазмуну төмөнкү матрица аркылуу аныкталат

| | | | |
|---|---|---|---|
| **б** = | **1-жарылма**<br>**2-эринчил**<br>**3-түгөйлөш**<br>**4-жумшак**<br>5-оозчул<br>6-кош эринчил<br>7-алсыз<br>*8-ачык*<br>*9-жоон* | **т** = | **1-жарылма**<br>**2-тишчил**<br>**3-түгөйлөш**<br>**4-каткалаң**<br>5-оозчул<br>6-уччул<br>7-күчтүү<br>*8-ачык*<br>*9-жоон* |
| **л** = | **1-жылчыкчыл**<br>**2-тишчил**<br>**3-уяң**<br>4-оозчул<br>5-уччул<br>6-капталчыл<br>7-эң алсыз<br>8-*ачык*<br>9-*жоон* | **р** = | **1-жылчыкчыл**<br>**2-алд.таңдайч.**<br>**3-уяң**<br>4-оозчул<br>5-уччул<br>6-дирилдеме<br>7-эң алсыз<br>8-*ачык*<br>9-*жоон* |

Көрүнүп тургандай, ***б, т, л, р*** үнсүздөрүнүн фонемалык ички мазмуну жоон кара тамга менен берилген белгилер менен аныкталса, алардын тыбыштык ички мазмуну 9 белгинин бардыгы менен бирдей аныкталат. Бул 9 белгинин ичинен 5-7-жана 4-7-белгилер фонеманын белгилерин коштоп жүрсө, 8-9-белгилер муун ичиндеги үндүүнүн таасири менен пайда болот:

## 1.3. МУУН ТАБИЯТЫ

Тилдеги эң кичинекей айтым бирдиги *муун* деп аталат.Демек, сөз айтылганда тутумундагы ар бир тыбыш катары менен өз-өзүнчө бөлүп айтылбастан, муун-муунга бөлүп айтылат. Муундун табияты тыбыштардын табияты сыяктуу эле өтө татаал жана көп кырдуу. Ошондуктан фонетикалык адабияттарда муунга байланыштуу ар кандай теориялар, көзкараштар кездешет. Бирок алардын негизгилери экөө: акустикалык жана артикуляциялык теориялар.

**Акустикалык теория** *сонордуулук теориясы* деген аталыш менен даниялык окумуштуу Отто Есперсен, советтик окумуштуулар Р.И.Авенесов, А.Н.Гвоздев жана башкалар тарабынан өркүндөтүлгөн. Сонордуулук теориясы боюнча, тилдеги тыбыштар муун түзүүгө бирдей даражада катышпайт. Тилибиздеги тыбыштардын муун түзүү катышын аныктоо үчүн сонордуулугу жагынан аларды төмөнкүдөй 11 топко бөлүп кароого болот:

| | |
|---|---|
| 1. Каткалаң жарылма үнсүздөр: | ***п, т, к*** |
| 2. Каткалаң жылчыкчыл үнсүздөр: | ***с, ш, ф, х*** |
| 3. Жарылма жумшак үнсүздөр: | ***б, д, г*** |
| 4. Жылчыкчыл жумшак үнсүздөр: | ***з, ж, в*** |
| 5. Мурунчул уяңдар: | ***м, н, ң*** |
| 6. Оозчул уяңдар: | ***л, й*** |
| 7. Дирилдеме уяңдар | ***р*** |
| 8. Кууш-кыска үндүүлөр: | ***ы, и, у, ү*** |
| 9. Кең-кыска үндүүлөр: | ***а, э, о, ө*** |
| 10. Созулма кууш үндүүлөр: | ***уу, үү*** |
| 11. Созулма кең үндүүлөр: | ***аа, ээ, оо, өө.*** |

Жогорудагы 11 топтогу тыбыштар биринчи топтон соңку топко карай үндүн катышы жагынан күчөп олтурат:1-топтогу тыбыштар үн катышпай айтылса, 11-топтогу тыбыштар үндүн эң көп катышы менен айтылат. Ошондуктан муундун өзөгүн түзүүдө жогорку топтор тескери катышта болот. Демек, бул топтордун ичинен муун түзүүгө эң ыңгайлуусу 9-11-топтор.

Муун түзүүгө эң жараксызы - 1-2-3 жана башка топтор. Ошентсе да, тыбыштардын сонордуулук даражасы салыштырма мүнөзгө ээ, анткени бул белги катар келген тыбыштан көзкаранды болот.

Муундун артикуляциялык теориясына таянган экинчи көзкараш боюнча, сүйлөп жаткан учурда көкүрөк булчуңдарынын чыңалуусунун натыйжасында ооз көңдөйүнөн аба агымынын бөлүк-бөлүк болуп кысылып чыгышы муундун пайда болушун шарттайт. Франсуз окумуштуусу М.Граммон тарабынан негизделип, орус окумуштуусу академик Л.В.Щерба тарабынан өркүндөтүлгөн бул теория фонетикалык адабияттарда *булчуңдардын чыңалуу теориясы* деп аталат. Муундун артикуляциялык теориясын далилдөө үчүн фонетикалык атайын приборлор колдонулат. Жөнөкөй шартта да айтылган сөздүн муунга бөлүнүшүн байкоого болот. Эгерде биз күйүп турган шамга карай жакын аралыкта сүйлөсөк, анда шам жалп-жалп этип турат.

Кыргыз тил илиминде эксперименттик фонетиканын ыкмаларын колдонуу менен Н.Салахиддинова муун табиятына байланыштуу кандидаттык диссертациясын коргогон. Ошондой эле эне тилибиздин муун түзүлүшү Т.К.Ахматов, Ж.Сыдыков, А.Орусбаев, К.Токтоналиев өңдүү окумуштуулардын эмгектеринде изилдөөгө алынган.

### 1.3.1. Муун типтери

Кыргыз жана башка бардык түрк тилдери үчүн муундун алты тиби мүнөздүү. Бул типтер К.Тыныстан уулу тарабынан төмөнкүдөй шарттуу белгилер менен сыпатталган:

1. A: *уу, оо, ээ;*
2. AP: *ат, эт, от, ит, ут, өт;*
3. ALP: *алп, арт, уурт;*
4. PA: *де, же, тоо, төө;*
5. PAP: *бал, бел, көл;*
6. PALP: *калп, кант, даңк.*

Мында**:** A – үндүү тыбыш, P – үнсүз тыбыш, L – уяң үнсүз.

Көрүнүп тургандай, тарыхтагы сенек жана азыркы учурдагы жандуу түрк тилдери менен диалектилердин бардыгы үчүн бир муундуу төл сөздөр жогорудагы алты тип менен сыпатталат.

Проф. Карбоз Дыйкановдун «Кыргыз тилинин терс жана кери алфавиттүү сөздүгү» аттуу эмгегинде сөздүккө алынган 39057 сөздүн ичинен 2386 (6,1%) сөз бир муундуу сөзгө тиешелүү деп аныкталган. Бирок анда бир муундуу сөздөрдүн канчасы уңгу же туунду сөз, канчасы төл же чет сөз, төл сөздөрдүн ичинен канчоо муундун бул тибине, канчоо тигил тибине дал келет деген суроолорго так жооп берилбей калган.

Акад. Б.Орузбаеванын эсеби боюнча, К.К.Юдахиндин сөздүгүндө 34675 төл сөз камтылган: алардын ичинен уңгу-мүчөгө ажырабаганы - 5971 сөз, бир муундуулары - 1311 сөз.

Казак окумуштуусу академик Абдуали Кайдар тектештирме-тарыхый грамматиканын алкагында аткарган өзүнүн көп жылдык изилдөөлөрүндө мындай эсепти бир кыйла так жүргүзгөн экен. Анын эсеби боюнча, казак тилиндеги бир муундуу төл уңгулар сан жана үлүш жактан муун типтерине карай минтип бөлүштүрүлөт:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1) | РАР тиби: уңгунун саны | - 1035, үлүшү | - 76,6%; |
| 2) | АР тиби: уңгунун саны | - 158, үлүшү | - 11,7%; |
| 3) | РАLР тиби: уңгунун саны | - 117, үлүшү | - 8,7%; |
| 4) | калган типтер: уңгунун саны | - 40, үлүшү | - 3,0%; |
| Бардыгы: уңгунун саны | | - 1352, үлүшү | - 100,0%; |

Ал эми эки муундуу сөздөрдүн муун түзүлүшү К.Тыныстан уулу тарабынан төмөнкүчө эсептелип чыккан:

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1. | АРА | *ата, эне, үкү* |
| | | | 2. | АРАР | *атак, этек, элик* |
| | | | 3. | АРАLР | *айант, агарт, урунт* |
| | | | 4. | АРРА | *акта, окто, эзме, эски* |
| | | | 5. | АРРАР | *акшак, эскер, этмек* |
| | | | 6. | АРРАLР | *аңтар, албарс, илбирс* |
| | | А | 7. | АLРРА | *артпа, айтта, үркпө* |
| | | АР | 8. | АLРРАР | *артмак, үркмөк* |
| А | х | АLР = | 9. | АLРРАLР | *арттырт, айттырт* |

| | | | |
|---|---|---|---|
| AP | PA | 10. PAPA | *мата, ката, бата* |
| ALP | PAP | 11. PAPAP | *балак, балык, тунук* |
| | PALP | 12. PAPALP | *жапырт, күкүрт, күңүрт* |
| | | 13. PAPPA | *макта, койчу, жакшы* |
| | | 14. PAPPAP | *максат, боорсок, кетмен* |
| | | 15. PAPPALP | *каржалт, барскан* |
| | | 16. PALPPA | *тартма, даңкта, баркта* |
| | | 17. PALPPAP | *тартмак, тынчтык* |
| | | 18. PALPPALP | *тарттырт, түрттүрт.* |

Үч муундуу сөздөрдүн муун тибинин саны 54 деп аныкталган. Кыскасы, эки, үч жана көп муунду сөздөрдүн муун тибин эсептеп чыгууда К.Тыныстан уулу муун типтеринин сөз ичинде келүү өзгөчөлүктөрүн эске алган экен. Чынында да, бир муундуу сөздөргө тиешелүү муундун 6 тибинин ичинен 1-3 тип жалаң гана көп муундуу сөздүн башында келсе, калган 3 тип көп муундуу сөздүн бардык өңүтүндө бирдей келе берет. Демек, 2 муундуу типтердин курамын аныктоо үчүн бир муундуу 6 типке сөздүн бардык өңүтүндө бирдей келген соңку 3 тип көбөйтүлсө, 3 муундуу типтердин курамын аныктоо үчүн эки муундуу 18 типке дагы эле ушул 3 тип көбөйтүлөт. Бул амалды улам кайталоонун натыйжасында 2 муундуу сөздөрдүн муун тибинин саны 18 деп, 3 муундуу сөздөрдүн муун тибинин саны 54 деп, 4 муундуу сөздөрдүн муун тибинин саны 162 деп аныкталып олтурат.

Ошентип, акыйкаттык үчүн бул жерден төмөнкү жагдайды баса белгилей кетүү абзел: К.Тыныстан уулу тарабынан сунушталган бул ыкма озук технологиялардын кыртышында пайда болгон компьютер лингвистикасы аттуу илимий багытта *тилдик объектилерди логикалык эсептеп чыгуу ыкмасы* деп аталат.

Тилдик объектилерди логикалык эсептеп чыгаруу ыкмасы XX кылымдагы тил илиминде төңкөрүш жасаган генеративдик лингвистиканын пайдубалын түзөт. Бул багыт америкалык окумуштуу Н.Хомский тарабынан негизделген.

### 1.3.2. Муун түрлөрү

Фонетикалык адабияттарда муундун түрлөрүн бөлүштүрүү үчүн ар кандай ченөлчөмдөр колдонулат. Бирок алардын ичинен илимий жактан алгылыктуусу бирөө гана. Тактап айтканда, муун түрлөрүн аныктоо үчүн муундун өзөгүн түзгөн үндүү тыбыштын сөз башында, сөз ортосунда жана сөз соңунда келүү өзгөчөлүктөрү жетекчиликке алынат. Бул жагынан муун төмөнкүдөй үч түргө ажырайт:

**1. Ачык муун -** үндүү менен бүткөн муун. Жалгыз гана үндүүдөн турган муун да ачык муунга жатат. Мисалы: *суу, жуу, куу, туу, де, же, тоо, оо, уу, а-та, э-не.*

**2. Жабык муун -** үндүү менен башталып, үнсүз менен бүткөн муун. Мисалы: *ат, эт, от, ит, ут, өт, ал, эл*.

**3. Туюк муун –** үнсүз менен башталып, үнсүз менен бүткөн муун. Мисалы: *кат, жат, тур, бар, бас, жет, кет, барс, кант, даңк.*

Ошентип, төл сөздөрдө колдонулган муундун бардык түрлөрү ушул үч түр аркылуу сыпатталат.

### 1.3.3. Муунга ажыратуу эрежеси

Сөздү муунга ажыратуу үчүн төмөнкү алгоритм жетекчиликке алынууга тийиш:

1) сөздүн аягынан баштап үндүүнү табуу жана үнсүздү таштап муунга ажыратуу,

2) бул эрежени сөздүн башына чейин кайталоо.

Эми бул алгоритмди төмөнкү сөздү муунга жиктөө үчүн колдонуп көрөлү:

**а|йыл|даш|та|ры|быз|ды|кын|да|гы|лар|дан|сыз|дар|бы?**

Муун ичиндеги үндүү жана үнсүз тыбыштардын өз ара байланышы, тагыраак айтканда, мындай байланыштын бекемдик даражасы муун тибинен жана үндүүнүн үнсүзгө карата алган ордунан көзкаранды болору, түз болбосо да, кыйыр түрдө бул мисалдан көрүнүп турат. Анткени жабык муунга караганда ачык

муундагы үндүү үнсүз тыбышты өзүнө көбүрөөк байлайт. Муну өйдөкү муундардын ичинен бир дагы жабык муундун жок болушу ачык тастыктайт. Бул бир жагынан.

Экинчи жагынан ушул эле көрүнүш туюк муунда да орун алат. Себеби туюк муундун башкы жана соңку үнсүздөрү үндүү менен бирдей даражада байланышпайт. Мындай байланыштын даражасы кийинки үнсүзгө караганда үндүү менен мурунку үнсүздүн ортосунда алдаканча күчтүү болот.

Кыскасы, туюк муундуу сөзгө үндүү менен башталган мүчө (же сөз) жалганса, туюк муундун соңку үнсүзү сыйлыгышып, кийинки муунга өтөт:

*сан + а > са|на,*
*сын + а > сы|на,*
*бай + ы > ба|йы,*
*жаш + ы > жа|шы,*
*бил + ым > би|лим,*
*сок + ыш > со|гуш,*
*баш + ым > ба|шым,*
*баш + ың > ба|шың.*

Ошентип, типологиялык жактан мүчөлөмө тилдердин катарына жаткан кыргыз жана башка бардык түрк тилдеринде туунду сөздөр түзүүчү сөзгө куранды мүчө жалгоо аркылуу жасалгандыктан жана бир сөздүн грамматикалык формалары ал сөзгө уланды мүчө улоо аркылуу уюшулгандыктан, түрк тилдериндеги сөздөрдү муунга жиктөө амалын өйдөкү алгоритмдин негизинде сөздүн соңунан баштап аткаруу дайыма туура натыйжага алып келери келтирилген мисалдардан даана көрүнүп турат. Демек, бул алгоритм текстти муунга жиктөө амалын компьютерлештирүү үчүн да негиз болот деп ишенимдүү айтууга болот.

## 1.4. ҮНДӨШТҮК КУБУЛУШУ

Сөз ичиндеги бардык муундардын, муун ичиндеги бардык үндүү-үнсүз тыбыштардын бири-бирине үндөшүп, бир ыңгайда айтылышы *үндөштүк кубулушу* (сингармонизм) деп аталат.

Үндөштүк кубулушу кыргыз жана башка бардык түрк тилдеринин типологиялык өзгөчөлүгүн аныктаган эң негизги көрсөткүч деп табылат. Анткени флективдүү типологиядагы индоевропа тилдери үчүн мындай өзгөчөлүк катары сөздөгү *басым* эсептелсе, уңгучул типологиядагы кытай-тибет тилдери үчүн сөздөгү *тон* эсептелет. Ал эми түрк тилдери үчүн сөз ичиндеги бардык бирдиктерди сөзгө бириктирүү кызматын басым да, тон да эмес, дал ушул *үндөштүк кубулушу* аткарат. Ошондуктан, кыргыз жана башка бардык түрк тилдери үчүн үндөштүк күүсү типологиялык жактан *сөздүн фонетикалык паспорту* деп табылат.

Түркологияда үндөштүк кубулушун изилдөө акад. В.В.Радловдон башталары белгиленип жүрөт. Бирок тарыхка сереп салсак, бул кубулушту иликтөө тарыхы, жогортодо айтылгандай, тыбыштык жазуунун тарыхы менен өзөктөш экендиги талашсыз. Чынында да, байыркы бабаларыбыз жараткан жана үндөштүккө негизделген Орхон-Энесай жазуусунун өзөгүн да сингармонологиялык терең билим түзөрү кадиксиз.

Үндөштүк жөнүндөгү кийинки маалымат XI кылымдагы Кашкарлык Махмуттун «Дивану лугат-ит түрк» аттуу эстелигинде берилет. Анда үндөштүктүн сакталып же бузулушуна карай түрк тилдерин таза тилдер жана аралашма тилдер деп эки топко бөлүнүп, булардын ичинен таза тилдердин катарына кыргыз, огуз, йагма, тухси, чигил тилдери жаткырылса, аралашма тилдердин катарына шаарда жашаган калктын тилдери жаткырылган.

Бул кубулуштун табиятын ачып берүүдө орус, совет, Батыш Европа окумуштууларынын кошкон салымдары да баалуу. Алардын ичинен эң олуттуулары- Радлов, Бодуэн де Куртене,

Богородицкий, Дени, Базен, Фриз, Лотте, Мельников, Реформатский, Виноградов, Черкасскийлердин эмгектери.

Ошентсе да, аталган кубулушту изилдөөгө түрк элдеринин өзүнөн чыккан алгачкы агартуучулардын кошкон салымы өлчөөсүз. Атап айтканда, өткөн кылымдын 20-30-жылдарында түрк элдеринин жазуу системасын түзүү озуйпасы күн тартибине коюлуп, фонетика менен грамматиканын өзөк маселелери териштирилип жаткан мезгилде түрк тилдеринин фонологиясы менен морфонологиясынын өз кыртышына таянуу менен абалтан келаткан төл өзгөчөлүктөрүн териштирүүгө, алтургай алынган илимий натыйжаларды жалпылаштыруу аркылуу дүйнөдөгү айрым фонологиялык багыттардында өнүгүшүнө олуттуу салым кошкондугу маалым [Лайонз 1978: 141-144].

Бул, алибетте, кыргыз-казак тил таанымынын пайдубалын түптөп, эне тили үчүн өлчөөсүз эмгек өтөп, алгачкы окуу китептерди жазган, терминдер сөздүгүн түзүп, жазуу эрежелерин иштеп чыккан, бирок ак жеринен айыпталып набыт болгон эки элдин чыгаан агартуучулары Ахмет Байтурсун уулу, Ишенаалы Арабай уулу, Кудайберген Жубан уулу, Касым Тыныстан уулу мурастарына барып такалат. Аты аталган залкарларыбыздын бири да эне тилдин фоно-морфологиясынын теориялык негиздерине арнап атайын эмгек жазып калтырган эмес экен. Бирок буга карабастан алардын илимий мурастары менен графика-орфографияга байланыштуу эмгектери эне тилдин өзөк белгиси болгон үндөштүк кубулушуна өтмө катар сугарылганы менен баалуу [Арабай уулу 1911; Байтұрсынұлы 1992; Жұбанов 2010; Тыныстан уулу 1928; 1934a; 1934b; 1934c].

Үндөштүккө сөз аркылуу келип, сөз менен үндөштүк ажырагыс биримдикти түзөрүн, үндөштүктөн тышкары сөз жашай албастыгын жана глобалдык мүнөздөгү үндөштүктүн аракет чөйрөсү сөз тутумундагы уңгу-мүчөгө да, сөздүн өзүнө да бирдей тараларын жетик аңдап түшүнгөн А.Байтурсун уулу үндөштүккө негизделген көз караштарын төтө жазууда ишке ашырган экен. Бул идея Лондон просодиялык мектебинин кыртышында ийгилик менен өркүндөтүлгөнү анык [Лайонз 1978: 141-144].

Өйдөкүгө көп жагынан үндөшүп турган көзкараш К.Тыныстан уулунун эмгектеринде учурайт [Тыныстан уулу 1928; 1934a; 1934b; 1934c].. А.Байтурсун уулу үндөштүктү сөздүн бүтүндүгүн камсыз кылган негизги кубулуш катары караса, К.Тыныстан уулу сөздүн башкы мууну болгон уңгудан агып чыгып, калган муундарга бирдей тарала турган өзөк кубулуш катары карайт. Белгиленгендей, К.Тыныстан уулунун илимге кошкон олуттуу салымы дал ушул кубулуштун ишке ашуу механисми менен байланышат.

Уңгу менен мүчөнүн тыбыштык курамындагы карама-каршылыктын чечмелениши - түркологиядагы эбактан берки көп талаштын башы. Бул жагдай В.А.Богородицкий тарабынан минтип чечмеленет: «Вокализм корня представляет одну существенную особенность сравнительно с вокализмом придаточных морфем: в нем гласные выступают каждый в своей индивидуальности без чередования с другими гласными, тогда как в придаточных морфемах гласные ограничены двумя основными типами - либо гласный широкий, либо узкий, видоизменяющиеся сообразно с вокализмом корня в отношении палатальности или непалатальности, а также губности или ее отсутствия» [Богородицкий 1953: 117]. Мында аталган антиномияны сөздүн биринчи муунунун (уңгунун) фонологиясы жана кийинки муунунун (мүчөнүн) фонологиясы деп экиге бөлүп караган Н.С.Трубецкойдун төмөнкү пикири баалуу: «В тех тюркских языках, где последовательно осуществляется так называемая гармония гласных, приведенная выше система наличествует в полном объеме, то есть фонологически значимом виде, лишь в первом слоге слова; во всех прочих слогах тембровые противоположения нейтрализуются, и тембровые признаки гласных непервого слога в своей реализации равняются на гласные предшествующего слога» [Трубецкой 2000: 113].

Ошентсе да, Н.С.Трубецкой аталган антиномия вокализмде гана орун алат, уңгуда сегиз үндүү түгөлү менен айырмаланат, мүчөдө болсо алар жоон-ичке жана ачык-эрин белгилери боюнча бейтараптанат деген пикирди тутунат. Мунун негизинде мүчөдөгү вокализм үчүн бири-биринен кең-кууштук белгиси

боюнча айырмаланып, калган эки белги боюнча аймаланбаган эки архифонема орун алат деген бүтүмгө келет. Түрк тилдеринде уңгу менен мүчөнүн фонологиясында функционалдык жактан бирөңчөйлүк жок экендигин тастыктаган Н.С.Трубецкойдун бул пикири анын өзүнүн архифонемага берген башка бир аныктамасына каршы келет. Анткени аныктама боюнча бир өлчөмдүү оппозициянын ичинде келип, бир гана урунттуу белгиси боюнча айырмаланган түгөйлөш эки фонема бири-биринен айырмаланбай калган учурда гана архифонема жөнүндө сөз кылууга болот [Трубецкой 2000: 84]. Демек, архифонема жердигинде бир өлчөмдүү оппозициянын чегиндеги бир гана белги боюнча бейтараптанган түгөйлөш эки фонеманын негизинде бөлүнүшү керек болсо, түрк тилдери үчүн ал бир эле учурда эки белгиси боюнча бейтараптанган төрт фонеманын негизинде бөлүндү. Бирок, тилекке каршы, өйдөкү эмгекте бул жөнүндө бир да сөз айтылган эмес.

Ар кандай фонологиялык концепциялардагы аталган маселенин чечилиши, чын-чынына келгенде, Н.С.Трубецкойдун концепциясынын эле түрдүүчө айтылган нускалары болуп эсептелип, анда да өйдөкүдөй эле вокализм жөнүндө гана сөз болот [Лайонз 1978; Реформатский 1966]. Ошол эле маалда түрк тилдериндеги мүчөдөгү көп варианттуулукту ишке ашырган үндөштүк жана аны менен үзөңгүлөш жүргөн морфемалар чегиндеги үнсүздөрдүн алмашуу кубулушу теориялык парадигманын алкагынан да, изилдөөчүлөрдүн назарынан да тыш калып келет. Илимде минтип теорияга каршы келген же анын жобосун жокко чыгарган фактылар кездешсе, тушуккан туңгуюктан чыгуунун жолун издөө - бул табигый көрүнүш. Мында эң кеми эки жол бар экендиги, айтпаса да, түшүнүктүү.

Биринчи жол - эски теорияны жокко чыгаруу жана анын ордуна жаңы теорияны сунуштоо. Бул жагынан атаандаштык негиздеги жаңы теория казак тилинин кыртышында А.Жүнисбек тарабынан иштелип чыкканы белгилүү [Жүнисбек 2009; Жүнісбек 2009]. Үндөштүк кубулушуна негизделип, *сингармонийлык фонология* же *сингармонология* аталышы аркылуу сунушталган бул теория кандай максатта курулгандыгын автор минтип

түшүндүрөт: «Қазақ (түркі) тілтанымы ғылыми реформаны күтіп тұр, сол реформа фонетикадан басталу керек. Әлем тілдерінің құрамындағы қазақ (түркі) тілінің өсіндік орнын тауып беру сол реформаның басы болып табылады. Сондықтан да әлем тілдерінің туыстық жіктелім белгілерін қайта қарап шығу негізгі мақсаттың бірі болды. Соның нәтижесінде қазақ (түркі) тілінің өсіндік заңдылықтарының басы ашылып, соған лайық зерттелім ғылыми аппараты қалыптастырылды. Сөйтіп қазақ (түркі) тілтанымына негіс болып келген үстем тілдер теориясынан арылу арқасында тілдің ақиқат дыбыз құрамы мен жүйесін төл теория тұрғысынан анықтаудың мүмкіндігі туды» [Жүнісбек 2009: 3]. Аталган теория түркологиянын тарыхындагы олуттуу бурулуш экендиги айдан ачык. Анын мазмунун териштирүү - бул, алибетте, өзүнчө иликтин объектиси, келечектин бутасы.

Экинчи жолдун мазмуну мындай: фонеманын калыпташуу базасын уңгу түзөт, уңгунун тыбыштык жагы мүчөнүн тыбыштык жагын уюштурган программа катары үндөшүм (сингармонизм), үндөнүм (ассимиляция) өңдүү мүчөдөгү көп варианттулуктун барча булактарын тескеп турат. Андыктан мүчөнүн тыбыштык жагы уңгунун тыбыштык жагынын тилдеги ички чагылышы, модели деп табылат. Уңгудагы фонемалар демейде посицияга байланган жана контекстке баш ийбеген тейде болсо, уңгунун субстанциялык касиеттерин таратуу милдетин аткарган мүчөдөгү фонемалар посицияга байланган, бирок контекстке баш ийген абалда болот. Андыктан уңгудагы фонемалардын касиеттери туруктуулукту шарттаса, мүчөдөгү фонемалардын касиеттери, тескерисинче, үндөшүм жана үндөнүм кубулуштарынын чектелген алкагында өзгөрүлмөлүүлүктү шарттайт.

Алмашуунун катышуучуларын тандоо жана бөлүштүрүү туш келди эмес, максаттуу түрдө белгилик мазмундагы субстанциялык жалпылыкты эске алуу принциби аркылуу ишке ашырылат. Бул жагынан үнсүздөр көбүнчө жасалуу орду боюнча (сал. *н~д~т, л~д~т, н~д~т~з, л~д~т~з* алмашууларын), сейрегирек жасалуу ыгы боюнча (сал. *л~ш, р~з* шайкештиктерди) тандап алынса, үндүүлөр көбүнчө кең-кууштук белгиси боюнча

(сал. мүчөдөгү үндүүлөрдүн же жалаң кең, же жалаң кууш болуп бөлүнүшүн: *ы~и~у~ү, а~е~о~ө*), сейрегирек - эриндешип айтылышы боюнча (сал. мүчөдөгү созулма үндүүлөрдүн жалаң эрин үндүү болуп келишин: *уу~үү, оо~өө*) тандап алынат.

Мүчөдөгү алмашууга катышкан фонемалардын курамы алардын ортосундагы жалпылык менен айырмачылыктарды аныктоо маселесин актуалдаштырат. Бул болсо мүчө менен уңгунун тыбыштык мейкиндиктерин бирдей даражада бөлүштүрүп жиктөөгө, демек, фонемалар системасынын өзөгүн түзгөн ажыратуу белгилерин аныктоого өбөлгө түзөт. Мында алмашууга катышкан фонемалардын орток белгилери аларды жалпылаштыруу үчүн колдонулса (*ы~и~у~ү* үндүүлөрүнүн жалпылоочу белгиси - алардын кууштугу, *а~е~о~ө* үндүүлөрүнүкү - алардын кеңдиги), алмашууга катышкан ар бир фонеманын керт башына тиешелүү жеке белгилери аларды айырмалоо үчүн колдонулат (маселен, ачык-эриндик жана жоон-ичкелик белгилери *ы~и~у~ү, а~е~о~ө* үндүүлөрү үчүн айырмалоочу белги деп табылат). Мүчөдөгү фонемалардын уңгудагы фонемалардын касиетине ыңгайлашуусу системага бүтүндөй утуш алып келет жана мунун натыйжасында уңгу менен мүчөдөгү фонемалар экөө тең бир эле учурда субстанциялык жактан белгилик мазмундагы бирөңчөйлүккө жетишет. Бирок бул бирөңчөйлүктүн орду фонемалар менен алардын ажыратуу белгилеринин уңгу-мүчөдөгү бирөңчөй эмес бөлүнүшү аркылуу толтурулат.

Уңгудагы фонемалар менен алардын ажыратуу белгилери өзүнө тиешелүү бардык кызматты, анын ичинде маани ажыратуу кызматын да толук ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо (сал. *сыз, сиз, суз, сүз* уңгуларынын тутумунда үндүү-үнсүз фонемалардын бардык ажыратуу белгилери толук бойдон ишке ашкандыгын), мүчөдөгү фонемалардын мындай мүмкүнчүлүгү чектелүү болот. Маселен, жоктук мүчөнүн *-сыз, -сиз, -суз, -сүз* көрсөткүчтөрүндө үндүүлөрдүн маани ажыратуу кызматы кең-кууштук белгисинде гана байланганы анык. Уңгудагы фонемалардын ажыратуу белгилеринин бир бөлүгү берилген уңгу үндөштүктүн кайсы түрүнө тиешелүү экендигин көрсөтүүчү кошумча квантордук кызмат аткарат. Мындай касиетке

үндөштүктү ишке ашыруу жактан активдүү деп табылган уңгудагы фонемалардын жоон-ичкелик жана ачык-эриндик белгилери ээ болот.

Мүчөдө, уңгудан айырмаланып, үндөштүктү ишке ашырууда квантордук кызмат аткарган белгилер маани ажыратууда сигнификативдик кызмат аткарган белгилерден бөлүнгөн абалда болот. Ошондуктан мүчөдөгү фонемалардын квантордук кызматы потенцияда сакталып, сөзформасынын контекстинде уңгунун үндөштүк квантору мүчөнүн кванторуна жабылган учурда гана аракетке келет. Муну *атсыз, этсиз, үйсүз, үйсүз* сөздөрүнүн тутумундагы жоктук мүчөнүн *-сыз/-сиз/-суз/-сүз* көрсөткүчтөрүнө үндөштүк жактан *ат, эт, үй, үй* уңгуларынын тийгизген таасиринен байкоого болот:

Мүчөдөгү фонемалардын маани ажыратуу кызматынын башка кызматтардан жиктелип бөлүнүшү алмашууга кириптер болгон үнсүздөрдүн өңүтүндө да орун алат. Мында да үндүүлөр сыяктуу эле үнсүздөрдүн соңку кызматтагы белгилери потенцияда сакталып, морфемалар чегиндеги алмашууга кириптер болгон үнсүздөрдүн өңүтүндө окшошуу-окшошпоо кубулуштарынын таасиринде актуалдашат.

Уңгу менен мүчөдөгү фонемалардын функционалдык тең эместиги, экинчи жактан, фонеманын ички мазмунундагы белгилердин маани ажыратуу жана башка кызматтарынын да тең эмес бөлүнүшү түбү келип түрк тилдери үчүн уңгу менен мүчөлөрдү бир бүтүндүккө бириктире турган күч талап этилет. Андай күч, арийне, үндөштүк экени айдан ачык.

Биздин изилдөө көрсөткөндөй, Н.С.Трубецкой тарабынан сунушталган жана үч бөлүмдөн турган морфонологиянын жалпы теориясынын жоболорунун ичинен түрк тилдери үчүн экөө гана алгылыктуу болуп саналат. Ошол эле маалда морфонологиянын жалпы теориясынын бөлүмдөрүнө төмөнкүдөй тактоо киргизүү зарыл:

1. *Морфеманын фонологиялык түзүм теориясы.* Белгилүү болгондой [Садыков 2012; 1995], азыркы фонологиялык концепциялар, анын ичинде Н.С.Трубецкойдун концепциясы да, түрк тилдеринин ички түзүлүшүнө толугу менен жооп бербейт.

Ошондуктан бул жерде морфеманын фонологиялык түзүлүшү дегенде морфеманын баштапкы формасынын структурасын түшүнүү зарыл. Ошол эле маалда морфеманын баштапкы формасын анын негизги вариантынан ажыратуу керек. Булардын ичинен баштапкы форма эки багытта кызмат аткарып, бир эле учурда морфеманын маанисине да, негизги вариантына да белгилөөчү болуп келет.

Ал эми негизги вариант болсо реалдуу катталган варианттардын гана белгилөөчүсү болалат. Ошол эле маалда баштапкы форма бардык варианттардын инварианты, морфеманын архетиби катары синхрондук реконструкциялоо жолу менен аныкталат.

Экинчи жагынан негизги вариантка компонент болуп морфеманын ар өңүтү үчүн функционалдык жактан күчтүү деп табылган, ажыратуу жана бириктирүү белгилеринин топтому толук камтылган фонемалар гана келиши мүмкүн. Ал эми баштапкы форманын компоненти катары таза ажыратуу белгилерин гана камтып, толтурулган жана бош валенттүүлүктөрдүн айкашынан турган фонемалар келет.

Мында баштапкы формадан морфеманын негизги вариантына же, керисинче, негизги варианттан баштапкы формага өтүүдө бир гана жол орун алат да, баштапкы формадан конкреттүү вариантка өтүү негизги варианттын данакерлиги аркылуу ишке ашырылат.

2. *Тыбыштардын комбинатордук өзгөрүү теориясы* морфемалар айкашындагы жеке морфемалардын тыбыштык өзгөрүшүн камтыйт. Н.С.Трубецкойдун бул жобосу төмөнкүдөй тактоо аркылуу түрк тилдеринин фактысына ыңгайлаштырылышы мүмкүн: *морфеманын варианттарын жаратуу теориясы.* Бул тактоо аркылуу көп варианттуулуктун бардык булактары, анын ичинде сингармонизм, ассимиляция, диссимиляция, эллизия, аугментация, метатеза өңдүү кубулуштар түгөлү менен бир системага бириктирет.

3. *Морфологиялык милдет аткарган тыбыштардын алмашуу теориясы.* Эгерде Н.С.Трубецкойдун бул жобосун флективдүү тилдерге мүнөздүү болгон ички флексия кубулушу

катары түшүнсөк, анда аны түрк тилдеринин кыртышына жайылтуунун кажети деле жокко эсе. Бирок, ошентсе да, диахрондук морфонологиянын маселелерин иштеп чыгууда мындай муктаждык жаралышы мүмкүн. Эгерде аны морфеманын үндөштүк түрү боюнча сөз формасына киришин ишке ашырган алмашуу кубулушу катары карасак, анда ал өзүнөн өзү эле мурунку пункуттун карамагына кирери анык.

Ошентип, биздин концепцияда морфеманын вариантарынан инвариантты калыбына келтирүү жана инвариант аркылуу бардык варианттарды жаратуу эрежелерин аныктоо алдыңкы планга чыгат. Мындай инвариант катары морфеманын баштапкы формасы эсептелет. Синхрондук өңүттөн алганда морфеманын баштапкы формасы тилдик система үчүн статикалык объект болсо, кеп процесси үчүн динамикалык объект болот. Диахрондук өңүттөн алганда морфеманын баштапкы архетиби да, архетиптин өзгөрүү процесси да динамикалык мүнөзгө ээ.

### 1.4.1. Үндөштүктүн түрлөрү

Түркологияда топтолгон бай илимий тажрыйбанын негизинде кыргыз жана башка барча түрк тилдери үчүн үндөштүк күүсүнүн түрлөрүн так жана объективдүү негизде бөлүп көрсөтүүгө болот. Аталган максатты ишке ашырууда тилдеги эң кичине айтым бирдиги болгон муун менен муундун өзөгүн түзгөн үндүү тыбыш жетекчиликке алынууга тийиш. Бул жагынан үндөштүк адегенде *негизги күү* жана *кошумча күү* деп экиге бөлүнөт да, негизги күү менен кошумча күү өз кезегинде дагы эки күү менен коштолот. Негизги күүнүн өзөгүн муундун *жоон* же *ичке* айтылышы түзсө, кошумча күүнүн өзөгүн муундун *ачык* же *эрин* болуп айтылышы түзөт. Ошентип, кыргыз жана башка бардык түрк тилдеринин айтым күүсү үндөштүктүн төмөнкү түрлөрү боюнча ишке ашырылат:

*Негизги күү*

1. *Жоон ачык күү.* Негизги күүнүн бул түрүнүн өзөгүн муундагы жоон ачык *а, ы, аа* үндүүлөрү түзөт. Ошондуктан бул

күү сөз ичиндеги бардык муундардын жана муун ичиндеги бардык тыбыштардын баштан аяк жоон ачык айтылышын шарттайт. Мисалы: *кыргыз, кымыз, жылдыз, карагат, карчыга, кыраан, чыгаан ж.б.*

2. *Ичке ачык күү.* Негизги күүнүн бул түрүнүн өзөгүн муундагы ичке ачык *е, и, ээ* үндүүлөрү түзөт. Бул күүдө сөз ичиндеги бардык муундар жана муун ичиндеги бардык тыбыштар баштан аяк ичке ачык айтылат. Мисалы: *кереге, терезе, береке, келин, илбирс, тикен, ителги, бээ, жээн* ж.б.

*Кошумча күү*

1. *Жоон эрин күүсү.* Кошумча күүнүн бул түрүнүн өзөгүн муундагы жоон эрин *о, оо, у, уу* үндүүлөр түзөт. Бул күүдө сөз ичиндеги бардык муундар жана муун ичиндеги бардык тыбыштар баштан аяк эриндешип жоон айтылат. Мисалы: *комуз, коломто, долоно, укурук, учтук, туурдук, соорун*

2. *Ичке эрин күүсү.* Кошумча күүнүн бул түрүнүн өзөгүн муундагы ичке эрин *ө, ү, өө, үү* үндүүлөр түзөт. Бул күүдө сөз ичиндеги бардык муундар жана муун ичиндеги бардык тыбыштар баштан аяк эриндешип ичке айтылат. Мисалы: *көлөкө, бөлтүрүк, бүлдүркөн, өспүрүм, чүрөк, сүлүк, күйкө, чүпүрөк, жүүн, күү, жөө, төө, өгөө, өөнө ж.б.*

### 1.4.2. Үндөштүктү талдоо

Сөздүн үндөштүк күүсүн талдоодо сүйлөмдүн интонациялык контуру сыяктуу атайын схема жана төмөнкүдөй шарттуу кыскартуулар колдонулат:

| | | |
|---|---|---|
| **ы**<br>**и** | жоон күү<br>ичке күү | ***Негизги күү*** |
| **а**<br>**у** | ачык күү<br>эрин күү | ***Кошумча күү*** |

| | |
|---|---|
| — | үндөштүк таралат |
| **х** | үндөштүк таралбайт |
| / | муун чеги |
| **1, 2, 3** | муун катары |

Ошентип, өйдөкү шарттуу кыскартуулар аркылуу сөздүн үндөштүк күүсү боюнча талданышын төмөнкүчө көрсөтүүгө болот:

| | ***ат*** | ***эт*** | ***үй*** | ***үй*** |
|---|---|---|---|---|
| **ы** | — | **х** | — | **х** |
| **и** | **х** | — | **х** | — |
| **а** | — | — | **х** | **х** |
| **у** | **х** | **х** | — | — |

Келтирилген бир муундуу сөздөрдөн көрүнүп тургандай, негизги күү боюнча *ат* сөзү жоон ачык айтылса, *эт* сөзү ичке ачык айтылат.Ал эми кошумча күү боюнча *үй* сөзү эриндешип жоон айтылса, *үй* сөзү эрин күүсүнүн коштоосунда ичке айтылат.

Көп муундуу сөздөрдүн тутумундагы үндөштүктүн ишке ашышы төмөнкү мисалдар аркылуу тастыкталат:

| | ***ат-сыз*** | ***иш-сиз*** | ***үй-суз*** | ***үй-сүз*** |
|---|---|---|---|---|
| **ы** | —— | **х х** | —— | **х х** |
| **и** | **х х** | —— | **х х** | —— |
| **а** | —— | —— | **х х** | **х х** |
| **у** | **х х** | **х х** | —— | —— |

Көрүнүп тургандай, жоктуктун *-сыз, -сиз, -суз, -сүз* көрсөткүчтөрү *ат*, *эт*, *үй*, *үй* уңгуларынын таасирине кабылып, унгу-мүчө биригип үндөштүк күүсү аркылуу *атсыз*, *этсиз*, *үйсуз*, *үйсүз* сөздөрүнүн бүтүндүгү камсыз кылынат. Ошол эле маалда

*атсыз* сөзү жоон ачык, *этсиз* сөзү ичке ачык айтылса, *уйсуз* сөзү жоон эрин, *үйсуз* сөзү ичке эрин болуп айтылат.

Орус окумуштуусу Богородицкийдин маалыматы боюнча, үндөштүк күүсүнүн сакталышы жагынан кыргыз тили тектеш түрк тилдеринин ичинен көч башында туруп, негизги күүнүн да, эрин күүсүнүн да бирдей даражада эң күчтүү өнүккөндүгү менен мүнөздөлөт. Муну өйдөкү мисалдар да ачык тастыктайт. Ошентсе да, тилибизде үндөштүктүн солгундаган же бузулган учурлары да жок эмес экени анык.

### 1.4.3. Үндөштүктүн солгундашы

Сөз ичинде жанаша келген эки муундагы негизги күүнүн сакталып, кошумча күүнүн бузулуп айтылышы *үндөштүктүн солгундашы* деп аталат. Тилибизде үндөштүктүн солгундашы төмөнкүдөй учурларда орун алат:

1. Мурунку муундагы *у, оо* үндүүлөрүнөн кийин кийинки муунда кең эрин үндүү келбей, кең ачык *а*үндүү келет. Мисалы: *улак, булак, улар, кулан, кулак, тулпар, булгары, бурганак, кумалак, курама, тузак, курак, сурак, турак, тумар, тоодак, жоолаш, жоогазын, оодар, оона, оозант, соогат, шоона, шоола, доола, боола ж.б.*

2. Мурунку муундагы ачыкүндүүдөн кийин кийинки муунда мүчөдөгү созулма эрин үндүү келет. Тилибизде бул типке төмөнкү мүчөлөр жатат: *-луу, -чу, -оо, -уу, -ооч.* Мисалы: *балалуу, энелүү, барчумун, келчүсүң, алтоо, жетөө, жашоо, ченөө, баруу, билүү, байлооч, тирөөч ж.б.*

Үндөштүктүн солгундашы төмөнкү мисалдар аркылуу тастыкталат:

| | ***бу-лак*** | ***тоо-дак*** | ***ал-тоо*** | ***же-төө*** |
|---|---|---|---|---|
| **ы** | ——— | ——— | ——— | **х х** |
| **и** | **х х** | **х х** | **х х** | ——— |
| **а** | **х** — | **х** — | — **х** | — **х** |
| **у** | — **х** | — **х** | **х** — | **х** — |

Мында *бу-лак, тоо-дак, ал-тоо*сөздөрү баштан аяк жоон, *же-төө* сөзү толугу менен ичке айтылып, аныктамага ылайык негизги күүгө баш ийет. Бирок кошумча күү боюнча эки муундан турган бул төрт сөздүн төрт муунунда *(-лак, -дак, ал-, же-*) ачык күү сакталып, эрин күү бузулуп айтылса, калган төрт муунунда *(бу-, тоо-, -тоо, -төө*), керисинче, эрин күү сакталып, ачык күү бузулуп айтылат.

### 1.4.4. Үндөштүктүн бузулушу

Сөз ичинде жанаша келген эки муундагы негизги күүнүн бузулуп айтылышы *үндөштүктүн бузулушу* деп аталат. Тилибизде үндөштүктүн бузулушу төмөнкү учурларда орун алат:

1. Кичирейтүү, эркелетүү маанисиндеги *-ке, -ек, -тай, -бай* сыяктуу мүчөлөр уланган сөздөрдө. Мисалы: *атаке, абаке, кызыке, койонек, кыргыйек, жеңкетай, жеңекебай ж.б.*

2. *-кер, -кор, -кеч, -стан, -кана, -ий, бей-, на-* сыяктуучет мүчөлөр уланган сөздөрдө. Мисалы: *жоокер, жароокер, жемкор, сүткор, арабакеч, асылкеч, Өзбекстан, Түркстан, ишкана, эмкана, бейтапкана, саясий, адабий, маданий ж.б.*

3. Татаал сөздөрдүн тутумунда. Мисалы: *акиташ, кайнене, көзайнек, аттиш, көзкараш, акчөңүл, итмурун, кийикот, Айтийбес, Эркечтам, Кичикумбел, Өмүргазы, Каныбек ж.б.*

4. Чет сөздөрдүн басым көпчүлүк бөлүгүндө. Мисалы*: физика, химия, техника, технология, компьютер, телефон, ракета, машина, фонема, морфема ж.б.*

Үндөштүктүн бузулушу төмөнкү мисалдар аркылуу тастыкталат:

| | ***жоо-кер*** | ***жем-кор*** | ***эм-ка-на*** | ***ат-тиш*** |
|---|---|---|---|---|
| **ы** | — x | x — | x — — | — x |
| **и** | x — | — x | — x x | x — |
| **а** | x — | — x | — — — | — — — |
| **у** | — x | x — | x x x | x x |

Мында негизги күүнүн эки түрү болгон жоон күү да, ичке күү да *жоо-кер, жем-кор, эм-кана, ат-тиш* сөздөрүндө жанаша келген муундарда бузулуп айтылды. Ушундай эле көрүнүш *жоо-кер, жем-кор* сөздөрүндөгү кошумча күүнүн таралышында орун алды. Ал эми *эм-кана, ат-тиш* сөздөрү баштан аяк ачык айтылганга карабастан андагы жанаша келген эки муундагы негизги күүнүн өзөгүн түзгөн жоон жана ичке күүлөр бузулуп айтылды.

Эскерте кетчү нерсе, тилибизде колдонулган *наристе, алдей, адилет, далил, дарек, маселе, абзел, аскер, асем, Асел, Али, Алишер* өндүү жалпы жана энчилүү аттар жазуу нормасына ылайык негизги күү бузулган учур катары каралып келет. Эгер бул сыяктуу сөздөрдү адабий айтым норманын алкагынан карасак, анда келтирилген сөздөрдүн башкы мууну соңку муун менен үндөшүп, жоон эмес, ичке айтыларын байкоо кыйын эмес. Ошондуктан бул типтеги мисалдар адабий тилдин айтым нормаларынан орун алып, орфоэпиялык сөздүккө чыгарылышы абзел: *нәристе, әлдей, әдилет, дәлил, дәрек, мәселе, әбсел, әскер, әсем, Әсел, Әли, Әлишер ж.б.*


Ошентип, кыргыз тилинде жогорудагы учурлардын орун алгандыгына карабастан сөздүк курамындагы сөздөрдүн басым бөлүгүндө үндөштүк күүсү толук сакталат же кошумча күү белгилүү даражада солгундап айтылат. Ошол эле маалда муун үндөштүгү тилибиздеги сөздөрдүн көпчүлүгүндө толук сакталат. Мунун натыйжасында муун тутумундагы үнсүз тыбыштардын да, үндүү тыбыштардын да же жоон ачык, же ичке ачык, же эриндешип жоон, же эриндешип ичке айтылышы дал ушул үндөштүк күүсү менен жөнгө салынып, аны менен шартталып турат.

## 1.5. КЕП АГЫМЫНДА ТЫБЫШТАРДЫН ӨЗГӨРҮШҮ

### 1.5.1. Тыбыштардын айтуу фазалары

Адам баласы сүйлөп жаткан учурда сүйлөм ичиндеги бир сөз менен экинчи сөз, сөз ичиндеги бир муун менен экинчи муун, муун ичиндеги бир тыбыш менен экинчи тыбыш бири-бирине таасир этип, өз ара тизмектешип айтылат. Анткени сүйлөм муунактап айтылса, муунак бир же бир нече сөздү ичине камтып, муундап айтылат. Муун болсо же үндүүдөн, же үндүү менен үнсүздүн айкашынан турат.

Демек, айтылган сүйлөмдүн ичиндеги муунактарды (синтагмаларды), муунак ичиндеги муундарды жана муун ичиндеги тыбыштарды мончок эмес, чынжыр сымал элестетүүгө болот:




Көрүнүп тургандай, *Жакшы сөз - жарым ырыс* деген макал эки муунакты, төрт сөздү, жети муунду жана он жети тыбышты ичине камтыйт. Мында чакан шакекчелер тыбыштын чегин, чоң шакекчелер муундун ички чегин, тик сызыктар муундун тышкы чегин, тик кош сызыктар муунактын чегин билдирип, муун ичиндеги тыбыштардын, сөз ичиндеги муундардын, муунак ичиндеги сөздөрдүн, сүйлөм ичиндеги муунактардын чынжыр сымал тизмектешип айтылары даана көрүнүп турат.

Демек, кеп агымындагы тыбыштардын бири-бирине таасир этип айтылышын так аныктоо үчүн тыбыштардын айтылышындагы үч фазаны билүү абзел. Алар төмөнкүлөр:

1) башталгыч фаза (экскурсия),
2) айтуу фазасы (выдержка),
3) кайтуу фазасы (рекурсия).

Булардын ичинен башталгыч фаза сүйлөө органдары эркин дем алуу учурундагы бейтарап абалдан өтүп, тыбыштарды айтууга даяр болгон фазага туура келет. Мисалы, от, өт, кут, күт сөздөрүнүн тутумундагы эрин үндүүлөрдү айтуу үчүн башталгыч фазада эрдибиз чормоюп, тилибиз алдыга жүткүнүп же артка тартылып, жаактарыбыз кең же кууш абалда болот. Ошондой эле ***кыргыз, кымыз, комуз*** сөздөрүндө келген терең түпчүл ***к*** тыбышын айтуу үчүн тилибиздин арты өйдө көтөрүлүп, артка тартылып, кичинекей тилибиз менен тийишип, жанаша келген үндүүнүн ачык же эрин экендигине карай башталгыч фазага даярдайбыз. Демек, тыбышты айтуунун башталгыч фазасы ал тыбышты айтууга даярдык көрүү фазасына туура келет.

**Айтуу фазасы –** башталгыч фазадан кийинки фаза. Сүйлөө органдарынын башталгыч фазадагы абалын сактоо аркылуу тигил же бул тыбыштын айтылышы дал ушул фазада ишке ашырылат. Маселен, каткалаң үнсүздөр ооз көңдөйүнүн бир жеринде пайда болгон тоскоолду жарып же андан кысылып өтүүнүн натыйжасында жасалат. Жумшак жана уяң үнсүздөрдүн жасалышында өйдөкүгө кошумча үн түйүндөрү катышат. Мурунчул үнсүздөрдүн жасалуу булагы болуп (1) ооз көңдөйүнүн бир жеринде тоскоолдун пайда болушу, (2) үн түйүндөрүнүн дирилдеп, үндү пайда кылышы жана (3) таңдай көшөгөсүнүн ылдый түшүп, мурун көңдөйүнүн катышы эсептелет. Демек, айтуу фазасында өйдөкү ар бир топтогу тыбыштар үчүн аталган органдардын бирдей иштеши талап кылынат. Маселен, ***п*** тыбышы кош эринчил жарылма болуп, үн түйүндөрү дирилдебей айтылса, ***б*** тыбышы кош эринчил абалда жарылып, үн түйүндөрү дирилдеп, үндү пайда кылып айтылат. Ал эми ***м*** тыбышы кош эринчил абалда жарылып, үн түйүндөрү дирилдеп, үндү пайда кылып жана мурун көңдөйү катышып айтылат. Ошондуктан бул үч тыбышты төмөнкү формула аркылуу туюнтууга болот:

***п* = таза үнсүз**
***б* = *п* + жумшак үнсүз**
***м* = *б* + мурунчул үнсүз**

Ал эми үндүүлөрдү айтканда сүйлөө органдарыбыз музыкалык аспап сыяктуу белгилүү бир формага ээ болот да, өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы үн түйүндөрүн дирилдетип, үндү пайда кылып, ооз көңдөйүнөн жаңырып эркин чыгуу менен үндүү тыбышты пайда кылат.

**Кайтуу фазасында** сүйлөө органдары кийинки тыбыштын башталгыч фазасына же бейтарап абалга өтөт.

Жыйынтыктап айтканда, жогорудагы үч фазатолугу менен жеке тыбыштардын айтылышында гана орун алышы мүмкүн. Сүйлөө учурунда мурунку тыбыштын кайтуу фазасы, эреже катары, кийинки тыбыштын башталгыч фазасына дал келет. Түрк тилдеринде болсо буга кошумча сөз менен муундагы үндөштүк тыбыштардын айтылыш фазаларына күчтүү таасир этет. Маселен, сөздүн башкы муунунда эрин үндүү келсе, анда ал муундун башкыжана соңку үнсүздөрүнүн башталгыч фазасында эле эрин чормоюнку абалда болот. Кыскасы, кеп агымындагы тыбыштар жогорку үч фазанын натыйжасында жана тигил же бул тилге мүнөздүү болгон тыбыштык кубулуштардын таасири менен чынжыр сымал тизмектешип айтылат.

Кыргыз жана башка түрк тилдери үчүн тыбыштык кубулуштар аркылуу кеп агымындагы тыбыштардын өзгөрүшү дал өйдөкү үч фаза аркылуу ишке ашырылат. Мындай кубулуштардын ичинен эң негизгиси – үндөштүк кубулушу. Калган кубулуштар бардык түрк тилдери үчүн экинчи даражадагы кубулуштарга жатат. Бирок, буга карабастан, үндөштүк кубулушу да, калган тыбыштык кубулуштарда бардыктүрк тилдери үчүн иралды мүчөдөгү, андан соң уңгудагы *көп вариантуулуктун булактары* деп табылат.

Ошентип, мүчөдөгү жана уңгудагы көп вариантуулуктун булактары деп төмөнкү тыбыштык кубулуштар табылат:

1) үндөштүк кубулушу,
2) окшошуу кубулушу,
3) окшошпоо кубулушу,

4) ыңгайлашуу кубулушу,

5) кыскаруу кубулушу ж.б.

Булардын ичинен үндөштүк кубулушу буга чейин каралгандыктан төмөндө калган тыбыштык кубулуштар жөнүндө сөз болот.

## 1.6. Окшошуу кубулушу

Уңгу менен мүчөнүн чегинде, мүчө менен мүчөнүн жигинде же эки сөздүн ортосунда жанаша келген үнсүздөрдүн акустикалык жана артикуляциялык жактан бири-бирине окшошуп айтылышы *окшошуу кубулушу* деп аталат. Демек, окшошуу жөнүндө сөз болгондо аталган кубулуш тилдеги бардык тыбыштарга бирдей таралбай, тек гана жанаша келген эки үнсүзгө таралары жана бул эки үнсүз акустика-артикуляция жактан бири-бирине окшошо тургандыгы эске алынууга тийиш. Сөз ичиндеги уңгу менен мүчөнүн, мүчө менен мүчөнүн же жанаша келген эки сөздүн чегиндеги үнсүздөрдүн бири-бирине окшошуу мүнөзүнө карай окшошуу кубулушу экиге бөлүнөт: 1) толук окшошуу, 2) толук эмес окшошуу.

*Толук окшошуу кубулушу*.Көбүнчө жумшак-каткалаңдык белгиси боюнча түгөйлөш үнсүздөрдүн бири-бирине толук окшошуусу аркылуу ишке ашат:

*бак + га > бакка* *так + га > такка*

*жап + ба > жаппа* *топ + бы > топпу*

*сат + ды > сатты* *жыт + ла > жытта*

*ат + дан > аттан* *ит + дан > иттен*

*жак + ган > жаккан* *так + ган > таккан*.

Аягы *н* тыбышы менен бүткөн сөз менен *м* тыбышы менен башталган мүчөнүн же ушундай эле сөздүн ортосунда да толук окшошуу орун алат:

*тун + ма > тумма* *жан + ма > жамма*

*кан менен > каммен* *карын май> карымай*.

Аягы *з*тыбышы менен бүткөн сөз менен *с* тыбышынан башталган мүчө же сөздүн ортосунда пайда болгон кош *сс* үнсүзү да толук окшошууга жатат, бирок окшошуу мындай учурда,

өйдөкүлөрдөн айырмаланып, тескери багытта алдыдан артка карай жүрөт :

*туз* + сыз > *туссуз* — *туз + сыра > туссура*

*жаз+ са > жасса* — *каз + са > касса*

*көз сал > көссал* — *аз сандагы > ассандагы*.

*Толук эмес окшошуу кубулушу.*

Катар келген эки үнсүздүн түгөйлөш каткалаң-жумшактык белгисинен башка жасалуу орду же жасалуу ыгы боюнча окшошуусу аркылуу ишке ашырылат. Мисалы:

*кач + са > кашса* — *чач + са > чашса*

*жат + ган > жаткан* — *жет + ган > жеткен*

*жаш + га > жашка* — *жаш +нын> жаштын*.

Толук окшошууга караганда толук эмес окшошуу кыргыз жана башка түрк тилдеринде дээрлик жыш колдонулат. Анткени толук окшошууда жанаша келген эки үнсүз бардык белгилери боюнча бири-бирине толук окшошсо, толук эмес окшошууда мындай үнсүздөр айрым белгилери боюнча гана окшошот. Ошондон улам толук эмес окшошуу төмөнкү кубулуштар аркылуу ишке ашрылат: *каткалаңдашуу кубулушу, жумшаруу кубулушу, эриндешүү кубулушу, мурундашуу, көмөкөйлөшүү кубулушу*.

*Каткалаңдашуу кубулушу.* Каткалаң үнсүздүн таасири менен жумшак үнсүздүн каткалаңдашып айтылышы. Бул кубулуш сөз соңундагы каткалаң үнсүз менен мүчө башындагы жумшак үнсүздүн, же эки сөздүн чегиндеги каткалаң-жумшак үнсүздөрдүн ортосунда ишке ашат:

*ат + га > атка* — *эт + га > этке*

*туз* + сыз > *туссуз* — *кыргыз + ча > кыргысча*

*тап бер > таппер* — *баш бак > башпак*

*дит бак > дитпак* — *беш бармак> бешпармак*.

*Жумшаруу кубулушу.* Жумшак же уяң үнсүздүн таасири менен каткалаң үнсүздүн жумшарып айтылышы. Бул кубулуш

жанаша келген эки сөздүн чегиндеги каткалаң жана жумшак/уяң үнсүздөрдүн ортосунда орун алат:

*чал куйрук > Чал**г**уйрук* *кыл курт > кыл**г**урт*
*кызыл кат > кызыл**г**ат* *кызыл курт > кызыл**г**урт*
*ак жолтой > аг**ж**олтой* *ак жуумал > аг**ж**уумал.*

*Эриндешүү кубулушу.* Уңгу менен мүчөнүн ортосунда же жанаша келген эки сөздүн чегинде эринчил үнсүздүн таасири менен уяң *н* үнсүзүнүн *м* тыбышына өтүп, эринчил болуп айтылышы:

*тын + ба > тым**б**а* *тан + ба > там**б**а*
*он беш > о**мб**еш* *карын + бөлө > карым**б**өлө*
*Ишен + бай > Ишем**б**ай* *Асан + бай> Асам**б**ай.*

*Мурундашуу кубулушу.* Уңгу менен мүчөнүн же катар келген эки сөздүн тутумунда мурунчул үнсүздүн таасири менен эринчил үнсүздүнмурунчул болуп айтылышы:

*жа**п** + ын > жам**м**ын* *те**п** + ын > тем**м**ин*
*са**б**ын > сам**м**ын* *кур**б**ан > кур**м**ан.*

*Көмөкөйлөшүү кубулушу.* Уңгу менен мүчөнүн ортосунда же жанаша келген эки сөздүн чегинде артчыл/түпчүл үнсүздүн таасири менен эринчил/тишчил үнсүздүн *ң*тыбышына өтүп айтылышы:

*ту**н**+ гыч > ту**ң**гуч* *жа**н**+ ган > жа**ң**ган*
*ка**н**+ кор > ка**ң**кор* *шум**к**ар> шу**ң**кар*
*жалгыз> жа**ң**гыз* *чал**к**ала > ча**ң**кала.*

Жанаша келген эки үнсүздүн бири-бирине тийгизген таасирине жана окшошуунун багытына карай окшошуу кубулушу үчкө бөлүнөт:

1) *алга окшошуу* - мурунку үнсүздүн алга карай таасири менен кийинки үнсүздүн мурунку үнсүзгө окшошуусу,

2) *артка окшошуу* - кийинки үнсүздүн артка карай таасири менен мурунку үнсүздүн кийинки үнсүзгө окшошуусу,

3) *кайчылаш окшошуу* - мурунку үнсүздүн алга карай таасири менен кийинки үнсүздүн мурунку үнсүзгө жана кийинки үнсүздүн артка карай таасири менен мурунку үнсүздүн кийинки үнсүзгө өтмө катар окшошуусу**.**

### 1.6.1. Алга окшошуу

Окшошуунун бул түрү кыргыз жана башка түрк тилдеринин мүчөлөмө типологиясына шайкеш келип, күчтүү өнүккөндүгү жана кеңири колдонулгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Анткени аталган кубулуш уңгудан мүчөгө, же мурунку сөздөн кийинки сөзгө карай таасир этип, уңгудан алдыга карай ишке ашырылган мүчөлөмө кубулушунун багытына дал келет. Демек, окшошуунун бул түрү түрк тилдеринин типологиялык өзгөчөлүктөрү менен дайыма коштолуп турат.Алга окшошуу төмөнкү учурларды ичине камтыйт:

1) сөз соңундагы каткалаң үнсүз мүчө башындагы жумшак үнсүздүн каткалаң үнсүзгө өтүп айтылышын шартайт:

*жет + ган > же**тк**ен* *жаш + га > жа**шк**а*

*жаш + бы > жа**шп**ы* *жат + ба > жа**тп**а*

*жат + бас > жа**тп**ас* *бак+ ды > ба**кт**ы*

*жаш + дан> жа**шт**ан* *иш + да > и**шт**е.*

Тилибиздеги жумшак үнсүз менен башталып, каткалаң үнсүзгө өтүп айтылган мүчөлөр булар:

*a.* барыштын **-***га* мүчөсү: *атка, итке, ачка, ашка,*

b. белгисиз өткөн чактын *-ган* уландысы: *жаткан, учкан, чапкан*,

*c.* этиштен атооч жасоочу *-гыч* курандысы: *жапкыч, баскыч, тепкич, туткуч, чекккич,*

*d.* этиштен атооч жасоочу *-гын* курандысы: *качкын, баскын, туткун, өткүн,*

*e.* этиштен атооч жасоочу *-гак* курандысы: *жапкак, капкак, баткак, чычкак,*

*f.* жатыштын *-да* уландысы: *башта, кышта, бакта, кураkта,*

*g.* чыгыштын *-дан* уландысы: *баштан, кыштан, бактан, куракtан,*

h. айкын өткөн чактын *-ды* уландысы: *бакты, качты, ашты,*

i. аркылуу мамиленин **-**дыр мүчөсү: бактыр, тактыр, чачтыр,

j. *-бы* суроо уландысы: *жашпы, маспы, акпы, атпы,*

k. таңгыч-*ба* уландысы: *качпа, батпа, баспа, ашпа*,

l. көптүк сандагы 1 жак *-быз* уландысы: *жашпыз, мартпыз ж.б.*

2) аягы каткалаң үнсүз менен бүткөн сөздөн кийин *-лар, -ла, -лык, -луу, -ны, -нын, -нык*ы мүчөлөрүнүн башындагы *л, н* уяң үнсүздөрү тишчил каткалаң үнсүзгө өтүп айтылат:

*таш + лар > та**шт**ар* *түс + луу> түс**т**үү*

*кыш + ла > кы**шт**а* *мас + лык > ма**ст**ык*

*баш + ны > ба**шт**ы* *жаш + нык*ы *> жа**шт**ыкы.*

Булардын ичинен бардыкты билгизген 6 варианттуу *-луу*мүчөсүнөн башкалары эң аз дегенде 12 вариантта айтылат;

3) аягы *з* менен бүткөн сөздөн кийин мүчө башындагы *л, н* уяң үнсүздөрү тишчил жумшак үнсүзгө өтүп айтылып, жанаша келген эки үнсүздүн жумшактык белгиси боюнча окшошуусун шарттайт:

*кыз + лар > кы**зд**ар* *кыз + нын > кы**зд**ын*

*кыз + ны > кы**зд**ы* *туз + ла > ту**зд**а*

*биз+ нык*ы *> би**зд**ики* *ооз + лык > оо**зд**ук.*

4) жанаша келген эки үнсүздүн алга карай окшошуусу айкаша келген эки сөздүн ортосунда да орун алат:

*жаш бала > жа**шп**ала* *таш бака > та**шп**ака*

*кеш болду > ке**шп**олду* *кет бука > Ке**тп**ука*

*беш дептер > бе**шт**ептер* *ит балык> и**тп**алык.*

### 1.6.2. Артка окшошуу

Окшошуунун бул түрү сөз менен мүчөнүн жигинде же жанаша келген эки сөздүн ортосунда ишке ашат да, кийинки үнсүз мурунку үнсүзгө таасир этип, окшошуу багыты артка карай жүрөт. Кыргыз тилиндеги артка окшошуу төмөнкү учурларда орун алат:

1) морфема (мүчө, сөз) соңундагы *н* уяң үнсүзү кийинки морфеманын башкы *қ, к, ғ, г* үнсүздөрүнүн таасири менен артка карай окшошуп, *ң*тыбышына өтүп айтылат:

*кан + га > каңга* *жан + га > жаңга*
*алган + га> алгаңга* *берген + га> бергеңге*
*кан + кор > каңкор* *тун + гыч > туңгуч*
*кан + келди > Каңгелди* *аман + келди > Амаңгелди*
*Асан+Калый> Асаңгалый* *Курман+Казы>Курмаңгазы.*

2) морфема (мүчө же сөз) соңундагы *н* уяң үнсүзү кийинки морфеманын башкы *б, м*үнсүздөрүнүн таасири менен артка карай окшошуп, *м* тыбышына өтүп айтылат:

*тан + ба > та**мб**а* *жан + ба > жа**мб**а*
*ишен + ба > ише**мб**е* *Асан + бай > Аса**мб**ай*
*Карын + бай > Кары**мб**ай* *он + беш > о**мб**еш.*

3) морфема (мүчө же сөз) соңундагы *з* үнсүзү кийинки морфеманын башкы *п, т, с, ч, ш* үнсүздөрүнүн таасири менен артка карай окшошуп, каткалаң *с* тыбышына өтүп айтылат:

*туз* + сыз *> ту**сс**уз* *жаз + сын > жа**сс**ын*
*каз + са > ка**сс**а* *кыргыз + ча > кыргы**сч**а*
*аз + чылык > а**сч**ылык* *ооз + тий > оо**ст**ий*
*Тогуз+торо > Тогу**ст**оро* *кыз + куумай> кы**ск**уумай.*

Көрүнүп тургандай, артка окшошуу уңгу менен мүчөнүн да, мүчө менен мүчөнүн да, сөз менен сөздүн да чектешкен жеринде ишке ашырыла берет. Бирок окшошуунун бул түрү жазууда белгиленбейт.

### 1.6.3. Кайчылаш окшошуу

Уңгу менен мүчөнүн, мүчө менен мүчөнүн же сөз менен сөздүн жигиндеги эки үнсүздүн бири-бирине бирдей таасир этип, алга жана артка карай кош кабат окшошуп айтылган учурда ишке ашырылат. Тилибизде мындай учур бирөө гана, атап айтканда: сөз соңундагы *н* тыбышы менен кийинки сөздүн башкы *к* тыбышы бири-бирине таасир этип, бири-бири менен алдыга жана артка карай кош кабат окшошуп, *ң+г* айкаштарына өтүп айтылат:

*аман + калды > аманғалды  кан + курт > каңгурт*
*алтын + кашык > алтыңгашыкАлтын+Казык > Алтыңгасык*
*Касан + куйган > Касаңгуйган Асан + кайгы > Асаңгайгы*
*Асан + Калый > Асаңгалый  Курман + Казы > Курманғазы.*

### 1.7. Окшошпоо кубулушу

Сөз менен мүчөнүн чегинде же сөз менен сөздүн ортосунда жанаша келген бирдей же окшош эки үнсүздүн бири-бирине таасир этип, өз ара окшошпой айтылышы *окшошпоо кубулушу* деп аталат. Окшошууга карама-каршы жана андан айырмаланган кубулуш. Сөз ичиндеги бирдей же окшош эки үнсүздүн бирөөн экинчисине окшошпогон үнсүз менен алмаштырып айтуу жагын ишке ашырат. Окшошуу сыяктуу толук жана толук эмес окшошпоо, алга жана артка окшошпоо болуп төрт түргө бөлүнөт. Тектеш башка түрк тилдеринин бардыгында таралуу чөйрөсү тар жана колдонуу жыштыгы сейрек кубулуш.

Кыргыз тилинде окшошпоо кубулушу төмөнкүдөй учурларды ичине камтыйт:

1) аягы *н, м, ң, л, р* уяң үнсүздөрүнүн бири менен бүткөн сөздөн кийин *-ла, -лар, -лаш, -лан, -лык, -луу* мүчөлөрүнүн башкы *л* үнсүзү уяңдыгын жоготуп, жумшак үнсүзгө өтүп, окшошпоо кубулушуна кабылат да, *д* тыбышына алмашып айтылат:

*тал + ла > талда*  *сыр + ла > сырда*
*жан + ла > жанда*  *каң + ла > каңда*
*ным + ла > нымда*  *кам + ла > камда*
*тил + ла > тилде*  *чел + ла > челде*

*мал + лар > мал**д**ар* *айыл + лар > айыл**д**ар*
*айал + лар > айал**д**ар* *адал + лык > адал**д**ык*
*бечел + лык > бечел**д**ик* *ажал + луу > ажал**д**уу*
*жамал + луу > жамал**д**уу* *көлөм + луу > көлө**мд**үү.*

Эскерте кетчү нерсе, айрым учурларда сөз тутумунда орун алган төмөнкүдөй тыбыштык өзгөрүүлөр окшошпоо кубулушунун ишке ашырылышы деп жаңылыш сыпатталып жүрөт:

*семиз + лык > семиз**д**ик* *кыз + лар > кыз**д**ар,*
*кагаз + ны > кагаз**д**ы* *муз + луу > муз**д**уу.*

Чынында да бул өңдүү өзгөрүүлөр окшошпоо эмес, керисинче, окшошуу кубулушунун натыйжасы деп табылууга тийиш. Анткени мындай учурда окшошуу кубулушу аракетке келип, мүчө башындагы уяң *л* тыбышы жумшак *с* тыбышынын таасирине кабылып, уяңдыгын жоготуп, түгөйлөштүк белгисине ээ болуп, жумшак *с* тыбышына окшош жумшак *д*тыбышына өтүп айтылат. Тилекке каршы, бул жана ушул өңдүү калпыстар дээрлик арбын.

2) аягы *н, м, ң, л, р, й* уяң үнсүздөрү менен бүткөн сөздөн кийин *-ны, -нын, -ныкы* мүчөлөрүнүн башындагы *н* тыбышы окшошпоо кубулушуна кабылып, жумшак *д* тыбышына өтүп айтылат:

*сан + ны > сан**д**ы* *кум + ны > кум**д**у*
*чаң + ны > чаң**д**ы* *бал + ны > бал**д**ы*
*кар + ны > кар**д**ы* *бай + ны > бай**д**ы*
*жаан + ны > жаан**д**ы* *коон + нын > коон**д**ун*
*жээн + нын > жээн**д**ин* *балбан + нын > балбан**д**ын*
*асман + нын > асман**д**ын* *жаман + ныкы > жаман**д**ыкы.*

3) *ч* тыбышына аяктаган сөздөн кийин *ч, т, л, н, д, ж* тыбыштарынан башталган морфема (мүчө же сөз) келсе, сөз соңундагы *ч* тыбышы жарылмалык касиетин жоготуп, жылчыкчылдыгын сактап, өзүнөн кийинки жарылма үнсүзгө окшошпой, жылчыкчыл *ш* тыбышына өтүп айтылат:

*ач + чы > а**шч**ы* *кач + чы > ка**шч**ы*
*ач + ды > а**шт**ы* *чач + ды > ча**шт**ы*

*жыгач + чы > жыга**шч**ы* *кылыч + чан > кылы**шч**ан*

*чач+ тарач> ча**шт**арач* *ач + жылаңач> а**шч**ылаңач.*

Өйдөкүдөй эле *ч* тыбышы менен бүткөн сөздөн кийин *с* тыбышы менен башталган мүчө келсе, *ч* тыбышы өйдөкүдөй эле *ш*тыбышына өтүп айтылат:

*кач + са > ка**шс**а* *чач + са > ча**шс**а.*

Бирок бул учурокшошпоо кубулушу эмес, окшошуу кубулушу аркылуу ишке ашат да, *ч* тыбышы *с* тыбышынын таасири менен*ш* тыбышына өтүп, уңгу-мүчөнүн чегинде каткалаң жылчыкчылдык белгилери боюнча бири-бирине окшош *ш+с* эки үнсүз айкашы пайда болот. Дагы бир мисал: *ач + ды > а**шт**ы, чач + ды > ча**шт**ы* ж.б.Бул өңдүү сөздөрдүн тутумунда мүчө башындагы *д* тыбышынын каткалаңдашып *т* тыбышына өтүшү окшошуу кубулушу аркылуу ишке ашырылса, *ч*тыбышынын *ш*тыбышына өтүшү окшошпоо кубулушу аркылуу ишке ашырылат. Демек, мындай учурда аталган эки кубулуш бир эле сөздүн ичинде бирдей жана карама-каршы багытта аракетке келет.

## 1.8. Ыңгайлашуу кубулушу

Муун ичиндеги, уңгу менен мүчөнүн чегиндеги же эки сөздүн ортосундагы жанаша келген үндүү жана үнсүз тыбыштардын бири-бирине таасир этип, өз ара ыңгайлашып айтылышы *ыңгайлашуу кубулушу* деп аталат.

Кеп агымындагы тыбыштык өзгөрүүлөр жеке эле жанаша келген эки үнсүздүн окшошуп-окшошпой айтылышын жөнгө салган окшошуу жана окшошпоо кубулуштары менен чектелбейт. Анткени кеп агымында жеке эле үнсүз тыбыштар келбестен үндүү жана үнсүз тыбыштар да катар келе берет. Аныктама тастыктагандай, кеп агымында, муун ичинде, уңгу менен мүчөнүн чегинде же эки сөздүн ортосунда жанаша келген үндүү жана үнсүз тыбыштардын бири-бирине таасир этип, өз ара ыңгайлашып айтылышы ыңгайлашуу кубулушу деп аталган өзүнчө кубулуш аркылуу ишке ашырылат.

Кыргыз тилинде бул кубулуш төмөнкүдөй учурларды ичине камтыйт:

1) муундун өзөгү болгон үндүү тыбыш муун ичинде жанаша келген үнсүзгө таасир этип, анын же жоон, же ичке айтылышын шарттайт. Бул учурда аталган кубулуш муун чегиндеги үндөштүк кубулушуна дал келет. Бирок мында үндөштүк кубулушу сөз ичиндеги бардык муундарга жана муун ичиндеги бардык үндүү жана үнсүз тыбыштарга бирдей таралса, ыңгайлашуу кубулушу үндүүнүн үнсүзгө тийгизген таасири менен гана чектелет. Маселен, *ат* сөзүнүн соңундагы үнсүздүн жоон үндүүнүн таасири менен жоон айтылышы жана *эт* сөзүнүн соңундагы үнсүздүн ичке үндүүнүн таасири менен ичке айтылышы дал ушул ыңгайлашуу жана үндөштүк кубулуштарынын дал келген бир көрүнүшү деп табылат;

2) сөз же муун ичиндеги түгөйлөш түпчүл үнсүздөр жалаң гана жоон үндүүлөр менен айкашса, түгөйлөш артчыл үнсүздөр жалаң гана ичке үндүүлөр менен айкашат. Маселен, *қыр/ғыз, қы/мыз, қа/ра/ғат* сөздөрүнүн тутумундагы *қ, ғ* үнсүздөрү *ы, а* жоон үндүүлөрү менен айкаша келсе, киргиз, *кереге, килем* сөздөрүнүн тутумундагы *к, г* үнсүздөрү *и, е* ичке үндүүлөрү менен иргеле келип айкашат;

3) сөз соңундагы *қ, к, п* тыбыштары эки үндүүнүн ортосунда келсе, ал үндүүлөрдүн таасири менен жумшарып, үн катышып айтылышы жагынан ошол үндүүлөргө ыңгайлашат:

*ак + ар > а**ға**р*
*ак + ыш > а**ғы**ш*
*так + ы > та**ғы***
*тек + ы > те**ги***
*сап + ы > са**бы***
*кап + ы > ка**бы***
*чеп + ы > че**би***
*сеп + ы > се**би***
*ак + ала > а**ға**ла*
*кара + кой > кар**ағ**ой*
*кеп + ур > ке**бу**р*
*жоон + ал > жоо**ба**лды*
*таап + ал > Таа**ба**лды*
*сатып + алды > Саты**ба**лды.*

4) үн катышы жагынан сөз соңундагы үндүүгө ыңгайлашкан мүчө *м, н, ң, л, р, й* уяң үнсүздөрүнөн баштала берет:

*бала + ым > бала-**м***
*бала + ны > бала-**н**ы*
*бала + ыңыз > бала-**ң**ыз*
*ата + лар > ата-**л**ар*
*кара + ар > кара-**р***
*кара + ай > кара-**й.***

5) сөз соңундагы үндүүдөн кийин үн катышы жагынан ыңгайлашкан мүчө (же сөз) жумшак *б, г, д* үнсүздөрүнөн баштала берет:

*бала + ыбыз > бала-**быз*** *бала + га > бала-га*

*бала + дан > бала-**дан*** *эне + га > эне-ге.*

6) сөз соңундагы уяңдан, жумшак *з′*данжана каткалаң (*к, п′*данбашка) үнсүздөн кийин мүчө (же сөз) үндүүдөн баштала берет:

*бал + ым > бал-**ы**м* *жар + ы > жар-**ы***

*бай + ы > бай-**ы*** *кыз + ым > кыз-**ы**м*

*баш + ы > баш-**ы*** *чач + ы > чач-**ы**.*

## 1.9. Кыскаруу кубулушу

Муун ичиндеги же эки сөздүн ортосундагы үндүү тыбыштын кыскарып айтылышын же түшүп калышын жөнгө салган кубулуш *кыскаруу кубулушу* деп аталат. Кеп агымында айтылган тыбыштар өйдөкүлөрдөн башка да тыбыштык кубулуштардын таасирине кабылышы мүмкүн. Алардын бири - басым түшпөгөн муундагы же жанаша келген эки сөздүн ортосундагы үндүү тыбыштардын кыскарып, солгундап айтылышы же деле түшүп калышы. Бул өңдүү өзгөрүүлөр, аныктамадан белгилүү болгондой, кыскаруу кубулушу аркылуу ишке ашырылат.

Кыскаруу кубулушу үндүүлөрдүн баарына эле бирдей тарала бербейт. Ал көбүнчө кыска кууш үндүүлөргө таралып, эне тилибиздеги төмөнкү учурдарды ичине камтыйт:

1) *-йыл, -йым, -йын, -рым, -рын* сыяктуу туюк муун менен бүткөн сөздөрдөн кийин үндүү менен башталган мүчө жалганса, туюк муундагы кууш үндүү кыскарып же түшүрүлүп айтылат:

*айыл + ым > айл-ым* *дайын + ы > дайн-ы*

*ийин + ы > ийн-и* *кийим + ы > кийм-и*

*жарым+ ы > жарм-ы* *ийир + ып > ийр-ип.*

2) өйдөкү турпаттагы туюк муун менен бүткөн айрым сөздөгө *-а*курандысы жалганса, туюк муундагы кууш үндүү түшүрүлүп айтылат:

*жыйын + а > жыйн-а* *кыйын + а > кыйн-а*
*жумуш + а > жумш-а* *ойун + а > ойн-о*
*орун + а > орн-о* *жыйын + а > жыйн-а.*

3) тууганчылык катышты билдирген кошмок сөздөрдө *кайын* сөзү кууш үндүүсүн жоготот:

*кайын +ата > кайната* *кайын +эне > кайнене*
*кайын +эже > кайнеже* *кайын +ага > кайнага*
*кайын +ини > кайни.*

Көрүнүп тургандай, булардын ичинен *кайни* сөзүнүн жасалышында кууш үндүү менен бирге бүтүн муун да кыскарып айтылат;

4) *-ры, -ри*сыяктуу жабык муун менен бүткөн сөздөрдөн кийин айрым сөздөр тиркеше келсе, муундагы кууш үндүү түшүрүлүп айтылат:

*ары + жак > аржак* *бери + жак > бержак*
*сары + багыш > сарбагыш* *сары + барпы > сарбарпы*
*сары + моңол > сармоңол* *сары + май > сармай*
*сары + чычкан > сарчычканры* *сары + өзөн > сарөзөн.*

5) үндүү менен бүткөн сөзгө үндүү менен башталган экинчи сөз же мүчө тиркешсе, жанаша келген эки үндүүнүн бири түшүрүлүп айтылат:

*ата + ым > атам* *эне + ыбыз > энебиз*
*сары + ала> сарала* *кара + ала> карала*
*тору + ала> торала* *сары + оору > сароору*
*Ала + арча> Аларча* *Жети + өгүз> Жетөгүз.*

## 1.10. Кептин фонетикалык бөлүнүшү

Адам баласы пикир алышуу учурунда өз оюн сүйлөм аркылуу билдирет. Сүйлөм сөздөрдөн, сөз муундан турат. Муундан сөз, сөздөн муунак куралат. Муунак бир же бир нече сөздү ичине камтып, сүйлөмдү курайт. Сүйлөө учурунда сүйлөм ичиндеги сөздөр жеке туруп да, топ-топ курап да айтылат.

Демек:сүйлөм тутумундагы семантика-синтаксистик жана фонетикалык жактан бүтүндүктү түзүп, бөлүк-бөлүк болуп, өзүнчө басым менен бир ыргакта айтылган сөз же сөз тиркештери **муунак** деп аталат. Мисалы:

*/Бетеге кетет, / бел калат, /*
*/Бектер кетет, / эл калат./*
*/Осмо кетет, / каш калат, /*
*/Оомат кетет, / баш калат./*
*/Жакшылыкка жакшылык, / ар адамдын кылары, /*
*/Жамандыкка жакшылык, / эр адамдын кылары./*
*/Жамандыкка жамандык, / кем адамдын кылары, /*
*/Жакшылыкка жамандык,/ көр адамдын кылары./*

Көрүнүп тургандай, төрт саптан турган бул эки макалдын ар бир сабы экиден муунакка ажырап айтылат да, биринчи макалдын ар бир муунагы экиден сөздү ичине камтыса, кийинки макалдын ар бир муунагы эки же үчтөн сөздү ичине камтыйт.

Кептин фонетикалык жактан бөлүнүшү жөнүндө сөз болгондо, 2-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, иралды сүйлөмдүн муунакка ажырашы, андан соң муунактын сөзгө, сөздүн муунга, муундун тыбышка бөлүнүшү жөнүндө сөз болушу абзел. Фонетикалык жана синтаксистик адабияттарда муунак түшүнүгү көбүнчө орус тилиндеги синтагма термини менен белгиленип жүрөт. Синтагма термини менен синтагмага жөнүндөгү окуу илимий айлампага алгач ирет академик Л.В.Щерба тарабынан киргизилген. Синтагма түшүнүгү кыргыз тилиндеги муунак сөзүнүн мааниси менен толук камтылгандыктан, бул түшүнүктү белгилөө үчүн термин катары дал ушул муунак сөзү колдонууга эң ылайыктуу деп табылат.

Ошентип, кеп агымынын муунакка бөлүнүшү сүйлөмдүн семантика-синтаксистик түзүлүшү менен шартталат. Муунактын курамы бир ыргак менен айтылган сүйлөмдүн баш же айкындооч мүчөлөрүнүн, анын ичинде ээ менен баяндоочтун, аныктооч менен аныкталгычтын, толуктооч менен толукталгычтын, бышыктооч менен бышыкталгычтын, сүйлөмгө мүчө болбогон ар кандай сөз тиркештеринин топторун ичине камтыйт. Ар бир

муунак өзүнчө басым жана ыргак менен айтылып, муунактын чеги тыным менен ажыратылат. Демек, тилдеги фонетикалык кубулуштардын таралуу чөйрөсү дал ушул муунактын алкагы менен чектелет. Маселен, Асанкайгынын көйгөйү төрт саптан турган муунак ичиндеги сөздөрдүн өзгөрүшү аркылуу минтип берилет:

*/Куйругужок, / жалыжок/*
*/Кулаңгантип/ гүңгөрөт/*
*/Айагыжок/ колужок/*
*/Жылаңгантип/ гүңгөрөт./*

Көрүнүп тургандай, өз-өзүнчө муунак түзүп, үзгүлтүксүз бир ыргак менен айтылган *кулаңгантип < кулан кантип, жылаңгантип < жылан кантип, гүңгөрөт < күн көрөт* тиркештеринде фонетикалык ички бүтүндүктү камсыз кылуу үчүн тиркеш тутумундагы эки сөздүн чегинде ***н+к*** үнсүздөрү кайчылаш окшошуу кубулушуна кириптер болуп, бири-бирине окшошуп, ***ң+г***айкашына өтүп, *кулаңгантип гүңгөрөт, жылаңгантип гүңгөрөт* таризде айтылат. Демек, жанаша келген эки сөздүн ортосунда орун алган ар кандай тыбыштык өзгөрүүлөр муунактын алкагында гана ишке ашырылат.

Муунактын бүтүндүгү анын тутумундагы сөздөрдүн семантика-синтаксистик байланыштары менен шартталгандыктан мындай байланыштагы сөздөр милдеттүү түрдө бири-бири менен жанаша турууга тийиш. Андай болбой калган учурда, эгерде жанаша турган сөздөрдүн арасына башка сөздөр кошулуп айтылса, жанаша турган сөздөрдүн арасындагы байланыш солгундап же жоголуп, муунак ичтен ыдырап, ажырап кетиши мүмкүн. Мисалы:

|*Элмырза келди.*|
|*Элмырза* | *өткөн жылы келди*|
|*Элмырза* | *өткөн жылы*| *чет өлкөдөн келди*|
|*Элмырза* | *өткөн жылы*| *чет өлкөдөн*| *окуусун бүтүрүп келди*|.

Көрүнүп тургандай, сүйлөмдүн ээси менен баяндоочунун ортосуна башка сөздөр кошулган сайын муунактын чеги да улам жылышып, өзгөрүп турат. Ошондуктан оозеки кепте сүйлөмдү муунактарга туура жиктеп, өзүнчө ыргак менен туура айтуу абзел. Антпегенде ой бурмаланып, так берилбей, айтылган кептин ыргагы бузулуп, таасирдүү, таамай болбой калышы мүмкүн. Муну төмөнкүдөй салыштыруудан ачык байкоого болот:

| | |
|---|---|
| \|*Кыргыз тилин сүйөт.* \| | \|*Кыргыз*\| *тилин сүйөт.* \| |
| \|*Кыргыз жерин сүйөт* \| | \|*Кыргыз*\| *жерин сүйөт.* \| |
| \|*Атажуртун сагынат.*\| | \|*Ата*\| *журтун сагынат.*\| |
| \|*Атамекенин сагынат.*\| | \|*Ата*\| *мекенин сагынат.*\| |

Мындан биз муунак сүйлөм тутумундагы семантика-синтаксистик жана фонетикалык жактан бүтүндүктү түзүп, өзүнчө басым менен бир ыргакта айтылган сөз же сөз тиркештери болот деп жыйынтык чыгарууга тийишпиз.

## 1.11. Басым жана анын түрлөрү

Сөз ичиндеги бир муундун башка муундардан айырмаланып көтөрүңкү үн менен күчтүү айтылышы **басым** деп аталат. Сөздүн басым түшкөн мууну басымдуу муун болсо, басым түшпөгөн мууну басымсыз муун болот.

Басымдын үч түрү бар. Алар төмөнкүлөр:

1) **күчтүү же динамикалык басым –** сөздүн басым түшкөн муунунун башка муундарга караганда күчтүү айтылышы,

2) **тондуу же музыкалык басым –** сөздүн басым түшкөн муунунда тондун өзгөрүп айтылышы,

3) **сандык же квантитативдик басым –** сөздүн басым түшкөн муунунда үндүүнүн созулуп айтылышы.

Тилибиздеги басым таза эмес, аралашма басым, күчтүү сандык басым.

Басым сөз ичинде алган ордуна карай эки бөлүнөт:

1) туруктуу басым,

2) өзгөрүлмө же эркин басым.

Кыргыз жана башка бардык түрк тилдериндеги басым туруктуу басымга жатат. Анткени басым, адатта, сөздүн соңку муунуна түшөт. Тактап айтканда, мүчөлөмө типологиядагы тил катары тилибиздеги басым сөзгө мүчө жалганган сайын улам соңку муунга көчүп турат. Мисалы:

*малч**ы***
*малчыл**а**р*
*малчыларыб**ы**з*
*малчыларыбыздык**ы***
*малчыларыбыздыкындаг**ы***
*малчыларыбыздыкындагыл**а**р*
*малчыларыбыздыкындагылард**а**н*
*малчыларыбыздыкындагылардансызд**а**р*
*малчыларыбыздыкындагылардансыздарб**ы**?*

Көрүнүп тургандай, басым түшкөн муундагы үндүү (кара тамга белгиленди) мүчө жалганган сайын улам сөздүн акыркы муунуна жылып олтурат.

Басымдын сөздүн соңку муунуна түшүшү төмөнкү учурларда орун алат:

1) бардык куранды мүчөлөр басымды кабыл алгандыктан алардын жардамы менен жасалган туунду сөздөрдүн соңку муунуна басым түшөт. Мисалы: *башчы, сана, сына, жаша, жашы, байы, бычак, учак, санак, сынак, ыйла, майла, сыйла, ырда, сызда, тузда, башта, иште, тиште ж.б.*,

2) уланды мүчөлөрдүн басым көпчүлүгү өйдөкүдөй эле басымды өзүнө кабыл алып, сөздүн соңку муунуун басым менен айтылышына шарт түзөт:

а) жөндөмө мүчөлөр: *атанын, атага, атаны, атада, атадан, малчынын, малчыга, малчыны, малчыда, малчыдан,*

б) таандык мүчөлөр: *атам, атаң, атаңыз, атасы, атабыз, атаңар, атаңыздар, атым, атың, атыңыз, аты, атыбыз, атыңар, атыңыздар,*

в) чак мүчөлөр: *санады, санаган, санаптыр, саначу ж.б.*

Айрым учурларда басым сөздүн соңку муунуна эмес, башка муунуна да түшө берет. Бул өзгөчөлүк тилде өзүнөн кийинки муунга басымды өткөрбөй турган төмөнкүдөй мүчөлөрдүн орун алышы менен шартталат:

1) жак мүчөлөр:

*Мен бал**а**мын, учк**у**чмун, жазг**а**нмын*

*Сен бал**а**сын, учк**у**чсун, жазг**а**нсын*

*Сиз бал**а**сыз, учк**у**чсуз, жазг**а**нсыз*

*Ал бал**а**, учк**у**ч, жазг**а**н*

*Биз бал**а**быз, учк**у**чпуз, жазг**а**нбыз*

*Сиздер бал**а**сыздар, учк**у**чсуздар, жазг**а**нсыздар*

*Алар бал**а**, учк**у**ч, жазг**а**н ж.б.*

2) буйрук ыңгайдын *–чы, -гын, -гыла, ңыз мүчөлөрү,*

3) каалоо-тилек ыңгайдын *–айын, -алы, -алык* мүчөлөрү,

4) сурама *–бы* мүчөсү.

Ушундай эле касиетке күчөтмө сын атооч жасоочу бөлүкчөлөр ээ, бирок алар, өйдөкүлөрдөн айырмаланып, өзүнө басымды кабыл алат: *к**а**пкара, с**а**псары, к**ы**пкызыл, с**о**псонун, ж**а**пжашыл ж.б.*

Жогорудагылардан башка тилибизде басым кабыл албаган же, кабыл алса да, өзүнөн кийинки муунга басым өткөрбөгөн төмөнкүдөй кызматчы сөздөр да бар:

1) жандоочтор: *барган **сайын**, келери **менен**, тоону **карай**,*

2) байламталар: *Асан **да**, Үсөн **да** келди,*

3) бөлүкчөлөр: ***эч** качан, **өтө** жакшы,*

4) айрым жардамчы сөздөр: *бар **экен**, аз **эмес**, бат **эле ж.б.***

## 1.12. Алфавит, графика жана орфография

Тыбыштык жазууда, тактап айтканда, тилдеги фонемаларды жазууда, адегенде төмөнкүдөй үч түшүнүктүн башын ачып алуу зарыл. Алар: алфавит, графика жана орфография. Булардын ар биринин мазмунун так түшүнбөй туруп тигил же бул тилдин жазуу системасын үйрөнүү мүмкүн эмес.

*Алфавит* - жазуу системасында колдонулган жана белгилүү бир тартип боюнча жайгаштырылган тамгалардын топтому. Алсак, латын графикасына негизделген англис алфавити 26 тамганы ичине камтыса, ушул эле графикага негизделген тектеш түрк алфавити 29 тамганы ичине камтыйт. Ошондой эле кириллицага негизделген орус алфавити 33 тамгадан турса, ушул эле негиздеги кыргыз алфавити 36, казак алфавити 42 тамгадан

турат. Демек, мындан алфавиттин курамы тилдердин тектештигине эмес, алардын кайсы графиканы пайдалангандыгына карай өзгөрүп турарын байкоо кыйын эмес.

*Графика* - тигил же бул тилдеги тамгалар менен алардын айкаштарынын ошол тилдеги тыбыштар менен алардын айкаштарына болгон катышын жөнгө салуучу эрежелердин топтому. Төтөсүнөн айтканда, графика деп алфавиттеги кайсы тамга аркылуу тилдеги кайсы тыбыш (фонема) белгиленет деген эрежелердин топтомун түшүнүүгө болот.Графиканын эрежелери тилдин тыбыштык системасынын тарыхый жактан өнүгүшүнө карай өзгөрүп турат. Ошондуктан бул эрежелерди эки башка өңүттөн кароого болот.

Биринчиден, бул эрежелерди тилдеги тыбыштардын жазууда кайсы тамгалар менен белгилениши жагынан каралышы мүмкүн. Маселен, тилибиздеги көпчүлүк тыбыштардын ар бири өз-өзүнчө бир гана тамга менен белгиленет.Мисалы: *а→Аа, о→Оо, п→Пп, т→Тт* ж.б.Бирок графикада бир тыбыш бир эмес, бир нече тамга менен да белгилениши мүмкүн:

1. Орус тилиндеги *ж* тыбышы эки үндүүнүн ортосунда кадимкидей окулса (сал. *ножи* - окулушу: *нажи*), *с, з* тамгалары *ж* тамгасынын алдында *ж* тамгасы менен окулат (сал. *сжечь* - окулушу: *жжечь, разжечь* - окулушу: *ражжечь*).

2. Кыргыз тилиндеги е тыбышы сөз башында э деп, калган бардык учурда е деп белгиленет. Мисалы*: эне, эже, эчки, этиш, эки, эркин, эндик, белек, тилек, береке, кереге, терезе* ж.б.

3. Кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөр өзүнчө тамга эмес, кош тамга менен белгиленет: *аа, ээ, оо, өө, уу, үү*.

4. Тилибиздеги *й+а, й+е, й+о, й+у* түрүндөгү тыбыштык айкаштар йоттошкон *я, е, ё, ю* тамгалары менен белгиленет.

5. Немис тилинде *ш* тыбышы *sch*тамгалары менен, *ч* тыбышы *tsch*тамгалары белгиленет.

Экинчиден, графиканын эрежелери жазуудагы тамгалардын же алардын айкаштарынын окулушу жактан каралышы мүмкүн.Жазуудагы бир тамга окулганда бир эмес, бир нече тыбышты билдириши да ыктымал:

1. Орус тилинде басымсыз муундагы *е* тамгасы *ц, ш, ж* тамгаларынан кийин *ы* деп, калган бардык үнсүздөрдөн кийин *и* деп окулат: *шестой* - окулушу: *шыстой*, *весна* - окулушу: *висна*.

2. Түрк тилинде *r* тамгасы Истамбул айтымына негизделген түрк адабий тилинде, өзгөчө, диктор, артисттердин кебинде, кыргыз жана башка бардык түрк тилдеринен айырмаланып, биринчи муунда 1, сейрегирек 2 жолу дирилдеп айтылса, калган бардык муундарда дирилдебей англисчедеги *r* тыбышына жакын келегей үнсүз тарисинде айтылат. Сал: *Anne, ben sizi çok seviyorum; sizi çok bekliyorum, arkadaş, rahat*ж.б

3. Немис тилинде *g* тамгасы үндүүнүн алдында *g*деп, сөз соңунда*k* деп окулат. Сал.: *geben*-окулушу: *geben* (берүү), *tağ*– окулушу: *ta:k* (күн, күндүс) ж.б.

4. Кыргыз тилинде эки үндүүнүн ортосунда *б* тамгасы эрин-эринчил жылчыкчыл *β* (бирок *v* эмес) болуп окулса, калган бардык учурларда жарылма *б* болуп окулат: *аβа-бала-барба* ж.б.

5. Төл сөздөрдө *к, г* тамгалары жоон үндүү менен катар келсе, жоон *қ, ғ* болуп, ичке үндүү менен катар келсе, ичке *к, г* болуп окулат. Сал. *қырғыз, қымыз, қомуз*, бирок *киргиз, кереге, келин* ж.б.

6. Эки созулма үндүү катышкан сөздөрдө экинчи созулма үндүү кыскарып окулат. Сал. *баалу - суулу - тоолу* ж.б.

Ошентип, графиканын эрежелери тамга же алардын айкаштарынын окулуш жагын жөнгө салат да, анда сөз же сөз мүчөсүнүн жазылышы да, окулушу да эске алынбайт. Мунун натыйжасында аз сандагы тамгалар менен көп сындагы тыбыштарды, тактап айтканда, фонемаларды белгилөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бирок, ошентсе да, *идеалдуу деп бир тамга менен бир тыбыш белгиленген графика эсептелет*. Ошондуктан графикада дайыма дал ушул идеалга умтулуу зарыл.

### 1.12.1. Орфографиянын негизги принциптери

*Орфография* - сөз жана сөз мүчөлөрүн туура жазуу эрежелери. Демек, ал адабий тилдин жазуу нормаларын аныктоочу эрежелер системасы болуп эсептелет. Тилдин жазуу нормаларын иштеп чыгуу үчүн орфографиянын төмөнкүдөй үч принциби жетекчиликке алынат:

*Фонетикалык принцип.*Бул принцип сөз же сөз мүчөсү кандай айтылса, ошол боюнча жазуу жагын жөнгө салат. Тактап айтканда, айтылган сөздүн тутумунда кандай фонемалар тизмектешип келсе, ал фонемалардын ар бири өз-өзүнчө өзүнө тиешелүү гана тамга менен белгиленет. Мисалы:

1. Орус тилиндеги *раз-, рас-, рос-* сыяктуу сөз алды мүчөлөр (префикстер) айтылышы боюнча жазылат: *раздел, рассыпать, развалины, россыпь* ж.б.

2. Кыргыз тилиндеги уңгу жана мүчөлөр да негизинен айтылышы боюнча жазылат: *ат, эт, от, өт, атты, этти, отту, өттү, акчасыз, энесиз, суусуз, түссүз ж.б.*

*Морфологиялык принцип.* Бул принцип морфемалардын бир түрдүү жазылышын жөнгө салат. Бирок ал тыбыштык (фонемалык) жазууда таза түрүндө колдонулбай, фонетикалык принципти коштоп жүрөт. Мисалы:

1. Тилибиздеги көпчүлүк уңгулар айтылганда тыбыштык турпатын сактайт. Бул - тектеш түрк тилдеринин башкы типологиялык өзгөчөлүгү. Демек, көпчүлүк уңгулардын жазылышы фонетикалык принцип боюнча ишке ашырылат да, морфологиялык принцип коштоочу гана мүнөзгө ээ болот: *ат, эт, от, өт, ит, ут, үт, бал, бел, бол, бөл, бил, бул* ж.б.

2. Айрым уңгулар мүчөнүн башкы тыбышынын таасири менен соңку үнсүзүн өзгөртөт: *түн, туз*, бирок айтылышы - *түңкү, түмбү, туссуз* ж.б. Мында морфологиялык принцип өзгөрүлмө уңгуну өзгөртпөй бир түрдүү жазылышын камсыз кылат: *түн, туз, түнкү, түнбү, тузсуз* ж.б.

Айрым учурларда бул принциптен четтөөгө жол берилет:

1. Кыргыз тилинде эки үндүүнүн ортосунда келген уңгунун (сөздүн) соңку *қ, к, п* үнсүздөрү жумшарып, *ғ, г, б* үнсүздөрүнө

өтүп айтылат. Жазууда мындай учурлар морфологиялык принцип боюнча эмес, фонетикалык принциптин негизинде айтылышы боюнча жазылат: *ак,* бирок *агар; көк,* бирок *көгөр; көп,* бирок *көбөй; топ,* бирок *тобум ж.б.*

2. Түрк тилинде өйдөкүдөй эле шартта энчилүү аттардын соңку үнсүзү жумшарып айтылса да, морфологиялык принциптин негизинде жазууда ага жол берилбейт:

| Жазылышы | Айтылышы |
|---|---|
| *Ahmeti* | *Ahmedi* |
| *Recepi* | *Recebi* |
| *Sinopu* | *Sinobu* |
| *Zonguldakı* | *Zonguldağı* |
| *Kızılırmaka* | *Kızılırmağa.* |

*Салттуу же этимологиялык принцип.*Бул принцип, негизинен, жазуу-сызуусу эчен кылымдар бою өнүккөн тилдерде гана колдонулат да, айтылышы өзгөрүп кеткен сөздөрдү өзгөртпөй, мурунку калыбында жазууда жетекчиликке алынат. Мисалы:

1. Орус тилинде басымсыз муундагы *о* тыбышы *а* болуп окулат, бирок жазууда эски орус ымласы боюнча *о* менен жазылат: *молоко* - айтылышы: *малако*, *соловей* - айтылышы: *салавей* ж.б.

2. Англис тилиндеги көпчөлүк сөздөр эски англис тилиндеги калыбында жазылат: *two* (*tu:*) ‘эки’ - *too* (*tu:*) ‘да, дагы’, *sight* (*sayt*) ‘көрүнүш’ - *site* (*sayt*) ‘тарап’ ж.б.

Көрүнүп тургандай, салттуу принцип, эреже катары, бир эле тилдеги сөздөрдүн мурунку айтылышын сактап жазууда жетекчиликке алынат. Бул фактырлар аталган принциптин кыргыз орфографиясында канчалык өлчөмдө бурмаланып жүргөнүн ачык көрсөтөт. Тактап айтканда, орусчадан оошкон оголе көп сөздүн жазылышын орус орфография эрежелерине багындыруу үчүн дал ушул принцип «илимий негиз» катары ойлоп табылган. Сал.: *щетка, цирк, психология, кибернетика ж.б.*

Ошентип, орфографиянын эрежелери жогорудагы принциптерди өз ара айкаштырып колдонуунун натыйжасында калыпташат.

## 1.12.2. Кыргыз орфографиясынын кыскача тарыхы

Белгиленгендей, кыргыз элинин сан кылымдык тарыхы - кыргыз тили менен кыргыз жазуусунун да тарыхы. Бул жагынан жазуубуздун тарыхы V1-1X кылымдардагы 38 тамгадан туруп, үндөштүккө негизделген байыркы рун жазма эстеликтерине барып такалары шексиз. Доор алмашып, мезгил өткөн сайын элибиздин кийинки тарыхында өйдөкүдөн башка да жазууларды колдонушканы, XVП-X1X кылымдарда Борбор Азиядагы орток чагатай жазуусун өз тилине ыңгайлаштырганы маалым [АКАТ 2009: 4]. Демек, кыргыз орфографиясынын тарыхы байыркы түрк жазуу жүйөсүнүн бир бөлүгү катары өйдөкү тарыхый кезеңдерди баштан кечиргени жана XX кылымдын 20-30-жылдары өзүнүн калыпташуу доорун өткөргөнү талашсыз. Тактап айтканда, кыргыз орфографиясынын илимий негиздери төтө жазуудан латын графикасына өткөн мезгилден баштап түптөлө баштайт да, агездеги сабаттуулукту жоюунун куралы катары жазуу маселесине өкмөт такай көңүл буруп, көзөмөлгө алып турат. 1927 декабрда латын алфавитине өтүү боюнча Кыргыз Өкмөтүнүн чечими кабыл алынат. Эгерде буга чейин арап графикасына негизделген төтө жазуунун башында элибиздин алгачкы агартуучусу Ишеналы Арабай уулу турса, латын алфавитине өткөн соң анын башында тунгуч профессорубуз Касым Тыныстан уулу турат [Мусаев 2004: 10-39]. Ошентсе да, 1928-29-жылдары эки жазуу тең колдонулуп, латын жазуусунда тамгалары алмашкан менен төтө жазуунун үндөштүккө негизделген эрежелери толук сакталат. Мунуагезде жарыяланган төмөнкү текстин үзүндүсү аркылуу тастыктоого болот [Карасаев 1970: 99-100]:

***taş-komur***

*taş-komur adam balasьnьn tьrьcьlьgьne ˇoto kerektuu nerse. taş-komur zoot-pabьrьkterge, ot kemelerge, ot arabalarɑa çaɑьlat. taş-komurdun tabь abьdan kuctuu bolot. necen zoot-pabьrьkter, ot kemeler oşol taş-komurdun otu menen ˇçurub çatat.*

*taş-komur çalaŋdana maşьyneler ˇucun emes, qarapauьt meşkeda çaɑuuɑa, tamaq bьşьruuɑa da abьdan kerek buyum.bauьr zamanda qalьŋ toqoylordu sel qьyan qabtab, ˇustun çerdьn qattooloru basьb qalɑan.oşol çerdьn qattoolorunun astьnda qalɑan toqoylor kob zaman çata-çata qamьɑьb, komur bolub taşqa aylanɑan.*

*ˇbьzdьn qьrɑьzьstanda mьnday taş-komur kenь kob. ˇbьr-oq temьr çol bolboɑonduqtan kob ьştelbey çatat.*

*azьr qьrɑьzьstanda ьştelьb çatqan oş qantonunda qьzьlqьya, ˇsogottu, taş-komur kenderь bar. ˇbutun orto azьyada maqtaluu ken uşular sanalat.*

*çalal abatqa çaqьn kok-art taş-komuru bar. munu da çaŋь baştab ьştoogo kьrьştь.aytuularьna qaraɑanda mьnda da taş-komur kob çana çaqşь ˇturu bar ˇьtьş.*

Көрүнүп тургандай, берилген текстти окууда төтө жазуунун төмөнкү жоболору маанилүү:

(1) ошол жылдары арап графикасы сыяктуу эле латын алфавитинде да баш тамгалар колдонулган эмес;

(2) төтө жазуунун эрежесине ылайык кыбачы (ˇ) белгисинен кийин жоон *о, и, ı (ь)* үндүүлөрү ичке *ö, ü, i* үндүүлөргө өтүп окулган: *ˇoto - өтө, ˇçurub - жүрүп, ˇucup -үчүн, ˇustun- үстүн, ˇbьzdьn - биздин, ˇbьr- бир, ˇsogottu- сөгөттү, ˇbutun - бүтүн, ˇturu - түрү, ˇьtьş – имиш*;

(3) беш жүз жыл ашуун колдонулган чагатай жазуусунун эрежелерине ылайык *k, g* тамгалары катышкан үндүүлөр ичке окулган: *komur - көмүр, tьrьcьlьgьne - тиричилигине, kerektuu - керектүү, pabьrьkterge - пабириктерге, komurdun - көмүрдүн, kuctuu - күчтүү, pabьrьkter - пабириктер, kob - көп, kenь - кени, kenderь - кендери, komuru - көмүрү, ьştoogokьrьştь - иштөөгө киришти*;

(4) ал эми *q, ɑ*тамгалары катышкан үндүүлөр жоон окулган: *qarapauьt- карапайым, çaɑьlat - жагылат, bьşьruuɑa - бышыруугa, qьrɑьzьstanda - кыргызыстанда, qьzьlqьya - кызылкыйа, qьyan - кыйан, qalьŋ - калың, toqoylordu -токойлорду ж.б.*;

(5) *a* тамгасы менен аралаш келгенде сөз ылгый жоон окулса: *balasьnьn, tabь, abьdan, basьb, astьnda, mьnday, azьr, çaŋь,*

*aytuularъna, tъnda, çaqşь, e* тамгасы менен аралаш келгенде сөз ылгый ичке окулган [36, 66]: *çerdьn- жердин, ьştelbey - иштелбей, ьştelьb - иштелип, maşьyneler- машийнелер, temьr- темир*;

(6) калган учурлар кадим жазылышы боюнча окулган: *adam balasьnьn - адам баласынын, meşke -мешке, abьdan kerek buyum - абыдан керек буйум, bayьr zamanda sel qabtab - байыр заманда сел капман, çalal abatqa - жалал абатка, qaraqanda - караганда ж.б.*;

(7) 1930 дан төтө жазуу толугу менен колдонуудан чыгарылган.

1934 май айында Фрунзе шаарында өткөрүлгөн кеңешмеде кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин принциптери боюнча К.Тыныстан уулу баяндама жасайт да, баяндаманын стенограммасы атайын китепче түрүндө жарыя кылынат [Тыныстан уулу 1934b]. Баяндамада ымланын алдында эки чоң милдет турары: биринчиден, жеке эле сөздөрдүн туура жазылышын эмес, адабий тилдин да туура багытта өнүгүшүн камсыз кылууга тийиш экендиги, экинчиден, сөздүн айтылышы менен жазылышынын ортосундагы айырмачылыкка жол бербөө керектиги баса белгиленет. Бул кыргыз орфографиянын илимий негизин түптөгөн алгачкы эмгек эле. Учурунда бул эмгек Е.Д.Поливановдун жогорку баасына татыктуу болгон [Поливанов 1934].

Ошол мезгилде К.Тыныстан уулунан башка адистер да кыргыз коомунун келечегин аныктаган өйдөкү өнөктүккө кызуу катышып, ымлага байланыштуу өз пикирлерин сунуштап турушат. Алардын бири - Аскар Ыдырыс уулу эле. Ал өз макаласында түштүк диалектисин адабий тилге жакындатуу максатын аркалоо үчүн алфавиттин курамына *ə* тамгасын киргизүү жана созулма үндүүлөрдү да өзүнчө тамга менен белгилөө маселесин көтөрөт [Ыдырыс уулу 1933]. Бирок К.Тыныстан уулу мындай пикирлердин адабий тил үчүн алгылыксыз экендигин далилдөө менен адабий тилдин илимий негиздерин түзүүгө багытталган кыргыз орфографиясынын долборун иштеп чыгат. Долбордо кыргыз адабий тилиндеги фонемалардын курамы да, ага шайкеш алфавиттин курамы да аныкталып, төл жана орус тилинен оошкон чет сөздөрдүн, уңгу

жана мүчөлөрдүн жазылыш, пунктуациянын колдонуш эрежелери такталат.

Басма сөздөргө жарыяланган айрым сын пикирлер көрсөткөндөй, агездеги жазуу эрежелери адабий тилдин талаптарын канааттандырбай, ар кандай баш аламандыктардын болушун шарттап, кыргыз орфографиясынын калыптанышына кедерги болуп келген. Маселен, А.Ыдырыс уулу өйдөкү макаласында орус тилинен кабыл алынган сөздөрдү мүмкүн болушунча кыргыз тилинин үндөштүк заңына багындырбай жазуу, айтылышы боюнча жазылган сөздөргө чек коюу, *ц, щ* тамгаларын *s, ş* тамгалары менен берүү, орус тилинен оошкон сөздөрдүн аягындагы *-tor* мүчөсүн *-tur/-tьr* деп кыргызчалоо (*доктор эмес, doktur, трактор эмес, traktьr*), кыскартылган сөздөрдү өзгөртпөй жазуу өңдүү эрежелерди сунуштаган. Касыкем аталган долборунда бул жана ушул өңдүү сунуштардын алгылыктуу жана алгылыксыз жактарын териштирүү аркылуу тилибиздин орфография принциптери менен эрежелерин иштеп чыгууга жетишкен. Анда, биринчиден, адабий тилдеги фонемалардын курамы аныкталып, ага шайкеш алфавиттеги тамгалардын тартиби жөнгө салынган, экинчиден, төл сөздөр менен эне тилге биротоло сиңип кеткен чет сөздөрдүн жазылыш эрежелери теңештирилген (сал. *kerebet, bөlkө, samoor ж.б.*), муун типтери, айкашуу эрежелери, тыбыштардын муун ичинде келүү заңы ачып көрсөтүлгөн, үчүнчүдөн, сөз мүчөлөрүнүн жазылыш эрежелери иштелип чыккан, төртүнчүдөн, орус тили аркылуу оошкон сөздөрдүн да, эл аралык терминдердин да жазылыш эрежелери такталган, бешинчиден, орфография менен бирге пунктуациялык эрежелер да каралган. Муну менен кыргыз орфографиясынын эрежелерин бир бүтүн система катары ырааттуу түрдө иштеп чыгууга өбөлгө түзүлгөн.

Долбордо алфавиттеги тамгалардын басма жана жазма түрлөрү, баш жана кичине тамгалар, алардын окулуштары да берилет. Созулма үндүүлөрдү кош тамга менен белгилөө жагы сунушталат. Ошону менен бирге тилибиздеги тыбыштардын жасалышы жана колдонулушу жактан жиктелишин ишке ашырууда үндүү тыбыштарды жоон жана ичке, созулма жана кыска, ачык жана эрин деп бөлүштүрсө, үнсүз тыбыштарды аткарган кызматына жана жасалыш-угулушуна карай тетиктер,

кербездер, каткалаңдар, жумшактар, мурунчулдар, төрчүлдөр, эринчилдер, уччулдар, орточулдар, түпчүлдөр, кекиртекчилдер деп түркүмдөштүрөт. Мында эне тилдин фактысынан чыгып, тыбыштардын артикуляциялык, акустикалык, дистрибутивдик жана функционалдык өзгөчөлүктөрү жетекчиликке алынгандыгын байкоо кыйын эмес. Маселен, төрчүлдөр (*b, d, q, g, v*) сөз аягында келбейт, тетик үнсүздөр (*b, ç, c*) сөз ичинде үндүү тыбыштарды ээрчип, бирде жоон, бирде ичке айтылат ж.б. Тыбыштардын жиктелишиндеги бул өңдүү өзгөчөлүтөрдүн эске алынышы, арийне, сөздөрдү туура жазып, сабаттуулукту арттырууга өбөлгө экендиги талашсыз.

Агездеги дагы бир олуттуу маселе - баш тамгалардын колдонулушу эле. К.Тыныстан уулу биринчилерден болуп баш тамгаларды киргизүү жагын колго алган. Мисалда белгиленгендей, 1928-29-жылдары жарыяланган басылмалар баш тамгасыз эле жазылып келген. Анын негизги себеби баш тамгасы жок арап графикасындагы текстердин тикелей латынга көчүрүлүшү болгон. Бул жеке эле кыргыз тилине эмес, бардык түрк тилдерине мүнөздүү көрүнүш эле. Баш тамгаларды кабыл алуу маселеси 1926-жылы биринчи түркологиялык курултайдын күн тартибине коюлбаса да, азербайжан окумуштуулары тарабынан көтөрүлүп, курултайдын бир отурумунда (06.06.1927) атайын талкуу уюшулат. К.Тыныстан уулу адегенде баш тамгаларды кабыл алуунун кажети жок деген ойдо болот. Бирок А.Н.Самойлович, Е.Д.Поливановдор латынга өткөндө баш тамга зарыл экендигин далилдешет да, Бүткүл союздук жаңы алфавиттин борбордук комитети түзүлүп, анын курамына К.Тыныстан уулу да тартылат. Тун профессорубуздун бул маселе боюнча көзкарашы ошондон тарта калыпташа баштайт. Долбордо баш тамгалар колдонулушу төмөнкү учурлар менен аныкталат: сүйлөмдүн башы, энчилүү аттар, энчилүү ат бир нече сөздөн турса, ар сөздүн башы, ырдын ар жаңы сабынын башы баш тамга менен жазылат деген эреже киргизилет. Демек, баш тамгалар бир сүйлөмдү экинчи сүйлөмдөн, энчилүү атты башка сөздөн айырмалоо үчүн колдонулат.

Долбордогу кыргыз орфографиясынын дагы бир олуттуу маселеси - кошмок сөздөрдүн жазылыш эрежелери. Деген менен

бул маселе - кыргыз тил таанымындагы күнү бүгүнгө чейин чечилбей келген талаш маселе.

Касыкем бул маселени минтип чечет:

(1) эгерде энчилүү кошмок аттардын биринчи компоненти сын атоочтук милдет аткарып турбаса, анда алар кошулуп жазылат. Маселен: *Alatoo, Asambek, Atambek, Bektemir, Toycubay, çolbaşcь, qolbaşcь, belboo.*

(2) Эгерде мындай сөздөрдүн бир компоненти сын атоочтук милдетти аткарып турса, айрым жазылат. Маселен: *Coŋ kemin, Kici kemin, Tar qauьŋdь, ayaq qap, tabaq qap, samьn qap, temir çol, ot araba ж.б.* [10, 30].

Мында келтирилген сөздөрдүн баары эле кошмок сөздөрдүн өйдөкү эки эрежеси аркылуу ырааттуу түрдө тейлене бербегендигин байкоо кыйын эмес. Алсак, *ayaq qap, tabaq qap, samьn qap, temir çol, ot araba*деген сөздөрдө эки компоненти тең сат атооч, демек, булар бирге жазылыш керек эле, бирок айрым жазылып турат. Булардын биринчи компонентине автор тарабынан *кандай*? деген суроо берүү аркылуу өйдөкү кошмок сөздөр сын атооч компоненттүү деп каралып, бөлөк жазылса керек.

Дагы бир маанилүү учур - кош сөздөрдүн жазылышы: Так бир маанини эмес, кош маанини түшүндүргөн кош сөздөр сызыкча менен жазылат. Маселен: *bala-baqьra, kelin-kesek, mayda-cuydө, sarь-ala, qara-ala* ж.б. [Тыныстан уулу 1934b: 30]. Бул мисалдардан азыркы эрежеде сакталганы биринчи үчөө, калган эки сөз кош эмес, кошмок сөз катары айрым жазылат: *сары ала, кара ала* ж.б. Ошол эле маалда талкуу учурунда берилген сурооо *qara-ala* сөзүн бириктирип жазуудан *обвинение* маанисиндеги *qarala* сөзү келип чыгат деп жооп кайтарат [Тыныстан уулу 1934b: 16].

Долбордо мааниси бир, бирок айтылышы эки түркүн болгон айрым сөздөрдүн эки түрүн тең жазуу сунушталат. Маселен: *bu - bul, a-al, oşo-oşol, uşu-uşul, an etip-antip, mьn эmun-mьntip, oşonetip- oşentip, uşunetip- uşintip, aluucu-alcu, baruucu-barcu, beriycı – bercı [*Тыныстан уулу 1934b: 31]. Азыркы грамматикабызда *bu, a, oşo* сөздөрү *bul, al, oşol* ат атоочторунун кыскартылган түрү деп табылат, демек, мында да өйдөкү эреже сакталат.

Орфографиядагы дагы бир олуттуу маселе - уңгу менен мүчөнүн жазылышы. Буга байланыштуу тогуз эреже берилет:

1. Жаңыдан сөз туугузуучу мүчөлөр да, сөздү өзгөртүүчү мүчөлөр да уңгу менен кошулуп жазылат. Маселен: *qoy - qoyсu, mal - maldar, qac - qacть, qara - qarayt, eçe -eçeke, qoyon - qoyonek, tars - tarsьldaq* ж.б.

2. Уңгу менен мүчө айкашкандагы тыбыштардын өзгөрүшү (тетири өзгөрүүдөн башкасы) бүт берилет.

3. Мында эрчишүү жана сыйлыгышуу кубулушуна кабылган мүчөдөгү бардык тыбыштар жазууга чыгарылат. Алсак, *çьlqь-сь, çөl-dө, kөz-ı*өңдүү сөздөрдөгү үндүү тыбыштар үндөшүү заңы боюнча эрчишет.

4. Уңгунун аягы үнсүз болсо, мүчө башы үндүү сакталат: *al - alьş, alьndь, kөr- kөrınış, kөrındı, bil- biliş, bilindi, ur - uruş, urundu.*

5.Уңгунун аягы үндүү болсо, мүчө башы үндүү сыйлыгышат: *qara - qaraş, qarandь, oro - oroş, orondu, qoru - qoruş, qorundu, kıbı - kıbış, kıbındı*.

6. Чакчыл *-a* мүчө аягы үндүү уңгу менен айкашканда *y* тыбышына айланып кетет: *сана - санаймын, тааны - тааныймын* [Тыныстан уулу 1934b: 34].

Андан соң уңгу менен мүчөдө үндүү жана үнсүздөрдүн ээрчишүү, мүчө башындагы үнсүздөрдүн алмашуу, сөз соңундагы үнсүздүн жумшаруу эрежелери атайын таблица, схемалар аркылуу берилет. Мисалы: *aq - aqьm, caq - caqьm, çьq-çьqьm, tek - tegi, ek - egin, tap - tabь, qap - qabь, sap - sabь ж.б.*

Сөз соңундагы үнсүздүн жумшарышы кайсы учурда ишке ашып, жазууда кантип эске алынары аныкталгандан кийин бул кубулушту ушул эле багытта аракет эткен артка карай (артка ассимляция) эрчишүү кубулушунан так айырмалоо зарыл. Бул кубулуш, адатта, уңгу менен мүчөнүн чегинде жанаша келген эки үнсүздүн ортосунда орун алып, мүчө башындагы үнсүздүн артка карай таасири менен уңгу соңундагы үнсүздүн өзгөрүп айтылышын шарттайт. К.Тыныстан уулу аталган кубулушту *тетири ээрчишүү* деген термин менен атайт да, бул кубулушка кириптер болгон төмөнкү төрт учур жазууда белгиленбейт деп эскерет:

(1) *n* ~ *m* алмашуусу: *tan - tamba, çan - çambaş,* бирок жазууда *tanba, çanbaş,*

(2) *n* ~ *ŋ*алмашуусу: *qan - qaŋqor, çan -çaŋqьc*, бирок жазууда *qanqor, çanqьc,*

(3) *c* ~ *ş*алмашуусу: *qac - qaşcь, ac - aşcь,* бирок жазууда *qaccь, accь,*

(4) *z* ~ *s*алмашуусу: *qaz - qassьmal, az - assьmal, бирок* жазууда *qazsьmal, azsьmal* ж.б. [Тыныстан уулу 1934b: 35].

Тилдеги сөздөрдүн маани жактан өзгөрүшү иралды ага жалганган мүчөлөр аркылуу шартталары, ошол эле маалда уңгуга мүчөнүн жалганышы тилдин типологиясына жараша ишке ашырылары белгилүү. Маселен, түрк тилиндеги *-mi* суроо мүчөсү уңгуга кошулуп айтылат, бирок жазууда бөлөк жазылат. Сал.: *Çay içer misiniz?* Ал эми кыргыз тилинде *-бы* мүчөсү кандай айтылса, ошондой жазылат: *Чай ичесизби? Барбы, мендеби, андабы* ж.б.

Тилибиздеги бул эреженин киргизилишине Касыкемдин салымы өзгөчө. Анткени *-бы* суроо мүчөсү менен *экен, эле* кемтик этиштеринин айкашуусунан жаралган формаларды бириктирип, айтылышы боюнча жазуу эрежесинин төркүнү тун профессорубуздун дал өйдөкү долборуна барып такалат. Муну төмөнкү мисалдар ачык тастыктайт: *bar -barbь - barbele, çoq - çoqpu - çoqpele, bar-barbь - barbeken, çoq - çoqpu - çoqpeken ж.б. /*Тыныстан уулу 1934b: 35].

Долбордо айрым уңгулардын «натуура» формаларынын жазылышын тастыктаган эрежелер да камтылган. Алар төмөнкүлөр: «кай бир сөздөр тетир жол менен мүчөлөйт да, ошол боюнча жазылат:

1) кай бир атоочтор. Маселен: *men - maqa*, *sen - saqa*, *bumьnda, mьndan, munu, munuqu* ж.б.

2) кай бир сат атоочтор. Маселен: *bala -baldar, ulqu - uqta, qarьn - qardь, qardьm, qardьŋ, murun - murdu, murdum, murduŋ, erin - eerdi, eerdim, eerdiŋ,*

3) кай бир атоочтор уңгу түрүндө эки түркүн айтылат да, эки түркүн мүчөлөйт. Мунун бардык түрү тең жазууда колдонулат. Маселен: *kijiz- kijz, kijizge, kijizi - kijzge, kijzi, myjyz - myjz, myjyzgö, myjyzı -myjzgö, myjzı, ayьl - ayl, ayьlqa, ayьlь -aylqa, aylь,*

4) кай бир атоочтор уңгу түрүндө бир айтылат, мүчөлөгөндө эки түркүн мүчөлөйт. Мунун эки түрү тең жазууда колдонулат. Маселен: *qajьn - qajьnь, qajnь, dayьn - dayьnь, daynь, kijim - kijimi, kijmi*» [Тыныстан уулу 1934b: 36]. Көрүнүп тургандай, К.Тыныстан уулунун ымла эрежелеринде орфографиялык принциптер толук камтылганы талашсыз.

Жазууда сөз тутуму сыяктуу эле сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн орун тартиби олуттуу мааниге ээ. К.Тыныстан уулу тарабынан бул маселе минтип чечилет: Сүйлөмдө сын атоочтун ролун аткарып турган сын атоочтор менен ат атоочтор өздөрүнүн аныктай турган сөздөрүнүн алдында гана жазылат [Тыныстан уулу 1934b: 38]. Маселен:

| | |
|---|---|
| *Buuday çerge ønøt.* | *Şakek qьmbat.* |
| *Buuday çerge çaqşьønøt.* | *Altьn şakek qьmbat.* |
| *Buuday semız çerge çaqşьønøt.* | *Altьn şakek abьdan qьmbat.* |

Мында ымла эрежелерин иштеп чыгууда Касыкем жеке эле фонетика, морфология, лексикага тиешелүү фактылар менен чектелбестен синтаксистик фактыларга да көңүл бурган. Анын үстүнө агездерде сабатсыздыкты жоюу менен катар нормативдик грамматиканы түзүү маселеси да күн тартибинде турганы жакшы маалым. Андыктан аалым туура сүйлөө жана туура жазуу маселелерин да көз жаздымда калтырган эмес экен.

Орфографиядагы эң талуу маселе - чет сөздөрдүн жазылышы. Бул маселе - 20-30-жылдардан берки далай талаш-тартыштын башы. Тектеш элдерде муну чечүүдө бирде эне тилге артыкчылык берилсе, бирде орус тилине басым жасалып келет. Агездерде тап күрөшү күчөп, капсаландуу 37-жыл жакындап келаткан эле. Андан улам Касыкем чет сөздөрдү орус тилине ыктап айтып жазуу жагын сунуштайт. Ан үчүн эне тилдин муун түзүмүн үнсүз айкаштарга ашкере жол берген чет сөздөрдүн муун түзүмүнө ыңгайлаштыруу керек эле. Бул максатта адабий тилге муундун дагы үч тибин киргизүү жагы сунушталып, сөз ичиндеги үндүүлөр эне тилдеги үндөштүк күүсүнө багындырылбайт, бирок мүчөлөгөндө сөз соңу тыбыштык заңга толук багындырылат. Мисалы: *tip-tibi, tipke, tipter*. Эгерде сөздүн аягы *-cm* менен бүтсө, *m* тыбышы түшүп калат. Мисалы: *markisis,*

*maşinis, kamunis; -ск* менен бүтсө, сөздөрдүн аягына *и* тыбышы кошулуп жазылат. Мисалы: *Omski, Tomski*; сөз аягында айкашкан *кт* тыбыштарынын аягына *ы* жазылат. Мисалы: *faktь, antraktь, traktь.* Бирок мурунтан бери колдонулуп келаткан себептүү *akti* деген сөз өзгөрбөй жазылат. Сөз аягындагы *-нк* тыбышы *ң* аркылуу берилет. Мисалы: *fraŋk;* сөз аягында катар түшкөн бир өңчөй же жумшак, же каткалаң кош тыбыштардын айкашы түшүп калат. Мисалы: *metal, progres, regres;* үч каткалаң катар келсе, аягындагысы түшүп калат да, калган экөөнүн ортосуна *и* же *ы* кошулат. Мисалы: *tekis*. Үч катар үнсүздүн алдындагы тыбыш жумшак болсо, арткы экөөнүн ортосуна *и* же *ы* кошулуп айтылат, жумшак *н* болсо, ал *ң* тыбышына айланып кетет. Мисалы: *puŋkьt* [Тыныстан уулу 1934b: 39-41]. Булар сөз кандай айтылса, ошондой жазылат деген фонетикалык принципке негизделет. Андай болбогондо сабатсыздыкты жоюуда жазма кеп менен оозеки кептин айырмачылыгын түшүнүү кыйынга турмак. Демек, сөздөрдүн мындай жазылышы кезегинде эне тилдин ички экологиясы үчүн кыйла эле жагымдуу көрүнүш болгону айдан ачык.

К.Тыныстан уулу төл жана чет сөздөргө өз-өзүнчө эреже чыгаруу керектигин белгилөө менен «биз азыр бирдиктүү орфографияны түзүү маселесин күн тартибине койо албай жатабыз. Угушумча Казахстанда төл жана чет сөздөрдү жазуудагы бирдиктүү орфография эрежелери иштелип чыгыптыр. Бирок ал саясий жактан калпыс экени анык. Эгерде биз да эл аралык терминдерди кыргыз тилинде айтылышынча жазууну киргизсек, биз да саясий калпыстыкка жол берген болобуз. Ошондуктан биз мындай эрежени алалбайбыз. Төл жана чет сөздөрдү жазуудагы айырмачылык бара бара кыргыз адабий тили өнүгүп, орус тилинин деңгелине өсүп жеткенде өзүнөн өзү эле жоголуп кетиши ыктымал» дейт [Тыныстан уулу 1934b: 9-10]. Демек, мындан тун профессорубуз агездеги саясий кырдаалдын туткунунда калганын жана, эң өкүттүүсү, репрессия жылдары босогодон башбагып турганын байкоо кыйын эмес.

1936-жылдан К.Тыныстан уулу тарабынан түзүлгөн ымла менен принциптерине ар тараптан чабуул башталат. Агезде Касыкеме «орфографиясы тилдин жоголуп жоюлуп бараткан элементтерине негизделген, бардыгын фонетикалык негизде түзгөн, бул принцип менен кыргыз адабий тилинин мындан ары өнүгүшүнө олуттуу тоскоол жасалган, үндөштүк законуна темирдей закон деп таянган, кыргыз элинин талабына каршы *f, x, v, z* тамгаларын алууга каршы болгон» деп жалаа жабылат. 1938-жылы бир сөз ичинде жоон жана ичке үндүүлөрдүн катар келишине жол берген жана үндөштүк заңын мүчө менен гана чектеген кыргыз тилинин жаңы орфографиясы иштелип чыгат [QTÇO 1938: 4]. Тилекке каршы, үндөштүккө каршы түзүлгөн бул орфография эне тилди оруштыруруга багытталган жана оторчул саясаттын колдоосун тапкан чечүүчү кадамдын башталышы эле.

Ошентип, К.Тыныстан уулу жазуу жүйөсүн иштеп чыгууда эне тилдин ички түзүмү жана өзөк кубулуштарына таянуу менен мүчөлөмө типологиянын купуя сырларын тереңден аңдап түшүнүп, үндүү-үнсүз үнтек (фонема) классификациясын ишке ашырып, буга шайкеш алфавиттин курамын, графика-орфография эрежелерин аныктоого жана муну менен жалпы эле кыргыз тил таанымынын негизин түптөөгө өлчөөсүз салым кошот. Андыктан азыркы кыргыз тилинде калыпташкан фонетика-графика-орфографиялык парадигма кезегинде Касыкем сунуштаган өйдөкү илимий мурастардын заманга бап өркүндөтүлгөн нускасы экени талашсыз.

1940-жылы декабрь айында латын графикасынан орус алфавитине өтүү жөнүндө чечим кабыл алынып, 1953-жылга чейин ошондо бекилген орфографиянын долбору иштетилип келген.1953-жылдын 30-майында Жогорку Совет тарабынан «Кыргыз орфографиясынын жаңы эрежелери» бекитилген. Бул эрежелер кыргыз адабий тилинин жарым кылым мезгилиндеги өнүгүшүндө чечүүчү мааниге ээ болгон. Бирок, ошентсе да, соңку 10-15 жыл ичиндеги коомдогу кескин өзгөрүүлөр бул эрежелердин айрым мүчүлүш жактарын тактап толуктоого алып келди.

Аталган эрежелердин кемчиликтери туурасында республикалык басмасөздө баш-аягы 320 дан ашуун макала жана алты долбоор жарыяланган. Алардын басым көпчүлүгүндө эне тилибиздин акыркы 70 жыл ичинде кириптер болгон кейиштүү абалы, ички экологиясын бузула башташы ачык көрсөтүлдү. Тактап айтканда, бул мезгилдеги жашоо-турмушубуздун бардык тармактары ашкере саясатташтырылып, улуттук нарк-дөөлөттөрүбүз, көрөңгөлүү тарыхыбыз кемсинтилип, бурмаланып, ошол эле учурда орус тилинин «жагымдуу» таасири бир жактуу көкөлөтүлүп, ашыра макталып келди. Мунун натыйжасында эне тилибиз ички ыргагы бузулуп, сенек, угумсуз, аралашма тилдердин катарына өтө баштады, кыргыз баласы өз тилин чанган абалга жетти.

Кыскасы, орфографиянын алгач бир нече вариантта сунушталган долборлору эчен ирет талкууланып, сыдыргыга салынган соң анын бирдиктүү варианты «Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин жаңы редакциясы» деген аталыш менен 2002-жылдын 28-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынын С-№830-11 токтому менен бекитилет. Аталган мыйзам 2003-жылдын 1-январынан тартып расми түрдө ишке киргизилип, Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору тарабынан өзүнчө китепче болуп басып чыгарылат. Тилекке каршы, андан көп өтпөй Жогорку Кеңештин 2008-жылдын 26-июнундагы № 567 токтому менен 1953-жылкы эрежелер айрым учурларды эске албаганда ошол боюнча калыбына келтирилди. Ошентсе да, булардын ичинен жазуу эрежелеринин жаңы редакциясы сунуштаган жоболорду териштирүү кыргыз жазуусун өркүндөтүүгө жана эне тилди ааламдашуу, орушташуу, жок болуп кетүү апатынан коргоп калууга багытталган биздин максат үчүн өзөктүү маселе экени талашсыз.

### 1.12.3. Жазуу эрежелеринин жаңы редакциясы

*Алфавит курамы менен графика эрежелери* мурда кандай болсо, толук бойдон ошол калыбында сакталды.

*Уңгу сөздөрдүн жазылышы* да мурунку кабылын сактайт. Булардын ичинен эки түрдүүчө айтылып, эки вариантта жазылгандары да өзгөрүүсүз калтырылды: *айыр~айры, күмөн~күнөм, убакыт~убакты, кайыр~кайры, бакыт~бакты* ж.б.

*Мүчөлөрдүн жазылышы.* Айтылышы боюнча мурда калыпташкан эрежелердин негизинде ишке ашырылат. Ошол эле учурда айрым мүчөлөрдүн жазылышына тактоолор киргизилди:

1. Адат өткөн чак *-чу* мүчөсү уланган этиш сөздөрдүн *-ычу, -ичу, -учу, -үчү* формасында жазылышына чек коюлду: *барычумун эмес, барчумун, келүчүмүн эмес, келчүмүн ж.б.*

2. Арсар келер чак *-ар* мүчөсү үндүү менен бүткөн сөздөн кийин созулма үндүү менен, үнсүз менен бүткөн сөздөн кийин кыска үндүү менен жазылышын жөнгө салган жаңы эреже киргизилди: *иштээр, баштаар, ойлоор, караар, бирок барар, келер, сатар, жүрөр ж.б.* Бул эрежени мурунку калыбына алып келүү аркылуу жазуу жүйөсүн дагы да ийкем кылуу мүмкүн экендигин белгилей кетүү абзел.

Орфографиядагы эң татаал маселе - татаал сөздөрдүн жазылышы. Бул маселе мурунку эрежелерде аттап өтүлүп, мындай сөздөрдүн басым көпчүлүгүнүн бөлөк жазылышына жол берилсе, жаңы эрежелерде (2002) ал алгач ирет илимий жактан чечилишке ээ болуп, кошмок сөздөрдүн орчундуу бөлүгүн бирге жазуу эрежеси киргизилген эле.

*Кошмок сөздөрдүн бирге жазылышы.* Мында *бүгүн, быйыл, унчук, антип, минтип* сыяктуу бириккен сөздөр мурдагыдай эле бирге жазылат. Ошол эле маалда мурда бөлөк жазылып жүргөн төмөнкүдөй кошмок сөздөр жаңы эрежелер боюнча бирге жазылат:

1. Экинчи түгөйүнүн башкы үнсүзү жумшарып айтылган кошмок сөздөр бирге жазылат, бирок жазууда бул өзгөрүү белгиленбейт: *тилкат, коңкарга, колкап, ишенимкат ж.б.*

2. Түгөйлөрү лексикалашып, эркин сөз айкаштарынан айырмаланып, бир сөзгө өтүп кеткен кошмок сөздөр бирге жазылат: *көзайнек, козукарын, ачкөз, басмасөз, аккөңүл, колбашчы, ашказан, аттиш, ташбака, аткулак, көкжал, алагүү, араңжан, колжазма, көзкараш, көзкарандысыздык, ишсапар, балмуздак, кумшекер, ташкөмүр, тушкийиз, тушкагаз, сейилбак, гүлбак, аксокто, кийикот, аркарот ж.б.*

3. Этиштин айрым биригип айтылган формалары бирге жазылат: *баратат, келатат, алпар, апкел, алпаратат, апкелатат ж.б.*

*Кошмок сөздөрдүн бөлөк жазылышы.* Мында өйдөкү учурларга тиешеси жок бардык сөздөр мурунку эреже боюнча бөлөк жазылат: *беш күндүк, эгин талаасы, башкы редактор, бүткүл дүйнөлүк, он бир, жүз элүү, эки миң үч; сатып ал, барып кел, таап кел; кол кой, баш ий, өмүр сүр, жардам бер, өч ал ж.б.*

*Кош сөздөрдүн жазылышы.* Мында да мурункудай эле кош сөздөр түгөйлөрүнүн арасына сызыкча коюп жазылат: *сак-саламат, аман-эсен, күч-кубат, эки-үч, улам-улам, бала-бакыра, ыпыр-сыпыр, тарс-турс, жылт-жулт, жүрүм-турум, каада-салт ж.б.*

*Энчилүү аттардын жазылышы.*Жаңы эрежелердин орчундуу бир өзгөчөлүгү болуп энчилүү аттардын ичинен жер-суу, уруу-урук аттарын адам аттарынын үлгүсүндө айтылышы боюнча бириктирип жазууга жол берилиши эсептелет: *Аларча, Балгарт, Алабука, Акталаа, Акшыйрак, Алабел, Алайкуу, Чоңалай, Башкарасуу, Чоңсарой, Айтийбес, Көкжаңгак, Абашы, Кичикумбел, Шамалдысай, ЫсыккөI, ЫсыкатаI, Сарчелек, Торайгыр, Эркинтоо, Жалалабат ж.б.*

Этнонимдер да бирге жазылат: *сарбагыш, кылычтамга, каракытай, элчибай, карабагыш, боркемик, бешкүрөң, чакчабий, акбилек, отузуул ж.б.*

Энчилүү аттардын калган түрлөрү, айрым тактоолорду эске албаганда, мурункудай эле жазылат: *Кыргыз Республикасынын Билим, илим жана жаштар саясаты министири, Кыргыз*

*Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, Кыргыз улуттук университетинин ректору ж.б.*

*Чет сөздөрдүн жазылышы.* Мындай сөздөрдүн ичинен тилибиздин тыбыштык өзгөчөлүктөрүнө баш ийдирилип айтылгандары ошол айтылышы боюнча жазылат: *белет, ашмүшкө, ирет, көзүр, саржан, мүштөк, момпосуй, тамеки, чыт, чиркөө, сот, борум, догдур, көпөс, жашик, самоор, керебет, үстөл, нөл, панар, гесит, бекет, кемсел, номур, мүнөт, мискей, шапке, жаркөп, машине, меш, силиндр, шотке, плаш ж.б.* Булардын калган басымдуу бөлүгү мурункудай эле орус орфографиясындагыдай жазылат: *жюри, бокс, аффикс, арбитраж, герб, банк* ж.б. Мындан сырткары жаңы эрежеде аягы кош үнсүз менен бүткөн сөздөргө мүчө уланганда кош үнсүздүн бирин кыскартып, жөнөкөйлөштүрүп жазуу каралган: *киловатт+да>киловатта, киловатт+дан>киловаттан, класс + сыз > классыз* ж.б.

Ошентип, кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин жаңы редакциясы жарыяланган күндөн тартып расми түрдө күчүнө киргизилген эле. Тилекке каршы, арадан көп өтпөй анын жоболору эски эрежелер менен кайрадан алмаштырылды.

## 1.13. Транскрипция

Транскрипция термини *көчүрүп жазуу* маанисин билдирген латын тилиндеги *transcriptio* сөзүнөн келип чыккан. Демек, кеп агымында айтылган же текст тутумунда колдонулган сөздөрдүн тыбыштык жагын так жазуу үчүн колдонулган шарттуу белгилердин системасы *транскрипция* деп аталат. Транскрипцияда белги менен тыбыштын ортосунда так шайкештик камсыз кылынат да, бир тыбыш дайыма бир гана белги менен белгиленсе, бир белги дайыма бир гана тыбыш менен окулат.

### 1.13.1. Транскрипциянын түрлөрү

Кеп агымында айтылган же текст тутумунда колдонулган сөздөрдүн тыбыштык курамын так берүү жагынан *фонетикалык транскрипция* жана *фонологиялык транскрипция* болуп экиге бөлүнөт.

*Фонетикалык транскрипцияда* айтылган же жазылган сөздүн тутумундагы ар бир тыбыш өз-өзүнчө тамга менен белгиленет да, сөз чарчы кашаага алынат. Эгерде бир тыбыштын өзүнчө тамгасы жок болсо, окшош тыбыштын тамгасы колдонулуп, кошумча белгилер менен коштолот:

[бал - б'ел' - б$^{o}$ол$^{o}$ - б'$^{o}$өл'$^{o}$].

Көрүнүп тургандай, транскрипция учурунда жоон үнсүзгө кошумча белги коюлбайт. Ошондуктан сызыкча (') белгиси үнсүздүн ичке айтылышын, шакекче ($^{o}$) белги үнсүздүн эриндешип айтылышын, сызыкча-шакекче ('$^{o}$) белгилери үнсүздүн эриндешип ичке айтылышын билдирет.

Демек, өйдөкү төрт сөз башындагы [б, б', б$^{o}$, б'$^{o}$] тыбыштары да, сөз соңундагы [л, л', л$^{o}$, л'$^{o}$] тыбыштары да, сөз ортосундагы [а, е, о, ө] тыбыштарыда төрт-төрттөн ар башка тыбыш деп табылат.

*Фонологиялык транскрипцияда* айтылган сөздүн тутумундагы тыбыштар эмес, фонемалар белгиленет. Мисалы:

/бал - бел - бол - бөл/.

Мында, фонетикалык транскрипциядан айырмаланып, берилген төрт сөздүн башында бир гана /б/ фонемасы жана соңунда бир гана /л/ фонемасы келет. Ал эми сөз ортосунда колдонулган /а, е, о, ө/ фонемалары үчүн ушул эле өңүттөгү [а, е, о, ө] тыбыштары фонеманын кеп агымындагы көрүнүшү деп табылат.

Ошентип, фонетикада иштетилген транскрипциянын түрлөрү дээрлик арбын. Алар ириде ар башка фонологиялык мектепте ар башка транскрипциялардын колдонулушу менен шартталат. Фонетикада колдонулган транскрипциялардын ичинен илимий коомчулукка кеңири белгилүү болгондору булар:

a. эларалык фонетикалык ассоциациянын транскрипциясы,
b. академик Щербанын транскрипциясы,
c. проф. В.М.Наделяевдин өркүндөтүлгөн транскрипциясы,
d. совет түркологиясында колдонулган транскрипция ж.б.лар.

### 1.13.2. Транскрипциялык белгилер

Транскрипциядагы алгачкы талап - анда колдонулган белгилердин ар биринин бирден гана тыбышка дал келиши. Транскрипцияга коюлуучу бул талапты аткаруу үчүн турмушта, негизинен, колдонулган алфавиттин мүмкүнчүлүктөрү пайдаланылат. Эгерде алфавиттин мүмкүнчүлүгү чектелүү болуп, тилде колдонулган фонемалардын белгилик мазмунун, тыбыштардын акустикалык жана артикуляциялык өзгөчөлүктөрүн бирдей даражада так бералбаса, анда аталган максатты ишке ашыруу үчүн транскрипциядагы кошумча белгилердин топтому колдонулат. Транскрипцияда колдонулган алфавиттен айырмаланып, кошумча транскрипциялык белгилер, негизинен, бирдей калыпка салынгандыгы менен айырмаланат.

Эгерде 34 тамгадан турган жана латынга негизделген орток түркалфавитине таянсак, анда кыргыз тилиндеги сөздөрдү транскрипциялоо үчүн төмөнкү алфавитти сунуштоого болот:

*Үндүүлөр*

| | | | |
|---|---|---|---|
| **а - a** | **е - e** | **аа - a:** | **ээ - e:** |
| **э - e** | **о - o** | **оо - o:** | **өө - ö:** |
| **ө - ö** | **ы - ı** | **уу - u:** | **үү - ü:** |
| **и - i** | **у - u** | **ү - ü** | |

*Үнсүздөр*

| | | | |
|---|---|---|---|
| **п - p** | **б - b** | **м - m** | **ф - f** |
| **в - v** | **(б)- β** | **т - t** | **д - d** |
| **н - n** | **с - s** | **з - z** | **л - l** |
| **ч - ç** | **ж - c** | **ш - ş** | **р - r** |
| **й - y** | **к - k** | **г - g** | **(қ) - q** |
| **(ғ) - ğ** | **ң - ŋ** | **х - h.** | |

Сөздөрдү траскрипциялоодо көпчүлүк фонологиялык мектептер тарабынан колдонулуп, кыргыз жана башка бардык түрк тилдерине шайкеш деп эсептелген кошумча белгилерди өзүнчө тизме менен берүүгө болот**:**

**:** - үндүүнүн созулушу,
ˇ - үндүүнүн кыскарышы,
˜ - үндүүнүн мурундашы,
' - үнсүздүн ичкериши,
ᵒ - үнсүздүн эриндеши,
ˆ - тыбыштын каткалаңдашы,
ˇ - тыбыштынжумшарышы,
ˊ - муунактагы басым,
| - муунактын чеги,
|| - айтым чеги ж.б.

Көрүнүп тургандай, муун ичиндеги үнсүз тыбыштардын үндүүнүн таасири менен жоон айтылышы өзүнчө шарттуу белги менен белгиленбейт. Ошондой эле интонациянын түрлөрү,

үнсүздүн таасири менен үндүүнүн алга же артка жылыңкы айтылышы, эринчил үнсүздүн таасири менен ачык үндүүнүн эриндешип айтылышы, эрин үндүүнүн ушул эле шартта кош кабат эриндешип келиши, сөз аягында үнсүз тыбыштын жарылбай (имплозивдүү) айтылышы жана башка бир катар учурлар бул тизмеде атайын белгилер менен көрсөтүлгөн жок.

### 1.13.3. Транслитерация

Транслитерация сөзү латындын *trans* - аркылуу, *littera* - тамга деген сөздөрүнөн келип чыгып, бир графикада жазылган текстти же айрым сөздөрдү башка графикага которуу деген маанини билдирет. Белгилүү бир алфавитке негизделет да, транслитерация учурунда алфавитти кошумча белгилер менен толуктоого жол берилет.

Транслитерациянын жол-жоболору латын графикасынын негизинде эларалык стандарт уюму тарабынан иштелип чыккан. Ошентсе да, ар башка графиканы пайдаланган элдерде ар башкача транслитерация колдонулат. Соңку мезгилдерде кыргыз тилиндеги жер-суу, шаар-кыштак, адам, мекеме сыяктуу ар кандай энчилүү аттар эларалык стандартка ылайык транслитерация кылынууда.

Мисалы: *Bishkek, Kyıryızstan, Osh, Balyqchy, Naryn, Talas, Sokuluq, Kant, Tokmok Arashan, Aybars, Eltegin, Elmyrza, Küntegin, Chingiz Aytmatov, Ishenaly Arabaev, Bolot Yunusaliev* ж.б.

Ошентип, транслитерация практикалык транскрипцияга көп жагынан жакындап, энчилүү аттардын жазылышын унификациялоодо орчундуу роль ойнойт.

### 1.13.4. Транскрипция үлгүлөрү

| *Текст* | *Фонетикалык транскрипция* | *Фонологиялык транскрипция* |
|---|---|---|
| Теңир улук, күн улук,<br>Төбөсү ачык көк улук,<br>Төшү түктүү жер улук,<br>Адам улук, жан улук. | teŋ'ĩr' ul$^{o}$uq$^{o}$\|k'$^{o}$ün'$^{o}$ ul$^{o}$uq$^{o}$\|<br>t'$^{o}$öb'$^{o}$ös'$^{o}$ü açıq\|k'$^{o}$ök'$^{o}$ ul$^{o}$uq$^{o}$\|<br>t'$^{o}$öş'$^{o}$ü t'$^{o}$ük'$^{o}$t'$^{o}$ü: \|c'er' ul$^{o}$uq$^{o}$\|<br>adãm ul$^{o}$uq$^{o}$\|cãn ul$^{o}$uq$^{o}$\|\| | teŋir uluq\|kün uluq\|<br>töbösü açıq\|kök uluq\|<br>töşü tüktü: \|cer uluq\|<br>adam uluq\|can uluq\|\| |

Транскрипциянын өйдөкү эки түрү илимий транскрипцияга жатат да, тилдин тыбыштык түзүлүшүн изилдөө жана айтым эрежелерин окутуу багытында колдонулат. Транскрипциянын дагы бир түрү - практикалык транскрипция. Негизинен сөздүктөрдө чет сөздөрдүн айтылышын туура берүүдө колдонулат. Төмөндө Барпынын «Ынтымак», Ашим Жакыпбектин «Теңири Манас» аттуу чыгармаларынан алынган үзүндүлөрдүн фонетикалык жана фонологиялык транскрипциялары үлгү катары келтирилет:

*Ынтымак*

| | |
|---|---|
| *Ынтымагы бар элдин*<br>*Таалайы, багы ачылат.*<br>*Ынтымагы жок элдин*<br>*Тапканы бекер чачылат.*<br>*Ынтымагы бар элдин*<br>*Калага карды ток болот.*<br>*Ынтымагы жок элдин*<br>*Бириге бири октолот.*<br>*Ынтымагы бар элдин*<br>*Адил болот улугу.* | *Ынтымагы жок элдин*<br>*Ичинен чыгат бузугу.*<br>*Ынтымактуу эл болсо,*<br>*Душманга тиет, ок болот.*<br>*Ынтымак*сыз *эл болсо,*<br>*Дыркырап качып жок болот.*<br>*Ынтымактуу биригет,*<br>*Ынтымак*сыз *бүлүнөт.*<br>*Ынтымак элдин бакты бар,*<br>*Бир-бириге баркы бар.* |

*Фонетикалык транскрипция*

| | |
|---|---|
| **ıntımağı bar el'd'ĩn'\|** | **ıntımağı cᵒoqᵒ el'd'ĩn'\|** |
| **taalayı bağı açılat\|\|** | **iç'in'en' çığat bᵒuzᵒuğᵒu \|\|** |
| **ıntımağı cᵒoqᵒ el'd'ĩn'\|** | **ıntımaqtᵒu: el' bᵒolᵒsᵒo\|** |
| **tapqanı b'ek'er' çaçılat\|\|** | **dᵒuşᵒmanğa t'iy'et'\| oqᵒ bᵒolᵒotᵒ\|\|** |
| **ıntımağı bar el'd'ĩn'\|** | **ıntımaqsız el' bᵒolᵒsᵒo\|** |
| **qalağa qardı tᵒoqᵒ bᵒolᵒotᵒ\|\|** | **dırqırap qaçıp\| cᵒoqᵒ bᵒolᵒotᵒ\|\|** |
| **ıntımağı cᵒoqᵒ el'd'ĩn'\|** | **ıntımaqtᵒu: b'ir'ig'et'\|** |
| **b'ir'ig'e b'ir'i oqᵒtᵒolᵒotᵒ\|\|** | **ıntımaqsız b'ᵒül'ᵒün'ᵒöt'ᵒ\|\|** |
| **ıntımağı bar el'd'ĩn'\|** | **ıntımaq el'd'ĩn' baqtı bar\|** |
| **adil bᵒolᵒotᵒ ulᵒuğᵒu\|\|** | **b'ır' b'ır'ıg'e barqı bar\|\|** |

*Фонологиялык транскрипция*

| | |
|---|---|
| **\|ıntımağı bar eldin\|** | **ıntımağı cokeldin\|** |
| **taalayı bağı açılat\|\|** | **içinen çıgat buzugu\|\|** |
| **ıntımağı cok eldin\|** | **ıntımaqtu: el bolso\|** |
| **tapkanı beker çaçılat\|\|** | **duşmanğa tiyet\| ok bolot\|\|** |
| **ıntımağı bar eldin\|** | **ıntımaqsız el bolso\|** |
| **kalağa qardı tok bolot\|\|** | **dırkırap qaçıp\| cok bolot\|\|** |
| **ıntımağı cok eldin\|** | **ıntımaqtu: biriget\|** |
| **birige biri oqtolot\|** | **ıntımaqsız bülünöt\|\|** |
| **ıntımağı bar eldin\|** | **ıntımaq eldin baqtı bar\|** |
| **adil bolot ulugu\|\|** | **bır bırıge barkı bar\|\|** |

*...Бала Манас ээси бөтөн жылкыдан карматып келген тайды сойдуруп коюп, кан жолдун даңгырына кырк таман ордо чийдирип, отуз эки баланы экиге бөлүп, оюндун* кызыгына *кирип калган кези. Оюну түшүп, тоорумак келип, кезек бала Манаста, оң бутун орой чалып, сол колун белине алып, жалпак таман болуп жышылган көк кашка томпой менен тооруп жиберди эле, чүкөсү чыркырап чийинден алыс кетти да көк кашка томпою жорголоп барып топтун жакасына конуп токтоду. Чийинден сырт карап турган балдар дуулдап калышты, ичиндеги чырлары чыр чыгаргысы келди, бирок шылтоо жок. Эңгезердей болгон он жашар бала Манас оң тарабын бир карап бажырайып, сол тарабын бир карап калбык эрдин түйрүлтүп келечелеп, чийинден сырт турган калыбында оң колунун баш бармагына тоо текенин чабызынан ийленип тигилген бармак кабын кийип, шашылбай бүчүсүн байлап, анда да оң тарабын бир карап дүгүрсүй, сол тарабын бир карап арсайып, ичке кирди. Ордого салынган чүкөлөрдүн бардыгы жалаң кулжа эңкеси. Бала Манас барбайып ичке кирип, отуз эки үчтүнүн тобу толук* бузул*бай, үч-төрт эңке четке чыга бергенин чабыттап, додону качан кантип бузсам деп, оюн ынтызарлыгы кызып, көзү кызарып, оболу оң тизесин жерге коюп комоё отурду да, оң колун эңкей жанында жаткан томпойго сунуп, чийинден сырт зирилдеп карап турган балдардын сийгисин келтирип, деги эле эч кимди тоготпой, деги эле жанына чымын-чиркей жолотпой, бирди чертти.Ким билиптир, дал ушунда маң-маң баскан эки төө тапан чийинге кирип, алиги чертилген чүкө бакайына жумшак тийип, оюн бузулду. Бала Манас башын көтөрө берип, олурая карады. ...эки эңке турган экен, экөөн кошоктоп чертип жиберди. ...алдыңкы нардын оң шыйрагы үзүлдү...*

**bala mãnãs| e:s'i b'ᵒöt'ᵒön'ᵒ cılqıdan qarmatıp k'el'g'en'| taydı sᵒoyᵒdᵒurᵒupᵒ qᵒoyᵒupᵒ| qãn cᵒolᵒdᵒunᵒ daŋğırınã| qırq tamãn orᵒdᵒo ç'iy'd'ir'ip'| otᵒuzᵒ ek'i balanı ek'ig'e b'ᵒöl'ᵒüp'ᵒ| oyᵒunᵒdᵒunᵒ qızığunã g'ir'ip' qalğãn g'ez'i|| oyᵒunᵒu t'ᵒüş'ᵒüp'ᵒ| tᵒo:rᵒumãq g'el'ip'| g'ez'ek' bala mãnãsta| oŋᵒ bᵒutᵒunᵒ orᵒoyᵒ çalıp| sᵒolᵒ qᵒolᵒunᵒ b'el'in'e alıp| calpaq tamãn bᵒolᵒupᵒ cışılğan| g'ᵒök'ᵒ qaşqa tᵒomᵒpᵒoyᵒ m'en'en' tᵒo:rᵒupᵒ c'ib'er'd'i el'e| ç'ᵒük'ᵒös'ᵒü çırqırap| ç'iy'in'd'en' alıs g'et't'i da| g'ᵒök'ᵒ qaşqa tᵒomᵒpᵒoyᵒu cᵒorᵒğᵒolᵒopᵒ barıp| tᵒopᵒtᵒunᵒ caqasınã qᵒonᵒupᵒ tᵒoqᵒtᵒodᵒu|| ç'iy'in'd'en' sırt qarap tᵒurᵒğãn baldar| dᵒu:lᵒdap qalıştı| iç'in'd'eg'i çırları| çır çığarğısı g'el'd'i| b'irᵒoqᵒ şıltᵒo: cᵒoqᵒ || eŋ'g'ez'er'd'ey' bᵒolᵒğᵒonᵒ onᵒ caşar bala mãnãs| oŋᵒ tarabın b'ir' qarap bacırayıp| sᵒolᵒ tarabın b'ir' qarap| qalbıq er'd'in' b'ir' t'ᵒüy'ᵒr'ᵒül'ᵒt'ᵒüp'ᵒ k'el'eç'el'ep'| ç'iy'in'd'en' sırt turğãn qalıbında| oŋᵒ qᵒolᵒunᵒunᵒ baş barmağına| tᵒo: t'ek'en'in' çabısınãn iy'l'en'ip' t'ig'il'g'en'| barmaq qabın g'iy'ip'| şaşılbay b'ᵒüç'ᵒüs'ᵒün'ᵒ baylap| ãnda da oŋᵒ tarabın b'ir' qarap d'ᵒög'ᵒür'ᵒs'ᵒüy'ᵒ| sᵒolᵒ tarabın b'ir' qarap| arsayıp iç'k'e g'ir'd'i|| orᵒdᵒoğᵒo salıŋğãn ç'ᵒük'ᵒöl'ᵒör'ᵒd'ᵒün'ᵒ bardığı| calãŋ qulca eŋ'k'es'i|| bala mãnãs barbayıp| iç'k'e g'ir'ip'| otᵒuzᵒ ek'i üç'ᵒt'ᵒün'ᵒün'ᵒ tᵒobᵒu tᵒolᵒuqᵒ bᵒuzᵒulᵒbᵒayᵒ| üç'ᵒ t'ᵒör'ᵒt'ᵒ eŋ'k'e ç'et'k'e çığa b'er'g'en'in' çabıttap| dᵒodᵒonᵒu qaçãn| qãntip bussam d'ep'| oyᵒunᵒ ıntızarlığı qızıp| g'ᵒöz'ᵒü qızarıp| obᵒolᵒu oŋᵒ t'iz'es'in' c'er'g'e qᵒoyᵒupᵒ| qᵒomᵒoyᵒo otᵒurᵒdᵒu da| oŋᵒ qᵒolᵒunᵒ eŋ'k'e canında catkãn tᵒomᵒpᵒoyᵒğᵒo sᵒunᵒupᵒ| ç'iy'in'd'en' sırt z'ir'il'd'ep' qarap tᵒurᵒğan baldardın s'iy'g'is'in' g'el't'ir'ip'| d'eg'el'e eç' k'im'd'i tᵒoğᵒotᵒpᵒoyᵒ| d'eg'el'e canınã çımın ç'ir'k'ey' cᵒolᵒotᵒpᵒoyᵒ| b'ir'd'i ç'er't't'i||g'im' b'il'ip't'ir'| dal uşᵒunᵒda |maŋ-maŋ basqan ek'i tᵒ'öö tapan ç'iy'iŋ'g'e g'ir'ip'| al'ig'i ç'er't'il'g'en' ç'ᵒük'ᵒö baqayına cumşaq t'iy'ip'| oyᵒunᵒ bᵒuzᵒulᵒdᵒu || bala Manas başın g'öt'ör'ö b'er'ip'| olᵒurayaqaradı || ...ek'i eŋ'k'e tᵒurğan ek'en'|ek'ᵒöön'ᵒqᵒoşᵒoqᵒtᵒopᵒ ç'er't'ip' c'ib'er'd'i|| ...aldıŋqı nardın oŋᵒ şıyrağı üz'ᵒül'ᵒd'ᵒü||...**

**bala manas| e:si bötön cılkıdan qarmatıp kelgen taydı soydurup koyup| qan coldun daŋgırına| kırk taman ordo çiydirip| otuz eki balanı ekige bölüp| oyundun kızıguna kirip kalgan kezi || oyunu tüşüp| to:rumak kelip| kezek bala manasta| oŋ butun oroy çalıp| sol kolun beline alıp| calpaq taman bolup cışılgan| kök kaşka tompoy menen to:rup ciberdele| çükösü çırkırap| çiyinden alıs ketti da| kök kaşka tompoyu corgolop barıp| toptun cakasına qonup toqtodu || çiyinden sırt karap turgan baldar| du:ldap kalıştı| içindegi çırları| çır çıgarğısı keldi| birok şılto: cok || eŋgezerdey bolgon| on caşar bala manas| oŋ tarabın bir karap bacırayıp| sol tarabın bir karap| kalbık erdin bir tüyrültüp keleçelep| çiyinden sırt turgan kalıbında| oŋ qolunun baş barmağına| to: tekenin çabısınan iylenip tigilgen| barmaq qabın kiyip| şaşılbay büçüsün baylap| anda da oŋ tarabın bir karap dögürsüy| sol tarabın bir karap| arsayıp içke kirdi || ordoğo salıngan çükölördün bardıgı| calaŋ qulca eŋkesi || bala manas barbayıp| içke kirip| otuz eki üçtünün tobu toluk buzulbay| üç tört eŋke çetke çıga bergenin çabıttap| dodonu kaçan| kantip buzsam dep| oyun ıntızarlıgı kızıp| közü kızarıp| obolu oŋ tizesin cerge koyup| komoyo oturdu da| oŋ kolun eŋke canında catkan tompoygo sunup| çiyinden sırt zirildep karap turgan baldardın siygisin keltirip| degele eç kimdi togotpoy| degele canına çımın çirkey colotpoy| birdi çertti || ||gim biliptir | dal uşºunºda |maŋ-maŋ basqan eki töö tapan çiyiŋge girip | aligi çertilgen çükö baqayına cumşaq tiyip | oyun buzuldu || bala Manas başın götörö berip | olurayaqaradı || ...eki eŋke turğan eken |eköön qoşoqtop çertip ciberdi || ...aldıŋqı nardın oŋ şıyrağı üzüldü ||...**

## 1.14. Латын алфавитинин долбору

Кыргыз фонологиясынын системологиясын иштеп чыгууга багытталган изилдөөлөрүбүздүн бир натыйжасы катары орток түрк алфавитинин негизинде куралган жана Астанадагы Түрк академиясынын кароосуна сунушталган латын алфавитин калыбына келтирүүнүн долбору төмөнкүчө тастыкталат:

| Катар № | Латын тамгасы | Кирил тамгасы | Катар № | Латын тамгасы | Кирил тамгасы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **A a** | А а | 16 | **M m** | М м |
| 2 | **B b** | Б б | 17 | **N n** | Н н |
| 3 | **C c** | Ж ж | 18 | **Ņ ŋ** | Ң ң |
| 4 | **Ç ç** | Ч ч | 19 | **O o** | О о |
| 5 | **D d** | Д д | 20 | **Ö ö** | Ө ө |
| 6 | **E e** | Е е | 21 | **P p** | П п |
| 7 | **F f** | Ф ф | 22 | **R r** | Р р |
| 8 | **Gg** | Г г | 23 | **S s** | С с |
| 9 | **Ğğ** | Ғ ғ | 24 | **Ş ş** | Ш ш |
| 10 | **H h** | Хх | 25 | **T t** | Т т |
| 11 | **I ı** | Ы ы | 26 | **U u** | У у |
| 12 | **İ i** | И и | 27 | **Ü ü** | Ү ү |
| 13 | **Kk** | К к | 28 | **V v** | В в |
| 14 | **Qq** | Қ қ | 29 | **Y y** | Й й |
| 15 | **L l** | Л л | 30 | **Z z** | З з |

Көрүнүп тургандай, алфавиттин курамын аныктоодо иралды эне тилдин төл тыбыштарына басым жасалууга тийиш. Ошол эле маалда чет сөздөрдүн басым көпчүлүгүндө колдонулган *в, ф, х* тыбыштарын белгилөө жагы да чечилиши зарыл. Бул жагынан казактын төл тыбыштарына басым жасоо аркылуу кураштырылган улуттук латын алфавитинин долбору соңку чечимди кабыл алууда маанилүү экендиги анык.

Эмесе долбордун мазмунуна сереп салып көрөлү: «Бүгінгі қазақ жазуына, тек әліпби ауыстыру ғана емес, түбегейлі реформа керек деп жүргенім сондықтан. Реформа бір ғана әліпби ауыстырумен тынбайды. Реформа үш мәселені - дыбыс, әліпби

және айтылым емле-ереже (орфоэпия) - бірдей қамтиды: дыбыс – өзге тілдерден бөлектеп тұратын тілдің тұрпат-тұрқы; әліпби (таңба) сол дыбыстың қауызы, басқаша айтқанда, қорғаны мен оққағары; емле-ереже - дыбыстардың басын біріктіріп, сөзді қазақы етіп құрап тұратын дәнекері. Осы үш мәселе бір-бірімен байланысты және қатар шешілмей төл жазу қалыптаспайды. Ал әліпби ауыстыру қазақ жазуына реформа жасаудың алғы шарты және ең төте жолы болып табылады. Егер латын таңбаларын баптап қабылдай алсақ, онда көптеген тіл бұзар әріптер мен емле-ережелер өзінен-өзі түсіп қалады. *Қазақтың төл дыбыстарын түгендеп, соған лайықтап таңба санын ықшамдау А.Байтұрсынұлынан басталған болатын. Сол кезде таңба санын қорғаштап Ахаңның «жағасынан алғандар» болған. Оларға Ахаң «таңбаларды қысқартып, артығын борышыма берейін деп отырған жоқпын» деген екен. Менің де 42 таңбаны байлығымыз деп масаттанып отырған ағайындарымызға айтарым: артық таңбаларды еншілеп кетейін деп отырған ойым жоқ.* Сонымен, қазақ тілінің төл дыбыстары: а, ә, б, ғ(-г), д, е, ж, з, й, қ(-к), л, м, н, ң, о, ө, п, р, с, т, у(w), ұ, ү, ш, ы, і. Бас-аяғы 26(-28) дыбыс. Осы дыбыстардың сыртында қазақ тілінің дыбыстарын іздеп әуре болмау керек, өзге дыбыс жоқ» [41, 26].Демек, кыргыз жазуусундагы реформа да жалгыз гана алфавит менен чектелбей, төл тыбыштардын курамын, айтым жана жазым эрежелерин айкалыштыра камтуу керектиги талашсыз. Төмөндө орток түрк алфавитинин алкагында Астанадагы Түрк академиясынын тапшырмасы боюнча түзүлгөн латын алфавитинин негизинде жазылган «Манас» эпосунун бир үзүндүсү сунушталат.

**Манас: Көкөтөйдүн ашы**

Жетимиш эрди жайлаган
Жин жыттанган эр Жолой,
Алтымыш жылы жөө жүрүп,
Алышып найза майлаган,
Алтымыш эрди жайлаган,
Кан жыттанган эр Жолой.
Чоң өтүгүн кийсин де,
Чоң буудан атын минсин де,
Бул кызыкты көрсүн де,
Бул ашыма келсин де
Бул кызыгым көрбөсө,
Бул ашыма келбесе,
Жети асаба туу алып,
Жети бөлөк жол алып,
Жер майышкан кол алып,
Кутурган жинин кагамын,
Кан Жолойду чабамын,
Үч калайман саламын,
Жылкысын эмес, калмактын
Үйүрүн тийип аламын.
Тил алса Жолой келсин де,
Тил албас болсо ал Жолой
Көкөтөйдүн айчыгы алтын
кызыл туу
Как үстүнөн көрсүн де.
Андан ары барганда
Терс аккан суунун боюнда
Мунарык болуп бурчтанган,
Булуңгур болуп учтанган,
Кытайлар кызык ат койгон
Таш-Көпүрө дээр экен,
Таш-Көпүрө жердеген
Атагы шибее эл экен,
Шибеенин кыйын балбаны

**Manas: Kökötöydün aşı**

Cetimiş erdi caylağan
Cin cıttanğan er Coloy,
Altımış cılı cöö cürüp,
Alışıp nayza maylağan,
Altımış erdi caylağan,
Qan cıttanğan er Coloy.
Çoŋ ötügün kiysin de,
Çoŋ buudan atın minsin de,
Bul qızıqtı körsün de,
Bul aşıma kelsin de
Bul qızığım körbösö,
Bul aşıma kelbese,
Ceti asaba tuu alıp,
Ceti bölök col alıp,
Cer mayışqan qol alıp,
Quturğan cinin qağamın,
Qan Coloydu çabamın,
Üç qalayman salamın,
Cılqısın emes, qalmaqtın
Üyürün tiyip alamın.
Til alsa Coloy kelsin de,
Til albas bolso al Coloy
Kökötöydün ayçığı altın
qızıl tuu
Qaq üstünön körsün de.
Andan arı barğanda
Ters aqqan suunun boyunda
Munarıq bolup burçtanğan,
Buluŋğur bolup uçtanğan,
Qıtaylar qızıq at qoyğon
Taşköpürö deer eken,
Taşköpürö cerdegen
Atağı şibee el eken,
Şibeenin qıyın balbanı

Чоң Ылама дээр экен.
Албан түрлүү эли бар,
Айта берсек көбү бар.
Шибее элдин ырымы
Жаңы катын төрөсө
Киндигин кескен камыштан,
Уругун шибее деп койгон,
Күүгүмгө калса кокустан
Карышкыр талап жеп койгон.
Ыламага жетип айт,
Бул ашыма келсин де,
Көкөтөйдүн кызыгын
Көмүлгөн шибее көрсүн де.
Бул тилимди албаса,
Бул сөзүмө көнбөсө,
Бул ашыма келбесе
Калкын кырып талкалап
Карышкырга ээлетем,
Калган элин талкалап
Карайлатып жөөлөтөм!
Андан ары барганда
Боз мунарык чөлү бар,
Ошо чөлдүн бетинде
Солоон деген эли бар,
Түн ичинде бекитет,
Тосуп салган тамы бар,
Ал солоондун улугу
Ороккыр деген каны бар.
Ороккырга кабар айт,
Көкөтөйдүн кызык аш
Каркырадан көрсүн де.
Көкөтөйдүн Бокмурун
Ташкенден көчүп келди де,
Үч-Каркыра конду де,
Көкөтөйдүн көп дүйнө

Çoŋ Ilama deer eken.
Alban türlüü eli bar,
Ayta bersek köbü bar.
Şibee eldin ırımı
Caŋı qatın törösö
Kindigin kesken qamıştan,
Uruğun şibee dep qoyğon,
Küügümgö qalsa qoqustan
Qarışqır talap cep qoyğon.
Ilamağa cetip ayt,
Bul aşıma kelsin de,
Kökötöydün qızığın
Kömülgön şibee körsün de.
Bul tilimdi albasa,
Bul sözümö könbösö,
Bul aşıma kelbese
Qalqın qırıp talqalap
Qarışqırğa eeletem,
Qalğan elin talqalap
Qaraylatıp cöölötöm!
Andan arı barğanda
Boz munarıq çölü bar,
Oşo çöldün betinde
Soloon degen eli bar,
Tün içinde bekitet,
Tosup salğan tamı bar,
Al soloondun uluğu
Oroqqır degen qanı bar.
Oroqqırğa qabar ayt,
Kökötöydün qızıq aş
Qarqıradan körsün de.
Kökötöydün Boqmurun
Taşkenden köçüp keldi de,
Üçqarqıra qondu de,
Kökötöydün köp düynö

Жер жүзүнө толду де.
Бул ашыма келсин де,
Бул ашыма келбесе,
Көкөтөйдүн найзакерден сан балбан
Так үстүнөн көрсүн де,
Каптап журтун кырамын,
Кара элечек кыламын!
Андан ары барганда
Алтын тоонун кени бар,
Айта берсе Бээжиндин
Түгөнбөгөн кеби бар.
Кытайча шаары Бакбурчун,
Кыйласын билем ал журттун,
Талаага мунар көтөр үп,
Мунара кылган тамы бар,
Манжу каны Нескара
Артык баатыр дагы бар.
Чоң даңзада каты бар,
Чоң күрөң сындуу аты бар,
Атагын уккан чочуган,
Ал күрөңүн токуган,
Манжунун алтымыш бурку илийин
Алты жыл жатка окуган,
Баатырлыгы бир башка,
Манжудан чыккан көйкашка
Ары сынчы, ары эр,
Айтар жериң ошо жер,
Манжунун каны Нескара
Бу сөзүмө көнсүн де.
Манжу журттан эл калбай
Көкөтөйдүн ашына
Каркырага келсин де,
Көкөтөйдүн көп кызык
Көз алдында көрсүн де.
Таш сыйынган манжунун

Cer cüzünö toldu de.
Bul aşıma kelsin de,
Bul aşıma kelbese,
Kökötöydün nayzakerden san balban
Taq üstünön körsün de,
Qaptap curtun qıramın,
Qara eleçek qılamın!
Andan arı barğanda
Altın toonun keni bar,
Ayta berse Beecindin
Tügönböğön kebi bar.
Qıtayça şaarı Baqburçun,
Qıylasın bilem al curttun,
Talaağa munar kötörüp,
Munara qılğan tamı bar,
Mancu qanı Nesqara
Artıq baatır dağı bar.
Çoŋ daŋzada qatı bar,
Çoŋ küröŋ sınduu atı bar,
Atağın uqqan çoçuğan,
Al küröŋün toquğan,
Mancunun altımış burqu iliyin
Altı cıl catqa oquğan,
Baatırlığı bir başqa,
Mancudan çıqqan köyqaşqa
Arı sınçı, arı er,
Aytar cerin oşo cer,
Mancunun qanı Nesqara
Bu sözümö könsün de.
Mancu curttan el qalbay
Kökötöydün aşına
Qarqırağa kelsin de,
Kökötöydün köp qızıq
Köz aldında körsün de.
Taş sıyınğan mancunun

Тазалары келсин де,
Күрмө кийген кытайдын,
Күчтүүлөрү келсин де.
Карыпчысын салынып,
Калдайдан бирөө калбасын
Беренжисин салынып
Беренден бирөө калбасын.
Ардактап ашка чакырдым,
Ай, Нескара, угуп ал,
Көкөтөйдүн өлүү мал
Кырк там толгон казына
Казына оозун ачамын,
Кадырлап уккула
Мүчөсүнө чачамын.
Бул ашыма келсин де,
Бул кызыкты көрсүн де.
Бул ашыма келбесе,
Бул кызыкты көрбөсө,
Төбөңдөн тийген манжуну
Төбөсүнөн басамын,
Каптап кирип шаарын
Төрт түлүгүн чачамын!
Андан ары барганда
Атактуу шаары Каканчын,
Каканчында кан Тулук,
Кайнап жаткан көп улук,
Чай алган тоонун кени бар,
Учмактуу Бээжин улуу журт,
Тыргоот деген эли бар.
Кайнап жаткан кытайдын
Канча түрдүү жаны бар,
Ал тыргоот капырдын
Катындан койгон каны бар.
Каарданса ал катын
Сайышка чыкса кокустан

Tazaları kelsin de,
Kürmö kiygen qıtaydın,
Küçtüülörü kelsin de.
Qarıpçısın salınıp,
Qaldaydan biröö qalbasın
Berencisin salınıp
Berenden biröö qalbasın.
Ardaqtap aşqa çaqırdım,
Ay, Nesqara, uğup al,
Kökötöydün ölüü mal
Qırk tam tolğon qazına
Qazına oozun açamın,
Qadırlap uqqula
Müçösünö çaçamın.
Bul aşıma kelsin de,
Bul qızıqtı körsün de.
Bul aşıma kelbese,
Bul qızıqtı körbösö,
Töböŋdön tiygen mancunu
Töbösünön basamın,
Qaptap kirip şaarın
Tört tülüğün çaçamın!
Andan arı barğanda
Ataqtuu şaarı Qaqançın,
Qaqançında qan Tuluq,
Qaynap catqan köp uluq,
Çay alğan toonun keni bar,
Uçmaqtuu Beecin uluu curt,
Tırğoot degen eli bar.
Qaynap catqan qıtaydın
Qança türdüü canı bar,
Al tırğoot qapırdın
Qatından qoyğon qanı bar.
Qaardansa al qatın
Sayışqa çıqsa qoqustan

Тогуз миң жандык алы бар.
Катындын аты Канышай,
Көтү кучак чоң катын,
Балбандыгы бир канча,
Катындан чыккан көйкашка,
Талаага салган там болгон,
Ал катындын жайы бул
Тыргоотко кыйын кан болгон,
Кандыгын тартып алам деп
Кытайдын далай дөөсү жай
болгон.
Каалаган эри Музкиндик,
Атагын айтат билгендер
Музкиндиктин катыны.
Жетип алып кабар айт,
Көкөтөйдүн ашына
Угар замат келсин де.
Укkан замат келбесе
Көкөтөйдүн кызыл туу
Үйү үстүнөн көрсүн де.
Тыргоот журтун тыптыйпыл,
Жылма чаап алат де.
Андан ары барганда
Алтын казган кенинде,
Сары-Суунун жеегинде
Күрпүлдөктүн Сары-Суу,
Сары-Суунун боюнда
Оркойгон күрөө көрүнөт.
Ал күрөөгө барганда
Кызыл сакал топусу,
Ал кытайдын сопусу,
Ошол күрөөдө болот кечили.
Кебез белбоо, кең өтүк.
Келберсиген көй кашка,
Кечилдин каны Коңурбай,
Найзакерден ыктууга айт,

Toğuz miŋ candıq alı bar.
Qatındın atı Qanışay,
Kötü quçaq çoŋ qatın,
Balbandığı bir qança,
Qatından çıqqan köyqaşqa,
Talaağa salğan tam bolğon,
Al qatındın cayı bul
Tırğootqo qıyın qan bolğon,
Qandığın tartıp alam dep
Qıtaydın dalay döösü cay
bolğon.
Qaalağan eri Muzkindik,
Atağın aytat bilgender
Muzkindiktin qatını.
Cetip alıp qabar ayt,
Kökötöydün aşına
Uğar zamat kelsin de.
Uqqan zamat kelbese
Kökötöydün qızıl tuu
Üyü üstünön körsün de.
Tırğoot curtun tıptıypıl,
Cılma çaap alat de.
Andan arı barğanda
Altın qazğan keninde,
Sarısuunun ceeginde
Kürpüldöktün Sarısuu,
Sarısuunun boyunda
Orqoyğon küröö körünöt.
Al küröögö barğanda
Qızıl saqal topusu,
Al qıtaydın sopusu,
Oşol küröödö bolot keçili.
Kebez belboo, keŋ ötük.
Kelbersigen köyqaşqa,
Keçildin qanı Qoŋurbay,
Nayzakerden ıqtuuğa ayt,

Жоо айласын билген мыктыга айт.
Көкөтөйдүн Бокмурун
Үч-Каркыра конду де,
Баатыр болсо Коңурбай
Бул ашымдан калбасын,
Келбей коюп башына,
Катуу калба салбасын.
Бул ашыма келсин де,
Бул кызыкты көрсүн де,
Бул ашыма келбесе,
Бул кызыкты көрбөсө
Калайманды көрсүн де.
Андан ары барганда
Дөөдүр алп деген алпы бар,
Тикен алп менен Маңгуш алп,
Чоң Түкүбай балбан бар.
Орою суук, заары күч,
Алышканды кылган туз,
Мынча алпынын баарына айт.
Деп ошентип Бокмурун
Мааникерди мингизип,
Бадана тонду кийгизип,
Коросон оттук чактырып,
Капыр менен мусулман
Койбой баарын чакырып,
Көкөтөйдүн көп ордо
Кырка тиккен жанаша,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Кылымга салган тамаша.
Калкка салган кызыкты,
Аш берем деп желпинип
Аламга салган бузукту.
Он эки миң кол менен,
Жоорукер минген жортуулчу
Жондоп түштү жол менен,

Coo aylasın bilgen mıqtığa ayt.
Kökötöydün Boqmurun
Üçqarqıra qondu de,
Baatır bolso Qoŋurbay
Bul aşımdan qalbasın,
Kelbey qoyup başına,
Qatuu qalba salbasın.
Bul aşıma kelsin de,
Bul qızıqtı körsün de,
Bul aşıma kelbese,
Bul qızıqtı körbösö
Qalaymandı körsün de.
Andan arı barğanda
Döödür alp degen alpı bar,
Tiken alp menen Maŋğuş alp,
Çoŋ Tükübay balban bar.
Oroyu suuq, zaarı küç,
Alışqandı qılğan tuz,
Mınça alpının baarına ayt.
Dep oşentip Boqmurun
Maanikerdi mingizip,
Badana tondu kiygizip,
Qoroson ottuq çaqtırıp,
Qapır menen musulman
Qoyboy baarın çaqırıp,
Kökötöydün köp ordo
Qırqa tikken canaşa,
Kökötöydün Boqmurun,
Qılımğa salğan tamaşa.
Qalkqa salğan qızıqtı,
Aş berem dep celpinip
Aalamğa salğan buzuqtu.
On eki miŋ qol menen,
Cooruker mingen cortuulçu
Condop tüştü col menen

Жайнаган далай кол менен
Кокон каны Жүгөрү
А да келди котурап,
Асманга учуп топурак.
Ооган каны Акун кан,
Желектүү найза желпилдеп,
Чоң тебетей селпилдеп
Ооган келди жол менен
Он эки миң кол менен.
Ара жерден чаң келди,
Анысы аз келгенсип
Ындыстандан да келди.
Ордолуу шайы, көк жеке,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Аргымагы түрсүлдөк,
Ала көөдөн күрсүлдөк
Анжыяндын айры сакал
Сынчыбек,
Түркүн-түркүн бөлүнүп,
Түрү суук көрүнүп,
Келгендерде акыл жок,
Анжыяндын ак каңкы,
Аттарынын баары айгыр,
Куюшканы такыр жок.
Самарканда Санжыбек
Бу да келди жол менен,
Оодарылып ал келди
Он миңчелик кол менен.
Камчыларын бек тиштеп,
Жалгыз атын күш-күштөп
Кокон кандын Козубек,
Маргаландын Малабек,
Алтышаардын Алабек,
Букар каны Темиркан,
Мындан толгон кол келди.
Торт кандын эли аралаш,

Caynağan dalay qol menen
Qoqon qanı Cügörü
A da keldi qoturap,
Asmanğa uçup topuraq.
Ooğan qanı Aqun qan,
Celektüü nayza celpildep,
Çoŋ tebetey selpildep
Ooğan keldi col menen
On eki miŋ qol menen.
Ara cerden çaŋ keldi,
Anısı az kelgensip
Indıstandan da keldi.
Ordoluu şayı, kök ceke,
Orçun Qoqon, Marğalaŋ,
Arğımağı türsüldök,
Ala köödön kürsüldök
Ancıyandın ayrı saqal
Sınçıbek,
Türkün-türkün bölünüp,
Türü suuq körünüp,
Kelgenderde aqıl coq,
Ancıyandın aq qaŋqı,
Attarının baarı ayğır,
Quyuşqanı taqır coq.
Samarqanda Sancıbek
Bu da keldi col menen,
Oodarılıp al keldi
On miŋçelik qol menen.
Qamçıların bek tiştep,
Calğız atın küş-küştöp
Qoqon qandın Qozubek,
Marğalaŋdın Malabek,
Altışaardın Alabek,
Buqar qanı Temirqan,
Mından tolğon qol keldi.
Tort qandın eli aralaş,

Аралаша мол келди,
Жыйырма миңче кол келди.
Төртөө төрткө бөлүнүп,
Төрөлүк түрү көрүнүп,
Ал төртөөнүн ичинде
Ала чапан кожо бар,
Ак селдечен молдо бар.
Көтү кучак чоң комуз,
Дутарларын тарттырып,
Алтымыштай жигитке
Акыштарын айттырып.
Анын ары жак жагынан
Чаң обого бурулуп,
Найзанайзага урунуп,
Найзачаны желигип,
Айбалтачан ээлигип,
Чамбыл-Белдин белинен,
Белендинин жээгинен
Жанаалы, Карач ал келди;
Кан Көкөтөй ашы деп,
Калың жыйын кашы деп,
Кызыл-Кыя жол менен,
Санаты он миң кол менен.
Анын ары жагынан
Темир аркан тор алып,
Көк темирдей кор алып,
Түпөгү жок найза алып,
Кууказык тулпар ат минип,
Кыл куйругун шарт түйүп,
Касаба найза дыркырап
Көкбөрү келди жол менен,
Он миңчелик кол менен.
Анын ары жак жагынан
Доолбас кулак тундуруп,
Курчтан кылган сыр найза

Aralaşa mol keldi,
Cıyırma miŋçe qol keldi.
Törtöö törtkö bölünüp,
Törölük türü körünüp,
Al törtöönün içinde
Ala çapan qoco bar,
Aq seldeçen moldo bar.
Kötü quçaq çoŋ qomuz,
Dutarların tarttırıp,
Altımıştay cigitke
Aqıştarın ayttırıp.
Anın arı caq cağınan
Çaŋ oboğo burulup,
Nayzanayzağa urunup,
Nayzaçanı celigip,
Aybaltaçan eeligip,
Çambılbeldin belinen,
Belendinin ceeginen
Canaalı, Qaraç al keldi;
Qan Kökötöy aşı dep,
Qalıŋ cıyın qaşı dep,
Qızılqıya col menen,
Sanatı on miŋ qol menen.
Anın arı cağınan
Temir arqan tor alıp,
Kök temirdey qor alıp,
Tüpögü coq nayza alıp,
Quuqazıq tulpar at minip,
Qıl quyruğun şart tüyüp,
Qasaba nayza dırqırap
Kökbörü keldi col menen,
On miŋçelik qol menen.
Anın arı caq cağınan
Doolbas qulaq tundurup,
Qurçtan qılğan sır nayza

Колдору туштан сундуруп,
Жай жарагы бир кучак,
Телкызылдай ат минип,
Буудайык уулу Музбурчак
Букардын ары белинен,
Бузулган Чамбыл жеринен
Кан Көкөтөй чоң ашын
Каадалап барып көрөм деп,
Кара кытай, манжу журт
Кармашса канын төгөм деп
А да түштү ошондо
Каркыранын боюна,
Кан Көкөтөй тоюна.
Ашуу ашып, таш басып,
Анталаңдап бек шашып,
Лоп дария жеринен,
Туурада нойгут элинен
Боз ала желек туу алып,
Бойбойлогон чуу салып,
Тулпардан тандап ат алып,
Жаш Айдардан кат алып,
Каркыранын боюна,
Кан Көкөтөй тоюна
Карача келген жол менен,
Тогуз миңче кол менен.
Кутпа жагын карасан
Эйбит кандын эр Үрбү,
Эчен түрлүү тил билген,
Куралып калган кут менен,
Курама жыйган журт менен
Бөлүнгөн бөйрөк жол менен
Кан Көкөтөй ашына,
Калың жыйын кашына
Үрбү түштү жол менен
Алты миңче кол менен.

Qoldoru tuştan sundurup,
Cay carağı bir quçaq,
Telqızılday at minip,
Buudayıq uulu Muzburçaq
Buqardın arı belinen,
Buzulğan Çambıl cerinen
Qan Kökötöy çoŋ aşın
Qaadalap barıp köröm dep,
Qara qıtay, mancu curt
Qarmaşsa qanın tögöm dep
A da tüştü oşondo
Qarqıranın boyuna,
Qan Kökötöy toyuna.
Aşuu aşıp, taş basıp,
Antalaŋdap bek şaşıp,
Lop dariya cerinen,
Tuurada noyğut elinen
Boz ala celek tuu alıp,
Boyboyloğon çuu salıp,
Tulpardan tandap at alıp,
Caş Aydardan qat alıp,
Qarqıranın boyuna,
Qan Kökötöy toyuna
Qaraça kelgen col menen,
Toğuz miŋçe qol menen.
Qutpa cağın qarasan
Eybit qandın er Ürbü,
Eçen türlüü til bilgen,
Quralıp qalğan qut menen,
Qurama cıyğan curt menen
Bölüngön böyrök col menen
Qan Kökötöy aşına,
Qalıŋ cıyın qaşına
Ürbü tüştü col menen
Altı miŋçe qol menen.

Анын бери жагынан
Сары-Арканы жердеген,
Салмактуу кыйын эр деген,
Жылкысы сонун кулача,
Маңдайы кашка тумарча,
Баарысы тулпар көй кашка,
Тулпары көйрөң түрсүлдөк,
Азаматы бир башка
Ала көөдөн күрсүлдөк,
Чаң төбөдө буркурап,
Айдаркандын көп казак
Өлөңүн айтып чуркурап,
Көк темирден тон кийип,
Казактардын кан Көкчө
Көгала тулпар ат минип,
Көгала желек булгалап,
Көкчө келди жол менен,
Санаты кырк миң кол менен.
Кемеге кенен оюлуп,
Сүт ботo, тайлак, кысыр тай
Келгендерге союлуп,
Келген адам сабылып,
Уул ушундай болсун деп
Көкөтөйдүн Бокмурун
Ыраазы болуп жалынып.
Аны-муну дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Кара калмак, манжунун
Келип калган чени бар,
Уй түгүндөй көп калмак
Каптап калган чени бар.
Жети асаба туу келет,
Жер жарылган чуу келет.
Бир жак чети калмактын
Кетмендин белин жакалап,

Anın beri cağınan
Sarıarqanı cerdegen,
Salmaqtuu qıyın er degen,
Cılqısı sonun qulaça,
Maŋdayı qaşqa tumarça,
Baarısı tulpar köyqaşqa,
Tulparı köyröŋ türsüldök,
Azamatı bir başqa
Ala köödön kürsüldök,
Çaŋ töbödö burqurap,
Aydarqandın köp qazaq
Ölöŋün aytıp çurqurap,
Kök temirden ton kiyip,
Qazaqtardın qan Kökçö
Köğala tulpar at minip,
Köğala celek bulğalap,
Kökçö keldi col menen,
Sanatı qırk miŋ qol menen.
Kemege kenen oyulup,
Süt boto, taylaq, qısır tay
Kelgenderge soyulup,
Kelgen adam sabılıp,
Uul uşunday bolsun dep
Kökötöydün Boqmurun
Iraazı bolup calınıp.
Anı-munu degiçe,
Açıp közdü cumğuça,
Qara qalmaq, mancunun
Kelip qalğan çeni bar,
Uy tügündöy köp qalmaq
Qaptap qalğan çeni bar.
Ceti asaba tuu kelet,
Cer carılğan çuu kelet.
Bir caq çeti qalmaqtın
Ketmendin belin caqalap,

Өөдө жагы ал колдун
Айгыр-Жалды бакалап,
Кимдин колу деп турса,
Чоң Жолойдун колу экен.
Кыйыктанса кокустан
Кыйратып бизди жеди деп,
Үтүрөңдөп таарынса
Кармап кетер бекен деп,
Чынмачындын Бээжинге
Талап кетер бекен деп
Өз билгенин бул калмак
Кылып кетер бекен деп,
Чатак болуп окустан,
Таарынып кетип кокустан,
Кырып кетер бекен деп,
Баш көтөргөн баатырды
Жайлап кетер бекен деп,
Алсыз чабал адамды
Кайнап жаткан калмакка
Байлап кетер бекен деп
Калмактын алды келгенде
Калың журт коркту жүгүрүп,
Баары жандан түңүлүп.
Байкуш аз журт канетет,
Үрпөңдөп жерди тебелеп,
Айласы барбы ал журттун
Бокмурунду жемелеп.
Ал аңгыча болгон жок,
Кудай бетин салбай кал,
Жер жарылып чуу келет,
Жети асаба туу келет,
Жер жайнаган кол келет.
Найзанын башы жылтылдайт,
Адамдын башы кылкылдайт,
Токтобой жүрөк зырпылдайт.

Öödö cağı al qoldun
Ayğırcaldı baqalap,
Kimdin qolu dep tursa,
Çoŋ Coloydun qolu eken.
Qıyıqtansa qoqustan
Qıyratıp bizdi cedi dep,
Ütüröŋdöp taarınsa
Qarmap keter beken dep,
Çınmaçındın Beecinge
Talap keter beken dep
Öz bilgenin bul qalmaq
Qılıp keter beken dep,
Çataq bolup oqustan,
Taarınıp ketip qoqustan,
Qırıp keter beken dep,
Baş kötörgön baatırdı
Caylap keter beken dep,
Alsız çabal adamdı
Qaynap catqan qalmaqqa
Baylap keter beken dep
Qalmaqtın aldı kelgende
Qalıŋ curt qorktu cügürüp,
Baarı candan tüŋülüp.
Bayquş az curt qanetet,
Ürpöŋdöp cerdi tebelep,
Aylası barbı al curttun
Boqmurundu cemelep.
Al aŋğıça bolğon coq,
Quday betin salbay qal,
Cer carılıp çuu kelet,
Ceti asaba tuu kelet,
Cer caynağan qol kelet.
Nayzanın başı cıltıldayt,
Adamdın başı qılqıldayt,
Toqtoboy cürök zırpıldayt.

Тоо жарылып мол келет,
Толкуган деңиз кол келет,
Тозоктуу жанга зор келет.
Кимдин колу деп турса
Кан Жолойдун колу экен.
Калмактардын кан Жолой
Сөлөкөтү, сөөлөтү,
Атка минген келбети
Ала-Тоодой көрүнүп,
Карыпчысын салынып,
Каман сындуу чамынып,
Көрөр болсоң Жолойду
Кардуу тоонун дөбөсү,
Кара калмак төрөсү.
Кан Жолой кирип келгенде
Келгин мейман, келгин деп,
Жаадай учуп жүгүрүп,
Көкөтөйдүн балбаны
Жолойдун атын алганы.
Тоодой болгон Жолой дөө
Кампайып түшүп калганы.
Аркасынан калмагы
Уй түгүндөй уюлгуп,
Кошо түшүп калганы.
Көкөтөйдүн Бокмурун
Журтка кылган азабы.
Азыркы болгон чоң түйшүк
Калмактардын казабы.
Келдиңизби, мейман деп,
Чоң Жолойдун алдына
Бокмурун басып барганы.
Бокмурунга кызматкер
Так отуз миң балбаны,
Калмактардын Жолойдун
Жээр ашын камдады.

Too carılıp mol kelet,
Tolquğan deŋiz qol kelet,
Tozoqtuu canğa zor kelet.
Kimdin qolu dep tursa
Qan Coloydun qolu eken.
Qalmaqtardın qan Coloy
Sölökötü, söölötü,
Atqa mingen kelbeti
Alatoodoy körünüp,
Qarıpçısın salınıp,
Qaman sınduu çamınıp,
Körör bolsoŋ Coloydu
Qarduu toonun döbösü,
Qara qalmaq törösü.
Qan Coloy kirip kelgende
Kelgin meyman, kelgin dep,
Caaday uçup cügürüp,
Kökötöydün balbanı
Coloydun atın alğanı.
Toodoy bolğon Coloy döö
Qampayıp tüşüp qalğanı.
Arqasınan qalmağı
Uy tügündöy uyulğup,
Qoşo tüşüp qalğanı.
Kökötöydün Boqmurun
Curtqa qılğan azabı.
Azırqı bolğon çoŋ tüyşük
Qalmaqtardın qazabı.
Keldiŋizbi, meyman dep,
Çoŋ Coloydun aldına
Boqmurun basıp barğanı.
Boqmurunğa qızmatker
Taq otuz miŋ balbanı,
Qalmaqtardın Coloydun
Ceer aşın qamdadı.

Көкөтөйдүн Бокмурун
Чоң шириге каптаган
Көкөтөйдүн кызыл алтын
жамбыдан
Мөөсүлүңүз ушу деп,
Алып келип алдына
Алтоон тарта салганы.
Калмактардын кан Жолой
Карап туруп балага,
Ыраазы болуп калганы.
Кан Жолойдун союшка
Көкөтөйдүн сан кара
Тобун чечип айдады.
Эр Жолойдун колуна
Алты миң ирик, миң байтал
Союшуна берди дейт,
Жаткан төөдөй, уйдай кант
Чагышына берди дейт,
Алты миң төөнүн отунун
Жагышына берди дейт.
Жүктөлүп келген кара арак,
Калмакча көөкөр менен бир
арак,
Алты жанга бир көөкөр
Суусунуна берди дейт.
Дүнүйөнү түптүгөл
Чарк ортого салды дейт.
Муну мындай таштайлы,
Нар жагынан баштайлы.
Жана кызык жана бар,
Ошондо, чаң асманга бурулуп,
Каптап келген калың кол
Бирине-бири урунуп,
Кылычын кынсыз байланып,
Кылкылдап катар жүрүшүп,
Кири бар кара жоолукту,
Кежигеге түйүшүп,

Kökötöydün Boqmurun
Çoŋ şirige qaptağan
Kökötöydün qızıl altın
cambıdan
Möösülüŋüz uşu dep,
Alıp kelip aldına
Altoon tarta salğanı.
Qalmaqtardın qan Coloy
Qarap turup balağa,
Iraazı bolup qalğanı.
Qan Coloydun soyuşqa
Kökötöydün san qara
Tobun çeçip aydadı.
Er Coloydun qoluna
Altı miŋ irik, miŋ baytal
Soyuşuna berdi deyt,
Catqan töödöy, uyday qant
Çağışına berdi deyt,
Altı miŋ töönün otunun
Cağışına berdi deyt.
Cüktölüp kelgen qara araq,
Qalmaqça köökör menen bir
araq,
Altı canğa bir köökör
Suusununa berdi deyt.
Dünüyönü tüptügöl
Çark ortoğo saldı deyt.
Munu mınday taştaylı,
Nar cağınan baştaylı.
Cana qızıq cana bar,
Oşondo, çaŋ asmanğa burulup,
Qaptap kelgen qalıŋ qol
Birine-biri urunup,
Qılıçın qınsız baylanıp,
Qılqıldap qatar cürüşüp,
Kiri bar qara cooluqtu,
Kecigege tüyüşüp,

Камыштан найза жайлашып,
Ар кимиси жанына
Муштумдай чокмор байлашып
Каптап калган кези экен,
Шибеенин каны Ороккыр
Коңкулбоз менен чамынып,
Көрөр болсоң ошондо
Жабдыгына камынып,
Коңкулбозду булкунтуп,
Атырылтып жулкунтуп,
Он эки бута алдында
Шибееден бөлөк бөлүнүп,
Ошондо мунун сүрөтү
Жалаңгычтай көрүнүп,
Жети асаба туу келет,
Жер жарылган чуу келет,
Баштагыдан беш бетер
Жер майышкан кол келет.
Ошончону көргөндө
Түк көрө элек кайран журт
Чекеси кетип тырышып,
Алапайын таба албай,
Башчысы менен урушуп,
Баскан жерин тебелеп,
Бирөөнү бирөө жемелеп,
Елкин жаткан эл элек,
Эми талаан көрдүкпү.
Көкөтөйдүн чоң ашын
Көргөлү келген экенбиз,
Көп талоон көрүп кытайдан
Өлгөнү келген экенбиз.
Тогуз бөрү бир койдун
Таласа тарпын коёбу?
Толкуган кытай бул элдин
Сабаса тарпын коёбу?

Qamıştan nayza caylaşıp,
Ar kimisi canına
Muştumday çoqmor baylaşıp
Qaptap qalğan kezi eken,
Şibeenin qanı Oroqqır
Qoŋqulboz menen çamınıp,
Körör bolsoŋ oşondo
Cabdığına qamınıp,
Qoŋqulbozdu bulquntup,
Atırıltıp culquntup,
On eki buta aldında
Şibeeden bölök bölünüp,
Oşondo munun sürötü
Calaŋğıçtay körünüp,
Ceti asaba tuu kelet,
Cer carılğan çuu kelet,
Baştağıdan beş beter
Cer mayışqan qol kelet.
Oşonçonu körgöndö
Tük körö elek qayran curt
Çekesi ketip tırışıp,
Alapayın taba albay,
Başçısı menen uruşup,
Basqan cerin tebelep,
Biröönü biröö cemelep,
Elkin catqan el elek,
Emi talaan kördükpü.
Kökötöydün çoŋ aşın
Körgölü kelgen ekenbiz,
Köp taloon körüp qıtaydan
Ölgönü kelgen ekenbiz.
Toğuz börü bir qoydun
Talasa tarpın qoyobu?
Tolquğan qıtay bul eldin
Sabasa tarpın qoyobu?

Көпкөлөндүн кызматын
Көргөлү келген экенбиз,
Жер жайнаган калмактан
Өлгөнү келген экенбиз.
Нысабы кетип ат койсо
Түпкө чогуу жетет го,
Түгөтө кырып кетет го.
Аш жебедик, таш жедик,
Той жебедик, ок жедик,
Жабылып кетсе бул калмак
Жабылта жаасын тартат го,
Жалпы кырып биздерди
Акыйнегин айтат го,
Баарыбызды соо койбой,
Олжолоп алып кайтат го.
Түйшүктү чогуу кылат го,
Түк койбой бизди кырат го.
Мелтиреген түз экен,
Бет алып качар бел да жок,
Бейпай көрүп жатканда
Ажыратып алууга
Белгилүү Манас шер да жок.
Таяна качар Талас жок,
Талкалашып чабышып,
Ажыратып алууга
Қабылан төрө Манас жок.
Үшкүрүнүп күйүнүп,
Алек болду адамдар
Аманат жандан түңүлүп.
Ал аңгыча болбоду,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Көрөр болсоң Ороккыр
Ортого келди камынып,
Кызмат кылган миң балбан

Köpkölöndün qızmatın
Körgölü kelgen ekenbiz,
Cer caynağan qalmaqtan
Ölgönü kelgen ekenbiz.
Nısabı ketip at qoyso
Tüpkö çoğuu cetet ğo,
Tügötö qırıp ketet ğo.
Aş cebedik, taş cedik,
Toy cebedik, oq cedik,
Cabılıp ketse bul qalmaq
Cabılta caasın tartat ğo,
Calpı qırıp bizderdi
Aqıynegin aytat ğo,
Baarıbızdı soo qoyboy,
Olcolop alıp qaytat ğo.
Tüyşüktü çoğuu qılat ğo,
Tük qoyboy bizdi qırat ğo.
Meltiregen tüz eken,
Bet alıp qaçar bel da coq,
Beypay körüp catqanda
Acıratıp aluuğa
Belgilüü Manas şer da coq.
Tayana qaçar Talas coq,
Talqalaşıp çabışıp,
Acıratıp aluuğa
Qabılan törö Manas coq.
Üşkürünüp küyünüp,
Alek boldu adamdar
Amanat candan tüŋülüp.
Al aŋğıça bolbodu,
Ayta-buyta degiçe,
Açıp közdü cumğuça,
Körör bolsoŋ Oroqqır
Ortoğo keldi qamınıp,
Qızmat qılğan miŋ balban

Атын алды жабылып.
Атын балбан алганы,
Калк ичине кампайып,
Ороккыр түшүп калганы.
Көкөтөйдүн көп алтын
Ороккырдай баатырга
Көкөтөйдүн Бокмурун.
Тартуу кылып салганы.
Тартуусун алып Ороккыр
Ыраазы болуп калганы.
Жети миң ирик, миң байтал
Союшуна берди дейт.
Жаткан төөдөй, уйдай кант
Чагышына берди дейт.
Жети миң төөнүн отунун
Жагышына берди дейт.
Жана кызык жана бар,
Бээжинден чыккан көй кашка,
Бендеден түрү бир башка,
Белгилүү Калча шери бар,
Белгилүү кечил эли бар,
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай
Ажыдаардай жүрүшү
Алтымыш жайсаң иниси,
Қаканчындын Бээжинден
Калчадан артык кимиси?
Алты миң, кытай, сан калдай,
Бээжиндин калың канына
Белгилүү каны Коңурбай,
Найзакерден ыктуу кул,
Жоо айласын ашкере билген
мыкты
Кул Коңурбай жайын сураба,
Кийген кийими башында
Шуру отогот, маржан таш,

Atın aldı cabılıp.
Atın balban alğanı,
Qalk içine qampayıp,
Oroqqır tüşüp qalğanı.
Kökötöydün köp altın
Oroqqırday baatırğa
Kökötöydün Boqmurun.
Tartuu qılıp salğanı.
Tartuusun alıp Oroqqır
Iraazı bolup qalğanı.
Ceti miη irik, miη baytal
Soyuşuna berdi deyt.
Catqan töödöy, uyday qant
Çağışına berdi deyt.
Ceti miη töönün otunun
Cağışına berdi deyt.
Cana qızıq cana bar,
Beecinden çıqqan köyqaşqa,
Bendeden türü bir başqa,
Belgilüü Qalça şeri bar,
Belgilüü keçil eli bar,
Kebez belboo, keη ötük
Keçildin qanı Qoηurbay
Acıdaarday cürüşü
Altımış caysaη inisi,
Qaqançındın Beecinden
Qalçadan artıq kimisi?
Altı miη, qıtay, san qalday,
Beecindin qalıη qanına
Belgilüü qanı Qoηurbay,
Nayzakerden ıqtuu qul,
Coo aylasın aşkere bilgen
mıqtısı
Qul Qoηurbay cayın suraba,
Kiygen kiyimi başında
Şuru otoğot, marcan taş,

Жанында зундундун каны аралаш.
Карыпчысын калдайтып
Калмактан келет бир миң жан,
Беренжисин салынып
Берени келет канча жан.
Ошолордун ичинде
Белгилүүсү Коңурбай.
Коңурбай журтка дайын кан,
Шуру таштын башына
Тотукуштун куйругун
Токсон түрдөп сайынган.
Алгара тулпар булкунтуп,
Алтындан чылбыр жулкунтуп,
Алоокенин Коңурбай
Айлалуу тууган көй кашка,
Касаба колдо калкылдап,
Канча жабдык таш кесер
Билегинде жаркылдап,
Жүрүшүнөн чан чыгып,
Добушунан жан чыгып,
Кабарыңда бар бекен,
Коломтодон кор чыккан,
Бүтүн кытай элинен
Коңурбай аттуу зор чыккан.
Адам түрүн көргүсүз,
Алоокенин калчага
Бет алып бенде келгисиз.
Астында тулпар Алгара
Айбандан артык жаныбар,
Каарына биз тийсек,
Ушу турган мусулман
Алоокенин Коңурбай
Жеке кырар алы бар.
Жанындагы жайсаңдар
Бөлөк, бөлөк бөлүнөт,

Canında zundundun qanı aralaş.
Qarıpçısın qaldaytıp
Qalmaqtan kelet bir miŋ can,
Berencisin salınıp
Bereni kelet qança can.
Oşolordun içinde
Belgilüüsü Qoŋurbay.
Qoŋurbay curtqa dayın qan,
Şuru taştın başına
Totuquştun quyruğun
Toqson türdöp sayınğan.
Alğara tulpar bulquntup,
Altından çılbır culquntup,
Alookenin Qoŋurbay
Aylaluu tuuğan köyqaşqa,
Qasaba qoldo qalqıldap,
Qança cabdıq taş keser
Bileginde carqıldap,
Cürüşünön çan çığıp,
Dobuşunan can çığıp,
Qabarıŋda bar beken,
Qolomtodon qor çıqqan,
Bütün qıtay elinen
Qoŋurbay attuu zor çıqqan.
Adam türün körgüsüz,
Alookenin qalçağa
Bet alıp bende kelgisiz.
Astında tulpar Alğara
Aybandan artıq canıbar,
Qaarına biz tiysek,
Uşu turğan musulman
Alookenin Qoŋurbay
Ceke qırar alı bar.
Canındağı caysaŋdar
Bölök, bölök bölünöt,

Бир жайсаңын караса,
Миң кишилик көрүнөт.
Көргөн сайын калың журт
Көңүлү жаман бөлүнөт.
Албан түрлүү балбаны
Аркадан чубап калганы.
Коңурбай кошчу кылган кырк төрө
Кошо келип алганы.
Кошой, Төштүк, көргөн алп
Аң-таң калып калганы.
Алоокенин Коңурбай
Балбандыгы бир канча,
Баарынан мыкты көйкашка.
Асынып алган канча жан
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Айып тапса кыргызга
Салат экен аңгеме.
Түрүн көрсө бул элдин
Түбүнө чогуу жетет деп,
Кошой, Төштүк баш болуп,
Коңурбайды көргөндө
Қак жарылып калганы.
Қоңурбай ашка барганда
Керней, сурнай тарттырып,
Қелбетин көрсөң мынчалык
Керикке жүгүн арттырып,
Келген жаны бир бөлөк,
Түрдүү, түрдүү балбаны,
Буйрук кылса Коңурбай
Балбаны кокус катылса
Адамдын чыгат далдалы.
Алоокенин Коңурбай
Боконо сөөк болкоюп,
Болуп калган кези экен,
Оң далысы оркоюп,

Bir caysaŋın qarasa,
Miŋ kişilik körünöt.
Körgön sayın qalıŋ curt
Köŋülü caman bölünöt.
Alban türlüü balbanı
Arqadan çubap qalğanı.
Qoŋurbay qoşçu qılğan qırk törö
Qoşo kelip alğanı.
Qoşoy, Töştük, körgön alp
Aŋ-taŋ qalıp qalğanı.
Alookenin Qoŋurbay
Balbandığı bir qança,
Baarınan mıqtı köyqaşqa.
Asınıp alğan qança can
Aleŋgir caa, sır cebe,
Ayıp tapsa qırğızğa
Salat eken aŋgeme.
Türün körsö bul eldin
Tübünö çoğuu cetet dep,
Qoşoy, Töştük baş bolup,
Qoŋurbaydı körgöndö
Qaq carılıp qalğanı.
Qoŋurbay aşqa barğanda
Kerney, surnay tarttırıp,
Kelbetin körsöŋ mınçalıq
Kerikke cügün arttırıp,
Kelgen canı bir bölök,
Türdüü, türdüü balbanı,
Buyruq qılsa Qoŋurbay
Balbanı qoqus qatılsa
Adamdın çığat daldalı.
Alookenin Qoŋurbay
Boqono söök bolqoyup,
Bolup qalğan kezi eken,
Oŋ dalısı orqoyup,

Жер майышып басканда,
Толуп калган кези экен.
Кайраты толук, таш жүрөк,
Коңурбай жайын сураба,
Каарына алса кыргызга
Ушу жол салат чоң дүмөк.
Белимди бекем бууймун деп,
Бээжинден чыккан камданып
Белгилүү Манас жолукса
Алооке кунун кууймун деп.
Ок өтпөс тонду кийинип,
Акыл ойлоп, кеп ойлоп,
Канкор Манас, ал бурут
Ашка келет деп ойлоп,
Келген экен Коңурбай
Аш үстүнөн басам деп,
Аш үстүндө кармашып
Адамдын канын чачам деп.
Канкор экен Коңурбай,
Бир чочконун етине
Бир жегенде тойчудан,
Жарлык алса канынан
Катылганды сойчуудан.
Балбандыгы келгенден,
Ат оюнчу, жөө күлүк,
Айдын караңгысында
Жазбай аткан мергенден
Миңден тандап бирди алган,
Ошол өңдүү балбандан
Так он эки миңди алган.
Анын ары жагында
Канжар колдой балбаны,
Катылышкан душмандын
Катасыз чыгат далдалы.
Кан Коңурбай көк жалың

Cer mayışıp basqanda,
Tolup qalğan kezi eken.
Qayratı toluq, taş cürök,
Qoŋurbay cayın suraba,
Qaarına alsa qırğızğa
Uşu col salat çoŋ dümök.
Belimdi bekem buuymun dep,
Beecinden çıqqan qamdanıp
Belgilüü Manas coluqsa
Alooke qunun quuymun dep.
Oq ötpös tondu kiyinip,
Aqıl oylop, kep oylop,
Qanqor Manas, al burut
Aşqa kelet dep oylop,
Kelgen eken Qoŋurbay
Aş üstünön basam dep,
Aş üstündö qarmaşıp
Adamdın qanın çaçam dep.
Qanqor eken Qoŋurbay,
Bir çoçqonun etine
Bir cegende toyçudan,
Carlıq alsa qanınan
Qatılğandı soyçuudan.
Balbandığı kelgenden,
At oyunçu, cöö külük,
Aydın qaraŋğısında
Cazbay atqan mergenden
Miŋden tandap birdi alğan,
Oşol öŋdüü balbandan
Taq on eki miŋdi alğan.
Anın arı cağında
Qancar qoldoy balbanı,
Qatılışqan duşmandın
Qatasız çığat daldalı.
Qan Qoŋurbay kök calıŋ

Кандай болот бурут деп,
Канжар колдуу балбандан
Так он миңди алганы,
Камынып түшүп калганы.
Анын ары жагынан
Жаа тартуучу ыктуусу,
Жан куткарбай кармоочу,
Чалма уруучу ыктуусу,
Аралаш келди артынан
Айбалта чабар мыктысы.
Көкөтөйдүн ашына
Чериктүү кытай эл келди.
Көкөтөйдүн ашы деп,
Көп жыйындын кашы деп,
Кан Коңурбай зор келди,
Каарына алганда,
Казылуу терең ор келди.
Кан Коңурбай алдына
Көкөтөйдүн Бокмурун
Алтымыш төөнүн алтынын
Азыр тартуу кылды эми.
Алтындан тартуу кеп берип,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Калчаны араң тыйды эми.
Сегиз мин ирик, беш миң бее
Союшуна бергени.
Сегиз миң төөнүн отунун
Жагышына бергени.
Чөккөн төөдөй, уйдай кант,
Чагышына бергени.
Кан Коңурбай көк жалдын
Көңүлүн таап алганы,
Колдун баарын чогултуп,
Төшкө таяп салганы.
Жана кызык жана бар,
Мунумындайташтайлы,

Qanday bolot burut dep,
Qancar qolduu balbandan
Taq on miŋdi alğanı,
Qamınıp tüşüp qalğanı.
Anın arı cağınan
Caa tartuuçu ıqtuusu,
Can qutqarbay qarmooçu,
Çalma uruuçu ıqtuusu,
Aralaş keldi artınan
Aybalta çabar mıqtısı.
Kökötöydün aşına
Çeriktüü qıtay el keldi.
Kökötöydün aşı dep,
Köp cıyındın qaşı dep,
Qan Qoŋurbay zor keldi,
Qaarına alğanda,
Qazıluu tereŋ op keldi.
Qan Qoŋurbay aldına
Kökötöydün Boqmurun
Altımış töönün altının
Azır tartuu qıldı emi.
Altından tartuu kep berip,
Kökötöydün Boqmurun
Qalçanı araŋ tıydı emi.
Segiz min irik, beş miŋ bee
Soyuşuna bergeni.
Segiz miŋ töönün otunun
Cağışına bergeni.
Çökkön töödöy, uyday qant,
Çağışına bergeni.
Qan Qoŋurbay kök caldın
Köŋülün taap alğanı,
Qoldun baarın çoğultup,
Töşkö tayap salğanı.
Cana qızıq cana bar,
Munu mınday taştaylı,

Бер жагынан баштайлы.
Анын арка жагынан
Чаң обого бурулат.
Асман ачык, жер бүркөө,
Көктөн мунар бөлүнөт,
Көптүгү селдей көрүнөт.
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Абайлап байкап караса,
Нескара колу көрүнөт.
Манжунун каны Нескара
Көптүгүн көрсөң кара курт,
Катылса салат көп санаа,
Өзү кара саат бир балаа.
Нескараны ошондо
Көргөн бенде чочуган,
Кара жолтой Нескара
Ажайыптан окуган,
Билгичтиги бир мынча,
Жадыгөйү бир башка,
Бээжинден чыккан көй кашка.
Артык сынчы, билгич кул,
Ары жагы Бакбурчун,
Уданды, Кеңтун, Дүңшанды
Нескара көргөн мынчаны,
Есебин билет ал элдин,
Есерин билет бул элдин.
Зордугун билет ал элдин,
Көкөтөйдүн ашы деп
Көрүнөө келип чогулган
Аздыгын билет бул элдин.
Манжулардын Нескара
Найзакердин ыктуусу,
Кара кытай манжунун
Айла табар мыктысы.
Тили бардын чечени,
Тилегиң каткан Нескара
Көп кытайдын көсөлү.

Ber cağınan baştaylı.
Anın arqa cağınan
Çaŋ oboğo burulat.
Asman açıq, cer bürköö,
Köktön munar bölünöt,
Köptügü seldey körünöt.
Aç ayqırıq, quu süröön,
Abaylap bayqap qarasa,
Nesqara qolu körünöt.
Mancunun qanı Nesqara
Köptügün körsöŋ qara qurt,
Qatılsa salat köp sanaa,
Özü qara saat bir balaa.
Nesqaranı oşondo
Körgön bende çoçuğan,
Qara coltoy Nesqara
Acayıptan oquğan,
Bilgiçtigi bir mınça,
Cadıgöyü bir başqa,
Beecinden çıqqan köyqaşqa.
Artıq sınçı, bilgiç qul,
Arı cağı Baqburçun,
Udandı, Keŋtun, Düŋşandı
Nesqara körgön mınçanı,
Esebin bilet al eldin,
Eserin bilet bul eldin.
Zorduğun bilet al eldin,
Kökötöydün aşı dep
Körünöö kelip çoğulğan
Azdığın bilet bul eldin.
Manculardın Nesqara
Nayzakerdin ıqtuusu,
Qara qıtay mancunun
Ayla tabar mıqtısı.
Tili bardın çeçeni,
Tilegiŋ qatqan Nesqara
Köp qıtaydın kösölü.

Береленип белсенип,
Белгилүү берен Нескара
Бет алып келди бул ашка
Пери ургандай теңселип.
Кыйла чатак кеби бар,
Алтайдын нары четинде,
Миң төөдө булун алдырып,
Миң балбанын Манаска
Бир кырдырып салдырып,
Көктөн көк айман жылдыз
тутулган,
Эсенкандын алдына
Көрүнөө качып кутулган.
Эсенканга барганда
Баскан жерин тамандап,
Манас канды жамандап:
Кырк үйлүү кыргыз Алтайдан
Канкор Манас чыкты дейт,
Миң балбанды талкалап,
Өлтүрүп жерге жыкты дейт,
Кыйшыгын азыр кыйбасаң,
Кырк үйлүүсүн кыйратып,
Манасты кармап тыйбасаң,
Калайманды салды го,
Менин мин төөдөй булум
алды го.
Түгөтпөсөн Манасты
Түйшүктү катуу салды деп
Эсенкандын алдына
Түз кирип айткан кеби бар.
Ачуусу келип Эсенкан,
Манаска алың келбесе
Баарын чогуу кырыл деп,
Каарданып Эсенкан
Айдап ийген жери бар.
Уят болуп Нескара,
Атаа, бурут, сени деп,

Berelenip belsenip,
Belgilüü beren Nesqara
Bet alıp keldi bul aşqa
Peri urğanday teŋselip.
Qıyla çataq kebi bar,
Altaydın narı çetinde,
Miŋ töödö bulun aldırıp,
Miŋ balbanın Manasqa
Bir qırdırıp saldırıp,
Köktön kök ayman cıldız
tutulğan,
Esenqandın aldına
Körünöö qaçıp qutulğan.
Esenqanğa barğanda
Basqan cerin tamandap,
Manas qandı camandap:
Qırk üylüü qırğız Altaydan
Qanqor Manas çıqtı deyt,
Miŋ balbandı talqalap,
Öltürüp cerge cıqtı deyt,
Qıyşığın azır qıybasaŋ,
Qırk üylüüsün qıyratıp,
Manastı qarmap tıybasaŋ,
Qalaymandı saldı ğo,
Menin min töödöy bulum
aldı ğo.
Tügötpösön Manastı
Tüyşüktü qatuu saldı dep
Esenqandın aldına
Tüz kirip aytqan kebi bar.
Açuusu kelip Esenqan,
Manasqa alıŋ kelbese
Baarın çoğuu qırıl dep,
Qaardanıp Esenqan
Aydap iygen ceri bar.
Uyat bolup Nesqara,
Ataa, burut, seni dep,

Кекенип калган жыластын
Эр Манаста кеги бар.
Көкөтөйдүн ашына
Келип чатак салууга,
Алакандай кыргызды
Такыр чаап салсак деп,
Айта келген Нескара,
Кытайлардын кеби бар.
Көкөтөйдүн көп ирик,
Көлдөп жаткан сан жылкы
Көмкөрө айдап Бокмурун
Союшуна бергени.
Каарданып бакырып,
Бокмурунду чакырып,
Нескаранын кеби бул,
Бокмурун барса жүгүнүп,
Мына мындай деди бул:
Ашына тоюп алармын, бурут,
Азап салып ашыңа,
Айлыңды чаап алармын,
бурут!
Тоюңа тозок салармын, бурут,
Тобуңду чаап алармын, бурут!
Кең Ташкенден көчүпсүң,
бурут,
Алтындан өргөн бүчүңдү,
бурут,
Ашка келбей койгонду
Барып чаап алам деп,
Антаңдаткан күчүңбү, бурут!
Күүлөнсөм күбүйм күлүңдү,
бурут,
Күмүрөй кылам түбүңдү,
бурут!
Какканы келдим калың кол
Капкайдагы жиниңди, бурут!
Жаадырамын башыңа

Kekenip qalğan cılastın
Er Manasta kegi bar.
Kökötöydün aşına
Kelip çataq saluuğa,
Alaqanday qırğızdı
Taqır çaap salsaq dep,
Ayta kelgen Nesqara,
Qıtaylardın kebi bar.
Kökötöydün köp irik,
Köldöp catqan san cılqı
Kömkörö aydap Boqmurun
Soyuşuna bergeni.
Qaardanıp baqırıp,
Boqmurundu çaqırıp,
Nesqaranın kebi bul,
Boqmurun barsa cügünüp,
Mına mınday dedi bul:
Aşına toyup alarmın, burut,
Azap salıp aşıŋa,
Aylıŋdı çaap alarmın,
burut!
Toyuŋa tozoq salarmın, burut,
Tobuŋdu çaap alarmın, burut!
Keŋ Taşkenden köçüpsüŋ,
burut,
Altından örgön büçüŋdü,
burut,
Aşqa kelbey qoyğondu
Barıp çaap alam dep,
Antaŋdatqan küçüŋbü, burut!
Küülönsöm kübüym külüŋdü,
burut,
Kümüröy qılam tübüŋdü,
burut!
Qaqqanı keldim qalıŋ qol
Qapqaydağı ciniŋdi, burut!
Caadıramın başıŋa

Жайдын күнү кышымды,
бурут,
Ашыңды чаап мен алып,
Күбүйм капкайдагы ышыңды,
бурут!
Аш үстүнөн казамын
Түшүп кетер оруңду, бурут,
Каардансам мен азыр
Каптатамын колумду, бурут!
Аш берген ушу жериңди,
бурут,
Чоң ишенип жүргөнүң
Канкор Манас ериңби?
Казанга колум маламын,
бурут,
Этиңди талап аламын, бурут.
Башчыңа колум саламын,
бурут,
Майлуу етиң талап аламын,
бурут.
Арышты керем, шайлап кой,
бурут,
Айтканым азыр камдап кой,
бурут!
Камдабас болсоң, кебиңди
айт, бурут
Кагыша турган жериңди айт,
бурут!
Нескара каардуу кеп айтып,
Так ушундай деп айтып,
Бура тартып бор атып,
Боз жезден кылган чоор
тартып,
Чоң күрөң менен желди эми,
Коңурбай менен Жолойго
Кеңешке жетип келди эми.
Ээй, Коңурбай, чоң Жолой,

Caydın künü qışımdı,
burut,
Aşındı çaap men alıp,
Kübüym qapqaydağı ışındı,
burut!
Aş üstünön qazamın
Tüşüp keter oruŋdu, burut,
Qaardansam men azır
Qaptatamın qolumdu, burut!
Aş bergen uşu ceriŋdi,
burut,
Çoŋ işenip cürgönüŋ
Qanqor Manas eriŋbi?
Qazanğa qolum malamın,
burut,
Etiŋdi talap alamın, burut.
Başçıŋa qolum salamın,
burut,
Mayluu etiŋ talap alamın,
burut.
Arıştı kerem, şaylap qoy,
burut,
Aytqanım azır qamdap qoy,
burut!
Qamdabas bolsoŋ, kebiŋdi ayt,
burut
Qağışa turğan ceriŋdi ayt,
burut!
Nesqara qaarduu kep aytıp,
Taq uşunday dep aytıp,
Bura tartıp bor atıp,
Boz cezden qılğan çoor
tartıp,
Çoŋ küröŋ menen celdi emi,
Qoŋurbay menen Coloyğo
Keŋeşke cetip keldi emi.
Eey, Qoŋurbay, çoŋ Coloy,

Эселек кыргыз буруттун,
Эсебин алам бул журттун.
Ашына карап турбайлы,
Алптары канча сынайлы.
Алпынын алы жок болсо,
Ашына найза суналы,
Түк койбой баарын кыралы,
Бууданын тартып алалы,
Бул ашынын үстүндө
Бузукту мыктап салалы.
Кемегесин талайлы,
Келгендерин сабайлы.
Аш берген жерин таптайлы,
Аш бышырып отурган
Кызматчысын каптайлы!
Кычык, суук кеп айтып,
Кызталак, бурут деп айтып,
Обу жок тон кийишип,
Ороңдошуп тийишип,
Тамаша сүйгөн бурутту
Талап такыр алалы.
Берген ашын тыялы,
Башчыларын жөөлөйлү,
Малынын баарын еелейли,
Каяшаяк бергенин
Түк койбой такыр кыралы,
Кеп билбеген момунун
Тирүү байлап алалы.
Каканчындын журтуна
Дене кул кылып салалы.
Каны мындай дегенде
Караламан кара журт
Карап эми турабы.
Кытай, калмак балбаны
Көкөтөйдүн ет бышырган
кемеге
Талап жатып калганы.

Eselek qırğız buruttun,
Esebin alam bul curttun.
Aşına qarap turbaylı,
Alptarı qança sınaylı.
Alpının alı coq bolso,
Aşına nayza sunalı,
Tük qoyboy baarın qıralı,
Buudanın tartıp alalı,
Bul aşının üstündö
Buzuqtu mıqtap salalı.
Kemegesin talaylı,
Kelgenderin sabaylı.
Aş bergen cerin taptaylı,
Aş bışırıp oturğan
Qızmatçısın qaptaylı!
Qıçıq, suuq kep aytıp,
Qıztalaq, burut dep aytıp,
Obu coq ton kiyişip,
Oroŋdoşup tiyişip,
Tamaşa süygön buruttu
Talap taqır alalı.
Bergen aşın tıyalı,
Başçıların cöölöylü,
Malının baarın eeleyli,
Qayaşayaq bergenin
Tük qoyboy taqır qıralı,
Kep bilbegen momunun
Tirüü baylap alalı.
Qaqançındın curtuna
Dene qul qılıp salalı.
Qanı mınday degende
Qaralaman qara curt
Qarap emi turabı.
Qıtay, qalmaq balbanı
Kökötöydün et bışırğan
kemege
Talap catıp qalğanı.

Талаганга жөн койбой
Кызматкерин сабады.
Кара калмак, манжу журт
Көптүгү түмөн кара курт.
Чогулуша карашып,
Бышпаган етти талашып,
Алсызынан күчтүүсү
Күрсүңдөп тартып алышып,
Көкөтөйдүн кызматчы,
Акылынан шашышып,
Таштап ийип казанды,
Тоо таяна качышып,
Кошой менен Төштүктөн
Жардам тилеп качышып,
Энтелендеп дүрбөшүп,
Алапайын таба албай,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Ене-атасын тилдешип,
Качып үркүп жүгүрүп,
Кайран жандан түңүлүп.
Манжунун каны Нескара
Чоң күрөң менен чамынып,
Артык сынчы айлакер,
Алп сыноого камынып,
Беренжи тонун жамынып,
Кылычын кынсыз салынып,
Көрөр болсоң Нескара
Көк камандай чамынып,
Баатыр Манас мында жок,
Мусулмандын баарысын
Айласы келсе Нескара
Кырайын деп камынып,
Капырдын каны Нескара
Карааны тоонун теңиндей,
Каны Манастан айла болбосо
Түк койбой баарын жегидей.
Азууларын аркайтып,

Talağanğa cön qoyboy
Qızmatkerin sabadı.
Qara qalmaq, mancu curt
Köptügü tümön qara qurt.
Çoğuluşa qaraşıp,
Bışpağan etti talaşıp,
Alsızınan küçtüüsü
Kürsüŋdöp tartıp alışıp,
Kökötöydün qızmatçı,
Aqılınan şaşışıp,
Taştap iyip qazandı,
Too tayana qaçışıp,
Qoşoy menen Töştüktön
Cardam tilep qaçışıp,
Enteleŋdep dürböşüp,
Alapayın taba albay,
Kökötöydün Boqmurun
Ene-atasın tildeşip,
Qaçıp ürküp cügürüp,
Qayran candan tüŋülüp.
Mancunun qanı Nesqara
Çoŋ küröŋ menen çamınıp,
Artıq sınçı aylaker,
Alp sınooğo qamınıp,
Berenci tonun camınıp,
Qılıçın qınsız salınıp,
Körör bolsoŋ Nesqara
Kök qamanday çamınıp,
Baatır Manas mında coq,
Musulmandın baarısın
Aylası kelse Nesqara
Qırayın dep qamınıp,
Qapırdın qanı Nesqara
Qaraanı toonun teŋindey,
Qanı Manastan ayla bolboso
Tük qoyboy baarın cegidey.
Azuuların arqaytıp,

Ат күлүгүн түк койбой
Ашта жыйып алды эми,
Чубатууга салды эми.
Мусулманды түк койбой,
Алпын жыйып алганы,
Чоң Кошойду баш кылып
Чубатууга салганы.
Катагандын кан Кошой,
Карап сынап алганы.
Ат-Башынын Чеч-Дөбө
Эби менен жер кылган,
Азып кеткен кыргызды
Эби менен эл кылган
Катагандын кан Кошой
Сексен бешке жетиптир,
Бар кайраттын баарысы
Боюнан качып кетиптир.
Мойну кеткен узарып,
Соолуп көзү кызарып,
Мууну кеткен былкылдап,
Көзү нары жакта жылтылдап,
Эки кычык ириндеп,
Бүткөн бою дирилдеп,
Карып калган жан экен,
Буруттардын Кошою
Канча айласы бар экен.
Каардансам койбоймун,
Бул өңдөнгөн чалдардын
Сексенине тойбоймун.
Элемандын эр Төштүк
Эми түрүн көрдү эми,
Артык көзүн салды эми,
Аны сынап калды эми.
Кайран Төштүк канетет
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар эр экен,
Билеги жоон, таш жүрөк,

At külügün tük qoyboy
Aşta cıyıp aldı emi,
Çubatuuğa saldı emi.
Mysulmandı tük qoyboy,
Alpın cıyıp alğanı,
Çoŋ Qoşoydu baş qılıp
Çubatuuğa salğanı.
Qatağandın qan Qoşoy,
Qarap sınap alğanı.
Atbaşının Çeçdöbö
Ebi menen cer qılğan,
Azıp ketken qırğızdı
Ebi menen el qılğan
Qatağandın qan Qoşoy
Seksen beşke cetiptir,
Bar qayrattın baarısı
Boyunan qaçıp ketiptir.
Moynu ketken uzarıp,
Soolup közü qızarıp,
Muunu ketken bılqıldap,
Közü narı caqta cıltıldap,
Eki qıçıq irindep,
Bütkön boyu dirildep,
Qarıp qalğan can eken,
Buruttardın Qoşoyu
Qança aylası bar eken.
Qaardansam qoyboymun,
Bul öŋdöngön çaldardın
Seksenine toyboymun.
Elemandın er Töştük
Emi türün kördü emi,
Artıq közün saldı emi,
Anı sınap qaldı emi.
Qayran Töştük qanetet
Oŋ dalısı keŋ eken,
Oyrottu buzar er eken,
Bilegi coon, taş cürök,

Балбандыгы башка экен,
Туулган эрдин сырттаны,
Өзү элдин кутманы,
Артык баатыр жан экен.
Алты жылга оңолбос
Кырс муундугу бар экен.
Ети калган көк жашык,
Каны калган бир кашык.
Боконо сөөгү толгуча,
Жети жылы болгуча,
Алышса канга тойбоймун,
Бул Төштүктү койбоймун.
Жоо-жарагы бир кучак,
Буудайык кандын Музбурчак,
Муну көрүп турганы,
Муну кошо сынады.
Кайран Бурчак канетсин,
Алагар көзү чолпондой;
Ай кулагы калкандай,
Мойну жоон бүт экен,
Бүткөн боюн карасаң
Токсон эрдин күчү экен.
Туулган экен артык жан,
Сөлөкөтү, сөөлөтү,
Атка минген келбети
Шибеенин каны Ороккыр,
Ороккырга барабар.
Балтасы башка кир экен,
Маанисин байкап отурсам,
Баатырлардын бири экен.
Айдаркандын эр Көчө
Астына кирип барганы,
Аны сынай салганы.
Көгала аты түрсүлдөк,
Жоон өпкө күрсүлдөк,
Шылдыр айран, тарс элек,
Шыңкылдаган эр Көкчө

Balbandığı başqa eken,
Tuulğan erdin sırttanı,
Özü eldin qutmanı,
Artıq baatır can eken.
Altı cılğa oŋolbos
Qırs muunduğu bar eken.
Eti qalğan kök caşıq,
Qanı qalğan bir qaşıq.
Boqono söögü tolğuça,
Ceti cılı bolğuça,
Alışsa qanğa toyboymun,
Bul Töştüktü qoyboymun.
Coo-carağı bir quçaq,
Buudayıq qandın Muzburçaq,
Munu körüp turğanı,
Munu qoşo sınadı.
Qayran Burçaq qanetsin,
Alağar közü çolpondoy;
Ay qulağı qalqanday,
Moynu coon büt eken,
Bütkön boyun qarasaŋ
Toqson erdin küçü eken.
Tuulğan eken artıq can,
Sölökötü, söölötü,
Atqa mingen kelbeti
Şibeenin qanı Oroqqır,
Oroqqırğa barabar.
Baltası başqa kir eken,
Maanisin bayqap otursam,
Baatırlardın biri eken.
Aydarqandın er Köçö
Astına kirip barğanı,
Anı sınay salğanı.
Köğala atı türsüldök,
Coon öpkö kürsüldök,
Şıldır ayran, tars elek,
Şıŋqıldağan er Kökçö

Кыз кайраттуу бадирек.
Етегине кат койгон,
Эр Көкчө деп ушуну
Кандай акмак ат койгон.
Анын бери жагында
Чыканактай эр Агыш,
Бүткөн бою тарамыш.
Аны көрүп алганы,
Абыдан сынап калганы.
Көргөн жандын көөнү ток,
Жөөдө балбан, атка жок,
Кармашканга салган чок,
Бука моюн, буура сан,
Адамдан бөлөк сыны бар.
Булушканды куураткан,
Найза сунуп айкырса
Ыктуулугу бар экен,
Маша кармап жаа тартса
Мыктылыгы бар экен,
Ач арстан төштөнгөн,
Алгыр бүркүт көздөнгөн,
Кооз болот, сыр найза
Койкойтуп бийик аштаган
Бет алышкан балбанын
Жыгып жерге жанчтаган,
Найза белден майышат,
Кокусунан чырдашса
Каканчындын Бээжинге
Алты күн ушу сайышат

Qız qayrattuu badirek.
Etegine qat qoyğon,
Er Kökçö dep uşunu
Qanday aqmaq at qoyğon.
Anın beri cağında
Çıqanaqtay er Ağış,
Bütkön boyu taramış.
Anı körüp alğanı,
Abıdan sınap qalğanı.
Körgön candın köönü toq,
Cöödö balban, atqa coq,
Qarmaşqanğa salğan çoq,
Buqa moyun, buura san,
Adamdan bölök sını bar.
Buluşqandı quuratqan,
Nayza sunup ayqırsa
Iktuuluğu bar eken,
Maşa qarmap caa tartsa
Mıqtılığı bar eken,
Aç arstan töştöngön,
Alğır bürküt közdöngön,
Qooz bolot, sır nayza
Qoyqoytup biyik aştağan
Bet alışqan balbanın
Cığıp cerge cançtağan,
Nayza belden mayışat,
Qoqusunan çırdaşsa
Qaqançındın Beecinge
Altı kün uşu sayışat

# II БАП.
# СУПЕРСЕГМЕНТТИК БИРДИКТЕР

## 2.1. Интонация жөнүндө түшүнүк

Дүйнөлүк тилчи окумуштуулардын изилдөөлөрүндө «интонация» деген терминге берилген бирдей аныктама жок. Интонациянын теориясын жана табиятын изилдеген чет элдик окумуштуулар мындай тилдик кубулушту «ритмомелодика» катары кабыл алышат [Arnold 1957; Kindon 1958, 1960; Onichi 1962; Kiparsky 1966; Toma 1996].

Орус окумуштуулары жана шериктеш өлкөлөрдөгү лингвисттер интонацияны татаал кубулуш катары, башкача айтканда, лингвистикалык, семантикалык мааниге ээ болгон жана акустикалык үндөрдүн татаал жыйындысынан турган кеп кубулушу катары түшүндүрүшөт [Торсуев 1950; Артемов 1956, 1962, 1965, 1966, 1971, 1972; Авенесов 1946; Карпов 1953; Кравченко 1953; Бельский 1953, 1956; Щерба 1974; Трахтеров 1955; Адамова 1976; Илия 1962; Акишина1963; Галайдин 1966, Мукин 1966; Николаева, 1977; Блохина 1970; Норк 1971; Дубовский 1978; Зиндер 1979; Брызгунова, 1977; Светозарова 1972; Чанаков 1980; Токтоналиев 1984; Сыдыков 1990].

Кыргыз тилинин синтаксисин изилдеген окумуштуулар кептин интонациясын сүйлөмдүн формалык-грамматикалык категориясы катары карашат. А.Жапаров кеп интонациясы жөнүндө мындай жазат: «Принципиалдуу караганда кандайдыр бир интонация катышпай сүйлөмдүн болушу мүмкүн эмес. Сүйлөмдүн түркүн-түркүн түрлөрүнө жараша түркүн-түркүн интонация катышат. Интонация сүйлөмдүн толук түрдө грамматикалык ырааттуулукка келишин тейлейт, анын ар кыл модалдык маанилерге ээ болуп турушун коррективдейт» [Жапаров 1979: 8].

Ырас интонация жөнүндө айтканда автор туура баамдап, акыйкат жыйынтык чыгарат. Бирок, интонациялык кубулуш айтым аркылуу гана берилерин автор анча аңдаган эмес. Ж.К.Сыдыков гана «Кыргыз адабий тилинин грамматикасы»

[Сыдыков 1980: 76] деген коллективдүү эмгекте «Сүйлөмдөр интонация аркылуу гана фразага айланышат» деп жазып кеткен.

Интонация - тилдин суперсегменттик бирдиктеринин ичинен эң татаал табигый кубулуш. Ал тилдин фонетикалык, семантикалык жана синтаксисттик түзүлүшү менен бирдей өнүгүп, өзгөрүп турат. Адамдар кандайдыр бир белгилүү шартта бири-бирине бир нерсе айтуу зарылчылыгы туулгандан баштап интонация жаралган. Бул татаал кубулуш муун, басым, тыным, үн ыргагы, темп, тембр, үн күчү, аралык, узундук жана башка акустикалык бирдиктерди өз ичине камтыйт. Анткени, адам баласы өз ара пикир алышууда тил каражаттарын пайдаланып, (фонема, морфема, сөз, сөз айкашы, сүйлөм) кеп интонациясынын жардамы менен өз ара пикир алышышат. Адамдын ички сезиминин өнүгүшү менен катар кеп интонациясы да өзгөрүп олтурган. Кеп интонациясынын иреттүү айтылышы адамдын айта турган ой-пикирин, билдирүүсүн, буйругун, кайгысын, кубанычын, өкүнүчүн жана башка толуп жаткан сезимдерин айтым (высказывание) аркылуу билдирүүгө толук өбөлгө түзөт.

Интонация аркылуу адамдарды таарынтууга, кубантууга жана башка толуп жаткан сезимдерге туш кылууга болот. Интонация өзү эле ойду кишиден кишиге жеткирүүнүн касиеттүү каражаты экендиги, бир эле сөз ар түрдүү интонация менен айтылса ар түрдүү маани берерин искусство адамдары, сахна чеберлери жакшы билишет. Ошондуктан, театр студияларында сценалык кепти окутуп жатканда кеп интонациясына өзгөчө көңүл бурушат. Атүгүл, адамдарды интонациясы аркылуу кулк-мүнөзүн аныктап, ажыратууга боло тургандыгын белгилеп кетмекчибиз. Адамдардын интонациясы кандай болсо, кулк-мүнөзү ошондой болот.

Интонация - дүйнөлүк тилдер үчүн ой-сезимди, пикирди, суранычты жана башка адамдын эмоцияналдык абалын билдирүүчү универсалдуу кубулуш болуп саналаарын жогоруда айтып кеткенбиз. Ал айтымдын негизги грамматикалык каражаттарынын бири болуу менен, айтымга эмоционалдык түр берип, ойдун бүтүшүн шарттап, сүйлөмдүн функционалдык түрүн аныктайт. Интонация жалаң эле сөздөрдүн тизмегин айтым түрүнө келтирбестен, өз алдынча турган жалгыз сөзгө да

функционалдык маани берет. Жөнөкөй эле «от» деген зат атооч сөздү алалы. Интонациянын жардамы менен бул сөздү жай айтымга дагы, суроолуу айтымга дагы, илептүү айтымга дагы айландырууга болот: От. От? От! Же болбосо төмөнкүдөй бир жөнөкөй фразаны алып көрөлү: «Кел, баатыр». Фраза өз алдынча эч кандай мааниге ээ эмес. Анын кандай мааниде айтылары да белгисиз. Фраза качан гана айтымга айланып, интонациянын жардамы менен семантикалык мааниге ээ болгондо гана, сүйлөөчүнүн айта турган оюн, пикирин жана ички сезимин билдире баштайт. «Кел, баатыр» деген фразаны интонациянын жардамы менен кубануу, кубаттоо, какшык, кер какшык, кооптонуу жана башка толуп жаткан модалдык мааниде айтууга болот: Кел, баатыр., Кел, баатыр?, Кел, баатыр!, Кел баатыр?! Кел, баатыр!!!

Демек, адам баласынын ички сезими (эмоциясы) тил аркылуу эмес, айтым (высказывание) аркылуу жүзөгө ашырылат. Э.Сепир белгилегендей эмоция тил аркылуу берилбестен, кеп аркылуу берилет [Сепир 1934]. Интонациясыз жана анын ар түрдүү кубулушун пайдаланбай ой-сезимди так билдирүү мүмкүн эмес. Айрым тилдеги -гой, -тай, -жан деген жалынгыч бөлүкчөлөр сөздөргө уланганда жакшы көрүнүү, жалынууну билдирген менен өз алдынча адамдын эмоциясын толук билдире албайт.

Эмоционалдуулук айтымдын коммуникативдик жана маанилик бөлүгүнүн ажырагыс бирдиги экендиги талашсыз. Ошондуктан, эмоциянын мааниси кептин интонациясына түздөн-түз тиешелүү. Адам баласы кеп аркылуу эң бир татаал сезимдерди, ойлорду билдире алат. Тактап айтканда, «речь является не только средством передачи и получения рациональной информации, но и способом выражения эмоций, так как она является универсальным средством выражения всего процесса мышления человека» [Нушикян, 1956]. Демек поездди темир жол кандай кармап турса, интонация ойду, сезимди ошондой кармайт. Интонация кептин ажырагыс белгиси. Кеп интонация аркылуу айтымга айланат.

Ушул кезге чейин тилдин интонациясын изилдеген окумуштуулар арасында интонация сөздөн, айтымдан мурда жаралганбы же кошо жаралганбы деген талаш-тартыш маселе

чечилбей келе жатат. Дээрлик көпчүлүк тилчи окумуштуулар, сценалык кепти изилдөөчүлөр, философтор, психологдор интонация оозеки кеп менен кошо жаралып, тилдин өнүгүшү менен кошо өнүгүп, адам баласынын эмоционалдык-экспрессивдик эволюциясына жараша өзгөрүп отургандыгын белгилешсе, айрым интонологдор «интонация сүйлөөдөн, сөздөн мурда пайда болгон» [Базарбаева 1996: 4] деген пикирди айтышат. Албетте, интонация сүйлөөдөн, сөздөн мурда пайда болгон деген пикир калпысыраак сезилет. Анткени, биз интонацияны тилдин суперсегменттик түзүлүшүнүн татаал көрүнүшү, кала берсе интонацияны система катары карап жүрөбүз. Сөз жана айтым пайда боло электе интонация пайда болушу мүмкүн эмес. Айтым жана сөздүн айтылышы интонация менен тыгыз байланышта. Айтым айтылбай интонация болбойт. Ал эми тилдин пайда болушуна чейинки байыркы адамдардын бири-бирине үн чыгарып, кайрылышын интонация деп атоого болбойт. Ал интонациянын бир гана элементи үн ыргагы болуп саналат. Бекеринен тилтаануу илиминде интонация фонетикалык, фонологиялык жана синтаксистик көз караштан изилденип жаткан жери жок. Бирок дээрлик көпчүлүк учурларда интонацияны изилдөө бир жактуу болуп калууда. Тилдин грамматикасынын синтаксис бөлүгүн изилдеген окумуштуулар интонацияны синтаксистик көз караштан, тактап айтканда, сүйлөмдүн коммуникативдик-функционалдык маанисин аныктоочу жана байланыштырып туруучу каражат катары карашат. Алар интонациянын акустикалык касиетине анча маани беришпейт. Интонацияны фонологиялык, фонетикалык көз караштан изилдеген окумуштуулар көбүнчө интонациянын акустикалык текстине көңүл бурушуп, синтаксистик табияты көмүскөдө калат. Интонация тил системасынын татаал көрүнүшү катары комплекстүү, башкача айтканда, фоносинтаксистик жагынан бирдиктүү карым-катышта изилденүүгө тийиш, ошондо гана анын лингвистикалык жана экстралингвистикалык касиетин ачып берүүгө болот.

Интонация дегенибиз - тилдин добуштук материясы болуу менен, айтым учурунда сүйлөмдүн негизги грамматикалык каражаты катары кызмат кылып, адамдын эмоционалдык-эрктик

абалын билдирүүдө өзгөчө сематикалык касиетке ээ болгон тилдик кубулуш.

Интонация тилдеги лексикалык жана формалдык-грамматикалык каражаттар сыяктуу эле ойдун материалдык суперсегменттик бирдиктеринин бири катары сезимди, эркти жана башка адамдын эмоционалдык абалын билдирет. Албетте, интонация адамдын эмоционалдык абалын билдирген жалгыз гана кубулуш эмес экендигин баса белгилегибиз келет. Адам өзүнүн ички сезимин, билдирүүсүн, башкача айтканда, эмоционалдык абалын көз кысуу, мурчуюу, жаңсоо жана башка кыймылдар менен да билдириши мүмкүн. Буга, жаңсоо менен түшүндүрүүгө дудуктардын жаңсап сүйлөшүшү толук мисал боло алат. Бирок, жаңсоо жолу менен билдирүүнү гана билгизүүгө болот. Экинчиден, дудуктардын жаңсап сүйлөшүүсүнүн ар бир кыймылы белгилик (знак) касиетке ээ. Ал белгини билбеген адам бири-бири менен сүйлөшө алышпайт. Дудуктардын тили да эмоционалдык абалды ичине камтыган, жаңсоо жолу менен ички сезимди, абалды билдирген жасалма жол менен жаралган белги. Мындай жасалма, жаңсоо менен адамдын ой-сезимин толук түрдө билдирүү мүмкүн эмес экендигин окумуштуулар далилдеп жүрүшөт. Ой-сезим, каалоо, билдирүү тил каражаттары аркылуу интонациянын жардамы менен гана толук түрдө ишке ашат. А.А.Шахматовдун сөзү менен айтканда: «интонация сүйлөмдүн уюштуруучу эң негизги грамматикалык каражат болуп саналат» [Шахматов 1947: 328].

Демек, интонация аркылуу биз кепти синтагмаларга ажыратабыз, ошондой эле интонация ар түрдүү синтаксистик конструкция менен айтымдын типтерин түзөт. Адамдын ички сезими, эмоциясы, бирөөгө болгон мамилеси тилдик каражаттардын жардамы менен интонация аркылуу ишке ашат.

Интонациянын теориялык негизги маселелеринин бири – интонациянын бирдиктери болуп саналат. Интонацияны илимий объект катары изилдеген окумуштуулар интонациянын бирдиктерин ар түрдүү термин менен атап жүрүшөт: интонема, интонациялык конструкция, интонациялык морфема. Бул терминдердин ичинен көпчүлүк изилдөөчүлөр «интонема» деген терминди көбүрөөк колдонушат, анын себеби «интонема» деген термин менен «фонема» деген терминдин тил системасында

аткарган кызматынын, маанилик маңызынан болсо керек. «Өзүн бөлүп алганда мазмуну жок фонемадан интонациянын айырмачылыгы – анын өзүнө тиешелүү белгиси гана эмес, ошондой эле мааниси жана кызматы дагы бар. Анын мааниси да, кызматы да сүйлөмдүн бардык түрлөрүндө орун алат” – деп, З.М.Базарбаева туура белгилейт [Базарбаева 1996: 19]. Интонеманын фонемадан айырмачылыгы – интонема да фонема сыяктуу айырмалоо касиетине ээ. Анын негизги кызматы айтымдын коммуникативдик-функционалдык маанисин, модалдык оттенкаларын ажыратуу.

Тилчи окумуштуулардын арасында Л.Зиндер белгилегендей интонацияны тилдин субъективдүү кубулушу катары каралган изилдөөчүлөр кездешет. [Зиндер 1979: 267]. Алар ар бир адам өз алдынча интонацияга ээ, бир эле текстти эки башка актер эки башкача окуйт, ошондуктан аны жалпылаштыруу мүмкүн эмес деген ойду айтышат. Ырас, сыртынан караганда аргумент туурадай көрүнөт. Бирок, ошол эле текстти эки башка актер өз алдынча кабыл алып, аны окуганда өзүнүн ички кабылдоосу боюнча окуурун эске алышпайт. Эгер ар бир адамдын өзүнүн гана интонациясы болгондо адамдар бири-бири менен сүйлөшө да албай, түшүнүшө да алышмак эмес. Ошондуктан кептин интонациясынын коомдук турмушта мааниси чоң. Лингвистикалык жактан алып караганда интонациянын жардамы менен айтымдардын коммуникативдик маанилерин, структуралык түзүлүшүн аныктап, синтагмаларга ажырата алабыз. Интонация тилдин структурасында, тактап айтканда, суперсегменттик бирдиктеринде өзгөчө орунду элөө менен ар кандай мааниге (функцияга) ээ.

Интонацияны функционалдык жактан караган алгачкы окумуштуулардын бири - чехиялык тилчи окумуштуу Ф.Данеш (1969) болуп саналат. Ал интонациянын негизги төмөнкүдөй үч функциясын бөлүп көрсөткөн. Биринчи функциясы - сөздү, сөз тизмегине, сүйлөмдү фразага, айтымга айландырат; экинчи функциясы сүйлөмдүн айтылышы боюнча мүнөзүн аныктайт; үчүнчү функциясы сүйлөмдүн түрлөрүн, башкача айтканда, модалдуулугун аныктайт [Данеш 1969].

Тилдин интонациялык кубулушун мейли акустикалык көз караштан карайбы же синтаксистик көз караштан карайбы

интонациянын функцияларына берген аныктамалар, классификациялар ар түрдүү.

Ушул кезге чейин тил таануу илиминин интонология бөлүгүн изилдеген окумуштуулардын арасында интонациянын функцияларын классификациялоо боюнча бирдей пикир жок.

Деген менен, интонацияга кыйыр жана тикелей катышы бар изилдөөлөрдө интонациянын грамматикалык жана эмоционалдык функциялары көбүнчө аталат [Базарбаева 1996; Васильев 1965; Жапаров 1979; Всеволодский-Гернгросс 1922; Зиндер 1979; Иманов 1995; Матусевич 1976; Потапова 1971; Пешковский 1956; Трубецкой 1960; Сыдыков 1990; Черемисина 1982; Цеплитис 1974 ж.б.].

Проф.Ж.К.Сыдыков интонациянын төмөнкүдөй лингвистикалык функцияларын бөлүп көрсөтөт: Биринчиден, интонация аркылуу биздин кеп сүйлөмдөргө, ал эми сүйлөмдөн синтагмаларга бөлүнүшөт, экинчиден, интонация сүйлөмдү синтаксистик жактан бирдиктүү уюштуруучу негизги каражат болуп саналат, үчүнчүдөн, тилдин лексикалык жана синтаксистик каражаттары менен бирдикте интонация айлана-чөйрөдө болуп жаткан окуя-кубулуштарды сүйлөөчү тарабынан так бере алат, төртүнчүдөн, интонация байланыш функциясына жана ойлордун карым-катнашын берүү функциясына ээ [Сыдыков, 1990: 131].

Проф.А.Иманов сүйлөмдүн интонациялык жактан жабдылышын сүйлөмдүн грамматикалык категориясын модалдык категориясы менен тыгыз байланышта карап, интонацияны жалпы пландагы интонация жана жекече интонация деп бөлөт. Жалпы пландагы интонацияга суроо, талап коюу, ниеттенүү, кабарлоо өндүү сүйлөмдүн модалдык мааанилери боюнча бөлүнүштөрүн киргизсе, жекече интонацияга таңдануу, болжолдоону, ыраазычылыкты, ишенгендикти ж.б. билдирүүчү мааанилик оттенокторду киргизет [Иманов 1990: 74].

Проф.А.Жапаров интонациянын коммуникативдик, эмоционалдык жана модалдык функцияларын атайын бөлүп көрсөтпөсө да, интонацияга аныктама берип жатканда айтып кетет [Жапаров 1979: 8].

Белгилүү драматург М.Байжиевдин ыр түзүлүшүнө интонациясынын тийгизген таасирин байкаган аныктамасы бар. Ал мындай ойду айтат. «Киргизский речевой тонизированный

стих существовал и в глубокой древности. Это пословицы и поговорки, народная дидактика, а реформа в киргизском стихословии заключалась в том, что лирика оторвалась от мелодии и сразу зазвучали не музыкальные, а речевые интонации» [Байжиев 2003: 29]. Тактап айтканда, автор кыргыз ырларынын ыргагы обондуулуктан ажыраганда сүйлөшүүчү интонациянын ыргагына негизделгенин аныктайт, ошондой эле котормо маселесине токтоло кетип, кандай гана котормо болбосун кеп интонациясынын мааниси өзгөчө экендигин баса көрсөтөт. «Каждый переводчик должен переводить не только голый смысл слов и предложений, но стремится ресурсами своего языка выразить интонацию подлинника» [Байжиев 2003: 42].

Интонациянын табиятын изилдеген кийинки жана мурунку изилдөөлөрдү анализ кылып, интонациялык кубулуштун лингвоакустикалык, функционалдык жана семантикалык өзгөчөлүгүн эске алып, интонациянын төмөнкүдөй алты маанилик (функциялык) касиетин бөлдүк:

1. Коммуникативдик мааниси (функциясы) сүйлөмдүн айтымга айланышы;
2. Логикалык мааниси, сүйлөмдүн айтылыш маанисинин максаты;
3. Синтаксисттик мааниси, айтымдын коммуникативдик негизги элементтерин бөлүп көрсөтүү;
4. Модалдык мааниси, эмоциялык жана экспрессивдүү айтылыштын түрлөрү;
5. Структуралык функциясы, сүйлөмдүн ички грамматикалык түзүлүшүн аныктайт;
6. Аныктоо функциясы, тектеш жана тектеш эмес тилдер арасындагы интонациялык аныктоотар изилденет.

Интонациянын маанилик бөлүнүштөрүнүн ар бирине өзүнчө токтолуп, түшүнүк берип кетели. Анын үстүнө кыргыз тил таануу илиминде интонациянын функционалдык маанисине токтолуп, чечмелеген эмгектер жок.

Коммуникативдик функциясы. Тилдин сегменттик жана суперсегменттик бирдиктерин, синтаксистик түзүлүшүн, сүйлөмдөрдүн маанилик бөлүнүшүн, эмоционалдык оттенкаларын, сценалык кепти ж.б. изилдеген окумуштуулардын бардыгы интонациянын коммуникативдик функциясын бардык

тилдер үчүн универсалдуу көрүнүш экендигин аныкташат. Интонациянын коммуникативдик функциясы айтымдын максат-мазмуну жана түзүлүшү менен тыгыз байланышта экендигин проф.Зиндер «Общая фонетика» (1979) деген эмгегинде жазып келип, аталган аспектинин төмөнкүдөй кызматтарды аткара тургандыгын белгилейт: а) интонация айтымдардын айтылыш максаты боюнча түрлөргө ажыратат; б) сүйлөмдү актуалдуу мүчөлөргө берүүдө чоң кызмат аткарат; в) айтымды интонемаларга бөлүп, анын ичиндеги сөздөрдүн маанисине карай ар бир сүйлөм мүчөлөрүнүн айланасына топтоштурат [Зиндер, 1979; Базарбаева 1996]. Демек, интонациянын коммуникативдик функциясы айтымдын комуникативдик түрлөрүнөн лексикалык составы, синтакситтик түзүлүшү жана фразанын стилдик өзгөчөлүгү менен айырмаланат. Бул функция интонациянын башка функциялары менен да тыгыз байланышта экенин көрөбүз. Адамдар бири-бири менен пикир алышып, сүйлөшүп жатканда жалаң эле ойлорун айтпастан кайгысын, кубанычын, шектенүүсүн, эркин дагы башка толуп жаткан ички сезимин кошо билдирет. Ошол сезим тилдин лексикалык, синтаксисттик, стилистикалык каражаттары менен бирдикте интонациянын жардамы менен билдирилет. Интонациянын жардамы менен айтымдын маанилик мазмуну аныкталат, такталат. Төмөндө бирдей лексикалык каражаттар менен айтылган суроолуу айтымды алып көрөлү:

*Асан келе жатабы?* - кубаттоо
*Асан келе жатабы?* - таң калуу
*Асан келе жатабы?* - кубануу
*Асан келе жатабы?* - шылдыңдоо
*Асан келе жатабы?* - өкүнүү
*Асан келе жатабы?*– шектенүү

Жогорку мисалдарда ачык көрүнүп тургандай аталган айтымды ар түрдүү маанилик-мазмундук жагдайда айта берүүгө болот. Суроолуу айтым, негизинен, -бы мүчөсүнүн жалганышы аркылуу уюшулуп жаткан менен интонациянын коштоосусуз суроолуу сүйлөмдү уюштуруучу -бы мүчөсү айтылыш максатын, маанисин толук ачып бербейт, тек гана жалпы суроону

уюштурат. Айтымдын маанилик-максаты интонациянын жардамы менен гана ишке ашат. Демек интонация, айтымдын түрлөрүнүн ар түрдүү жагдайын, модалдык айырмачылыгын аныктоочу касиетке ээ. «Эгерде оозеки кеп тиешелүү интонация менен жабдылбаса, айтыла турган ой жеткиликтүү берилбей калат. Айрым турган жөнөкөй сүйлөмдөрдү эле өз ара байланыштуу сүйлөм бөлүкчөлөрүн бири-биринен кыска пауза менен чектелбестен, куюлуштуруп айта берсек, же лексикалык элементтер менен жабдылбаган суроолуу, илептүү сүйлөмдөрдү тиешелүү интонация менен айтпасак, айтылуучу ой системасыз, түшүнүксүз болуп, же болбосо башкача маани берип калат» [Турсунов 1969:7].

**Логикалык функциясы**. Интонациянын логикалык функциясы интонациянын башка функцияларындай эле айтымдын лексикалык бирдиктери, синтаксистик түзүлүшү жана стилдик өзгөчөлүктөрү менен тыгыз байланышта, карым-катнашта болот. Интонациянын логикалык функциясынын милдети - айтылып жаткан ой-пикирдин айтуучу тарабынан негиздүүсүн өзгөчө бөлүп көрсөтүү. Бардык тилдерде ойду бөлүп көрсөтүү логикалык басымдын натыйжасында ишке ашат. Демек, логикалык басым көпчүлүк тилдер үчүн универсалдуу касиетке ээ. Логикалык басымдын кыргыз тилине тийгизген таасирин кыргыз тил таануу илиминин негиз салуучуларынын бири Касым Тыныстан уулу 1930-жылдарда эле белгилеп кеткен. Ал 1936-жылы 6-7-8-класстар үчүн жазган окуу китебинде интонациянын негизги элементтеринин бири логикалык басымга токтолуу менен төмөнкүдөй аныктама берет: «Көздөмө сөздү айтканда үндүн көтөрүңкү жана ыкталды чыгарын логикалык басым дейбиз» [Тыныстанов 1936: 52].

**Синтаксистик функциясы**. Интонациянын жардамы менен, айтымдын түрлөрү жана айтымдын синтаксисттик байланышы аныкталат, такталат. Интонация сүйлөмдү фразалык жана синтагмалык бирдиктерге ажыратуу менен синтагмалык бирдиктерди бириктирип, толук кандуу сүйлөм түзүүгө шарт түзөт. Интонациянын синтаксисттик функциясы тилдин добуштук кубулушунда ушундай касиеттер менен шартталат.

**Модалдык функциясы**. Биз бири-бирибиз менен сүйлөшүп, пикир алышып жатканда сөздөргө, сөз тизмегине жана сүйлөмгө

маани берүү менен интонацияга, болгондо да үндүн ыргагына өзгөчө көңүл бурабыз. Эгер үндүн ыргагынын айтылышы айтылып жаткан сөз менен төп келбей, карама-каршылык пайда болсо дароо эле сүйлөп жаткан кишинин ички ниетин баамдоого аракет кылабыз. Адамдын ички сезими айтымдын негизинде ишке ашкандыктан, интонациянын мааниси чоң. Ырас, ар бир айтымды модалдуулук коштоп жүрүү менен боло турган, болуп жаткан жана болуп өткөн чындык жөнүндө кабар берет. Профессор А.Имановдун сөзү менен айтканда «айтуучу тарабынан кабар берилип жаткан зат, окуя, кубулуштун чын экендиги же чын эместиги, кабарланып жаткан кыймыл-аракеттин, өнүгүү-өсүү процессинин ишке ашары анык экендиги же ал жөнүндө болжолдоо, күмөндөр болуу ж.б.у.с. мамилелери кошо камтылат” [Иманов 1990: 70]. Дегеле модалдуулук сүйлөмдө айтылган ойдун чындыкка карата болгон катышын билдирет. Айтылган ойдун чындыгы предикация, модалдуулук жана интонация аркылуу билдирилээрин дээрлик бардык тилчи окумуштуулар белгилешет. Интонация аркылуу сөз, сөз тизмеги, сүйлөм модалдык мааниге ээ болот. Сүйлөм менен интонациянын ортосунда шайкештик жаралат. Бул тууралуу профессор А.Жапаров төмөнкүдөй пикирди айтат: «Тилдин бүткүл жашоо жолунда аны менен бирге (интонация менен бирге - К.Т.) сүйлөм да үзгүлтүксүз өнүгүп турган: анын жаңы-жаңы формалары, түрлөрү, түркүн-түркүн модалдык маани билдирүүчү касиети өркүндөп, калыптанып турган. Интонация да алар менен кошо өркүндөп, улам жаңы, улам өзгөчө мүнөздөгү касиеттерге, бөтөнчөлүктөргө ээ болуп отурган. Айтым типологиялык жана модалдык маанилери жактан канчалык даражада өнүккөн болсо, түрлөрү жактан канчалык көп түрдүү, модалдык маанилери жактан канчалык көп кырдуу болсо, ошончолук эле сандагы, сапаттагы, интонациялык бөтөнчөлүктөр да кошо өнүгүп, кошо калыптанышкан [Жапаров 1979: 9]. Интонациянын экспрессивдүү функциясы ушундай көп түрдүү модалдуулук менен аныкталат.

**Структуралык функция**. Айтымдын чеги менен интонациялык бирдиктин чеги дайыма эле дал келе бербейт. Айтымдын чеги, негизинен грамматикалык ички түзүлүшү менен гана аныкталса, интонациялык бирдик грамматикалык

түзүлүштөн башка, айтымдын типологиялык түрүн аныктайт, сүйлөөчүнүн тигил же бул окуяга болгон мамилесин кошо билдирет. Айтымдын структуралык түзүлүшүнө жараша интонациялык бирдиктер да өзгөрүп турат. Интонация айтымдын структурасына дагы түздөн-түз байланышы бар.

**Иденттик функция**. Тилдин сегменттик бирдиктерине караганда суперсегменттин бирдиктери, башкача айтканда, басым, муун, интонация аныктоо касиетке ээ. Бардык тилдер үчүн ыргак жана ритм мүнөздүү болгондуктан, интонациянын аныктоо функциясы бар экендигин белгилейбиз. Ошондой эле адамдардын кубанычы, өкүнүчү, кайгысы жана башка түрдүү эмоциялары бирдей болгондуктан, жалпы тилдер арасында интонациялык жалпылыктар кездешет. Була интонациянын иденттик функциясын шарттайт.

Интонациянын жалпы табиятын, сүйлөм түзүлүшүнө болгон таасирин, айтымды аныктоочу маанисин, модалдуулугун жана акустикалык мүнөзүн карап, төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот: интонация 1) кеп агымын айтымдарга, фразаларга ажыратат; 2) айтымды коммуникативдик түрлөргө бөлөт; 3) айтымды структуралык жактан ажыратып, сүйлөм түрлөрүнүн карым-катнашын көрсөтөт; 4) айтымды синтагмаларга ажыратат; 5) синтагмалардын ортосундагы карым-катнаш түрлөрүн аныктайт; 6) синтагмаларды бөлүкчөлөргө ажыратат; 7) сүйлөөчүнүн чындыкка болгон мамилесин билдирет.

Байыртадан бери эле кыргыз эли кепке, кептин интонациясына айрыкча көңүл буруп келишкен, өзгөчө оозеки кептин өнүгүшү кыргыз тилиндеги кептин интонациясынын ар түрдүү ыргактарда айтылышына жагымдуу шарт түзгөн. Буга жөнөкөй эле мисал - «Манас» эпосу болуп саналат. «Манас» сыяктуу башка элдердин эпосторун айтканда, көбүнчө монотондуулукту, бир түрдүү ыргактын айтылышын байкайбыз. Монотондуулук кулакка жат, жагымсыз угулат. Адам угуудан бат эле жадап кетет. Ал эми «Манас» эпосун айтканда угуучу канча укса да жадабайт. Айтуучунун интонациясы бат-бат өзгөрүп турат. Бирде албууттанып, буркан-шаркан түшүп, тоо суусундай күпүлдөсө, бирде талаа дарыясындай мелмилдеп жай каалгыйт. «Манас» эпосун кыргыз эли күндөп-түндөп угушу жалаң эле окуялардын кызыктуулугуна гана байланыштуу болбостон,

айтуучунун артисттик чеберчилигине жана интонациялык ыргагына да байланыштуу болгон.

«Манасчылар ичи-тышы бирдей уйкашып тизилген көркөм ырларды чыгарган таланттуу акын гана эмес, ал ырлардын маанисине жараша түрдүү ыргак тапкан композитор, ар түрдүү кыймылга, мимикага келтирип айтып берүүчү чоң артисттердин ролун аткарган. Мындай аткарууда жомоктун текстиндеги айрым өйдө-ылдыйлыктар, айрым кайталоолор байкалбай кала берген» [Юнусалиев 1985: 468]. «Манас» эпосунун интонациясы - татаал интонация. Эпосту ар ким эле ыргактуу айта албайт. Аны айтуу атайын даярдыкты талап кылат. «Манас» эпосунун сезимди дүүлүктүргөн айтылыш интонациясын изилдөө - келечектеги кечиктирилгис милдеттердин бири. Муну менен биз:

*Кызыл бороон кыр менен,*
*Кыйкырык-чуу, сүр менен,*
*Сүрдүкпөгөн тил менен,*
*Кардыкпаган үн менен,*
*Аркар баскан бел менен,*
*Булут ашкан жел менен,*
*Катар арыш керген сөз,*
*Кошо жашап келген сөз,*
*Баласына атасы*
*Энчи кылып берген сөз*'дүн

миң кырлуу ыргагынын, сырларынын жана табиятын илимий түрдө изилдеп, кыргыз тилинин интонациясынын байыркы элементтерин ачууга шарт түзөбүз.

## 2.2. Интонациянын курамы

Биздин заманга чейин эле байыркы грек окумуштуулары тилдин түзүлүшүн ар кандай элементтерге ажыратып, курамдык бөлүктөргө бөлүшүп келишкен. Айтылуу Аристотель менен Платон философиялык эмгектеринде интонациянын элементтерин үн ыргагына, тынымга жана темпке ажыратышкан. Интонациянын материалдык табиятын көптөгөн авторлор фонетикалык каражаттын жыйындысы катары карашат. Мындай «фонетикалык каражаттын жыйындысын» курамдык бөлүктөргө бөлүштүрүүдө интонологдор тарабынан бирдей пикир жок. Айрым изилдөөчүлөр интонациянын элементин эки гана компонентке бөлүштүрсө, кээ бир тилчилер сегиз, тогуз компонентке чейин бөлүштүрөт [Цеплитис 1974: 147].

Профессор Т.К.Ахматов интонациянын төмөнкүдөй элементтерин бөлүп көрсөтөт: «Көп учурда оозеки речти уюштуруучу бардык каражаттардын жыйындысын интонация катарында карашат. Мындай каражаттарга: 1) мелодика (үндүн негизги тонунун кыймылы), 2 пауза, 3) кептеги айрым тыбыштардын күчү, 4) речтин тембри, 5) речтин темпи кирет. Интонациянын бул элементтери реалдуу ажырагыс бирдик катарында речте жашайт» [Ахматов ж.б. 1980: 37].

Интонациянын курамдык бөлүгүн лингвоакустикалык жактан изилдеген Л.Цеплитис [1974: 66] үндөрдүн физикалык касиетинин өзгөчөлүгүнүн негизинде интонациянын компоненттерин төмөнкүдөй элементтерге бөлөт:

1. Интенсивдүү элементтер:
а) интонациялык тыным;
б) интонациялык интенсивдүүлүк;
в) логикалык басым.
2. Жыштык элементтер;
а) үн ыргагы;
б) диапазон бийиктиги.
3. Темпорикалык элементтер:
а) интонациялык темп;
б) эмфатикалык созулуш.
4. Спектралдык элемент:
а) интонациялык тембр.

Интонациянын курамдык элементтерин мындай бөлүштүрүү анын компоненттерин толук камтыбаса да, кандайдыр бир деңгээлде системага салынганын көрөбүз. Бирок булардын ичинен интонациянын алты компоненти интонациянын негизги өзөгүн түзөт. Аларга үн ыргагы, басым, темп, үндүн күчү, тыным жана тембр кирет. Интонациянын курамдык бөлүгүнүн ар бирине өз өзүнчө токтолуп кетели.

**Үныргагы**. Үн ыргагы (мелодика) интонациянын негизги, маанилүү каражаттарынын бири. Ал негизги тондун кыймылынын айтымдагы, фразадагы жогору-төмөн, төмөн-жогору багытта өзгөрүшү менен мүнөздөлөт.

Эгер сүйлөөчүнүн айтып жаткан кеби монотондуу айтылса, кулакка жагымсыз угулуп, жадатып жиберет. Негизги тон акустикада төрт деңгээл менен өлчөнөт: эң жогорку, жогорку, орто жана төмөнкү.

Үндүн эң жогору же эң төмөн айтылышы тилдик, башкача айтканда, коммуникативдик мааниге ээ эмес, ал тек гана сүйлөөчүнүн жеке өзгөчөлүгүн билдирет. Алсак аялдардын добушу эркектердин добушуна караганда эки эсеге жогору. Бирок мунун тилдик мааниси жок. Үн ыргагы айтымды синтагмаларга, фразаларга ажыратууда өзгөчө маанини ээлейт. Ал жалпы эле грамматикалык каражаттар менен айкалышта адамдын ой-сезимин, пикирин, эмоциясын толук билдирүүгө көмөктөшүп, сүйлөмдүн айтылышы боюнча түрлөргө ажыратууда негизги каражат катары кызмат кылат.

Үн ыргагы жалаң эле лингвистикалык изилдөөлөрдө гана эмес, музыка дүйнөсүндө да кеңири колдонулат. Кеп ыргагы менен музыкалык ыргактын ортосунда айырмачылыктар бар. Кеп ыргагы музыкалык ыргакка караганда, биринчиден, бир эле тондо кармалып турушу мүмкүн эмес, улам тынымсыз өзгөрүп турат. Экинчиден, музыкалык ыргактагыдай атайын өзгөчө гаммалардын аралыгы чектелбейт, үчүнчүдөн, тондун кандайдыр бир созулушу сакталбайт. Музыкалык ыргактын адамдын сүйлөө речи, анын интонациялык белгилери менен генетикалык жана тарыхый байланышта болушу музыканын ыргагына өз таасирин тийгизбей койбойт. Музыканын ыргагы сүйлөө кебине же сүйлөө ыргагына караганда интонациялык жактан байыраак жана жалпы мүнөздө болот. Музыкалык ыргактан кеп ыргагы сыяктуу

кандайдыр бир так маалымат ала албайбыз. Музыкалык ыргакта турмуштун көп кырдаалдары - өзгөчө ыргактуу жана эмоционалдуу жагдайлары кеңири чагылдырылат. Ырас музыкалык ыргактын негизин кеп ыргагы түзөт. Кеп ыргагынын өнүгүшүнүн негизинде музыкалык ыргак жаралган.

Кыргыз тилинде үн ыргагы (мелодика) кандайдыр бир өтө музыкалуу экендиги байкалат. Кыргыз тилиндеги ыргактуулуктун, сөздөрдүн куюлушуп айтылышынын бир себеби - үндүүлөрдүн, сөздөрдүн, атүгүл айтымдардын үндөшүү законунун натыйжасы болуп саналат. В.Радлов (1885) кыргыздар кара сөз менен сүйлөгөндө дагы андан ритмикалык өлчөм байкалып тургандыгын сезип, ритмикалык ачык өлчөмдүү сүйлөмдө биринин артынан экинчиси ыр жана ырдын куплеттери сыяктуу кайталануу менен, ыр сымалында болуп угулат деген пикирди бекеринен айтпаса керек.

Демек, кайсы гана ыр түрүндөгү чыгарма болбосун көркөм сөз каражаттары менен үн ыргагы өзгөчө мааниге ээ. Буга кыргыз элинин кенже эпосторун албаганда да «Манас» эпосунун айтуу чеберчилиги айдан ачык күбө. «Манас» эпосу кыргыз элинин укумдан тукумга өтүп, муундардан муундарга мурас катары берилип келе жаткан, тил байлыгы жана айтылуу ыргагы менен айырмаланган, дүйнөдөгү бирден бир эпикалык чыгарма. Эпостун тилинен, үн ыргагынан көркөм сөз каражаттарынын бай үлгүсүн, ыргактардын (мелодиялык) өтө жогорку чеберчиликте айтылганын көрөбүз.

*Алтын менен күмүштүн*
*Ширөөсүнөн бүткөндөй*
*Асман менен жериңдин*
*Тирөөсүнөн бүткөндөй*
*Алды калың кара жер*
*Жерлигинен түткөндөй,*
*Айың менен күнүңдүн*
*Бир өзүнөн бүткөндөй,*
*Ай алдында дайранын*
*Толкунунан бүткөндөй,*
*Абадагы булуттун*
*Салкынынан бүткөндөй.*

Академик Л.В.Щерба (1963) орус тилиндеги «Директор пришел» деген ээ менен баяндоочтон гана турган сүйлөм фразалык басымдын жана үн ыргагынын өзгөрүшүнүн натыйжасында сегиз түрлүү мааниде айтыларын жазып кеткендигин Л.Цеплитис «Анализ речевой интонации» [1974: 118-119] деген эмгегинде көрсөтүп, алфавиттик тизмесин кошо тиркеген.

Албетте, үн ыргагы өз алдынча айтылганда эч кандай семантикалык маанини билдире албайт. Ал тилдин лексика-грамматикалык каражаттары жана интонациянын башка элементтери менен тыгыз байланышта, карым-катнашта болгондо гана семантикалык кызмат аткара баштайт. Үн ыргагы «бардык тилдерге мүнөздүү болсо да, алардын калыптанышына жана акустикалык параметрлердин (мүнөздөмөлөрдүн) диапозондору, орун алмашуулары ар бир тилде айырмалуу болот» [КАТГ 1980: 79].

**Басым.** Басым - интонациянын курамдык бөлүгүнүн экинчи бир элементи. Басым өз ара: сөздөгү басым, синтагмалык басым жана фразалык (логикалык) басым болуп бөлүнөт. Сөз басымы, синтагмалык басым жана фразалык басым бири-бири менен тыгыз байланышта, өз ара карым-катнашта болгону менен аткарган милдети жана кызматы жагынан бири-биринен айырмаланат. Басым сөз ичиндеги муунга түшсө, же сөз ичиндеги кайсы бир муун акустикалык жактан өзгөчө бөлүнүп айтылса сөз басымы дейбиз.

Синтагмалык басым фразадагы сөзгө же сөз айкашына түшөт. Терминдин аталышы эле айтып тургандай фразалык же логикалык басым, негизинен, сүйлөмгө тиешелүү болуп, сүйлөмдү ритмикалык жактан уюштуруу, анын семантикалык-синтаксистик жактан айрым бөлүктөргө бөлүнүшүн шарттайт.

Сөз басымы, синтагмалык басым жана фразалык басым бири-бири менен тыкыс байланышта, өз ара карым-катнашта болгону менен аткарган милдети жана кызматы жагынан бири биринен айырмаланат.

Кыргыз тилинде басым эреже боюнча сөздөрдүн акыркы муундарына түшөт. Сөздөргө улам мүчө жалганган сайын басым ырааттуу түрдө сөздүн аяккы муунуна жыла берет: жумуш, жумушчу, жумушчулар, жумушчуларыбыз, жумушчулары-

быздын. Бул жалпы эле түрк тилдери үчүн мүнөздүү көрүнүш. Өткөн кылымда В.Радлов белгилеп кеткендей «сөз басымы индоевропалык тилдер үчүн морфологиялык момент катары көрүнсө, урал-алтай тилдеринде ал жагымдуулуктун куралы гана болуп саналат, башкача айтканда, анын мындагы милдети монотондуу угулуучу муундардын катарына кулакка уккулуктуу тизмек берүү, агглютинациялык муундардын байланышын дагы ачык-айкын кылууда турат» [Радлов 1885: 97].

Кыргыз тилине орус тилинен кирген сөздөрдө, сөз тизмегинде басым кандай болсо, ошо бойдон сакталып калат: автомат, автор, буфет, газета, гимнастика, диктатура, командировка, мамочка, молотилка, номер, опера ж.б. Ал эми кеп агымында уңгуга мүчө уланганда басым мүчөгө өтүп кетет: автобус-та, газета-лар, автор-лор, парта-лар ж.б.

Сөз басымынын функциясы - сөздөрдөгү тыбыштардын чынжырчасын уюштуруучу болуп саналат. Басымдуу муун басымсыз муундарды топтоштурган борбордук милдетти аткарат. Басым артикуляциялык жана акустикалык каражаттардын, комбинациялардын жалпы комплекстүү жыйындысы менен мүнөздөлөт. Бул маселеде Ж.К.Сыдыковдун оюн толук колдоого болот. Ал «Азыркы адабий кыргыз тилинин жана диалектеринин фонетикалык структурасы» деген монографиясында төмөнкүдөй пикирди жазат: «Акустические и артикуляционные признаки ударения, вступая в сложные взаимоотношения и взаимодействия с ритмическими и семантическими факторами участвуют в выражении определенной лингвистической функции - фонетической организациизвуковой структуры в сложные единицы» [Сыдыков1990: 124].

Адабий тилдин нормасы менен айтылган фразада сөздөр фонетикалык, синтаксисттик жана маанилик жактан байланышып, сүйлөмдөгү сөздөр өз ара маанилик бирдиктерди түзүп, синтагмалык бирдиктерге бөлүнүшөт. Синтагмалык бирдиктер структуралык түзүлүшү жагынан көп кырдуу. Мындай көп кырдуулук тилдин ички жана тышкы закондоруна баш ийип, тилдик каражаттардын натыйжасында чектелген моделдерди жаратат. Алардын ар бири өз-өзүнчө фонетикалык ажырагыс бөлүктү жаратат. Мисалга төмөнкү айтымды алып көрөлү:

Ошобу дедим ошого, ошого кудай кошобу?

Үн ыргагы жана басымдын мүнөзү боюнча бул фразаны эки синтагмалык бирдикке ажыратууга болот. Биринчи синтагмалык бөлүк “Ошобу дедим, ошого”, бул бирдикте басым акыркы “ошого” деген сөзгө түшүп жатат; экинчи синтагмалык бирдик “ошого кудай кошобу?”, бул синтагмалык бирдикте дагы басым “ошого” деген сөзгө түшүп жатат. Биринчи «ошого» деген сөз синтагмалык бирдиктин аягында айтылып, үн ыргагы көтөрүңкү чыкса, экинчи «ошого» деген сөз синтагмалык бирдиктин башында айтылып, үн ыргагы көтөрүңкү айтылып жатат. Синтагмалык басым синтагмалык бирдиктин аягына жана башына түшүп жатат, демек, синтагмадагы кайсы бир сөздүн көтөрүңкү айтылышын синтагмалык басым дейбиз. Синтагмалык басым түшкөн сөз коммуникативдик маанилүү элемент болуп саналат жана калган синтагмадагы сөздөр ага ыкташат. Фразадагы синтагмалардын чектелиш каражаты бир жагынан үн ыргагынын айтылышына жараша болсо, экинчи жагынан басымга, тынымга байланыштуу болот. Басым үн ыргагы менен кошо айтылганда гана синтагмалардын чегин ажыратат.

Синтагмалардын айкалыштарындагы үн ыргагынын кыймылын, негизинен, төрт топко бөлүштүрүүгө болот:

1. Биринчи синтагманын бүтүшүндө үн ыргагы көтөрүңкү айтылат, экинчи синтагмада да үн ыргагы көтөрүңкү тондон башталат;

2. Биринчи синтагманын аягында үн ыргагы төмөндөйт, экинчи синтагманын башталышы көтөрүңкү үн менен айтылат;

3. Биринчи синтагманын аягы көтөрүңкү үн менен бүтүп, экинчи синтагма жогорку тондон башталып, фразанын аягында төмөндөйт;

4. Биринчи синтагманын аягында үн ыргагы төмөндөп, экинчи синтагма төмөнкү тондон башталат.

Түрк тилдериндеги фразалык (логикалык) басым көптөгөн окумуштуулардын көңүлүн өзүнө буруп келген. Тилдин сегменттик жана суперсегменттик бирдиктерин изилдеп жатып, басымдын табиятына кайрылбай кеткен окумуштуу жокко эсе. Фразалык басымдын табияты аздыр-көптүр төмөнкү окумуштуулардын эмгектеринде чагылдырылат: [Ахматов Т. 1968, 1970; Байчура 1971; Кузнецов 1959; Наджип 1960;

Орусбаев 1971; Севортян 1955; Сыдыков 1990; Талипов 1972; Трофимов 1991].

Фразалык (логикалык) басым интонациянын башка элементтери - үн ыргагы, тыным, темпы менен айкашканда гана сүйлөөчүнүн айтып жаткан ой-пикирин, ички сезимин толук билдирип, кайсы ойду баса белгилеп жаткандыгын аныктайт. Фразалык басым сүйлөм ичиндеги бир же бир нече сөзгө түшүшү мүмкүн. Фразалык басым кайсы сөзгө же синтагмага түшүп жаткандыгы көбүнчө айтымдын контексти, мааниси аркылуу билинет.

Тула боюн калчылдатып келген ачуу менен ызага чыдамы түгөнүп, ичтен кайнап чыккан жинин албай, эриндери дирилдей күлдү.

- **Кана?** - деди, дирилдеген эриндерин баса албай Сегизбаевди акшыя карап. - **Дагы эмне демексиң?**

- Бул эмне деп сүйлөшкөнүң, **Танабай?** - деп Чоро ортого түшө калды.

- Кой. Ишиңдин **жөн жайын** түшүндүрүп бер. (Ч.Айтматов, «Гүлсарат», 141).

Бул айтым түрмөктөрүндөгү фразалык басым «Кана?», «Эмне демексиң?», «Танабай», «Жөн жайын» деген сөздөргө жана сөз айкаштарына түшүп жатышат. Демек, фразалык (логикалык) басым эч качан эмоционалдык жактан нейтралдуу болбойт. Ал айтым ичиндеги кайсы гана сөз же сөз айкашы болбосун эмоционалдык түр берип, кайсы бир ички сезимди бөлүп көрсөтүүгө шарт түзөт. Синтагмаларга түшкөн фразалык басымдын натыйжасында лексикалык каражаттары бирдей эле айтымдар маанилик жактан өзгөргөнүн көрөбүз.

Мисалы: Китеп **столдун үстүндө** жатат.

**К и т е п** столдун үстүндө жатат.

Биринчи айтымда, столдун үстүндө китеп жатканын туюнсак, экинчисинде, китеп башка жакта эмес, столдун үстүндө гана жатканын билдик.

Интонациянын негизги элементтеринин бири болгон фразалык басымды сөз басымы, синтагмалык басым менен карама-каршы коюу мүмкүн эмес. Алар өз ара тыгыз байланышта. Сөз жана синтагмалык басымсыз фразалык басым айтылбайт. Мындай касиет алардын жалпылыгын түзөт.

**Үндүн күчү.** Физикалык көз караштан алганда үндүн күчү - үн толкуну таралган багытка перпендикулярдуу бирдик аянт аркылуу өтүүчү үн толкунунун орточо энергиясы. Үн күчү анын басымына, чөйрөсүнүн касиетине жана толкундун формасына көз каранды.

Тилдин интонациялык кубулушун изилдеген айрым эмгектерде үн күчүн интонациянын курамдык элементтеринин катарына кошушпайт. Мунун бирден бир себеби, ал окумуштуулар басым менен үн күчүн бир мааниде карагандыгын, башкача айтканда басым менен үн күчүнүн ажырымын бербегендигинен көрөбүз. Албетте, үндүн күчү, басым, үн ыргагы, үн узундугу менен ажырагыс тикеден тике байланышкан менен интонациянын башка элементтери сыяктуу эле өз алдынча компонент болуп саналат. Үндүн күчү деп үн толкунуна перпендикулярдуу абалда турган 1 см аянт аркылуу 1 секундада өткөн энергиянын санын айтабыз. Үндүн күчү термелүүнүн аралыгына көз каранды: термелүүнүн аралыгы канчалык чоң болсо ошончолук күчтүү болот. Үндүн күчү децибел менен өлчөнөт жана төмөнкү формула аркылуу туюнтулат:

$$\mathbf{J} = \frac{Po}{Px}$$

Мында Ро - үн басымынын эң алгачкы деңгээли 0, 0000204 н/мң га барабар; Рх - үн басымынын өлчөнүү деңгээли.

Үндүн күчү менен үндүн басымынын ортосунда квадраттык көз карандылык бар: үндүн басымы 2 эсе көбөйсө, үндүн күчү 4 эсе көбөйөт. Үндүн ар кандай басымынын угуу органдарына тийгизген таасирин изилдөөдө үндүн күчүнүн төмөнкү жана жогорку чегин аныктайбыз. Төмөнкү чеги - үндүн кулакка угулуу чеги, жогорку чеги - үндүн кулакты тундуруу чеги. Үндүн кулакка угулуу чеги деп үндүн, добуштун кулакка араң эле угулушун айтабыз. Эгер үндүн басымы бир аз кичирейсе, анда үн кулакка угулбай калат. Башкача айтканда үндүн угулуу чеги - үндүн кулакка угула турган эң төмөнкү басымы. Үндүн басымы улам жогорулап отуруп, акыры бир мезгилде кулакты тундурган абалга жетет. Бул үн басымынын кулакты тундурган чеги деп аталат.

Эгерде жыштыгы 1000 гц болгон термелүүнүн күчүн үндүн кулакка угулуу чегинен тундура турган чегине чейин өзгөртсөк,

анда үндүн басымы болжол менен 3000000 эсе көбөйөт. Үндүн басымынын жана күчүнүн абсолюттук бирдигинин өзгөрүшү өтө эле чоң болгондуктан, акустикада логарифмалык децибел (дб) колдонулат. Бир децибелге кандайдыр бир энергиялык чоңдуктун (мисалы, үндүн басымы, чыңалуусу, күчү, кубаты) эки маанисинин катышына (ушул катыштын он логарифмасы бирге барабар болгондо) туура келет. Мисалы, 1000 гц жыштыктагы үндүн кулакка угулуу чегинин деңгээли 0 дб, ал эми ушул эле жыштыктагы үндүн кулакты тундуруу чегинин деңгээли 120 дб барабар. Децибел - салыштырмалуу бирдик, үн басымы канча жолу ноль деңгээлинен өтүп кеткендигин аныктайт.

Үндүн энергиясынын динамикалык структурасы болуп созулуш, жыштык жана үндүн күчү эсептелет.

**Созулуш (Т мсек).** Созулуш деп кептин максималдуу жана минималдуу убакыт ичиндеги айтылган учурун айтабыз. Эксперименттик фонетикада кептин кесиндисинүн созулушун миллисекунда, башкача айтканда, секунданын миңден бир үлүшү менен өлчөйт. Тыбыштын созулушу кептин тездигине, басымга жана башка факторлорго жараша болот.

**Жыштык (F нт).** Үн - термелүүнүн натыйжасы, ошондуктан толкундар ар кандай термелет, кээси жай, кээси бат. Мындай толкундар термелүү жыштыгы менен мүнөздөлөт. Жыштык үндүн бийиктигин, үн түйүндөрүнүн термелүү жыштыгын аныктайт. Башкача айтканда, үндүн күчү термелүүнүн санына байланыштуу болот. Термелүүнүн көлөмү чоң болсо үн күчтүү, канчалык кичине болсо, үн күчсүз олот. Жыштык деген түшүнүккө убакыт да кирип кетет, анткени толук термелүү кандайдыр бир мезгилдин ичинде ишке ашат. Үндөрдүн термелиши герц /гц/ менен өлчөнөт. Бир гц деп бир секунданын ичинде толкундун бир жолу термелүүсүн айтабыз. Демек, үн жыштыгы деп убакыт бирдигиндеги термелүүнүн санын түшүнөбүз. Маселен, үндүн термелүү жыштыгы 1 гц болсо, анда 1 сек. убакытта үн түйүнү 1 жолу толук термелет дегенди билдирет. Ал эми үн түйүнү 1 секундада 250 жолу термелсе, жыштыгы 250 гц болгон үн чыгат.

Адамдын үн түйүндөрү секундасына 40 тан 17000 ге чейин термелүүгө жөндөмдүү. Бирок оозеки кепте үндүн орточо бийиктик аралыгы ар түрдүү экендигин белгилебей кетүүгө

болбойт. Эркектердин үндөрүнүн бийиктик аралыгы 85-200 гц, ал эми аялдардыкы 160-340 гц. Тыбыштардын бийиктик аралыгы үн түйүндөрүнүн кыймылынын жыштыгына байланыштуу экендигин белгилебей кетүүгө болбойт. Демек, үндүн бийиктик аралыгы үн түйүндөрүнүн көлөмүнө жана чыңалуусуна жараша болот. Эркектердин үн түйүндөрү аялдардыкына караганда 3 мм узун.

Үн толкунунун мүнөзү татаал болгондуктан, анын ар кандай жыштыгына туура келген энергия да ар түрдүү. Спектр алкагындагы «өргөчтөр» максимумга туура келген жыштык форманталык жыштык деп аталат.

Көпчүлүк үнсүздөр жана үндүүлөр ар түрлүү фонетикалык контексте, тиешелүү артикуляциялык органдардын иштери менен шартталган. Кеп жолдорунун сөлөкөтүн үзгүлтүксүз өзгөртүп турат. Мындай өзгөрүү көрүнүшү форманталык жыштыктан жана форманттык структурадан даана көрүнөт. Кептин кайсы гана тыбышы болбосун өзүнө тиешелүү формантага ээ, мейли ал тыбышты аял же эркек, же бала айтып жаткандыгына карабай өзүнүн жалпы касиетин сактайт. Демек, форманта тыбыш касиетинин негизги акустикалык корреляты болуп саналат.

Үндүүлөрдүн жана айрым үнсүздөрдүн спектеринде 2ден 5ке чейинки форманталардын бар экени көрүнөт. Бирок, алардын ичинен тыбышты изилдөөдө биринчи үч формант өзгөчө маанилүү. Биринчи форманта ($F_1$) тилдин таңдайга көтөрүлүшү менен шартталат; экинчи форманта ($F_2$) тилдин алдыга-артка жылышы, үчүнчү формант ($F_3$) жекече айтуучунун үнүнүн тембр жагынан өзгөчөлүгүн шарттайт. Негизги тондун формантасы ($F_{нт}$) үн түйүндөрүнүн кыймылынын саны менен аныкталат. Негизги тондун спектри үндүү жана каткалаң тыбыштардан башка үнсүздөрдө да болот. Үндүн механика-миоэластикалык теориясынан алып караганда $F_{га}$ төмөнкү факторлордун таасири тийет: а) массанын бөлүнүшүн жана чыңалышын аныктоочу булчуң түйүндөрүнүн таасири; б) үстүңкү органдардан өпкөгө карай багытталган басымдын басаңдашы; в) кеп жолдорунун туура кесилишинин көлөмүнүн өзгөрүшү; г) артикуляция убагындагы тилдин абалынын өзгөрүшү. Форманта жыштыгынын чектери сүйлөө органдарынын физикалык,

акустикалык касиеттерине байланыштуу. Форманталык жыштыктар төмөнкүдөй чектерде болушат:

1. Биринчи форманталык жыштык150-850 гц
2. Экинчи форманталык жыштык500-250 гц
3. Үчүнчү форманталык жыштык1500-3500 гц
4. Төртүнчү форманталык жыштык2500-4500 гц

Аялдардын үнүнүн форманталары эркектердин үнүнүн форманталарына караганда болжол менен 1, 7 эсеге жогору болот.

Спектралдык изилдөөлөрдө форманталардан тышкары «форманталык деңгээл», «форманталык аймак», «форманталык аймактын жазылыгы» деген түшүнүктөр жолугат. Форманталык деңгээл дегенибиз - спектрдин ийилгич чокуларынын сандык көрсөткүчтөрү. Формантталык аймак - тиешелүү артикуляция менен аныкталган форманталардын ээлеген орду. Спектрдеги эки ийилген чекиттин аралыгы форманталык аймактын жазылыгы менен аныкталат.

Энергия жыйналган жыштыктын бөлүгүн форманттар дейбиз. Ал эми тыбыштардын жалпы бөлүнүшүн спектр деп атайбыз.

Кээ бир тыбыштардын форманталык бөлүгүн кара темгилдүү чекиттердин тыгыз жайгашышынан аныктоого болот. Кара темгилдүү үн күчүнүн кыймылын да көрсөтө алат. Спектр деген түшүнүк акустикада, техникада ж.б. илимдерде кеңири пайдаланылат. Спектр тил илиминде акыры жылдарда кеңири колдонула баштады. Спектр деген түшүнүк үндү же тыбышты мүнөздөй турган ар кандай жыштыктагы термелүүнү жана ошол белгилүү жыштыктагы термелүүнүн серпилишин аныктоо дегендикке жатат. Спектр аркылуу үн же тыбыш кандай жыштыктагы толкундардан турарын жана ички структурасы кандай экендигин аныктоого мүмкүндүк алабыз.

Үндүн спектрин окуп үйрөнүүдө негизги жыштык, форманталык жыштык, форманта жыштыгынын чектери деген түшүнүктөр келип чыгат. Үн толкунунун спектрдеги эң төмөнкү жыштыгы - негизги жыштык деп аталат. Негизги жыштык 50-400 гц чейин өзгөртүлөт. Үндүн бийиктиги, негизинен, ушул негизги жыштыкка байланыштуу.

**Тембр.** Жогоруда биз үндөр негизги тондон жана ага гармоника кошумча болуп татаал үндөн турарын айтып кеткен элек. Негизги тон менен гармониканын салыштырмалуу күчүнүн карым-катышы үндүн сапаттык белгисин түзөт. Ал тембр деп аталат. Тембр сүйлөөчүнүн жеке белгисин айырмалап көрсөтөт. Тембрди терең изилдөө үчүн аны жарык сыяктуу жыштыктарга бөлүп, үч түрлүү моделде көрсөтүү талапка ылайык.

Тембрдин ар түрдүүлүгү интонациянын коммуникативдик функциясына эч кандай таасирин тийгизбестен, кайсы бир эмоционалдык акыбалды билдиргенде гана үндүн өзгөчөлүгүн аныктайт. Тембрдин интонацияга тийгизген таасирин аныктап келип Н.Д.Светозарова жаңы «просодикалык тембр» деген терминди киргизет. Ал «просодикалык тембр» боюнча төмөнкүдөй пикирди айтат: «отделение просодического тембра, который только и может быть предметом интонационного исследования, от варьирующих в широких пределах спектральных характеристик отдельных звуков речи представляется трудной задачей. Она осложняется необходимостью разграничивать эмоционально обусловленные особенности спектра и особенности так называемого «качества голоса» (жесткий, мягкий, придыхательный, хриплый и т.п.) момента индивидуально и отчасти ситуативно обусловленного» [Светазарова 1982: 54].

Демек, тембр кеп агымын уюштуруп, сөз айкалыштарына ажыратпайт жана интонациялык бирдиктерди өз ара байланыштырбайт. Ал тек гана үндүн жагымдуулугун же жагымсыздыгын аныктайт.

**Тыным**. Интонациянын курамдык элементтеринин ичинен тынымды өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Кеп агымында өзүнүн аткарган функциясына карата тыным өз ара синтаксистик эмес физиологиялык тыным, эксперттүү маанисиндеги тыным, ажыратуучу тыным, синтаксисттик тыным, баяндоочтук тыным, байланыштыруучу тыным жана ритмдик тыным болуп бөлүнөт.

Синтаксисттик эмес тыным, же физиологиялык тыным кеп агымында физиологиялык, психологиялык жана ойдун логикалык жактан үзүлүш себебинен пайда болот. Башкача айтканда, сүйлөөчү айтып жаткан оюн андан ары улантуу үчүн же кандайдыр бир психологиялык жагдайдын натыйжасында пайда

болгон тыным. Окумуштуулар эксперимент жүргүзүп көрүшкөндө сүйлөп жаткан адам 9 сөздүү айтымдан кийин сөзсүз физиологиялык тыным жасарын далилдешкен. Эксперттүү маанисиндеги тыным биринчи айтымда козголгон ой ага катар келген экинчи айтымда да уланарын, толукталарын билгизет. Мындай тыным көбүнчө бир өңчөй мүчөлөр катышкан айтымдарга мүнөздүү.

Мисалы: Интонациянын курамдык компонеттерине төмөнкүлөр кирет: үн ыргагы, басым, үн күчү, тыным ж.б.

Ажыратуучу тыным - сүйлөм менен сүйлөмдү бири-биринен ажыратып турат.

Көчмөн кыргыздардын чарбалык турмушунда аңчылык маанилүү ролду ойнойт. Бул тууралуу жазма даректерде айтылат жана тоо-ташка чегилген сүрөттөрдө баяндалат [Кыргыздар1991].

Синтаксисттик тыным – айтым элементтерин бири-биринен ажыратып туруучу синтаксисттик катышта колдонулат.

Кыргыздар - Борбордук Азиянын эң байыркы элдеринин бири. Алар Сибирдин көчмөн урууларынын биринчи бирикмесин - кыргыз каганатын түзүшкөн.

Ремалык тыным бул айтым элементтеринин арасына келип, кыргыз тилинде көбүнчө макал-лакаптардын арасына келет.

Ата сөзү - ар намыс. Мекенди коргоо - ыйык милдет.

Байланыштыруучу тыным тең байланышты чыңап, айтым ичинде интонациялык негизги өзгөчөлүк катары сыпатталат.

Ритмдик тыным ыр саптарындагы ритмика менен тыгыз байланыштуу болот. Ритмикалык бөлүкчөлөрдүн чектери кайсы жерге келсе, ошол жерде тыным жасалат, «Мындай учурларда, - деп жазат кыргыз ырларынын түзүлүшүн изилдеген Кулан Рысалиев, - ыр жолдорундагы цензура паузалардын орундары бирде грамматикалык паузалардын ортосунда тушма-туш келип, бирде туш келбей кайчы өтүп кете берет. Бул абалда төмөнкүдөй Ысык-Көл, уул-кыз, келим-кетим ж.б. татаал сөздөр аркылуу далилдөөгө болот. Оозеки кепте буларды бири-биринен бөлүп кароого болбойт, анткени чогуусунан бир бүтүндүктү билдирет. Ал эми ыр жолдорунда ар кайсы ритмикалык бөлүктөргө ажырап, араларына туруктуу цензура-паузаларды кабыл ала берет [Рысалиев 1965: 25].

Турмушта//мен өтпөдүм//өмүрүм өттү, Мен ага//жолдош болуп//ээрчип келдим.

Кеп интонациясын лингвоакустикалык жактан терең изилдеген латыш окумуштуусу Л.Цеплитис тынымды интонациялык жана интонациялык эмес деп бөлүштүрөт [Цеплитиц 1974: 75]. Интонациялык тыным көбүнчө айтымдагы сөз айкалыштарын топ-топко ажыратууга жана сүйлөөчүнүн эмоционалдык абалын көрсөтүүгө катышат.

Интонациялык эмес тыным бир нече бөлүккө бөлүнөт: кырдаалдык тыным, жекелик (индивидуалдык) тыным жана физиологикалык тыным болуп. Кырдалдык тыным кандайдыр бир айтып жаткан ойду жаздыруу үчүн же сүйлөөчүнүн эркин аткаруу үчүн атайылап жасалат. Мындай тыным, көбүнчө жат жазуу жазып жатканда же команда бергенде колдонулат. Какай-гыла! Түздөн-гүлө! Түз тургула! ж.б.

**Темп.** Кептин темпи көбүнчө айтымдын ылдамдыгы катары каралат. Темп акустикалык жактан үч жол менен өлчөнөт.

Биринчиси, темп убакыт бирдигинде айтылган сегменттердин саны менен өлчөнөт. Башкача айтканда төмөнкүдөй формула менен туюнтулат:

$$T = \frac{Lu}{At}$$

Бул формулада Т - кептин темпи; $L_u$ - сегменттердин саны; t - убакыт өлчөмү; $A_t$ - кеп сигналынын өлчөнгөн кесиндиси.

Экинчи жол боюнча темп кеп сигналынын кайсы бир кесиндисинин орточо созулушунун саны менен өлчөнөт.

Үчүнчү жол боюнча темп сегменттик узундуктун абсолюттук созулушу менен өлчөнөт.

Темп аткарган кызматы боюнча, башкача айтканда, функциясы боюнча төрткө бөлүнөт: 1) аныктагыч темп; 2) кырдаалдык темп; 3) индивидуалдык темп; 4) интонациялык темп. Тилге же анын формаларына (диалектилерине) тиешелүү темпти аныктагыч темп деп айтабыз. Кырдаалдык (ситуациялык) темп деп, кеп элементтеринин кырдаалга жараша өзгөрүшүн айтабыз. Лектор лекция окуп жатканда айтып жаткан ою түшүнүктүү болуш үчүн жай темп менен окуйт. Күндөлүк практикадан байкагандай орус тилине караганда кыргыз тилинин темпи батыраак.

Мындай пикирди Кыргызстанда төрөлүп, кыргыз тилин билбесе да кыргыз чөйрөсү менен аралашып жүргөн орус элинин өкүлдөрү да ырастайт.

Индивидуалдык темп сүйлөөчүнүн жеке өзгөчөлүгүн көрсөтөт жана сүйлөөчүнүн психофизиологиялык өзгөчөлүгү менен тыгыз байланышта болот. Индивидуалдык темп ар бир адамдын психофизиологиялык өзгөчөлүгү менен байланышта болот. Кээ бир адамдар быдылдап бат-бат сүйлөсө, кээси шашпай жай баракат сүйлөшөт. Индивидуалдык темп адамдын мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн да аныктайт.

Акустикалык жана артикулярдык жактан тилдин нормасы менен айтылган айтымдардагы темп интонациялык темп деп аталат. Адам кубанганда, ачуусу келгенде айтып жаткан кебинин темпи тездейт, ал эми какшыктап же тамашаласа, тескерисинче, темп жайыраак айтылат. Бул тууралуу Есперсен төмөнкүдөй пикирди айтат: «Быстрый темп означает бодрость, нежелание воспринимать противоположные представления других лиц, медленный темп - подавленность, раздумие, инертность» [Есперсен 1958: 179].

Кыргыз тилиндеги жай, суроолуу, буйрук жана илептүү айтымдарда темп түздөн-түз таасирин тийгизет. Жай айтым жай, салмактуу темп менен айтылат. Суроолуу айтым кыргыз тилинде орточо темп менен айтылса, буйрук жана илептүү айтымдар бат темп менен айтылганын көрөбүз. Демек, темптин айтылышы кыргыз кебинин интонациясына өз таасирин тийгизбей койбойт.

# III БАП.
# АЙТЫМДЫН МАКСАТ КЫРДААЛ ИНТОНАЦИЯСЫ

## 3.1. Эксперимент жүргүзүү материалдары жанааларды изилдөө методдору

**1. Эксперимент жүргүзүү материалдары**.Эксперимент жүргүзүүчү материалдарга кыргыз адабиятынын классикага айланган чыгармаларынан, «Манас» эпосунан жана газета-журналдардан тексттер алынды.

Изилдөөнүн максатына ылайык көркөм чыгармалардан ситуацияга жараша жай, суроолуу, буйрук жана илептүү айтымдардын ар кыл контексттеги түрлөрү тандалып алынды, тактап айтканда, тандалып алынган мисалдар көбүнчө бирдей фонетикалык составда, бирдей грамматикалык структурадагы фразалар, айтымдар болду. Мындай фонетикалык жана структуралык жактан бирдей сүйлөмдөрдүн тандалып алынышы - контекске жана ситуацияга жараша тилдин интонациясы кандай өзгөрөрүн аныктоого болот.

Биздин алдыбызда кыргыз тилиндеги тыбыштардын жана үндөшүү законунун кептин интонациясына тийгизген таасирин аныктоо милдети да турду. Ошондуктан, ыргактуу айтымдар «Манас» эпосунун тандалып алынды.

Азыркы кыргыз тилиндеги жай, суроолуу, буйрук жана илептүү айтымдардын лексика-грамматикалык каражаттары менен интонациясынын карым-катнашын аныктап, алардын өз ара бири-бирине тийгизген таасирин иликтөө милдети турду.

**2. Дикторлор.** Эксперимент жүргүзүүчү материалдар дикторлор тарабынан окулуп, тасмага түшүрүү өзгөчө тактыкты талап кылат.

Микрофон алдында дайыма иштебеген киши текти окуп жатканда кандайдыр толкунданып, берилген текти жасалма окуп коюушу ыктымал. Ошондуктан, эксперименталдык изилдөөлөрдө изилдөөчүлөр дикторлорго өзгөчө көңүл бурушат.

Эксперимент жүргүзүүчү материалдарды тасмага түшүрүүгө кыргыз радиосунун жана телекөрсөтүүсүнүн 3 диктору катышты.

Алардын алдынын 30 жылдык микрофон менен иштөө стажы бар. Алар жалаң эле информациялык материалдарды окубастан көркөм чыгармаларды да окуп келишет.

Мындан тышкары, эксперименталдык материалдарга кыргыз радиосунда сакталган, драмалык-көркөм редакция тарабынан даярдалган радиоспектаклдердеги тексттер алынды. Мындай текстердин алынышы - дикторлор тарабынан окулган тексттер менен салыштырылып, айырмачылыгын аныктоого шарт түздү.

Эксперимент жүргүзүүчү материалдарды окуп жатканда дикторлорго изилдөөнүн максаты айтылган жок. Алар сүйлөмдөрдү ситуацияга жана контекстине жараша окушту.

**3. Эксперименталдык материалдарды тасмага жаздыруу**.Алгач айтымдын коммуникативдик түрлөрү боюнча фонетикалык жана лексика-грамматикалык жактан бирдей айтымдар тандалып алынып, өзүнчө пленкага жазылды. Андан кийин ошол айтымдар контекстин алкагында каралды. Бир эле айтымдын түрү бир нече ситуацияда окулган учурлар болду. Мындай эксперимент жай, суроолуу, буйрук жана илептүү айтымдар үчүн ар бирине өз өзүнчө жүргүзүлдү. Тасмага жазуунун алдында дикторлор окуй турган үзүндүлөр менен жакшы таанышышты. Эки, үч сыйра үн чыгарып окуп чыгышты. Эксперимент жүргүзүүчү материалдарды жазуу Кыргыз радиосунун студиясында эң жаңы аппаратуралардын жардамы менен ишке ашырылды. Ар бир текстн үч диктор өз өзүнчө окушту. Текст окулуп бүткөндөн кийин, жазылган материалдар дикторлор, оператор жана үн режиссер тарабынан театр артистеринин катышуусу менен кайрадан угузулду. Эгерде жазылган эксперимент жүргүзүүчү материалдардын үн сапаты талапка жооп бербесе, ал кайрадан кайталанып жазылды. Материал 3 жолу көчүрүлдү.

Түп нускасы сакталып, калган эки тасма аудитордук анализ үчүн кесилип алынды. Аудитордук анализ үчүн кесилип алынган айтым түрлөрү контекстен ажыратылып берилди. Мындай ыкма аудиторлордун айтымдын түрлөрүн аныктоого негиз болду. Эгер айтымдын кайсы бир түрү контексте берилсе, анын семантикалык маанисин угуучу оңой эле ажырата алат. Ал эми контекст жана ситуация катышпаган учурда аудиторлор айтымдын түрлөрүнүн

оттенокторун жалаң интонациянын жардамы менен гана аныкташат. Бул биздин изилдөөбүздүн максатына туура келет.

**4. Тыбыштардын спектрлерин алуу**. Бул үчүн «МЭЗ-28 А» магнитофонунда жогорку ылдамдыкта эксперименттик материал кайра жаңыртылып, 50 каналдуу динамикалык анализаторлорго, андан анализделип, «Н115» тибиндеги осциллографка берилди. Тыбыштардын ошол осциллографка берилген спектрлеринин сүрөтүн алуу үчүн осциллографтын чыгырыгына «УФ-67-100» тибиндеги сүрөт кагазы түрүлгөн. Чыгырыктын айлануусу - сүрөт кагазынын жылуу ылдамдыгы 500 ммсек.

**5. Спектограммаларда тыбыштардын чегин ажыратуу**. Үнсүздөрдөн айырмаланып, үндүүлөр даана форманталык түзүлүшкө ээ. Ошондуктан, спектрограммада үндүүлөр менен үнсүздөрдүн ортосунда өткөөл ачык эле көрүнөт. Мына ошол өткөөлдөн тыбыштардын чеги ажыратылат. Спектрдин өткөөл тилкеси тыбыштардын чегин ажыратууда гана эмес, алардын бири-бирине тийгизген таасирлерин аныктоодо да олуттуу мааниге ээ.

**6. Үндүүлөрдүн форманталарынын жыштыктарын аныктоо**. Тыбыш энергиясынын көп топтолгон аймактары форманталар деп аталары бизге буга чейин эле белгилүү. Динамикалык анализатордо алардын аралары төмөнкү интенсивдүүлүктөгү сигналдар менен ажыратылган жогорку интенсивдүүлүктөгү сигналдардын өркөчтөнгөн топтору даана көрүнөт. Ошол өркөчтөрдүн эң чокусундагы сигналдардын жыштыгы форманталардын мааниси катары алынат. Сигналдардын жыштыгы дегенибиз – анализатор ар бир термелүүнү эмес, 100 дөн 12000 гцке чейинки жыштыктагы термелүүлөрдү 16, 5 мсек. ичинде 50 фильтр аркылуу анализдөөгө гана жөндөмдүү. Спектрограммада ар бир термелүүнүн эмес, фильтрлерден өткөн электр сигналдары гана көрүнөт.

Ал эми ар бир фильтир өз сыйымдуулугуна жараша 100дөн 12000 гцке чейинки термелүүнүн белгилүү бир бөлүгүн гана өткөрө алат. Кайсы фильтрдин жыштыгы канча экендиги анализатордун техникалык таржымалы (описание) жана колдонуу инструкциясында берилген. Айталы, спектрдеги биринчи өркөчтүн чокусундагы сигнал спектрдин башталышынан

санаганда алтынчы дейли, демек, анын биринчи формантасы ($F_1$) 600гц термелүү жыштыгына ээ. Анткени 6 фильтр 600 гц жыштыктагы термелүүнү өткөрүүгө гана жөндөмдүү.

Динамикалык анализатор 16, 5 мсек. убакта 100дөн 12000 гц жыштыктагы термелүүлөрдү гана анализден өткөрөрүн айттык. Бирок, тыбыш андан көп созулуп айтылышы мүмкүн, мисалы, ал 49, 5 мсек. созулуп айтылды дейли. Анда кандай болот? Мындай учурда тыбыш айтылып бүткүчө ар бир 16, 5 мсек сайын анализдей берет. Эгерде тыбыш 49, 5 мсек. созулуп айтылса, анализатордон ар бири 16, 5 мсек. турган форманталык үч тилкени алышыбыз мүмкүн. Ал форманталык тилкелер тыбыштын айтылышынын (созулушунун) кайсы кесиндисин чагылдырса, ошол кесиндинин акустикалык обьективдүү сүрөтүн берет. Үндүүлөрдү акустикалык касиети боюнча сыпаттоо үчүн ал тилкелердин баары маанилүү.

Эксперименттик фонетикада тыбыштын айтылышынын кайсы кесиндисин чагылдыргандыгына жараша алар өткөөл жана стационардык (борбордук) деп бөлүнөт. Мындай бөлүштүрүү, негизинен, каралып жаткан тыбыш башка тыбыштардын ортосунда келгенде жүргүзүлөт. Ал бөлүштүрүү тыбыш башка тыбыштардын ортосунда келгенде тыбыштын айтылышынын башында өзүнөн мурдакы тыбыштын, кийинкисинин таасирине кабылары, айтылышынын орто ченинде гана алардын таасиринен белгилүү өлчөмдө кутулары, ал өзгөрүүлөрдүн баары спектрограммада көрүнөрү менен байланыштуу.

Кыскартып айтканда, форманталардын саны (динамикалык анализатордо) 16, 5 мсек. барабар тилкенин ичиндеги өркөчтүн санына, бул же тигил тыбыштын спектриндеги форманталык тилкелердин саны 16, 5 мсек. кесиндинин (отрезок) санына жараша болот. Ал тилкелердин ар биринин форманталары жана алардын (форманталардын) жыштыктары өз өзүнчө талданып, ошондон кийин салыштырылып, аныктоотары жана айырмачылыктары чыгарылат. Форманталардын катары спектрдин (тагыраак айтканда, форманталык тилкенин) баш жагынан баштап аныкталат: биринчи өркөч - $F_1$, экинчи өркөч - $F_2$ , ж.б.у.с. болот. Мындай форманталык тилкелерге карабастан эле спектрдин башынан аягына чейин канча өркөч болсо, форманталардын саны ошончо өсүп кете берет экен деген

бүтүмгө келүүгө болбойт. Ар бир форманталык тилкеде (16, 5 мсекунданын ичинде) форманталар кайрадан бирден ($F_1$) башталат. Анткени, анализатор ар бир 16, 5 мсек. сайын 1000ден 12000 гцке чейинки термелүү жыштыгын гана анализдеп турат.

7. Тыбыштардын форманталык жыштыгы аныкталган соң, эксперимент жүргүзүүчү материалдар изилдөөнүн талабына ылайык монтаждалып, интонограмманы алуу максатында И-74 интонограф аппараты аркылуу жазылды. Аппаратка жазуу иши М.Тореза атындагы МГПИЯнын эксперменталдык фонетика жана кептин психологиясы лабораториясында ишке ашырылды. Интонограмманы расшифровка кылардын алдында, тасмага жазылган айтымдар изилдөөчү, оператор жана адис окумуштуулар тарабынан бир нече жолу угулду. Бул интонограмманы расшифровка кылууда үндүн чегин так аныктоого жана сөз айкашын бөлүүгө өбөлгө түзөт. Тактап айтканда, «такое предварительное синхронное просматривание и прослушивание интонограмм необходимо для последующей их сегментации, так как позволяет определить артикуляционный почерк диктора и несколько привыкнуть к нему, к своеобразию реализации данным дикторам фонем, особенно переходных процессов между ними» (Артемов, 1974, 101).

Мындан соң фразанын интонограммасы сандык жана сапаттык аспектиде каралды. Интонограмманын жогорку бөлүгүндө: кеп сигналынын осциллограммасы; ортоңку линияда - негизги топтун жыштыгынын кыймылы; төмөнкү бөлүгүндө - тондун жыштыгы; эң төмөнкү бөлүгүндө - убакыт бирдигин көрсөтүүчү белгилер көрсөтүлөт. Интонограммадагы ар бир фразанын негизги тонунун жыштыгы, интенсивдүүлүгү жана айтымдын убакыт бирдиги эсептелип чыкты. Эксперименталдык фонетикада негизги тондун жыштыгы, интенсивдүүлүк жана убакыт бирдиги бир бүтүндүк катары чогу каралат.

Кеп интонациясын изилдеген изилдөөчүлөр интонограмманы чечмелөө үчүн В.Артемов уюштурган Москвадагы М.Тореза атындагы чет тилдер мамлекеттик педагогикалык институтунда иштелип чыккан методиканы колдонуп жүрүшөт. (Блохина, Потапова, 1972). Кыргыз тилиндеги кеп интонациясын интонограмма аркылуу чечмелөөдө ошол методика колдонулду. Интонограмма дегенибиз кинотасмадагы же фотокагаздагы

кептин сөлөкөттөрүн көрсөтүүчү электрдик термелүүлөрдүн чагылышы болуп саналат.

Негизги тондун жыштыгы /гц/ төмөнкү формула менен эсептелинди:

$$F_{нт} = \frac{N \cdot 1000}{T\ мсек}$$

N- негизги тондун жыштыгы; Т - кептин созулуу убактысы.

Негизги тондун жыштыгынын аралыгын төмөнкүдөй формула боюнча аныктадык:

$$J = \frac{F\ нтmax}{F\ нтmin}$$

Бул формулада Fнт max – Fнт min негизги тондун эң жогорку чегин билдирсе, Fнт min – негизги тондун эң төмөнкү чегин билдирет. Жалпыга белгилүү болгондой адамдар кеп сигналдарынын өзгөрүшүн салыштырмалуу түрдө кабылдашат. Тактап айтканда, «...человек воспринимает не абсолютные, а относительные изменения в речевом сигнале, и в частности в частотном контуре фразы. Поэтому, в исследованиях абсолютные значения ЧОТ в герцах переводятся в относительные единицы: в проценты и «полутоны» (Блохина, Потапова, 1970, 7). Ошондуктан, интонограммадагы негизги тондун жыштыгынын кыймылын аныктоо үчүн жарым тон /полутон/ алынды. Жарым тон дегенибиз - үн ыргагындагы он экинчи тыбышта кездешүүчү үн бийиктигинин төмөнкү чеги.

Кыргыз тилиндеги айтымдын максат кырдаалдарынын интонациясын изилдөөдө интонациянын төмөнкү бирдиктери изилденди:

1. Негизги тондун жыштыгынын кыймылынын багыты;

2. Фразадагы негизги тондун кыймылынын жалпы контуру;

3. Басымсыз жана басымдуу муундагы негизги тондун кыймылы;

4. Айтылган фразадагы басымсыз жана басымдуу муундун диапазон жыштыгы;

5. Жыштык деңгээлдери: фразанын максималдуу жана минималдуу жыштыгынын деңгээли (жарым тон менен өлчөнөт);

6. Жыштык аралыгы (жарым тон менен өлчөнөт);

а) басым түшкөн жана анын алдындагы муундун негизги тонунун жыштыгынын аралыгы;

б) басым түшкөн жана андан кийинки муундун негизги тонунун жыштыгынын аралыгы;

7. Негизги тондун жыштыгынын муундардагы ылдамдыгынын өзгөрүшү;

8. Интенсивдүүлүк (дб. менен өлчөнөт):

а) фразанын минималдуу жана максималдуу интенсивдүүлүгүнүн чеги;

б) басым түшкөн муундун, анын алдындагы жана андан кийинки муундардын максималдуу интенсивдүүлүгү; интенсивдүүлүктүн кыймылы;

в) негизги тондун салыштырмалуу интервалы жана ар кандай муундагы интенсивдүүлүктү төмөнкү формула менен эсептедик: $J=20\lg\frac{Pk}{Po}$салыштырмалуу интервал (жарым тон же дб менен өлчөнөт); I Рк - фразадагы негизги тондун интенсивдүүлүгү (жарым тон же дб менен өлчөнөт); $P_o$ - фразанын жалпы айтылыш интенсивдүүлүгү (жарым тон же дб менен өлчөнөт).

9. Фразанын созулушу (мсек менен өлчөнөт):

а) Фразанын жалпы созулушу;

б) Басымдуу жана анын алдындагы муундун созулушу;

в) Басымдуу жана басымсыз муундардын салыштырмалуу созулушу.

Акустикалык анализдин негизги максаты - тил табиятына тийгизген физикалык кубулуштарды аныктап, ал кубулуштарды ар тараптан изилдөө болуп саналат.

**8. Аудитордук анализ**. Эксперименталдык фонетикада аудитордук анализге өзгөчө маани берилет. Бул ыкма менен тил таануу илиминде көптөгөн изилдөөлөр, өзгөчө психолингвистикага байланышкан эмгектер жаралды. Көрүнүктүү лингвист, Ленинград университетиндеги эксперименталдык фонетика лабораториясынын негиз салуучусу, Л.В.Щерба аудитордук ыкманы жогору баалаган. Ал аталган ыкма боюнча төмөнкүдөй ойду айткан: «строго говоря, единственным фонетическим методом является метод субъективный т.е. мы всегда должны обращаться к сознанию говорящего на данном языке индивида, раз мы желаем узнать, какие фонетические различия он употребляет для целей

языкового общения и другого источника, кроме его сознания, у нас вовсе не имеется» [Щерба 1974: 3].

Азыркы учурда аудитордук анализдин бир нече ыкмасы бар: алардын негизгилеринен болуп - аудиторлорго суроо берүү ыкмасы эсептелет. Мындай ыкмага көбүнчө фонолог - окумуштуулар өздөрү катышат; экинчи ыкма магнитофон аркылуу кеп сигналдары жана алардын тизмелери аудиторлорго берилет, ал сигналдарды уккандан кийин аудиторлор кеп сигналдарынын маанисин аныкташат. Бул кошмо (бинарный) ыкма деп аталат.

Ошондой болсо да, ар бир ыкманын өз алдынча кандайдыр бир жетишпеген жактары бар. Алсак, аудиторлорго суроо берүү ыкмасынын жетишпеген жактары болуп экспериментке жалаң гана фонолог - окумуштуулардын катышканы болуп саналат. Кеп сигналдарын жалаң гана адис фонолог-окумуштуулар аныктабастан, жөнөкөй аудиторлор дагы аныктоого тийиш. Экинчи ыкманын жетишпеген жагы - контекс катышпаган интонацияны угуп, анын түрүн жана оттенокторун аныктоодо тажрыйбасы жок аудиторлор үчүн кыйынчылыкка турат. Бул тууралуу проф. Зиндер Л.Р. төмөнкүдөй ойду айтат: «В практике фонетических исследований изучение восприятия часто трактуется неверно. В качестве аудиторов приглашаются квалифицированные специалисты в области фонетики изучаемого языка. Такие специалисты, разумеется, могут дать очень тонкий анализ услышанного и тем самым дополнить слуховой анализ, проведенный самим экспериментатором, но не в этом заключается смысл обращения к воспрятию. Задача состоит в том, чтобы через восприятие наивных носителей языка выявить закономерности, присущие языку как системе. Совершенно очевидно, что для решения такой задачи нельзя привлекать аудиторов, владеющих, хотя бы и в совершенстве, данным языком как иностранным» [Зиндер, 1979: 116].

Ошондуктан, биз эки ыкманын жетишпеген жактарын эске алуу менен, өз изилдөөбүздө эки ыкманы тең пайдаландык. Алар табияты жагынан өз ара тыгыз байланышта жана бирин-бири толуктап турат.

Аудитордук анализдин жардамы менен төмөнкүдөй маселелерди чечип алууну көздөдүк: а) интонация аркылуу

аудиторлор айтымдын максат кырдаалдарынын түрүн ажырата алышабы?; б) интонация аркылуу аудиторлор жай, суроолуу, буйрук жана илептүү айтымдардын маанилик бөлүнүштөрүн ажырата алышабы?; в) аудиторлор интонациянын негизги фонетикалык белгилери болгон үндүн тонун, темпин, убактысына жана күчүн угуу жолу менен айырмалай алышабы?

Аудиторлук анализ эки жол менен ишке ашырылды: алгач тасмадагы сүйлөмдөр контексттин ичинде, андан кийин контекстен ажыратылып угузулду.

Контексттин ичинде угузулган эксперименталдык фразалар дикторлор тексти кандай окушса, ошол бойдон текст түрүндө берилди.

Контексттен ажыратылган сүйлөмдүн айтылыш түрлөрү тексттен ажыратылып алынып, өзүнчө тасмага жазылды. Номер 1-тасмага жай, 2-тасмага суроолуу, 3-тасмага буйрук жана 4-тасмага илептүү айтымдын айтылышы боюнча маанилик бөлүнүштөрү жазылды.

Экспериментти жүргүзүү графикке бөлүштүрүлүп, аны жүргүзүү даталары такталды. Айтымдын максат кырдаалдары боюнча түрлөрүнө өз өзүнчө эксперимент жүргүзүлдү, тактап айтканда, жай айтымга өзүнчө, суроолуу айтымга өзүнчө. Мындай ыкма айтымдын маанилик түрлөрүн бири-бири менен чаташтырып албаганга ыңгайлуу шарт түзөт. Аудитордук эксперимент фонолог окумуштуулар жана жогорку окуу жайларынын филология факультетинин жогорку курстарында окуган студенттердин катышуусу менен жүргүзүлдү. Ар бир эксперимент 10 жолудан өткөрүлүп, 20-25 тен студент-аныктагычтар катышышты.

Аудиторлор өз өзүнчө иштешти. Алгач аудиторлорго бирдей фонетикалык составдагы эксперимент жүргүзүлүүчү материалдар контексттен тышкары угузулду. Изилдөөнүн максатына ылайык, ал сүйлөмдөрдүн маанилик оттенкалары интонация боюнча гана айырмаланып турган. Аудиторлор уккан фразаны жалаң интонациялык өзгөчөлүгүнө жараша ажыратууга тийиш эле. Аудиторлордун суроолору боюнча айрым фразалар кайталанып уктурулду. Аудиторлорго изилдөөнүн максатына ылайык төмөнкүдөй суроолор берилди:

1. Уккан фраза айтымдын максат кырдаалдарынын кайсы түрүнө кирет?

2. Интонация боюнча айтымдын максат кырдаалдарынын аныктоого болобу?

3. Сиз уккан фразанын интонациясы кандай маанини билгизет?

4. Уккан фразанын интонациясы кандай ситуацияда айтылды?

5. Уккан фразанын интонациясы боюнча жай айтымдын кайсы маанилик түрүнө киргизесиз: 1.сүрөттөө; 2. баяндоо; 3.кабарлоо; 4. ырастоо; 5. бекемдөө; тааануу; 6.төгүндөө; 7.каалоо; 8.болжолдоо; 9. ниет жана башка түрү?

6. Угулган фразанын интонациясы боюнча суроолуу айтымдын маанилик оттеногун аныктай аласызбы?

1.Кошумча суроо
2. Кайталап суроо
3. Тике (ачык) суроо
4. Анык суроо
5. Формалдуу суроо
6. Риторикалык суроо (суроону өзү коюп, кайра ага өзү жооп берет).
7. Альтернативдүү суроо
8. Таң калуучу суроо
9. Күмөндөр суроо
10. Ырастоо суроо
11. Түрткү болуучу суроо
12. Божомол суроо

7. Угулган фразанын интонациясы боюнча илептүү айтымдын маанилик оттеногун аныктай аласызбы?

1. Чакырык (ураан)
2. Чакыруу
3. Кайрылуу
4. Кыйкыруу
5. Өкүнүү
6. Кайгыруу
7. Таңдануу
8. Толкунданууу
9. Жек көрүү
10. Сөгүү
11. Коркуу
12. Чоочуу
13. Сүйүнүү
14. Жалынуу
15.Жабырлануу
16. Эркелетүү

8. Угулган фразанын интонациясы боюнча буйрук айтымдын маанилик оттеногун аныктай аласызбы?

1. Буйрук
2. Чечкиндүү буйрук
16. Колдонмо
3. Тыюу
4. Талап кылуу
5. Көрсөтмө
6. Опуза
7. Ачуу
8. Команда
9. Кыйкырык
10. Сураныч
11. Кечирим суроо
12. Макул болуу
13. Көндүрүү
14. Жалбаруу
15.Кеңеш берүү
17. Эскертүү
18. Сактык
19. Сунуш
20. Каалоо
21. Чакырык
22. Уруксат берүү
23. Киргизүү
24. Макулдук
25. Чакыруу

9. Сиз уккан айтымдын маанилик оттеногунун болжолдуу ситуациясын түзө аласызбы?

10. Интонация айтымдын маанилик мазмунун жана коммуникативдик максатын билгизе алабы?

11. Негизги тондун жыштыгынын кыймылын аныктай аласызбы?

12. Фразанын үн бийиктиги кандай? (жогорку, орто, төмөн).

13. Айтылган фразанын темпи кандай? (бат, орто, жай).

Контексттен тышкары эксперимент бүткөндөн кийин эксперимент жүргүзүлүүчү материалдар контексттин ичинде, башкача айтканда, дикторлор тексти кандай окушса ошол бойдон уктурулуп, аудиторлор жогорудагы суроолорго кайрадан жооп беришти. Мындай эксперимент фонетикалык составы жагынан бирдей фразаларды аудиторлор контекстсиз жана контексттин ичинде кандай кабыл алышарын аныктоого шарт түздү. Айтымдын коммуникативдик түрлөрүн ажыратууда аудиторлор жай, суроолуу, буйрук жана илептүү айтымдарды интонациялык өзгөчөлүгү боюнча оңой эле ажыратышты. Ал эми алардын оттенкаларын контексттен тышкары укканда айрым чаташуулар болду. Интонациялык өзгөчөлүгү жагынан жакын, бирок семантикалык мааниси жагынан ар башка айтымдар бирдей мааниге топтоштурулуп калган учурларда болду. Бирок

негизинен 70% аудиторлор уккан фразаларынын интонациялык өзгөчөлүгүн туура аныктай алышты.

Ошол эле фразалар контексттин ичинде угузулганда 90% аудиторлор айтымдын модалдык маанисин туура аныкташты.

Аудиторлорго берилүүчү суроолордун ар бири өз өзүнчө карточкаларга жазылып, андан кийин изилдөөчү тарабынан анализ кылынды.

Аудитордук анализдин жыйынтыгы көрсөткөндөй, аудиторлор жай, суроолуу айтымды оңой эле ажыратышып, буйрук жана илептүү айтымдарды контексттен тышкары укканда чаташтырып алган учурлары болду. Атүгүл суроолуу сүйлөмдү уюштуруучу -бы мүчөсү катышкан буйрук айтымдын маанилик түрлөрү көпчүлүк аудиторлор тарабынан суроолуу айтымдын модалдык түрү катары кабыл алынды. Биздин оюубузча бул закон ченемдүү көрүнүш болуп саналат. Анткени, аудиторлор фразаны контексттен тышкары угушканда фразанын интонациясына гана эмес сүйлөмдү уюштуруучу лексика-грамматикалык каражаттарына да көңүл бурушат. Төмөндө суроону уюштуруучу *-бы* мүчөсү катышкан, интонациянын жардамы менен уюшулган буйрук айтымдын оттеногунун аудитордук анализинин жыйынтыгын көрсөтөлү.

*Дик. Б.М.*

| Айтымдын максат кырдаалдарынын түрү | Буйрук маанидеги фразанын оттеногу | Уктуңбу? |
|---|---|---|
| | контексттен тышкары | контексттин ичинде |
| Буйрук айтымдын маанилик түрү | 16 | 190 |
| Суроолуу айтым | 204 | 30 |

Аудиторлук анализ бүткөндөн кийин айтымдын коммуникативдик түрлөрүнүн жана алардын модалдык оттенокторун аудиторлордун аныктоосу боюнчаэ септеп чыгып,

проценттүрүнөайландырдык. Алардын жыйынтыктары кийинки бапларда берилет.

### 3.2. Жай айтымдын интонациясы: аудитордук жанаакустикалык анализ

Интонациянын семантикалык маниси менен айтымдын лексика-грамматикалык каражаты өз ара тыгыз карым-катнашта экендигин жогоруда айтып кеткенбиз. Агглютинативдик тилдерде, өзгөчө түрк тилдеринде, лексика-грамматикалык каражаттардын кептин интонациясына тийгизген таасири өтө чоң. Анткени “сүйлөм ар кандай сөздөрдүн катар айтылган суммасынан уюшулбастан, лексико-семантикалык маанилери боюнча жакындыгы бар, б.а., бири-бири менен айкашууга мүмкүнчүлүгү болгон сөздөрдүн грамматикалык жактан тутумдашуусунан түзүлөт» [Иманов 1990: 67]. Тилдин сегменттик, суперсегменттик бирдиктери жана лексика-грамматикалык каржаттары карым-катнашта болуп, өзүнчө бир бирдиктүү организмди түзөт. Ал организм адамдын ой-сезими (эмоциясы) менен тыгыз байланышта. Ошондуктан, кептин интонациясын изилдөөдө тилдин сегменттик бирдиктерине, лексика-грамматикалык каражаттарына жана модалдуулугуна көңүл бурдук.

Айтымдын модалдуулук категориясы адамдын эмоционалдык сезими менен түздөн-түз байланышта. Тил - адам баласынын бири-бири менен пикир алыштырып туруучу негизги курал гана эмес, анын эмоционалдык абалын билдирген каражат да болуп саналат. Эмоциянын жардамы менен адам баласы ички сезимин билдирип, пикирлешкен адамынын ой-сезимин ойготот. Айтымдын коммуникативдик түрлөрүнүн маанилик оттенокторун изилдеген окумуштуулар, кептин интонациясынын жаралышына эмоциянын мааниси чоң экендигин бөлүп көрсөтүшөт [Антипова 1971; Бенвенист 1974; Бодуэн де Куртенэ 1963; Бондарко 1977, 1983; Вилюнас 1976; Виноградов 1976; Галунов 1978, 1981; Джемс 1916; Додонов 1978; Каган 1974; Линдели, 1960; Макаренко 1980; Николаева 1977; Раппопорт 1972; Русалова 1972; Рыбакова 1985; Цеплитис, 1974; Эголинский 1978].

Буга чейин кыргыз тилиндеги жай айтымдын интонациясын Ж.Дүйшеев (1980) жана Ж.К.Сыдыков (1990) изилдешкен. Ж.Дүйшеевдин «Интонация простого повествовательного предложения в современном киргизском языке» деген кандидаттык диссертациясында эксперимент жүргүзгөн материалдардын аздыгына карабай, синтаксистик омонимия боюнча айрым алгылыктуу жыйынтыктарга келген. Ал жай айтымдын интонациясын «Асан сокур ат минди», «Кой соё албайт экенсиң» жана «Асан пионер үйүнө келди» деген фразалардын негизинде изилдөөгө аракет кылган. Негизги басым кыргыз тилинде синтаксистик омонимия барбы же жокпу деген суроону чечүүгө жасалган. Аталган изилдөөдө жай айтымдын маанилик оттеноктору жөнүндө сөз болбойт.


Ал эми Ж.Сыдыков «Фонетическая структура современного киргизского литературного языка и диалектов» (1990) деген монографиясында кыргыз тилиндеги жай жана суроолуу айтымдардын интонациясынын адабий тил менен диалектилердин арасындагы айырмачылыгына жана окшоштугуна гана токтолуп кетет.Бул эмгекте дагы айтымдын коммуникативдик түрлөрүнүн маанилик бөлүнүшүнүн интонациясы жөнүндө сөз болбойт. Демек, жай айтымдын маанилик түрүнүн интонациясы эксперименттик жол менен алгачкы жолу изилденип жатат. Айтымдын маанисин жана аудиторлук анализдин жыйынтыктарын иликтеп келип, жай айтымдын маанилерин төмөнкүдөй оттенокторго бөлүштүргөнбүз: сүрөттөө, баяндоо, кабарлоо, ырастоо, бекемдөө, тануу, төгүндөө, каалоо, болжолдоо, ниет ж.б. Албетте, мындай бөлүштүрүү болжолдуу түрдө гана болуп саналат. Жай айтымдын маанилик оттенкаларынын колдонулушу турмушта алда канча кеңири.

Ошондой болсо да, ал маанилик бөлүнүштөрдү топтоштуруп, өз алдынча топторго бөлүштүрүү жана классификациялоо тил таануу илими үчүн, жана семантика, семиасиология илими үчүн өзгөчө маанилүү болуп саналат.

Кыргыз тилиндеги жай айтымдын интонациясын эксперименттик жактан изилдөө төмөнкүдөй жыйынтыкты көрсөттү.

1. Күндөлүк турмушта сүрөттөө ирээтинде айтылган жай айтымдар өтө кеңири колдонулат. Жай айтымдын бул маанилик оттеногун аудиторлор оңой эле аныкташты. Контексттен тышкары берилген сүрөттөөнү аудиторлор 85%, ал эми контексттин ичинде берилген сүрөттөөнү 95%, 97%, туура аныкташа алышты. Мындай натыйжа жай айтымдын сүрөттөө маанисинин интонациясы, анын башка оттенокторуна караганда, негизги тондун жыштыгы, интенсивдүүлүгү жагынан айырмаланып турарлыгын билдирет.

Акустикалык жактан алганда жай айтымдын сүрөттөө маанисинин интонациясы жай ыргактуу келип, негизги тондун жыштыгынын кыймылы көбүнчө «жогорулап-төмөндөйт» же «жогорулап-түздөлөт». Тондун ыргагы тез көтөрүлүп же төмөндөбөйт. Мындай пикирди Ж.Сыдыков да бекемдеп кетет: «...повествовательных предложениях больше характерно в целом «восходящее-нисходящее» и «восходящее-равномерное» распределение энергии по направлению к концу предложения. Нет резкого подьема или падения тона» [Сыдыков 1990: 141]. Фразалардын салыштырмалуу жыштык диапозону 1ден 4жарым тонго чейин термелет, алардын орточо термелиши 3 жарым тон болот.Басым түшкөн муундун алдында негизги тондун кыймылы жогорулап (85%), кайра төмөндөйт (80%). Тон басым түшкөн муунда максимум абалына жетет. Тондун максимуму 3 жарым тонду түзөт. Фразанын айтылыш башталышына караганда, фразанын бүткөндүгү тону төмөндөйт, башкача айтканда, айтымдын башталышы көпчүлүк учурларда жогорулаган акустикалык белгилер менен айырмаланып, фразанын аягы төмөндөгөн акустикалык белгилер менен мүнөздөлөт. Фраза аяктап бара жатканда акустикалык белгилердин төмөндөшү - кыргыз тилиндеги жай айтымга тиешелүү интонациялык касиет болуп саналат. Мындай ойду кыргыз кебин уккан башка элдин өкүлдөрү да ырасташат. Жай айтымдын аягында негизги тондун жыштыгы төмөндөй тургандыгы акустикалык эксперименттердин материалынан да көрүндү. Сүрөттөө маанисин билдирген жай айтымдын «Күндөй жаркырап турат» деген айтымды алалы.




*Сүрөттөө маанисин билдирген жай айтымдын интонациялык сызыгы.*

Электроакустикалык анализдердеги маалыматтар жай сүйлөмдүн сүрөттөө маанисинде төмөндөгүдөй акустикалык параметрлерди көрсөттү: фразанын башталышындагы жана басым түшкөн сөздөгү негизги тондун жыштыгынын аралыгы - 170 - 150 гц;


Фразанын диапозонунун жыштыгы - 180 - 166 гц; Фразадагы сөздөрдүн негизги тонунун жыштыгы - 150, 170, 180, 170, 170, 130, 140, 160, 170; фразанын созулушунун жалпы убактысы - 1300 мсек; фразадагы муундардын орточо узундугу - 190 мсек; фразанын бүтүшүндөгү негизги тондун жыштыгынын жогорулашынын жана төмөндөшүнүн ылдамдыгы 0, 50 мсек.

2. Жай айтымдын баяндоо оттеногу маниси жагынан сүрөттөөгө жакын. Турмуштагы, жаратылыштагы, коомдогу окуялар, кубулуштар сүрөттөөдө салыштырылып көркөм сүрөттөлсө, баяндоодо алар жөн гана баяндалат. Аудиторлор баяндоону контексттен тышкары жана контексттин ичинде оңой эле аныкташты. Контексттен тышкары 90%, контексттин ичинде 95%.

Акустикалык жактан алып караганда баяндоонун акустикалык параметрлери сүрөттөнүн акустикалык параметрлеринен анча айырмаланбайт: фразанын башталышындагы жана аягындагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы - 160-140 гц; фразанын башталышындагы жана басым түшкөн сөздөгү негизги тондун жыштыгынын аралыгы - 160-150

гц; фразанын диапозонунун жыштыгы - 170-155 гц; фразадагы сөздөрдүн негизги тонунун жыштыгы - 160, 170, 170, 180, 130, 150, 140, 160; фразанын созулушунун жалпы убактысы - 1250 мсек; фразанын бүткөндөгү негизги тондун жыштыгынын жогорулашынын жана төмөндөшүнүн ылдамдыгы 0, 55 мсек.


*Жаан жаап жатат.*




*Жай айтымдын баяндоо маанисинин интонациялык сызыгы.*

3. Жай айтымдын кабарлоо маанисинин интонациясын аудиторлор контексттен тышкары анча аныкташа алышкан жок (65%). Ал эми контексттин ичинде кабарлоонун интонациясын 85% аныкташты.Акустикалык жактан кабарлоонун интонациясынын параметрлери сүрөттөөгө жана баяндоого салыштырганда айырмаланып турат: фразанын башталышындагы жана аягындагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы - 170-180-150 гц; фразанын башталышындагы жана басым түшкөн сөздөгү негизги тондун жыштыгынын аралыгы - 170-160 гц; фразанын диапозонунун жыштыгы 140-180 гц; фразадагы сөздөрдүн негизги тонунун жыштыгы - 185, 180, 140, 160, 145, 140, 150 гц; фразадагы муундардын созулушу - 170, 175, 155, 140, 130, 140, 150; мсек фразанын созулушунун жалпы убактысы 1350 мсек.

*Ал келе жатат.*





*Жай айтымдын кабарлоо маанисинин интонациялык сызыгы.*

4. Жай айтымдын ырастоо жана бекемдөө маанилерин аудиторлорго контексттен тышкары угузганыбызда, алар аталган модалдуулуктарды интонация жагынан бири-биринен толук ажырата алышпай коюшту. Контексттен тышкары ырастоонун интонациясын 53%, бекемдөөнүн интонациясын 57% аныктай алышты. Ырастоо контексттин ичинде берилгенде 73%, бекемдөө 67% аныкталды. Мындай көрүнүш алардын маанилик жактан өтө жакын экендигин көрсөтөт.

Акустикалык жактан алып караганда ырастоонун жана бекемдөөнүн интонациялык параметрлери жакын: ырастоо маанисиндеги фразанын интонациясынын башталышындагы жана аягындагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы - 180-160 гц; фразанын башталышындагы жана басым түшкөн сөздөгү негизги тондун жыштыгынын аралыгы - 170-160 гц; фразанын диапазонунун жыштыгы - 160-180 гц; фразадагы сөздөрдүн негизги тонунун жыштыгы - 160-170-180-150-160-140 - 140 - 130 - 150 гц; фразадагы муундардын орточо созулушу 170 мсек; фразанын жалпы созулушу 1400 мсек.

*Туура, ошондой болгон.*




*Жай айтымдын ырастоо маанисинин интонациялык сызыгы.*


Бекемдөө маанисиндеги фразанын интонациясынын башталышындагы жана аягындагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы - 175-160 - 165 гц; фразанын башталышындагы жана басым түшкөн сөздөгү негизги тондун жыштыгынын аралыгы - 170-160 гц; фразанын диапазонунун жыштыгы - 160-175 гц; фразадагы сөздөрдүн негизги тонунун жыштыгы - 170-160-170-150-160-130-140-150 гц; фразадагы муундардын орточо созулушу - 170 мсек; фразанын созулушунун жалпы убактысы - 1450 мсек.

5. Жай айтымдын тануу жана төгүндөө маанилерин аудиторлор ырастоо жана бекемдөө сыяктуу интонация жагынан анча ажырата албай коюшту. Контексттен тышкары тануунун интонациясын 57%, төгүндөөнүн интонациясын 55% аныкташты. Тануу контексттин ичинде берилгенде 67%, төгүндөө 68% аныкталды.

Тануунун жана төгүндөөнүн интонациясынын акустикалык параметрлери бири-бирине өтө жакын: ырастоо жана бекемдөө маанисиндеги айтымдардын интонациясынын башталышындагы жана аягындагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы 150-140 гц; фразанын башталышындагы жана басым түшкөн сөздөгү негизги тондун жыштыгынын аралыгы - 160-150 гц; фразанын диапозонунун жыштыгы - 160-150 гц; фразадагы муундардын негизги тонунун жыштыгы - 170, 170, 160, 160, 140, 130, 150, 160,

170, 150 гц; фразадагы муундардын орточо созулушу 180 мсек; фразанын жалпы созулушу 1260 мсек.

*Ал ошентип айткан*




*Жай айтымдын бекемдөө маанисинин интонациялык сызыгы.*

6. Жай айтымдын каалоону билдирген модалдык түрү интонациялык жактан ниетке жакын экендигин аудиторлор жана эксперименттик материалдардын анализинде ырасталды.

Бирок жай айтымдын аталган модалдык түрлөрү маанилик жактан бирдей сезимди билдирет дегендикке жатпайт. Алардын ар биринин өз өзүнчө коммуникативдик максаты бар. Каалоо иретиндеги айтымдарда сүйлөөчү боло турган кандайдыр бир окуяга, кубулушка каалоосун билдирсе, ниет түрүндөгү айтымдарда кыймыл-аракеттин келечекте болорлугун баяндайт.

Контексттен тышкары каалоонун жана ниеттин интонациясын аудиторлор контексттин ичинде дагы контексттен тышкары дагы анча ажыратып, аныктай албай коюшту. Мындай көрүнүш алардын маанилик жана интонациялык жактан өтө жакын экендигинин күбөсү болуп саналат.

Жай айтымдын ниетти жана каалоону билдирген модалдык түрлөрүнүн акустикалык параметрлери анча айырмаланбайт. Жалпы жонунан алганда бири-бирине жакын: фразанын интонациясынын башталышындагы жана аягындагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы - 180-150-140 гц; фразанын

башталышындагы жана басым түшкөн сөздөгү негизги тондун жыштыгынын аралыгы - 180-160 гц; фразанын диапазонунун жыштыгы - 140-180 гц; фразадагы муундардын негизги тонунун жыштыгы - 180, 180, 140, 160, 145, 140, 130, 140 гц; фразадагы муундардын орточо созулушу - 170, 160, 150, 160, 160, 140, 150, 140, 130, 145 мсек; фразанын жалпы созулушу - 1570 мсек.

7. Жай айтымдын болжолдоо мааниси модалдык жактан сүйлөөчү жана аткаруучу тарабынан окуянын, кубулуштун болор же болбостугун күмөндөр божомолдойт. Жай айтымдын болжолдоо маанисин аудиторлор контексттин ичинде жана контексттен тышкары туура аныктай алышты. Контексттен тышкары болжолдоонун интонациясын 70%, контексттин ичинде 80% туура аныкташты.

Божомол түрүндө айтылган айтымдардын интонациясынын акустикалык параметрлери жай сүйлөмдүн башка модалдык түрлөрүнө караганда айырмаланып турат, тактап айтканда, фразанын интонациясынын башталышындагы жана аягындагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы - 190 - 170 гц; фразанын башталышындагы жана басым түшкөн сөздөгү негизги тондун жыштыгынын аралыгы 190-180 гц; фразанын диапозонунун жыштыгы - 160-190 гц; фразадагы муундардын негизги тонунун жыштыгы - 170, 180, 160, 160, 150, 160, 140, 130 гц; фразадагы муундардын орточо созулушу - 170, 180, 170, 170, 160, 170, 160, 150; мсек фразанын жалпы созулушу - 1650 мсек.

Кыргыз тилиндеги жай айтымдын маанилик бөлүнүштөрүнүн интонациясынын акустикалык параметрлери, көбүнчө тилдин лексика-грамматикалык каражаттарына жана кырдаалга көз каранды болот. Кырдаал жана лексика-грамматикалык каражаттар кыргыз тилиндеги жай айтымдардын интонациялык өзгөчөлүгүн аныктоочу каражат болуп саналат.

Негизги тондун жыштыгынын кыймылы жай айтымда, көбүнчө, -”жогорулаган-төмөндөгөн» жана «жогорулаган-тегиз» абалда болот. Мындай кыймылды проф. Ж.К.Сыдыков да «Азыркы адабий кыргыз тилинин жана диалектилеринин фонетикалык структурасы» деген эмгегинде ырастап кетет. [Сыдыков 1990: 141-147]. Тондун тез көтөрүлүшү же төмөндөшү байкалбайт. Айтымдын башталышы көпчүлүк учурда жогорулаган акустикалык белгилер менен айырмаланат.

Муундунардын башындагы үндүүлөр айтымдын башталышындагы жана аягындагы созулушу боюнча анчалык сан жагынан айырмачылык жок, бирок ошондой болсо да, биринчи муун башка муундарга караганда узагыраак созулат.

### 3.3. Суроолуу айтымдын интонациясы: аудитордук жана акустикалык анализ

Суроолуу айтымдын маанилик түрлөрүн аныктоодо аудиторлор анчалык кыйналышкан жок. Суроолуу айтым контексттин ичинде берилгенде 75-80% аудиторлор айтымдын маанилик түрүн так аныктай алышты. Ал эми суроолуу айтымдын түрү контексттен тышкары берилгенде, 70% аудиторлор туура аныкташты. Мындай көрүнүш кыргыз тилиндеги суроолуу айтымдар лексика-грамматикалык каражаттар тарабынан дагы, интонациялык айтылышы жагынан дагы айтымдын башка түрлөрүнө караганда өзгөчөлөнүп турарлыгын көрсөтөт. Биринчи топко кирген кошумча суроону, кайталап суроону жана тике (ачык) суроону аудиторлор контексттин ичинде дагы, контексттен тышкары дагы так ажырата алышты. Мунун өзү аталган суроолуу айтымдын маанилик түрлөрүнүн интонациясы өз алдынча мелодикага, негизги тондун жыштыгына ээ экендигин көрсөтөт.

Экинчи топко кирген суроолуу айтымдын маанилик түрлөрүн аудиторлор контексттин ичинде туура аныкташып, контексттен тышкары угушканда формалдуу суроо менен риторикалык суроону чаташтырган учурлар болду. Анык суроону аудиторлор контексттин ичинде 86%, контексттен тышкары 70% ке чейин так аныктай алышты. Формалдуу суроону аныктоодо да аудиторлор анча кыйналышкан жок. Мындай көрүнүш суроону сүйлөөчү өзү берип, кайра өзү жооп бергенден болсо керек. Демек, формалдуу суроонун өзүнө тиешелүү интонациялык мелодикасы бар деп айтууга болот. Альтернативдүү суроону аудиторлор контексттин ичинде 67%, контексттен тышкары 52% аныктай алышты. Суроолуу айтымдын бул маанилик түрүн кайталап суроо, кошумча суроонун интонациясы менен чаташтырып алган учурлар да кездешти.


Үчүнчү топко кирген таң калуучу суроону аудиторлор контексттин ичинде 87%, контексттен тышкары 78%ке чейин так аныкташты. Күмөндөр суроону контексттин ичинде 81% чейин туура аныктап, контексттен тышкары таң калуучу суроо менен чаташтырып алган учурлар көп жолукту. Дегеле, түрткү болуучу суроону божомол суроо менен, божомол суроону күмөндөр суроо менен чаташтырган учурлар арбын кездешти. Мунун өзү үчүнчү топко кирген таң калуучу суроонун, күмөндөр суроонун, ырастоочу суроонун, түрткү болуучу суроонун жана божомол суроонун интонациясы айтымдын контексттине жараша, башкача айтканда, текстеги кырдаалга жараша болорлугун көрсөтүүгө болот.

Негизинен аудиторлор тарабынан аныкталган көрсөткүчтөр айтымдын физикалык көрсөткүчтөрү менен кандайдыр бир деңгээлде дал келгенин көрөбүз. Эми суроолуу айтымдын маанилик түрлөрүнүн физикалык касиетине өз-өзүнчө токтолуп кетели. Бирок суроолуу айтымдын интонациясына физикалык анализ жүргүзүүдөн мурда проф. Ж.К.Сыдыковдун аныктамасын толук колдой турганыбызды билдиребиз. Ал суроолуу айтымдардын интонациялык компоненттерине анализ кылып, төмөнкүдөй далилди айтат: “Основные изменения интонационных характеристик вопросительных предложений происходят, как и в повествовательных, в начале и конце предложений. Но наличие специального вопросительного местоимения (например, ким, эмне, кандай, кантип и т.д.) и вопросительной частицы “бы” во фразе вносят коррективы в общую картину интонации вопроса. Так, четкое повышение частоты основного тона, интенсивности и длительности обнаруживается в тех частях фраз, где расположены указанные вопросительные слова и вопросительная частица “бы”. Частота основного тона резко повышается в конце фраз, где находится вопросительное местоимение, но не намного выше уровня, когда в конце вопросительной фразы находится вопросительная частица “бы” [Сыдыков 1990: 147].

Биринчи топко кирген кошумча суроо, кайталап суроо жана тике (ачык) суроо маанисинде айтылган суроолуу айтымдардын жыштык диапазондору, созулушу жана интенсивдүүлүгү жагынан, ошондой эле негизги тондун деңгээли жагынан бири-

бирине жакын. Мисалы, кошумча суроо менен кайталап суроону алып көрөлү. Суроолуу айтымдын бул маанилик түрү жыштык диапазондору, интенсивдүүлүк жана созулушу жагынан дал келет. Аталган айтымдар төмөнкү жыштык деңгээлде башталып, негизги тондун жыштыгынын орточо бийиктиги 120 гц түзөт. Муундардын ортосундагы жыштык интервалдардын орточо аралыгы 100-140 гц талаасында жайгашкан. Негизги тондун жыштыгынын кыймылы кичине төмөндөп, жогорулаган мүнөзгө ээ.

*Кызык ой бекен?*





*Суроолуу айтымдын кайталап суроо маанисинин интонациялык сызыгы.*

Негизги тондун жыштыгынын жыштык диапазонунун эң бийиктеген учуру көбүнчө басым түшкөн муунда, айрым учурларда басым түшкөн муундун алдында бийиктейт. Төмөндө кошумча суроо маанисинде айтылган айтымдардын акустикалык параметрлерин келтиребиз.

| Кызык ой бекен? | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Акустикалык параметрлер | Аралыгы /интервалы/ | | | | |
| | Фразанын башталышы | Басымсыз муун | Басымдуу муун | Басымдан кийинки муун | Фразанын бүтүшү |
| Негизги тондун жыштыгы /гц/ | 100-120 | 100-120 | 100-120 | 140-120 | 130-120 |
| Интенсивдүүлүк /мм/ | 20 | 20 | 25 | 20 | 18-16 |
| Созулушу (мсек) | - | 270 | 220 | 300 | 260 |

Кайталап суроо маанисинде айтылган айтымдардын негизги тонунун жыштыгынын кыймылы 140 гц тен башталып, бир азга төмөндөп, кайра акырындап жогорулап барып, түз сызыктанып кетет. Мындай көрүнүштү интонограммадан жөнөкөй көз менен да байкоого болот. Жыштык диапазону кенен, жыштык деңгээли орточо. Жыштык диапазондор, негизинен, 140-170-100 гц тин тегерегинде жайгашкан.

*Ошондой болуптурбу?*





*Суроолуу айтымдын кайталап суроо маанисинин интонациялык сызыгы.*

Басым түшкөн муундар созулуңку айтылат. Эгер басым түшкөн муундар ачык муун болсо 270 мсек га чейин, жабык муун болсо 340 мсек га чейин созулганын көрөбүз. Дегинкиси тактап айтканда, суроолуу айтымдардын интонациялык өзгөрүшүнүн мүнөздүү белгиси фразанын башында жана аягында көрүнөт. Кыргыз тилинде суроолуу бөлүкчө “бы”, ошондой эле сурама ат

атоочтор ким?, эмне?, кандай?, кантип? ж.б. айтым ичинде айтылышы суроолуу айтымдын жалпы мүнөзүн аныктайт. Проф. Ж.К.Сыдыков туура белгилеп кеткендей, суроолуу айтымдын кайсы бөлүгүндө суроолуу бөлүкчө “бы” жана сурама ат атоочтор жайгашкан болсо, ошол жерде негизги тондун жыштыгынын жогорулашы, интенсивдүүлүк жана созулуунун көбөйгөндүгүн көрүүгө болот [Сыдыков 1990: 149]. Кайталап суроо мааниси айтылган айтымдын башталышындагы жана аягындагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы 140-170-100 гц; жыштык диапазондору 140-180 гц; муундардын орточо созулушу - 160 мсек; айтымдын бүтүшүндөгү негизги тондун жыштыгынын жогорулашынын же төмөндөшүнүн ылдамдыгы 0, 50 гц, мсек.

Тике (ачык) суроо маанисинде айтылган айтымдардын интонациясы көбүнчө контекстке жараша болот. Негизги тондун жыштыгынын кыймылы биринчи топко кирген суроолуу айтымдардай эле төмөндөп-жогорулайт.




*Суроолуу айтымдын тике суроо маанисинин интонациялык сызыгы.*

Айтымдын интонациясын аныктоодо акустикалык компоненттердин ичинен негизги тондун жыштыгынын параметрлеринин башкысы болуп интенсивдүүлүк жана созулушу эсептелет. Мындай көрүнүш орус тилинин мисалдарынан да көрүнөт [Николаева 1977: 83]. Акустикалык жактан тике суроонун интонациясынын параметрлери: айтымдын башталышындагы жана аягындагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы 150-160-180 гц; фразанын башталышындагы жана басым түшкөн муундагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы 160-150

гц; фразанын диапазонунун жыштыгы 150-170 гц; фразанын созулушунун жалпы убактысы 1450 мсек.

Экинчи топко топтоштурулган суроолуу айтымдын маанилик түрлөрү: анык суроонун, формалдуу суроонун, риторикалык суроонун жана альтернативдүү суроонун негизги тонунун жыштыгынын кыймылы жогорулаган - төмөндөгөн - жогорулаган мүнөзгө ээ. Фразанын башталышындагы негизги тондун жыштыгынын кыймылы басымдуу муунга чейин тегиз болот же төмөндөйт, басымдуу муунда тез жогорулайт да кайрадан төмөндөп-жогорулайт. Эгер, айтымдын ичиндеги логикалык жактан бөлүнгөн сөз фразанын аягында турса тондун максималдуу көтөрүлүшү ошол аймакта болот.

Анык суроонун негизги тонунун жыштыгынын кыймылы тегиз - жогору, айтымдын башталышындагы жана аягындагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы 170-150 гц; фразанын башталышындагы жана басым түшкөн муундагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы 150-170 гц; фразанын жыштык диапазону 115-200 гц; фразанын жалпы созулушу 700 мсек.

Формалдуу суроонун негизги тонунун жыштыгынын кыймылы жогору - төмөн. Айтылыш тону орто, кээде бийик. Айтымдын жыштык диапазону 170-100 гц, формалдуу суроонун акустикалык параметрлери төмөнкү чектерде көрүнөт.

| *Кайда? Кайда?* | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Акустикалык параметрлер | Аралыгы /интервалы/ | | | | |
| | Фразанын башталышы | Басым-сыз муун | Басым-дуумуун | Басымдан кийинки муун | Фраза-нын бүтүшү |
| Негизги тондун жыштыгы | 170-150 | - | 170-150 | 150-120 | 110<br>100 |
| Интенсивдүүлүк /мм/ | - | - | 23 | 18 | 12 |
| Созулушу (мсек.) | 110 | - | 110 | 90 | 210 |

Формалдуу жана альтернативдүү суроо маанисинде айтылган суроолуу айтымдардын интонациясынын акустикалык касиеттери анчалык сандык жактан айырмаланган жок. Аудитордук аныктоодо да аудиторлор формалдуу жана альтернативдүү суроонун интонациясын чаташтырып алышкан учурлар көп жолуккан. Демек, формалдуу суроонун жана альтернативдүү суроонун интонациясы окшош деп жыйынтык чыгарууга болот.

Риторикалык суроонун интонациясы көбүнчө сүйлөөчүгө жараша болот. Анткени, сүйлөөчү суроону өзү коюп, өзү кайра жооп бергендиктен суроонун коюлушу контекстке, сүйлөөчүнүн эмоционалдык абалына жараша коюлат. Риторикалык суроо маанисинде айтылган фразалардын негизги тонунун жыштыгынын кыймылы жогору - төмөн - жогору. Акустикалык параметрлери төмөнкүдөй көрсөткүчтөрдү көрсөттү.

| *Чубактан Манас эр беле?* | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Акустикалык параметрлер | Аралыгы (интервалы) | | | | |
| | Фразанын башталышы | Басым-сыз муун | Басым-дуу муун | Басымдан кийинки муун | Фраза-нын бүтүшү |
| Негизги тондун жыштыгы | 160 | 140-130 | 130-180 | 180-140 | 150-130 |
| Интенсивдүүлүк /мм/ | 20 | 18 | 25 | 22 | 18 |
| Созулушу (мсек.) | 140 | 160 | 200 | 180 | 260 |

Суроолуу айтымдын үчүнчү тобуна таң калуучу суроону, күмөндөр суроону, ырастоочу суроону жана божомол суроону киргизген элек. Бул айтымдардын негизги тонунун жыштыгы жогорулап башталып, басымдуу муундун алдында өтө жогорулайт да, кайрадан төмөндөй баштайт. Мындай көрүнүш, эгерде логикалык жактан бөлүнгөн сөз айтымдын башында турса, өзгөчө даана байкалат. Таң калуучу суроо маанисинде айтылган

айтымдардын негизги тонунун жыштыгынын кыймылы жогору-төмөн, жыштык диапазондору кенен, айтылыш тону орто, кээде жогору, ортодон жогору, айтымдын башталышындагы жана аягындагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы 120-140 - 135 гц; муундардын орточо созулушу 180 мсек.

| *Ошончо эле мен өзгөрүптүрмүнбү?* | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Акустикалык параметрлер | Аралыгы /интервалы/ | | | | |
| | Фразанын башталышы | Басым-сыз муун | Басым-дуу муун | Басым-дан кийинки муун | Фраза-нын бүтүшү |
| Негизги тондун жыштыгы | 120 | 123-130 | 130-170 | 170-140 | 135-85 |
| Интенсивдүүлүк /мм/ | 16 | 18 | 23 | 22 | 15 |
| Созулушу (мсек.) | 100 | 120 | 200 | 180 | 260 |

Күмөндөр суроо маанисинде айтылган айтымдардын негизги тонунун жыштык кыймылы ар түрдүү: кээде жогору - төмөн, көбүнчө тегиз-жогору. Негизги тондун жыштыгы басымдуу муунга чейин акырындап жогорулайт, эгерде логикалык жактан бөлүнгөн сөз айтымдын ортосунда болсо, негизги тондун жыштыгы тез төмөндөйт, айтымдын башында болсо, негизги тондун жыштыгы тез жогорулайт, ал эми ошол эле логикалык жактан бөлүнгөн сөз айтымдын аягында болсо, негизги тондун жыштыгы төмөндөгөн болот.

Жыштык диапазондор кенен, орточо жыштык диапазондор 120-150 гц аймактан көрүнөт. Айтымдын башталышындагы жана аягындагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы 120-200-270 гц, фразанын башталышындагы жана басым түшкөн муундагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы 120-200 гц, муундардын орточо созулушу 140 мсек.

| *Кантип ошондой болсун?* | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Акустикалык параметрлер | Аралыгы /интервалы/ | | | | |
| | Фразанын башталышы | Басым-сыз муун | Басым-дуу муун | Басымдан кийинки муун | Фразанын бүтүшү |
| Негизги тондун жыштыгы | 120-140 | 140-200 | 210-250 | 250-270 | 150-135 |
| Интенсивдүүлүк /мм/ | 20 | 25 | 25 | 15 | 15 |
| Созулушу (мсек.) | 240 | 200 | 200 | 160 | 160 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, басымсыз муунга караганда басымдуу муундар созулуңку айтылат. Мындай көрүнүштү проф. Ж.К.Сыдыков да ырастап кетет [Сыдыков 1990: 151-154].

Ырастоо маанисинде айтылган суроолуу айтымдардын негизги тонунун жыштыгынын кыймылы жогору-төмөн мүнөзгө ээ. Негизги тондун жыштыгынын максималдуу деңгээли акырындап эң төмөнкү жыштыкка чейин төмөндөйт. Логикалык жактан басым түшкөн сөз айтымдын башында болсо, негизги тондун жыштыгы тез жогорулайт, эгер ортосунда болсо, басымдуу муунга чейин акырындап жогорулайт. Жыштык диапазону кенен, 100-200 гц тин тегерегинде көрүнөт.

| *Ыя, ошондойбу*? | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Акустикалык параметрлер | Аралыгы /интервалы/ | | | | |
| | Фразанын башталышы | Басым-сыз муун | Басым-дуу муун | Басымдан кийинки муун | Фраза-нын бүтүшү |
| Негизги тондун жыштыгы | 140-160 | - | 160-180 | 160-140 | 140-120 |
| Интенсивдүүлүк /мм/ | 25 | | 30 | 30 | 25 |
| Созулушу (мсек.) | 380 | | 230 | 140 | 180 |

Суроолуу айтымдын божомол суроо маанисинде айтылган айтымдардын негизги тонунун жыштыгынын кыймылы жогору-төмөн.

Фразанын башында тон кыймылы акырындап жогорулап, фразанын аягында бир азга төмөндөйт. Негизги тондун жыштык деңгээли орто, кээде жогору, кээде төмөндөп кеткен учурлар жолугат.

Мындай көрүнүш божомол маанисинде айтылган суроонун мүнөзүнө, контексттине жана айтылган абалына жараша болот.

Негизги тондун жыштыгынын орточо деңгээли 180 гц, жыштык диапазону анчалык бийик эмес, 120-180 гц тин тегерегинде көтөрүлөт. Муундардын орточо созулушу 250 мсек, 230 мсек.

| *Кыш кеч келеби?* | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Акустикалык параметрлер | Аралыгы /интервалы/ | | | | |
| | Фразанын башталышы | Басым-сыз муун | Басым-дуу муун | Басымдан кийинки муун | Фраза-нын бүтүшү |
| Негизги тондун жыштыгы | 130-150 | - | 150-170 | 150-120 | 120-100 |
| Интенсивдүүлүк /мм/ | 23 | | 28 | 28 | 25 |
| Созулушу (мсек.) | 380 | | 230 | 160 | 170 |

Демек, суроолуу айтымдын интонациясы боюнча төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот: кыргыз тилиндеги суроолуу айтымдын маанилик түрлөрү ар түрдүү, ошого жараша ал маанилик түрлөрдүн интонациясы айтылып жаткан кырдаалга, контекстке жараша болот. Семантикалык топтордун акустикалык параметрлери бири-бирине сандык жактан, негизги тондун жыштыгынын кыймылы жагынан жакындаган учурлар жолугат. Суроолуу айтымдын интонациялык түзүлүшүн анализдеп келгенде, негизинен үч ыргактын түрүн бөлдүк: биринчи ыргакка төмөндөгөн - тон; экинчи ыргакка жогорулаган тон; үчүнчү

ыргакка төмөндөгөн - жогорулаган тон мүнөздүү. Суроолуу айтымга мүнөздүү мындай көрүнүштү башка түрк тилдеринин изилдөөлөрүнөн да көрүүгө болот [Нурмаханова 1965; Ниязов 1968; Розыева 1975].

### 3.4. Буйрук айтымдын интонациясы: аудитордук жана акустикалык анализ

Кыргыз тилиндеги буйрук маанисинде айтылган фразаларды аудиторлор айтымдын башка маанилик кырдаалдарына караганда оңой эле ажыратышты. Алгач экспериментке катышкан аудиторлор буйрук түрүндө айтылган бирдей фонетикалык составдагы айтымдарды контексттен тышкары угушту. Андан кийин ошол эле айтым контексттин алкагында берилди. Мындай ыкма аудиторлор буйрук түрүндө айтылган айтымдарды так кабыл алышарын аныктоого өбөлгө түзөт.

Экспериментке катышкан аудиторлор биринчи группага кирген буйруктун, тыюунун, коркутуунун, команданын, интонациясын контексттен тышкары дагы жана контексттин ичинде дагы так ажыратышты. Өзгөчө буйруктун, команданын интонациясын аудиторлордун 90% ден ашыгы так аныкташкандыгы, аталган маанилик айтым коммуникативдик максаты жана акустикалык белгилери боюнча буйрук айтымдын башка маанилик түрлөрүнө караганда өзгөчөлөнүп турарлыгын белгилөөгө болот.

Буйрук (приказ) маанисинде айтылган айтымдарды аудиторлор контексттин ичинде айтылганда 99% ден ашык, ал эми контексттен тышкары айтылган учурда 85% ке чейин туура аныкташа алышты.

Аудиторлордун ичинен 10-15% ке чейин буйрук түрүндө айтылган айтымдарды талап кылуу жана тыюу менен айырбаштап алгандары кездешти. Мындай көрүнүштү буйрук (приказ), талап кылуу жана тыюу маанисинде айтылган айтымдардын интонациялык жактан жакындыгы бар экендигин көрсөтөт. Аудиторлор талап кылууну кабыл алышканда да буйрук түрүндө айтылган айтымдар менен контексттен тышкары угушканда чаташтырып алышты. Бирок, айтылган айтым

контексттин ичинде айтылганда 85% ашык аудиторлор туура так аныкташа алышты.

Буйрук айтымдын калган модалдык маанилерин аудиторлор контекстке жараша аныктай алышты. Коркутуу жана команда түрүндө айтылган буйрук айтымдын модалдык түрлөрүн аудиторлор контексттен тышкары 47%, контексттин ичинде 75% ке чейин туура аныкташты.

Буйрук айтымдын экинчи маанилик тобун шарттуу түрдө сураныч тобу деп атап, төмөнкүдөй модалдык маанилери киргизилген: сураныч, кечирим суроо, тынчытуу, жалбаруу, макул болуу, көндүрүү.

Аудиторлордон алынган материалдарды анализ кылган учурда экинчи топко бөлүнгөн буйрук айтымдын модалдык түрлөрүн аудиторлор биринчи топко - буйрук тобуна караганда бирдей кабыл алышпагандыгын баса белгилеп кетмекчибиз.

**Сураныч**. Суранычтын интонациясы аудиторлор тарабынан башка түрлөргө караганда салыштырмалуу жеңил аныкталды.

Көпчүлүк аудиторлор контекстсиз кабылдоодо суранычтын интонациясын макул кылуу интонациясынан айырмалай алган жок. Суранычты *контектсиз* кабылдоодо аудиторлор I дикт. 70% II дикт. 66%, III дикт. 56% билишти. Контексттик кабылдоодо аудиторлор суранычты I дикт 82, II дикт 80%, III 72% билишти.

Кечирим суроо кыргыз тилинде ачык лексикалык каражат катары колдонулат. Ошондуктан, контекстте жана контексттен сырткары билүүдө кечирим суроону көпчүлүк аудиторлор туура түшүнүштү. (I дикт. 80%, II дикт. 73, 4%, III дикт. 63, 3%; I дикт. 86, 6%, II дикт. 83, 9%, III дикт. 76, 6%).

Колдонулуп жаткан интонациялардын ичинен макул кылуунун интонациясы сураныч жана ишендирүү интонацияларына окшош. 45% аудиторлор макул кылууну эки оттеноктун айкашы катары кабыл алышты (макул кылуу+сураныч, макул кылуу+ишендирүү).

Макул кылуу суранычтан айырмаланып жана ишендирүүгө жакын турарын контексттик кабылдоо ырастады. Ошондуктан ишендирүү макул кылуунун варианты болот деп аныктасак болот.

Тынчтандыруу аудиторлор тарабынан макул кылуу сыяктуу эле кабылданды. Аудиторлор тынчтандырууну ишендирүүдөн

айырмалай алышкан жок (I дикт. 37%, II дикт. боюнча 33%, III дикт боюнча 47%). Тынчтандырууну да макул кылуунун варианты десек болот.

Ишендирүү интонациясы тынчтандыруу интонациясына окшош.

**Жалбаруу**. Буйруктун бөлөк түрлөрүнө караганда жалбарууну информанттар жеңил кабыл алды. Эксперименттин жүрүшүндө алынган маалыматтардын негизинде жалбаруу буйруктун бөлөк түрлөрүнөн ачык айырмаланып турарын айтсак болот. Аудиторлор жалбарууну төмөнкүдөй аныкташты: I дикт. боюнча 84%, II дикт. боюнча 80%, III дикт. боюнча 86%, I дикт.боюнча 93%, II дикт.боюнча 88%.

Угуу анализинин жыйынтыгы - суранычты билдирүүчү фразалардагы негизги тондун кыймыл багыты, негизинен, жогорку деңгээлде экендигин аныктайт. Сыноочулардын ою боюнча, сураныч тез айтылат, фразалык деңгээли орто, негизги тондун кыймыл багыты жогору-тең-төмөн. Макул кылуу, тынчтандыруу жана ишендирүүнүн темпи кепте жай.

Жалбаруу жай темпте айтылат, фразанын деңгээли төмөнкү деңгээлде, негизги тондун кыймыл жыштыгы тең-төмөн.

Экинчи топтогу фразада оттеноктордун айкаштарынын законченемдүүлүгү жана алардын интенсификациясы бизди төмөнкүдөй жыйынтыкка алып келди, бул топтордун ичинде оттеноктордун ортосунда так интонациялык айырма жок.

Ушундай жагдайда фразанын типтери, сураныч тобун түзгөндөр семантика боюнча бири-бирине ыкташат. Буйруктун бул түрлөрү өзүлөрүнүн интонациялык мүнөздөмөлөрү менен белгилүү бир деңгээлде өз ара бири-биринен айырмаланат.

Кабылдоо тажрыйбасы көрсөткөндөй, үчүнчү топтогу буйруктун түрлөрү кеңеш берүү жана колдонмо контекстте же контексттен сырткары угушканда аудиторлор эч кандай кыйналбастан интонациясын аныктай алышты.

Кеңеш берүүнү түшүндүргөн бардык тандалган буйрук фразалар, негизинен кеңеш берүү маанисиндеги фразалар деп эсептелинди. Контексттен сырткары угузулганда бул буйруктун түрлөрүн аудиторлор контекст боюнча эки оттеноктун айкашы катары таанышты.

Кеңеш берүү аудиторлор тарабынан бирдей эмес кабылданды. (мисалы: I дикт. 66%, II дикт. 78%, III дикт. 62%).

Аудиторлор этиштик стимулду жеңил тааныштыы; Кеңеш берүүнү контексттен сырткары кабылдоо учурунда кээ бир аудиторлор аны эскертүү катарында кабылдашты.

Эскертүү кайсы бир чекте кеңеш берүүнүн белгилүү бир варианты катары каралат. Бирок эскертүү кеңеш берүүнүн оттеногу деп эсептөөгө болбойт.

Эскертүүнүн интонациясына караганда кеңеш берүү интонациясы жумшак.

Колдонмо интонациясы кеңеш берүү интонациясына жакындашат. Ал өз алдынча интонация эмес, кеңеш берүү интонациясынын варианты катары кабыл алынат.

Колдонмо интонациясы экинчи жана төртүнчү топтогу буйрук сүйлөмдөрдүн интонациясына көп окшош жактары бар.

Эскертүү интонациясы аудиторлор тарабынан кеңеш берүү интонациясынын варианты катары көрсөтүлөт.

Аудиторлор эскертүүнү төмөнкүдөй көрсөтүштү:

I дикт. 40%, II диктор 45%, III диктор 37%, “К”.

I дикт. 57%, II диктор 51%, III диктор 45%, “Б”.

I дикт. 50%, II диктор 42, 5%, III диктор 37, 5%.

I дикт. 50%, II диктор 50%, III диктор 47, 5%.

Эскертүүнүн интонациясын аудиторлор бөлөк буйрук интонациялардын түрлөрүнөн өтө кыйынчылык менен айырмалашты.

Үчүнчү топтун интонациясы экинчи жана төртүнчү топтун интонациясы сыяктуу эле ар кандай кабылданды. Колдонмо маанисинде айтылган айтымдын анализи аудиторлор тарабынан кеңеш берүү интонациясынын варианты катары кабыл алынды.

Үчүнчү топтун интонациялары (кеңеш берүү, колдонмо, эскертүү, абайлатуу) угуу анализинин жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, ар кандай мүнөздөлөт:

Кеңеш берүү интонациясын аудиторлор төмөнкүдөй мүнөздөштү:кептеги айтылуу темпи орто, жай, фразанын деңгээли орто.

Колдонмо интонациясын аудиторлор төмөнкүдөй кабыл алышты: орто, төмөн.

Эскертүү аудиторлор тарабынан тез, жогорку интонация катары бааланды.

Каалоону аудиторлор төмөнкү жагдайда квалификациялашты: айтылыш темпи орто, фразанын деңгээли орто.

Төртүнчү топтун интонацияларын аудиторлор бөлөк топтордун интонацияларына караганда начар таанышты. Бул топтогу фразадан аудиторлор чакырык жана чакыруу интонацияларын башкаларга караганда жакшы кабыл алышты.

Чакырык буйруктун белгилүү бир түрү катары, биринчи группанын интонациялары менен жакындашып кетет. Ошондуктан, биринчи группага кирген буйруктун бөлөк оттенкаларынан, чакырыкты аудиторлор бир далай так айырмалашты. Аудиторлор чакырыкты төмөнкүдөй кабыл алышты:

I диктор 82%, II диктор 80%, III диктор 76%,

I диктор 90%, II диктор 82%, III диктор 80%.

Чакыруу интонациясы ошол эле топтогу интонациялык айтымдан так айырмаланып турат. Бирок аудитордук анализдин таблицасы көрсөтүп тургандай, чакыруу кандайдыр бир өлчөмдө сунуш жана макул кылуу менен жакындашып турат. Мисалы, “Бери-кел” - деген айтымдын интонациясын аудиторлор контексттен сырткары төмөнкүдөй кабыл алышты:

I диктор 70%, II диктор 50%, III диктор 66%,

контекстте төмөнкүдөй кабыл алышты:

I диктор 84%, II диктор 80%, III диктор 88%.

Көңүл буруу башкалардан бөлөкчө интонацияга ээ болуп, аудиторлор тарабынан 90% туура кабыл алышты. Бирок кээ бир жагдайларына көңүл буруу интонациясы талап кылуу интонациясына, кээде команда кылуу интонациясына жакындашат; Көңүл бурууну биз шарттуу түрдө төртүнчү топко коштук. Бул буйруктагы оттеноктун интонациясы бөлөк бардык интонациядан айырмаланып жана биринчи топтун интонациясына жакын турат. Төмөнкүдөй таанылды:

I диктор 80%, II диктор 82%, III диктор 90%,

I диктор 87, 5%, II диктор 92, 5%, III диктор 93, 5%.

Уруксат берүү аудиторлордун жооптору боюнча, ошол эле топтун буйрук оттенкаларынын интонацияларынан айырмаланат. Аудиторлор аны жеңил жана туура кабыл алышты.

Киргизүү жана макулдук (согласие) бирдей интонацияда айтылат. Аудиторлор киргизүүнү макулдуктан айырмалай алышкан жок:

I диктор 52%, II диктор 42%, III диктор 40%,

I диктор 40%, II диктор 45%, III диктор 37, 5%,

макулдуктан төмөнкүдөй айырмалашты:

I диктор 40%, II диктор 36%, III диктор 43%;

I диктор 50%, II диктор 36%, III диктор 37%.

Кээ бир аудиторлор киргизүү менен макулдук интонацияларын буйрук интонациясынын эки же үч оттенкасынын айкалышы катары эсептешет.

Уруксат берүү, киргизүү жана макулдук интонацияларын бийик эмес орто деп мүнөздөшсө, кээ бир аудиторлор ылдам, орто деп табышты.

Мүмкүн мындай көрүнүш уруксат берүү, макул болуу маанисинде айтылган айтымдардын интонациясы кыргыз тилинде окшош айтыларынан болсо керек деген ойдобуз.

Негизинен кыргыз тилиндеги буйрук маанисинде айтылган айтымдардын интонациялык оттеноктору ар кыл экендигин аудиторлор аныктап беришти.

Буйрук тобунун интонациясы (буйрук, чечкиндүү буйрук, тыюу, талап кылуу, коркутуу, ачуулануу, команда) диапазон жыштыгы, созулушу, интенсивдүүлүгү жагынан, ошондой эле негизги тондун деңгээли боюнча бири-бирине дал келбейт.

Эксперимент жүргүзүлгөн материалдарды анализ кылып көргөнүбүздө, буйрук тобунун жалпы интонациялык өзгөчөлүгү жогорку тон болорлугу аныкталды. Тактап айтканда, эксперименттик материалдарга 150 айтымдын 146 фразасы жогорку тонго ээ болду. Айтылган аргументти далилдөө үчүн буйрук маанисинде айтылган айтымдардын оттенкаларынын физикалык касиеттеринин өзгөчөлүктөрүнө токтолуп кетели.

Буйрук иретинде айтылган айтымдардын жалпы физикалык белгиси бийик тон болуп эсептелет. Салыштырмалуу диапазондун фразадагы жыштыгы төмөнкү секундада, башкача айтканда 1 жарым тондон 8 жарым тонго чейин дирилдейт, бирок

фразалардын диапазонунун орточо дирилдеши 5 жарым тонду түзөт.

Диапазондун жыштыгы басым түшкөн муунда 7 жарым тон, диапазондун кеңдиги басым түшкөн муундун алдындагы муунда 1, 06 жарым тон экендиги көрүнөт. Басым түшкөн муундун алдындагы муундун тон кыймылы көбүнчө жогорулаганы (75%), басым түшкөн муундуку - төмөндөгөнү (66%), кээде жогорулап - төмөндөгөнү байкалат (25%).

Тондун эң бийик көтөрүлүшү басымсыз сөзгө караганда, басымдуу сөздө көп байкалат. Тондун бийиктеши басымсыз муунга караганда басымдуу муунда 3 жарым тон жогорулайт. Негизги тондун жыштыгы менен максималдуу жыштыгынын аралыгы басым түшкөн жана басымдан кийинки муундарында чоң секунданы - 1, 70 жарым тонду түзөт.

Тондун төмөндөшү басым түшкөн муундун алдында башталат. Фразанын айтылышындагы тондун бийиктиги башталышына караганда бүтүшүндө төмөн болот. Негизги тондун жалпы контуру жогору-төмөн, кээде тегиз-төмөн катары мүнөздөлөт.

Фразанын интенсивдүүлүгүнүн жогорулашы басымдуу муунда (75, 7%) жана басымдуу муундун алдында (25, 3%) даана байкалат. Алардын интенсивдүүлүгүнүн жогорулашы, негизинен, ар кандай. Эгер тон бийик болсо, басым түшкөн муундун интенсивдүүлүгү жогору болот.

Буйрук түрүндө айтылган айтымдардын айтылыш узундугу буйрук маанисинде айтылган башка айтымдарга караганда кыска. Басым түшпөгөн муунга караганда басымдуу муундун созулушу бир жарым, эки эсеге узун. Демек, буйрук маанисинде айтылган айтымдардын негизги физикалык касиетин төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот:

1. Негизги тондун жалпы контуру жогору-төмөн, кээде тегиз-төмөн;
2. Басымдуу муундун тону жогору;
3. Фразанын жыштык диапазону бирдей;
4. Басымдуу муундар интенсивдүү;
5. Басымдуу муундар созулуңкураак айтылат.

Чечкиндүү буйруктун тону буйруктун тонунан анчалык айырмаланбайт, тону бийик, жыштык диапазону 3 жарым тондон

10 жарым тонго чейин термелет. Басымдуу муундун диапазону, басымсыз муунга караганда кеңирээк. Басымдуу муундун алдындагы муундун тон кыймылы бийик (56,7%), басым түшкөн муундун тону, буйрук сыяктуу эле, төмөндөгөнүн көрөбүз (60%). Басымдуу муунда тон өтө бийиктейт, басымсыз муундар басымдуу муунга салыштырмалуу жапыз тондо айтылат. Фразанын бүтүшүндөгү тон башталышына караганда жапыз. Эксперименттик материалдар көрсөткөндөй чечкиндүү буйруктун тону басымдуу муундун башталышында төмөндөйт. Чечкиндүү буйрук бат айтылат.

Чечкиндүү буйруктун созулушу буйрукка караганда кыска, басымсыз муунга караганда басымдуу муундун созулушу эки эсеге узун.

1. Негизги тондун жалпы контуру жогорулап-тез төмөндөйт;
2. Басымдуу муундун тону жана диапазону жогору;
3. Фразанын жыштык диапазону бирдей;
4. Басымдуу муундар интенсивдүү;
5. Басымдуу муундардын созулушу басымсыз муундарга караганда созулуңку экени көрүнөт.

Демек, чечкиндүү буйруктун интонациясы буйруктун интонациясынын варианты деп эсептөөгө болот.

Кандайдыр бир каалоону тыюу иретинде айткан буйрук айтымдын оттеногунун тону бийик. Басымдуу жана басым алдындагы муундардын негизги тонунун жыштыгы жогору. Фразадагы негизги тондун жыштыгынын диапазону 8 жарым тонду түзөт. Негизги тондун жыштыгынын диапазону басымдуу муунда 5 жарым тон, басымсыз муунда 3 жарым тон экендигин көрөбүз. Басымсыз жана басымдуу муундардагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы 1 жарым тон. Басымдуу жана басымсыз муундардын максималдуу интенсивдүүлүгүнүн айырмасы 30 дб. Фразанын жалпы айтылыш убактысы 480 мсек. Басымсыз муундардын созулушу 220 мсек, басымдуу муундун созулушу 260 мсек.

Негизги тондун жыштыгынын кыймылы басымдуу муундун алдындагы муунда тегиз (67,5%), басымдуу муунда төмөндөйт (77%), айрым учурда жогорулап-төмөндөгөнүн көрөбүз (50%). Тондун максималдуу бийиктиги басымдуу муунда болот. Басымсыз муундарда тон салыштырмалуу анчалык бийик эмес.

Негизги тондун контуру тегиздеп-төмөндөйт (72%). Басымдуу муундун алдында тон төмөндөйт, басымдуу муунда тон бирдей ыргакта айтылат.

Демек, тыюунун негизги физикалык касиеттери төмөнкүдөй:

1. Негизги тондун жалпы контуру тегиз-төмөн, айрым учурда жогору-төмөн;

2. Басым түшкөн муунда тон жана интенсивдүүлүк бийик, диапазондун жыштыгы негизинен орто;

3. Фразанын жыштык диапазону басымсыз муундарда бирдей, басымдуу муундарда бир азга жогорулайт;

4. Басымдуу муундар интенсивдүү;

5. Басым түшкөн муундун созулушу негизинен басымсыз муундун созулушунан айырмаланат.

Буйрук айтымдын талап кылуу оттеногуна бийик тон мүнөздүү. Талап кылууда фразанын жыштык диапазону 1 жарым тондон 13 жарым тонго чейин термелет. Басым түшкөн муундун алдындагы муунга караганда, басымдуу муундун жыштык диапазону кеңири, тактап айтканда, 9 жарым тонду түзөт. Басым түшкөн муундун алдындагы муундун негизги тонунун жыштыгы, негизинен жогору (85%). Басымдуу муундун алдында тон өтө жогорулайт, басымдуу муундун аягында тон төмөндөйт. Мындай көрүнүш талап кылуунун тону буйрук түрүндө айтылган айтымдардын тонунан айырмаланып тургандыгын көрсөтөт. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы кыска, болгону 1 жарым тонду түзөт. Тондун төмөндөшү басым түшкөн муундун башында башталып, фразанын бүтүшүндөгү тон башталышынан төмөн болот. Негизги тондун жалпы контуру тегиз абалда барып төмөндөйт (85%); басымдуу муундар бат жана бийик айтылат. Буйрук иретинде айтылган айтымдарга караганда талап кылуу созулуңку айтылат.

Төмөндө талап кылуу маанисинде айтылган “Tokto” деген айтымды талдап көрөлү. Басымдуу муундун алдындагы муундун негизги тонунун жыштыгы 1 жарым тон, басымдуу муунда 2 жарым тон. Фразадагы негизги тондун жыштыгынын диапазону 3 жарым тон. Басым түшкөн муундун алдындагы муунда жана басым түшкөн муундун максималдуу жыштыгынын аралыгы жана негизги тондун жыштыгынын интервалы 1,5 жарым тонду

түзөт. Басым түшкөн муун интенсивдүү. Буйрукка караганда талап кылуу созулуңку айтылат. Биринчи муун t - 220 мсек, экинчи муун t - 260 мсек. созулган.

Талап кылуунун негизги физикалык касиеттерин төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот:

1. Негизги тондун жалпы контуру жогору-төмөн.

2. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы максималдуу аралыгы анчалык айырмаланбайт.

3. Басымдуу муундар интенсивдүү.

4.Муундардын созулушунда айырмачылык бар.

Коркутуу маанисинде айтылган айтымдарга бийик тон мүнөздүү. Фразадагы диапазондун жыштыгы 3 жарым тондон 8 жарым тонго чейин термелет. Басымсыз муундарга караганда басымдуу муундардын жыштык диапазондору 1,5 жарым тонго бийик. Негизги тондун кыймылы басымсыз муундарда жогорулайт (90%), ал эми басымдуу муундарда, буйрук, талап кылуу, тыюу маанисинде айтылган айтымдардай эле тез төмөндөйт (91,1%). Тон басымдуу муунда бийиктейт. Басымсыз муун менен басымдуу муундун ортосундагы негизги тондун максималдуу бийиктиги 2 жарым тонду түзөт.

Тондун төмөндөшү басымдуу муундун ортосунан башталат. Фразанын бүткөн жериндеги тон башталышына караганда төмөн. Негизги тондун жалпы контуру жогору-төмөн (80,5%). Басым түшкөн муундун жана басымдуу муундун алдындагы муундардын интенсивдүүлүгү бирдей эмес, басымдуу муун интенсивдүү.

Коркутуу маанисинде айтылган айтымдардын созулушу буйрук маанисинин башка түрлөрүнө караганда бир азга өзгөчөлөнүп турат. Биринчи муундун созулушу экинчи муунга караганда 1 эсеге кыска айтылат, ал эми аял диктордуку 1,5 эсеге кыска айтылгандыгын көрөбүз.

Коркутуу маанисинде айтылган айтымдардын негизги физикалык касиеттери төмөнкүдөй:

1. Негизги тондун жалпы контуру жогору-төмөн-тегиз;

2. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы анчалык чоң эмес;

3. Басымдуу муундар интенсивдүү;

4. Муундардын созулушунда айырмачылык бар.

Ачууланууу маанисинде айтылган айтымдардын тону коркутуу маанисинде айтылган айтымдардын тонунан анча айырмаланбайт. Ачууланууунун тону командага жана кыйкырууга жакын. Тондун бийиктигинин диапазон жыштыгы 3 жарым тондон 16 жарым тонго чейин термелет, орточо алганда 7,5 жарым тонду түзөт. Басымдуу муундун диапазон жыштыгы басымсыз муунга караганда 3,50 жарым тонго жогору. Негизги тондун кыймылы жогорулап-тез төмөндөйт (58,9%). Басымдуу муунда тон максималдуу абалга жетет. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун максималдуу жыштыгынын аралыгы 5 жарым тонду түзөт. Тондун төмөндөшү басымдуу муундун ортосунан башталып, тез төмөндөйт.

Негизги тондун эң жогорку чеги басымсыз муун менен басымдуу муундун ортосунан көрүнөт (45%). Басымдуу муундар интенсивдүү, ошондуктан, тон жогору. Ачууланууу маанисинде айтылган айтымдардын созулушу буйруктун башка мааниларине караганда алда канча кыска айтылат. Эгер, басымдуу муун ачык муун болсо, басымсыз муунга караганда созулуңку айтылат.

Демек ачууланууу маанисинде айтылган айтымдардын негизги физикалык касиеттери деп төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

1. Негизги тондун жалпы контуру бир азга жогорулап-тез төмөндөйт;

2. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы 4 жарым тонду түзөт;

3. Басымдуу муундар тез айтылат;

4. Басымсыз муундардын созулушуна караганда басымдуу муундардын созулушу көбүрөөк.

Команда маанисинде айтылган айтымдардын тону жогору. Командanын жыштык диапазону 3 жарым тондон 17 жарым тонго чейин термелет. Басымсыз муундарга салыштырганда басымдуу муундардын жыштык диапазону 4, 45 жарым тонго кенен. Басымдуу муундун алдындагы муундун тон кыймылы тегиз (42%), айрым учурларда жогорулайт (30%), ал эми басымдуу муундардагы негизги тондун кыймылы көбүнчө төмөндөгөнүн көрөбүз (59,2%). Тондун жогорулаганын, буйрук

тобунун башка оттенокторундай эле, басымдуу муундан көрөбүз. Басымдуу жана басымсыз муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу жыштыгы анчалык айырмаланбайт, негизинен 1, 7 жарым тонду түзөт. Тон басымдуу муундан кийин төмөндөйт. Фразанын башталышындагы тонго караганда аякташындагы тон төмөн. Тон тез төмөндөйт. Басымдуу муундар интенсивдүү. Айтымдын созулушу кыска. Басымдуу муун ачык муун болсо, басымсыз муунга караганда созулуңку айтылат.

Команданын негизги физикалык касиеттери:

1. Негизги тондун кыймылы жогорулап-төмөндөйт;

2. Басымдуу муундардын тону жогору, тон кескин төмөндөйт;

3. Басымдуу муундар интенсивдүү;

4. Басымсыз муундардын созулушуна караганда, басымдуу муундардын созулушу көбүрөөк.

Кыйкырык түрүндө айтылган айтымдардын тону эң жогору. Жыштык диапазону 1 жарым тондон 19 жарым тонго чейин термелет. Басым түшкөн муундардын алдындагы муундардын негизги тонунун кыймылы тез жогорулайт (57,3%), ал эми басымдуу муунда тон тез төмөндөйт (78%). Тон басымдуу муундун алдындагы муунда көтөрүлөт. Тондун жогорулашынын эң бийик чеги басымдуу муундун алдында көрүнөт. Басымдуу муунга салыштырганда 1,05 жарым тон жогору. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу жыштыгынын аралыгы 1,70 жарым тон. Тон басымдуу муундан кийин төмөндөйт. Айтымдын башталышындагы тонго караганда аягы жапыз. Негизги тондун жалпы контуру тез жогорулап-төмөндөйт (78,9%).

Кыйкырык түрүндө айтылган айтымдардын созулушу, айтым контексттине жараша болот. Ошондой болсо да созулуңку айтылат. Басымдуу муундардын созулушу басымсыз муундардын созулушуна караганда 1-2 эсеге көп.

Кыйкырык маанисинде айтылган айтымдарга төмөнкүдөй физикалык касиеттер мүнөздүү:

1. Негизги тондун жалпы контуру тез жогорулап-төмөндөйт;

2. Эң жогорку тондо айтылат;

3. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы 5,2 жарым тонду түзөт;

4. Басымдуу муундар 1-2 эсеге созулуңку айтылат.

Буйрук айтымдын экинчи тобуна шарттуу түрдө төмөнкүдөй айтымдын модалдык оттенокторун киргизген элек: өтүнүү, кечирим суроо, макул кылуу, тынчытуу, жалынуу. Бул топтун физикалык касиеттери биринчи топко караганда, бир топ айырмаланып турат. Биринчи, буйрук тобуна кирген айтымдын оттеноктору, негизинен, физикалык касиеттери жагынан бири-бирине жакын болсо, экинчи топко кирген модалдык маанилердин физикалык сапаттары ар түрдүү.

Өтүнүү маанисинде айтылган айтымдарга, негизинен, орточо тон, айрым учурда жапыз тон мүнөздүү. Фразадагы жыштык диапазону 5 жарым тондон 10 жарым тонго чейин термелет. Басымдуу муундарга караганда басымсыз муундардагы жыштык диапазону 3,1 жарым тонго кенен. Басым түшкөн муундун алдындагы муундардын негизги тонунун кыймылы, негизинен, жогору (80,2%). Басым түшкөн муундагы тон өтө төмөн. Тон басымдуу муундун алдындагы муунда өтө бийиктейт, басымдуу муундарга төмөнкү тон мүнөздүү. Басымдуу жана басымсыз муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы 2 жарым тон. Тондун башталышына караганда бүтүшү жапыз. Өтүнүү маанисиндеги фразаларда тон басымдуу муундан кийин төмөндөйт. Негизги тондун жалпы контуру тегиз - төмөн (56,8%). Басымдуу муундун алдында интенсивдүүлүк өзүнүн кульминациясына жетет (67,2%). Басымдуу муундардан кийинки муундарда интенсивдүүлүк төмөндөйт. Басымдуу муундарга караганда басымсыз муундардын созулушу 1,5 эсеге көп. Өтүнүү маанисинде айтылган айтымдардын негизги физикалык касиети төмөнкүдөй:

1. Негизги тондун жалпы контуру тегиз, айрым учурда өтө төмөн;

2. Басымдуу муундардын тону жана диапазону орто;

3. Тондун төмөндөшү бирдей;

4. Басымдуу муундардын алдындагы муундар интенсивдүү. Басымсыз муундардын созулушу көбүрөөк.

Кечирим суроо маанисинде айтылган айтымдарга, негизинен, жапыз тон мүнөздүү. Фразадагы жыштык диапазондору 1 жарым тондон 7 жарым тонго чейин термелет. Басымдуу муундун алдындагы муундун негизги тонунун кыймылы төмөн (51%), басымдуу муундардыкы жогору-төмөн (47%), айрым учурларда төмөндөйт (32,2%). Тондун бийиктеши басымдуу муундун алдында көрүнөт. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгы менен максималдуу жыштыктын орточо аралыгы 1,9 жарым тонду түзөт. Негизги тондун жалпы контуру төмөндөп-жогорулайт (57,8%). Басымдуу муундардагы тондун төмөндөшү бирдей, айтылышы созулуңку. Басымдуу муундардагы тондун бир калыпта төмөндөшү кечирим суроо маанисинде айтылган айтымдарга мүнөздүү көрүнүш. Кечирим суроо маанисинде айтылган айтымдардын созулушу, биринчи топко кирген маанилик оттенокторго салыштырганда, 1,5 эсеге созулуп айтылат.

Кечирим суроо маанисинде айтылган айтымдарга төмөнкүдөй физикалык касиеттер мүнөздүү.

1. Негизги тондун жалпы контуру төмөндөп-жогорулайт;
2. Фразанын жалпы тону жапыз;
3. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы анчалык көп эмес, 2 жарым тонду түзөт;
4. Бардык муундар салыштырмалуу созулуңку айтылат.

Макул болуу маанисинде айтылган айтымдарга орточо тон мүнөздүү. Фразанын жыштык диапазонунун орточо термелиши 2 жарым тонду түзөт. Басымдуу муундардын жыштык диапазону басымсыз муундарга караганда жогору. Басымдуу муундун алдындагы муундардын тон кыймылынын өзгөрүшү жогору-төмөн (69,9%). Тондун бийиктеши басымдуу муунда көрүнөт. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу орточо аралыгы 3 жарым тонду түзөт. Фразанын башталышындагы тонго караганда аягы жогору. Негизги тондун жалпы контуру жогору-төмөн (72,3%). Тон басым түшкөн муундун алдында төмөндөй баштайт да, басымдуу муундун ортосунда кайра жогорулайт, ал эми, муундун аягында кайра төмөндөйт. Басымдуу жана басымсыз муундардын

интенсивдүүлүгүнүн максималдуулугу бирдей. Басым түшкөн муундун алдындагы муундардын жана басымдуу муундун интенсивдүүлүгүнүн максималдуу аралыгы 1 дб түзөт. Макул болуу маанисинде айтылган айтымдардын созулушу өтүнүү жана кечирим суроо иретинде айтылган айтымдардан анчалык айырмаланбайт. Айтымдын бул түрүнө төмөнкүдөй физикалык касиет мүнөздүү:

1. Негизги тондун жалпы контуру төмөндөп-жогорулайт;

2. Айтымдын жалпы тону жапыз;

3. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы 3 жарым тон;

4. Макул болуу маанисинде айтылган айтымдын созулушу кечирим суроо иретинде айтылган айтымдардан анчалык айырмаланбайт.

Кыргыз тилинде тынчтантуу маанисинде айтылган айтымдарга төмөнкү тон мүнөздүү. Фразадагы жыштык диапазонунун орточо термелиши 1 жарым тондон 4,20 жарым тонго чейин жетет. Басымдуу муундун алдындагы муундун диапазону кең. Негизги тондун кыймылынын өзгөрүшү басым түшкөн муундун алдындагы муундарда төмөндөйт (60,7%) , басымдуу муундарда бирдей (73,3%). Тон басымдуу муундун алдында жогорулайт. Басымдуу жана басымсыз муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын орточо аралыгы 2 жарым тонду түзөт. Фразанын бүтүшүндө тон төмөндөйт. Негизги тондун жалпы контуру төмөндөп-бирдей болуп кетет (79%). Интенсивдүүлүк басым түшкөн муундун алдындагы муунда өзүнүн чегине жетет (68%). Кыргыз тилиндеги тынчытуу маанисинде айтылган айтымдар өтүнүү маанисине караганда кыска айтылат. Негизги физикалык касиеттерине төмөнкү сапаттарды киргизүүгө болот:

1. Негизги тондун жыштыгынын жалпы контуру төмөндөп-бирдей айтылат;

2. Жапыз тон мүнөздүү;

3. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы 4 жарым тон;

4. Басымдуу муундар басымсыз муундарга караганда созулуңку айтылат.

Көндүрүү маанисинде айтылган айтымдарга жапыз жана орто тон мүнөздүү. Негизги тондун жыштык диапазонунун салыштырмалуу орточо термелиши 1 жарым тонду түзөт. Басымсыз муундардын жыштык диапазонуна караганда, басымдуу муундардын жыштык диапазону кенен. Тондун кыймылы басым түшкөн муундун алдында көтөрүлөт (56,6%) да басымдуу муунда өзүнүн эң жогорку чегине жетет. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы бирдей, бардык учурда 4 жарым тонду түзөт. Фразанын бүтүшүндөгү тон башталышына караганда жогору. Негизги тондун жалпы контуру көтөрүңкү-тегиз (77,9%). Айтымдын созулушу тынчытуу маанисинде айтылган айтымдардын созулушунан анчалык айырмаланбайт. Негизги физикалык касиеттери тынчытуу маанисинин физикалык касиеттери менен дал келет.

Кыргыз тилинде жалбаруу маанисинде айтылган айтымдар төмөнкү тондо айтылат. Фразадагы жыштык диапазондордун орточо термелиши 1 жарым тондон 8 жарым тонго жетет. Басымсыз муундардын жыштык диапазонуна караганда басымдуу муундардын жыштык диапазону кенен. Негизги тондун кыймылынын өзгөрүшү басымдуу муундун алдындагы муунда төмөндөйт (70,1%), басымдуу муунда жогорулап-төмөндөйт (45%). Тондун төмөндөшү, негизинен, басымдуу муундун аягында байкалат. Тон басымдуу муундун алдында жогорулай баштайт, айрым учурда басымдуу муундун алдындагы муундардын тон бийиктиги бирдей болот. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын эң жогорку чегинин аралыгы 2 жарым тонду түзөт. Негизги тондун жалпы контуру бир азга жогорулап-төмөндөйт (60%) же төмөндөйт (40%). Тон басымдуу муундан кийин төмөндөйт. Тондун басаңдашы бирдей абалда, аралыгы кичине, созулушу көбүрөөк. Башка маанилик оттенкаларга караганда, жалбаруу маанисинде айтылган айтымдар бир эсеге созулуп айтылат.

Жалбаруу маанисинде айтылган айтымдардын негизги физикалык касиеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1. Негизги тондун жыштыгынын жалпы контуру бир азга жогорулап-төмөндөйт;

2. Айтылыш тону жапыс;

3. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы 3 жарым тон;

4. Экинчи топко кирген айтымдардын оттенокторуна караганда, жалбаруу маанисинде айтылган айтымдардын бардык муундары созулуңку айтылат.

Үчүнчү топко шарттуу түрдө кеңеш берүү, колдонмо, эскертүү, сактантуу, сунуш жана каалоо маанисинде айтылган айтымдарды кошконбуз.

Кеңеш берүү маанисинде айтылган айтымдарга мүнөздүү көрүнүш-тондун айтылышы орто. Жыштык диапазонунун салыштырма термелиши 1 жарым тондон 8 жарым тонго чейин. Басымдуу муундардын жыштык диапазону кенен, ал эми басымсыз муундардыкы орточо. Басымдуу муундардын алдындагы муундардагы тон кыймылы көбүнчө тегиз (55,5%). Басымдуу муундагы тон кыймылы жогору (61%). Басымдуу жана басымсыз муундардын негизги тонунун жыштыгынын максималдуу аралыгы 3 жарым тонду түзөт. Фразанын башталышына караганда, бүткөндөгү тону бийик айтылат. Негизги тондун жалпы контуру тегиз, көтөрүңкү (60,1%) айтылат.

Кеңеш берүү маанисинде айтылган айтымдардын созулушу башка маанилик түрлөргө караганда өзгөчөлөнүп турат. Кеңеш берүү маанисинде айтылган айтымдардагы басымсыз жана басымдуу муундар бирдей созулгандыгын көрөбүз.

Кеңеш берүү маанисинде айтылган айтымдарга мүнөздүү физикалык кубулуш:

1. Негизги тондун жалпы контуру - тегиз-көтөрүңкү айтылат;

2. Айтылыш тону жапыз;

3. Муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын аралыгы 3 жарым тонду түзөт;

4. Басымдуу жана басымсыз муундардын созулушу бирдей.

Колдонмо түрүндө айтылган айтымдардын тону физикалык касиети жагынан жалбаруу маанисинде айтылган айтымдарга жакын. Басымдуу муундун алдында тон бир калыпта айтылат.

Фразадагы жыштык диапазондор 0,8 жарым тондон 10 жарым тонго чейин термелет, бирок, орточо термелиши 4 жарым тонду түзөт. Басымсыз муундарга караганда басымдуу муундардын жыштык диапазону кенен. Негизги тондун кыймылы кеңеш берүү маанисинен анча айырмаланбайт. Басымдуу муундун алдында тегиз (54,2%), басымдуу муунда тон бир азга жогорулайт (64%). Басымдуу муунда тон бийиктейт. Басымсыз жана басымдуу муундардын негизги тонунун жыштыгынын максималдуу жыштыктарынын аралыгы 3 жарым тонду түзөт. Негизги тондун жалпы контуру тегиз - бир азга жогору (66,2%). Тон акырындап жогорулайт, созулушу көбүрөөк. Жалпысынан алганда, колдонмонун физикалык касиети кеңеш берүүнүн физикалык касиетинен анча айырмаланбайт.

Эскертүү маанисинде айтылган айтымдардын айтылыш тону орто же жапыс. Жыштык диапазону 0,5 жарым тондон 9 жарым тонго чейин термелет. Басымдуу муундарга караганда басымсыз муундардын жыштык диапазону бир азга кенен. Басымдуу муундун алдындагы тон кыймылы тегиз (57,8%), басым түшкөн муунда бир азга төмөндөйт (69,2%). Тондун эң бийик көтөрүлүшү басымдуу муундун алдында болот. Тондун көтөрүлүшү көбүнчө эскертүүнүн кандай контексте айтылгандыгына жараша болот. Басымсыз жана басымдуу муундардагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгынын жыштыгы 1,79 жарым тонду түзөт. Тондун төмөндөшү басымдуу муундун алдында башталат. Фразанын башталышына караганда бүтүшүндөгү тон жапыз. Негизги тондун жалпы контуру тегиз-төмөн (68,8%). Тон бир калыпта төмөндөйт. Эскертүү маанисинде айтылган айтымдардагы муундардын созулушу ар түрдүү: басымдуу муундарга караганда, басымсыз муундардын созулушу көбүрөөк.

Эскертүү маанисинин негизги физикалык касиеттерине төмөнкүлөр кирет:

1. Негизги тондун жалпы контуру тегиз - бир азга төмөндөйт;

2. Айтылыш тону орто, жапыз;

3. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы 2,5 жарым тон;

4. Муундардын созулушу кыска.

Кайсы бир кырсыктан сактантуу иретинде айтылган айтымдардын айтылыш тону орточо. Фразанын жыштык диапазону 1 жарым тондон 7 жарым тонго чейин термелет. Басымдуу муундун алдындагы муундардагы негизги тондун кыймылынын өзгөрүшү тегиз (77,2%), басымдуу муунда бир азга төмөндөйт (78%). Тон басымдуу муундун алдындагы муунда эң жогору бийиктейт, басымдуу жана басымсыз муундардын тон бийиктиги көбүнчө бирдей болот. Басымсыз жана басымдуу муундардын негизги тонунун жыштыгынын максималдуу жыштык аралыгы 2 жарым тон. Фразанын бүтүшүндөгү тон башталышына караганда жапыз. Негизги тондун жалпы контуру бир азга төмөн (69,2%). Тондун төмөндөшү басымдуу муундун алдында башталат. Тон акырындап, тез төмөндөйт. Сактантуу иретинде айтылган айтымдардын созулушу эскертүү маанисинде айтылган айтымдардын созулушунан анча айырмаланбайт. Буйруктун бул түрүнүн интонациясын эскертүү маанисинин интонациясы деп эсептөөгө толук негиз бар.

Сунуш иретинде айтылган айтымдардын айтылыш тону, негизинен, орто. Жыштык диапазондор 0,8 жарым тондон 7,2 жарым тонго чейин термелет, орточо термелиши 3,2 жарым тонду түзөт. Басымдуу муундарга караганда, басымсыз муундардын жыштык диапазондору кенен. Басым түшкөн муундун алдындагы негизги тондун жыштыгынын кыймыл өзгөрүшү тегиз (78,9%), басымдуу муунда төмөндөйт (78,9%). Тон басымдуу муундун алдында көтөрүлө баштайт. Басымсыз жана басымдуу муундардын негизги тонунун жыштыгынын максималдуу жыштык аралыгы 1,8 жарым тонду түзөт. Тон басымдуу муундан кийин төмөндөй баштайт. Тондун башталышына караганда, бүтүшү жапыз. Негизги тондун жалпы контуру тегиз (60%), фразанын аягында төмөндөйт (42,3%). Басымсыз муундарга караганда, басымдуу муундардын созулушу көбүрөөк.

Сунуш маанисинде айтылган айтымдардын негизги физикалык касиетине:

1. Негизги тондун жалпы контуру тегиз-төмөн;

2. Айтылыш тону орточо;

3. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы 1,8 жарым тон;

4. Басымсыз жана басымдуу муундардын созулушунда айырмачылык бар экендигин көрсөтүүгө болот.

Каалоо маанисинде айтылган айтымдардын тону жапыз. Фразадагы жыштык диапазонунун орточо термелиши 5 жарым тонду түзөт. Басымдуу муундун алдындагы муундун жыштык диапазону басым түшкөн муунга караганда, 2 жарым тон кенен. Басымдуу муундун алдындагы муундардагы негизги тондун кыймылынын өзгөрүшү бир азга жогору (47,97%), же жогорулап-тегиздейт (30,1%). Басым түшкөн муундардагы негизги тондун кыймылынын өзгөрүшү төмөндөйт (48,97%). Басымсыз муундарга караганда, басымдуу муундардын тону төмөн. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы 2 жарым тон. Тондун төмөндөшү басымдуу муундун ортосунан башталат. Негизги тондун жалпы контуру бир азга көтөрүлүп, тез төмөндөйт. Үчүнчү топко кирген айтымдын башка түрлөрүнө караганда, каалоо иретинде айтылган айтымдарда муундардын созулушу көбүрөөк. Басымдуу муундар басымсыз муундарга караганда, 1 эсеге көбүрөөк созулат.

Негизги физикалык касиетине төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

1. Негизги тондун жалпы контуру бир аз жогорулап-төмөндөйт;

2. Айтылыш тону жапыз;

3. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу орточо аралыгы 2 жарым тон;

4. Бардык муундар көбүрөөк созулат.

Төртүнчү топту шарттуу түрдө чакырык тобу деп атап, айтымдын төмөнкүдөй модалдык түрлөрүн киргизгенбиз: чакырык, уруксат берүү, киргизүү, макулдук, чакыруу; Бул топко кирген түрлөргө бийик тон мүнөздүү. Фразадагы жыштык диапазону 2 жарым тондон 15 жарым тонго чейин термелет. Басымдуу муундарга караганда, басымсыз муундардагы жыштык диапазону кенен.

Чакырык маанисинде айтылган айтымдардагы негизги тондун кыймылы басымдуу муундун алдындагы муундарда жогорулайт (78,6%), басымдуу муунда - төмөндөйт (56,2%). Тон, негизинен, басымдуу муундун алдында жогорулайт. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы 5 жарым тон. Тондун төмөндөшү басымдуу муундун алдында башталат. Негизги тондун жалпы контуру жогорулап-төмөндөйт. Басымсыз муундарга караганда басымдуу муундардын созулушу көбүрөөк.

Чакырык маанисинде айтылган айтымдардын негизги физикалык касиети болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1. Негизги тондун жалпы контуру жогору-төмөн;
2. Айтымдын тону бийик;
3. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы 5 жарым тон;
4. Басымдуу муундар басымсыз муундарга караганда, көбүрөөк созулат, муундардын салыштырма созулушу кыска.

Чакыруу маанисинде айтылган айтымдарга орточо тон мүнөздүү. Фразанын орточо жыштык диапазону 1 жарым тондон 7 жарым тонго чейин термелет. Басымдуу муундун башталышына караганда, басымсыз муундун башталышынын жыштык диапазону кенен. Негизги тондун кыймылынын өзгөрүшү басымдуу муундун алдында бир азга көтөрүлөт (70%), басымдуу муундарда төмөндөйт (74,4%). Тон басымдуу муунда бийиктейт. Муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы 1 жарым тон. Негизги тондун жалпы контуру жогорулап-төмөндөйт (66,3%). Тондун төмөндөшү басымдуу муундун аягынан башталат. Басымдуу муундар басымсыз муундарга караганда 0,8 эсеге көбүрөөк созулат.

Негизги физикалык касиеттерине төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

1. Негизги тондун жалпы контуру жогору-төмөн;
2. Айтылыш тону орто;
3. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу орточо аралыгы 1 жарым тон;

4. Муундардын созулушу ар түрдүү.

Уруксат берүү маанисинде айтылган айтымдар орточо тондо айтылат. Фразанын жыштык диапазону 1 жарым тондон 10 жарым тонго чейин термелет. Негизги тондун кыймылынын өзгөрүшү басымдуу муундун алдында жогорулайт (66,2%), басымдуу муундарда төмөндөйт (59%). Тондун бийиктеши басымдуу муундун алдында болот. Муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу орточо аралыгы 2 жарым тон. Тондун төмөндөшү басымдуу муундун башталышында башталат. Фразанын башталышына караганда, бүткөн тону өтө төмөн. Негизги тондун жалпы контуру өтө жогорулайт да, тез төмөндөйт (58,6%). Басымдуу муундун алдында тон бирдей жогорулайт, басымдуу муундун аягында тез төмөндөйт; Басымдуу муундар ачык болсо, басымсыз муундарга караганда, көбүрөөк созулат. Жалпысынан алганда, уруксат берүү маанисинде айтылган айтымдардын негизги физикалык касиети чакыруу маанисинин физикалык касиеттерине жакын.

Киргизүү маанисинде айтылган айтымдардын интонациялык компоненттери уруксат берүүгө жакын. Фразалардын жыштык диапазонунун орточо термелиши 1 жарым тондон 12 жарым тонго чейин созулат. Басымсыз муундардагы тондун өзгөрүшүнүн кыймылы бирдей жогорулайт (49,9%), басымдуу муундардагы тондун кыймылынын өзгөрүшү бирдей төмөндөйт (55%). Муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу орточо аралыгы уруксат берүү маанисиндей 2 жарым тон. Негизги тондун жалпы контуру бирдей жогорулап, бирдей төмөндөйт. Тондун жогорулашы жана төмөндөшү уруксат берүүнүн тонун элестетет. Демек, киргизүү маанисинде айтылган айтымдардын интонациясы уруксат берүүнүн интонациясынын варианты болуп эсептелет.

Макул болуу маанисинде айтылган айтымдар жапыз тондо айтылат. Фразадагы жыштык диапазондор 0,4 жарым тондон 4 жарым тонго чейин термелет. Басымсыз муундарга караганда, басымдуу муундардын, жыштык диапазону кенен. Негизги тондун кыймылынын өзгөрүшү басымдуу муундун алдында бирдей жогорулап (58,2%), басымдуу муунда бирдей төмөндөйт (68%). Басымдуу муундан тон бийиктейт да, кайра тез төмөндөйт. Айрым учурда басымсыз жана басымдуу муундардын тон

бийиктиги бирдей болот. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу орточо аралыгы 1 жарым тон. Басымсыз муундардын башталышына караганда, бүткөндөгү тону бийик. Негизги тондун жалпы контуру бирдей жогорулап, тегиз болуп кетет (75%). Тон бир калыпта көтөрүлөт. Тондун мындай тегиз көтөрүлүп, басаңдашы башка интонациялык түрлөрдөн айырмаланып турат. Басымсыз жана басымдуу муундардын созулушу бирдей. Айырмачылык анча байкалбайт.

Макул болуу маанисинде айтылган айтымдарга тиешелүү физикалык касиеттерге төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот.

1. Негизги тондун жалпы контуру бирдей жогорулап, тегиз болуп кетет;

2. Айтылыш тону жапыз;

3. Муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу орточо аралыгы 1 жарым тон;

4. Басымдуу жана басымсыз муундардын созулушу бирдей.

Жыйынтыктап айтканда, буйрук айтымдын маанилик айтылыш түрлөрүнүн физикалык касиеттери ар түрдүү, бирок негизги тондун кыймылынын өзгөрүшү жагынан, тондун бийиктеши жана төмөндөшү боюнча аныктоотар арбын. Биринчи маанилик топко кирген буйрук айтымдын түрлөрү жыштык диапазону жагынан дал келбейт. Негизги тондун жыштыгынын диапазону басымдуу муундун тон жыштыгына байланыштуу. Ошондой эле негизги тондун жыштыгы муундардын созулушуна байланыштуу, канчалык муун көбүрөөк созулса, негизги тондун диапазону кенен болот. Басымсыз муундардын жыштык диапазонуна караганда, басымдуу муундардын жыштык диапазону кенен. Айтымдардын созулушу муундардын созулушуна байланыштуу.

Экинчи топко кирген буйрук айтымдын түрлөрү: сураныч, кечирим суроо, макул болуу, тынчытуу, көндүрүү жана жалбаруунун негизги тонунун жалпы контуру жогорулап-төмөндөйт, айрым учурларда бирдей айтылып, төмөндөп кетет. Тон басымдуу муундун алдында бийиктейт. Басымсыз жана басымдуу муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы көбүнчө 2 жарым тон. Сураныч, кечирим суроо, макул болуу жана жалбаруу

маанисинде айтылган айтымдардын негизги тонунун жыштыгы басымдуу муунда көтөрүлүп, фразанын аягына чейин бирдей төмөндөйт. Экинчи топко кирген айтымдардын жыштык диапазону 0,5 жарым тондон 10 жарым тонго чейин термелет. Биринчи топко кирген айтымдардын созулушуна караганда, экинчи топко кирген айтымдардын созулушу көбүрөөк.

Үчүнчү топко кирген буйрук айтымдын маанилик түрлөрү: кеңеш берүү, колдонмо, эскертүү, сактантуу, сунуш жана каалоонун негизги тонунун кыймыл контуру тегиз болуп, төмөндөп кетет. Муундардын ортосундагы негизги тондун жыштыгынын максималдуу аралыгы: басымсыз муундарда 2 жарым тонду, басымдуу муундарда 1,5 жарым тондон 5 жарым тонду түзөт. Үчүнчү топко кирген буйрук айтымдардын жыштык диапазону 1 жарым тондон 10 жарым тонго чейин термелет.

Төртүнчү топко кирген буйрук айтымдын маанилик түрлөрүнүн негизги тонунун жалпы контуру жогорулап, кайра тегиз болуп төмөндөйт. Айтымдардын айтылыш тону орто, айрым учурда жапыз. Жыштык диапазондору басымсыз муундарда орточо 2 жарым тонду, басымдуу муундарда 1-1,5 жарым тонду түзөт. Муундардын созулушу бирдей. Аудиторлор байкаган белгилер менен физикалык касиеттер, негизинен, дал келет.

Демек, кыргыз тилиндеги буйрук айтымдын интонациясы тилдеги лексика-грамматикалык каражаттар менен катар көбүнчө контекстке жана сүйлөөчү кайрылып жаткан кырдаалга байланыштуу болот. Кыргыз эли сөз менен кошо кептин интонациясына өтө чоң маани беришкен. Бир эле айтым интонация аркылуу бир нече маани берген. Атүгүл интонация аркылуу адамдын айтар оюн аныктап турушкан. Ушул көз караштан алып караганда, кыргыз оозеки кебинин синтаксисин изилдөө алдыдагы актуалдуу маселелерден болуп калууда.

## КОРУТУНДУ

Кыргыз тил таануу илимине жана анын теориялык маселелерине өткөн кылымдын 30-жылдары И.Арабаев, К.Тыныстанов, И.А.Батманов, Бакеев, К.Бактыбаев, З.Бектенов, Идрисов, К.К.Юдахин сыяктуу тилчи-окумуштуулар, методист-мугалимдер чыйыр салышса да, олуттуу илимий изилдөөлөр, негизинен, 50-60-жылдардан кийин башталып, Б.М.Юнусалиев, К.Карасаев, Ж.Шүкүров, К.Сартбаев, Б.Үмөталиева, А.Жапаров, М.Мураталиев, Б.Ө.Оруэбаева, А.Турсунов, С.Кудайбергенов, Т.К.Ахматов, Э.Абдулдаев, Г.Бакинова, Ж.Бейшекеев, А.Иманов, К.Чоңбашев, С.Сыдыков, Ж.Осмонова, Ш.Жапаров, Ж.Мамытов, 70-90-жылдарда Б.Тойчубекова, А.Орусбаев, Ж.К.Сыдыков, Б.Усубалиев, Т.Садыков, А.Осмонкулов, Б.Өмүралиев, С.Өмүралиева, К.Зулпукаров, С.Абдуллаев, С.Ж.Мусаев, З.Дербишева, Т.Ашырбаев, С.Ибраимов, К.Саматов өңдүү тилчи-окумуштууларыбыз чоң үлүш кошушкандыгы эч талашсыз.

Кыргыз тилинин теориялык проблемалары боюнча жүздөгөн илимий изилдөөлөрдүн жарык көрүшү бул мезгилде, жалпысынан, совет тил илимине өнүгүшү менен өтө тыгыз байланышта болуп, өлкөдө жүргүзүлүп жаткан славян, роман, герман, финугор, монгол, түрк тилдериндеги изилдөөлөргө таянуу менен жүзөгө ашырылгандыгы да белгилүү.Бул мезгилдерде орус тили Мещанинов, Виноградов, Поливанов, Сухотин, Шведова, Ярцева, Степанов, Ревзин, Иванов, Ковтунова, Валгина, Солнцев, Золотова ж.б. көптөгөн окумуштуулардын эмгектери менен дүйнөлүк бийиктикке көтөрүлүп, өз кезегинде тилдик башка топторго зор таасирин тийгизип тургандыгы анык.

Советтик түркология, анын ичинде тил илими ошол мезгилдерде теориялык өтө бийиктикке жетишкендиги да көз жаздымда калбоого тийиш. Революцияга чейинки В.А.Богороди-

цкий, Л.З.Будагов, О.Н.Бетлингх, И.Н.Березин, Н.И.Ильминский, Ф.Е.Корш, В.В.Радлов, М.М.Казем-Бек, А.Байтурсунов, П.М.Мелиоранский, Н.Ф.Катанов сыяктуу залкар окумуштуулардын жолун жолдошуп, славян, роман-герман тил таануу илимдеринин теориялык маселелери менен куралданган түркологдор миңдеген изилдөөлөрдү жүргүзүп, өзүнчө чоң мектеп түзүүгө жетишкен. Алардын алдыңкы катарына С.Е.Малов, Н.К.Дмитриев, Н.А.Кононов, Н.А.Баскаков, А.Н.Самойлович, Э.В.Севортян, Н.З.Гаджиева, Э.Р.Тенишев, Б.А.Серебренников, Ф.Г.Исхаков, Е.И.Убрятова, М.Ш.Ширалиев, С.К.Кенесбаев, Н.П.Дыренкова, Н.А.Щербак, С.А.Аманжолов, М.Закиев, Н.А.Ашмарин, А.А.Юлдашев, Н.Т.Сауранбаев, К.М.Мусаев, Г.Абдурахманов, Г.С.Садвакасов ж.б. жүздөгөн түркологдордун эмгектери кыргыз тил таануу илиминин өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген.

Башка тилдик топтордогудай эле, конкреттүү түрк тилдеринин алкагында өзгөчө 50-80-жылдары тилдик тармактар боюнча өзөктүү эмгектердин жарык көрүшү тилчи-окумуштуулардын зор эмгегинин натыйжасы экендиги талашсыз. Бул жагынан байыркы түрк жазма эстеликтери боюнча С.Е.Малов, И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, С.Аманжолов, Ч.Жумагуловдун, фонетика багыты боюнча Н.К.Дмитриев, А.П.Поцелуевский, Э.В.Севортян, В.В.Решетов, Т.К.Ахматовдун, лексика тармагы боюнча Б.М.Юнусалиев, К.М.Мусаев, А.К.Боровков, Н.И.Ашмарин, М.Курмангалиев, С.Курышжанов, Т.Кордабаев, Э.В.Севортян, Э.Р.Тенишев, Н.А.Баскаковдун, диалектология өңүтү боюнча М.Ш.Ширалиев, К.К.Юдахин, Ф.Зейналов, М.Ч.Чумакаева, Ж.Кийикбаев, З.Ураксин, К.Жубанов, С.Кенесбаев, Ш.Ш.Сарыбаев, С.Насыров, С.Ибрагимов, А.Гулямов, Б.Чарыяров, Д.Т.Тумашева, Ш.С.Айляров, Н.Г.Доможаков, Н.П.Дыренкова, Л.Н.Харитоновдун, морфология боюнча: К.М.Мусаев, Н.А.Баскаков, А.Н.Кононов, Ф.Г.Исхаков, А.А.Пальмбах,

С.Кудайбергенов, Э.В.Севортян, Б.О.Орузбаева, М.Томанов, Ф.Р.Зейналов, Н.З.Гаджиеванын, синтаксис тармагы боюнча Н.К.Дмитриев, Е.Н.Убрятова, М.Закиев, Н.З.Гаджиева, А.Жапаров, И.Х.Ахматов, У.Б.Алиев, М.Б.Балакаев, Г.Абдурахманов, С.Н.Абдуллаев, Б.Т.Тойчубекова, С.Ж.Мусаевдин фундаменталдуу изилдөөлөрү аткарылды.

Тилдин жеке тармактарын конкреттүү тилдердин мисалында жалпылап изилдөө жүргүзүү биздин ишибиздин да негизги өзөгүн түзүп турат. Тактап айтканда, Б.М.Юнусалиев, Е.И.Убрятова, А.Жапар, Т.К.Ахматов, К.Мусаев ж.б.лардын фонетика, лексикология жана синтаксис тармактарындагы эмгектерге шайкеш кыргыз тилинин фонологиялык системасы менен интонациялык түзүлүшүн эксперименттик изилдөөлөрдүн жардамы менен теориялык жактан тактап сыпаттоо жагы жүзөгө ашырылды. Биздин алдыбызга экспериментке чейин тил жана кеп проблемасын ажырымдап, аны тарыхый жактан жана бүгүнкү күндөгү теориялык жетишкендиктер менен бекемдөө чаралары да колго алынды.

Азыркы кезде тил таануу илиминде тил коомдук байланыштын куралы катары, ал эми кеп жеке адамдын тили катары каралып жүргөндүгү белгилүү. Тилдин жана кептин хронологиялык диалектикасында үч этапты өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот: питекантроптор - шыбышчыл жана мурунчул тыбыштардын сакталып турушу, сөздөр заттарды, предметтерди белгилөөдө колдонулуучу каражат катары каралып, айрым учурда гана ал сөздөр сүйлөм катары колдонулуп калат, мындай учурда диалогдук кеп келип чыгат; неандертольцтер - азыркы кептик, тыбыштардын пайда болушундагы артикуляция, айрым үндүүлөрдүн айтылышында кездешкен тоскоолдуктар, телеграфтык стиль аталган эң жөнөкөй грамматиканы жана синтаксисти өздөштүрүү, башкача айтканда, мындай учурда монологдук кеп келип чыккан; үчүнчү этабы - азыркы адамдардын кеп агымын толук өздөштүрүшү, тилдин

структуралык категорияларынын өнүгүп турушу, бүгүнкү күндөгү уланып жаткан лексиканын кеңейүү мүмкүнчүлүктөрү. Демек, тил адамдарды бири-бири менен байланыштырып туруучу коомдук курал болсо, кеп тилдик каражаттардын практикада колдонулушу. Бул практикалык маселенин жүзөгө ашырылыш проблемасынын теориялык жоболору коммуникативдик синтаксистин жаралышына алып келди. Коммуникативдик синтаксистин жаралышы, тактап айтканда, тил менен кептин өз ара ажырымдалышы лингвистикада бири-биринен айырмаланган “сүйлөм” жана “айтым” деген түшүнүктөрдү жаратты. Кыргыз тил таануу илиминде “сүйлөм” деген түшүнүк теориялык жактан толук чечмеленип берилсе, “айтым” деген термин колдонулбай дагы, изилденбей дагы келген. Айтым бул добуштуу айтылган сүйлөмдү билдирет жана анын теориясы сүйлөмдүн интонациялык жактан айтылышына негизделет. Айтым тил бирдигине жатпайт, ал кеп бирдиги. Айтым айтылганда тил каражаттарынын дээрлик бардыгы колдонулат, тактап айтканда, тыбыш, сөз, сөз айкашы, сүйлөм, интонациялык бирдиктер. Айтым деп тил нормасына жооп берген, тил каражаттары аркылуу багытталып айтылган, кандайдыр бир маанилик касиетке ээ болгон кеп кесиндисин айтабыз. Айтымдын табиятын терең изилдөө үчүн тыбыштардан тартып, интонацияга чейин ар тараптуу изилдөө талап кылынат. Айтымдын коммуникативдик синтаксистеги алган орду, маанилик түрү жөнүндө ушул кезге чейин кыргыз тил таануу илиминде атайын сөз болуп, изилдөө жүргүзүлгөн эмес. “Айтым” деген түшүнүктүн жана терминдин жаралышы коммуникативдик-маанилик синтаксистин негизин түзүп, интонацияны терең изилдөөгө шарт түзгөндүгүн баса белгилөөгө болот. Кыргыз тилинин интонациясынын терең изилденбегендигинин натыйжасында “айтым” бүгүнкү күнгө чейин “сүйлөм” катары түшүндүрүлүп келген. Биз бул эки түшүнүктү лингвистикалык жактан ажыратып эки башка

лингвистикалык түшүнүк катары колдонуу керектигин далилдөөгө аракет кылдык.

Кыргыз тилинин синтаксис тармагында айтымдар жай, суроолуу, буйрук жана илептүү сүйлөм (айтым) катары бөлүнүп жүрөт. Бирок бул айтымдар семантикалык-маанилик жактан терең изилдөөгө алынган эмес. Анткени, сүйлөмдүн айтылыш максаты жагынан бөлүнүшү кептик көрүнүш, алар айтымдын негизги өзгөчөлүгүн чагылдырып турат. Сүйлөмдү актуалдык жактан бөлүштүрүүдө да айтымдын маанилик бөлүнүшүн, айтымдын экспрессивдик өзгөчөлүктөрүн терең изилдебей коюу мүмкүн эмес. Кыргыз тилиндеги айтымдар эмоционалдык жактан ар түрдүү кырдаалда колдонулат, демек, алардын маанилик бөлүнүшү да түрдүүчө. Айтымдарды маанилик жактан анализ кылууда анын мазмуну, мааниси, кырдаал, айтуучунун психологиялык абалы жана экстралингвистикалык факторлор эске алынышы керек. Ушул жагдайда жай, суроолуу, буйрук жана илептүү айтымдардын маанилик түрлөрү лексико-грамматикалык, функционалдык жана интонациялык жактан изилдөөгө алынып, семантикалык топторго бөлүштүрүүнү талап кылат. Айтымдын айрымдары сүйлөмгө эч бир дал келбей калган жагдайлары да кездешет. Бул анын интонациялык жагдайлары менен тикеден-тике байланышкан. Кадыресе бардык эле интонациялык бүткөндүктөгү айтымдар сүйлөм боло албагандыгы да, анын кепке тиешелүүлүгүн ачык далилдеп турат. Алсак обочолонгон, парцелляцияланган, сегменттелген синтаксистик конструкциялар интонациялык жактан аякталып турганы менен сүйлөмдүк касиетти билдире албайт, предикативдүүлүк белгисине ээ эмес. Бирок, алар айтымдын бир бөлүгү катары маанилик чынжырды, асыресе, жалпы айтым бирдигинде сактап турат. Мисалы, байланыштуу кепте, же тексте, өзгөчө жазуу кебинде мындай мисалдар кездешет: Жазгы нөшөрдө. Бишкектин ажайып көчөлөрүнүн биринде. Футбол сезону.

Айтым теориясында мындай мисалдар «фраза» түшүнүгү менен байланыштуу чечилет. Анткени, кептик синтаксистин өзгөчөлүктөрү болгон парцелляциялык жана сегменттелген конструкциялардын өзгөчөлүктөрүндө айтым – бул мындай конструкциялардын жалпы мазмунун чагылдыруучу бирдик. Жогорудагы фразанын толук мазмундук варианты төмөнкүдөй: Ал экөө колтукташып, сүйүүгө суктанып бара жатышты. Жазгы нөшөрдө. Бишкектин ажайып көчөлөрүнүн биринде (Аалам). Футбол сезону. Ага күйөрмандар эбак даяр (Заман). Демек, интонация синтаксистик теорияларда белгиленгендей, тек гана сүйлөмдүн негизги белгилеринин бири эмес, кептик айтылыштын, тактап айтканда, айтымдын да негизги белгиси катары кызмат кылат да, жалпы мазмундук деңгээлде бириктирип, айтымды түзүп турат. Мындай жагдайды биз, атама сүйлөм деп сыпатталып жүргөн тилдик бирдиктин түзүлүшүнөн да даана байкайбыз. Бул да айтымдын лингвостилистикалык жана коммуникативдик функциясынан белгилүү болуп, анын тилдик эмес, кептик деңгээлде каралышын талап кылат. Сүйлөмдү бүгүнкү күндөгү синтаксистин өнүгүш деңгээлинде каралыш маселесине кайрылып, анын структуралык-семантикалык жана трансформациялык каралышы жана ага коммуникативдик функционалдык аспектини карама-каршы коюп, анын кептик айтылышта берилишиндеги өзгөчөлүктөрүн карама-каршы коюп, кыскача экскурс жасоого аракет кылдык. Биринчисинде, сүйлөмдү моделдештирүү, вариациялоо, модификациялоо, структуралык кеңейтүү жана кысуу, перифразалоо, контаминация, конверсия, трансформация маселелерине байланыштуу чечилсе, экинчиси – тил жана кеп проблемасынын ажырымдалуусун талап кылып, пикир алышуу деңгээлиндеги синтаксистин кептик проблемасын калыптандыруудагы тилдик тармактын маселелерине арналат. Коммуникативдик-функционалдык синтаксис бул жагдайда актуалдуу бөлүнүү проблемасына карата жыйынтыкталган. Ар бир маанилик бирдик лексика-

грамматикалык анализге алынып, түрк тилдеринин интонациясы үчүн лексика-грамматикалык каражаттар орчундуу милдетти аткарат, тактап айтканда, лексикалык жана грамматикалык каражаттар тиги, же бул интонацияны айтууда, айтымдын маанисин аныктоодо негизги аныктагычтын бири болуп саналат.

Интонация - тилдин суперсегменттик бирдигине кирет жана ал татаал кубулуш. Кеп интонация аркылуу айтымга айланат. Интонация тилдин структурасында өзгөчө орунду ээлеп, ар кандай функцияга бөлүнөт. Интонациянын биринчи функциясы - сөздү, сөз тизмегин, сүйлөмдү фразага, айтымга айландырат; экинчи функциясы -айтымдын айтылышы боюнча мүнөзүн аныктайт; үчүнчү функциясы -айтымдын түрлөрүн, модалдуулугун аныктайт. Интонациянын функциясын аныктоодо анын курамдык бөлүгү, интонациянын компоненттери чоң мааниге ээ. Алар бири-бири менен тыгыз байланышкан, карым-катнашта турган татаал механизм.

Кыргыз тилинин интонациялык түзүлүшүн изилдөөдө интонациянын компоненттеринин ичинен төмөнкү элементтерге өзгөчө көңүл буруу зарыл: интенсивдүү элементтер: интонациялык тыным; интенсивдүүлүк; логикалык басым; жыштык элементтер: үн ыргагы; диапазон бийиктиги; темпоралдык элементтер: интонациялык темп; созулуш; спектралдык элемент: интонациялык тембр. Булардын ичинен алты компонент интонациянын негизги өзөгүн түзүп турат: үн ыргагы, басым, темп, үндүн күчү, тыным жана тембр.

Кеп агымында тыбыштар “чынжырлашып” айтылат. “Чынжырлашуу” учурунда тыбыштар артикуляциялык жактан да, акустикалык жактан да бири-бирине таасирин тийгизбей койбойт. Демек, тыбыштардын айтылуу касиети кеп интонациясына өз таасирин тийгизет. Тилдин сегменттик жана суперсегменттик бирдиктерин бири-биринен обочолонтуп кароого мүмкүн эмес. Кыргыз тилинин кеп интонациясын изилдөөдө кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүнүн

артикуляциялык, акустикалык касиеттерине, функционалдык сапаттарына анализ берилип, өзгөчөлүктөрү айкындалды.

Кыргыз тилиндеги үндүүлөрдүн созулушу бул жалаң эле убакыт жагынан созулуш эмес, сөздөрдү маанилик жактан ажыратуучу сапаттык касиет да болуп саналат. Созулма жана кыска үндүүлөр ар бири өз өзүнчө фонема болуу менен, сөздөрдүн маанисин өзгөртүп турушу, интонациянын элементтерине түздөн түз таасирин тийгизет. Дегеле кыргыз тилинин интонациясын изилдөөдө суперсегменттик бирдиктерди сегменттик бирдиктерден бөлүп кароо мүмкүн эмес. Кыргыз тилинин кеп интонациясына үндөшүү законунун тийгизген таасири, ролу өтө чоң.

Кыргыз тилиндеги айтымдын маанилик түрлөрү: жай, суроолуу, буйрук жана илептүү айтымдардын семантикалык-маанилик бөлүнүштөрүнө функционалдык анализ жасалып, интонациялык маанилери көрсөтүлдү. Айтымдын бул түрлөрүн изилдөөдө интонациянын төмөнкү элементтери изилденди: 1. негизги тондун жыштыгынын кыймылынын багыты; 2. фразадагы негизги тондун кыймылынын багыты; 3. басымсыз жана басымдуу муундагы негизги тондун кыймылы; 4. айтылган фразадагы басымсыз жана басымдуу муундун диапазон жыштыгы; 5. жыштык деңгээлдери: фразанын максималдуу жана минималдуу жыштыгынын деңгээли; 6. жыштык аралыгы: а) басым түшкөн жана басым түшпөгөн муундун алдындагы муундардын негизги тонунун жыштыгынын аралыгы; б) басым түшкөн жана андан кийинки муундун негизги тонунун жыштыгынын аралыгы; 7. интенсивдүүлүк; 8. айтымдын созулушу.

Акустикалык анализдин негизги максаты - тилдин интонациялык түзүлүшүнө физикалык кубулуштардын тийгизген таасирин аныктап берип, ошондой эле ал кубулуштардын карым-катнашын ар тараптуу изилдөө болуп саналат.Кыргыз тилиндеги айтымдын айтылыш максаттарынын маанилик бөлүнүшүнүн

интонациясынын акустикалык параметрлери көбүнчө тилдин лексика-грамматикалык каражаттарына жана контекстке, кырдаалга жараша болот.

Жай айтымдар кептик кырдаалда функционалдык-маанилик жактан үч чоң топту түзүп турат: 1. Сүрөттөө, баяндоо, кабарлоо; 2. Ырастоо, бекемдөө, тануу, төгүндөө; 3. Каалоо, болжолдоо, ниеттенүү.

Суроолуу айтымдардын да функционалдык маанилик үч чоң тобу белгилүү: 1. Кошумча суроо, кайталап суроо, тике суроо; 2. Анык суроо, формалдуу суроо, риторикалык суроо, альтернативдүү суроо; 3. Таң калуучу суроо, күмөндөр суроо, ырастап суроо, түрткү болуучу суроо, божомол суроо; Илептүү айтымдар коммуникативдик аспектиде 4 чоң топту түзөөрү белгиленет: 1. Чакырык (ураан, кайрылуу, кыйкыруу); 2. Өкүнүү (кайгыруу, таңдануу, толкунданууу); 3. Жек көрүү (сөгүү, коркуу, чочуу); 4. Сүйүнүү (жалынуу, жалбаруу, эркелетүү).

Буйрук айтымдар 4 өзгөчөлүктө калыптанат: 1. Буйрук тобу (буйрук, тыюу, талап кылуу, көрсөтмө, опуза, ачуу, команда, кыйкырык); 2. Өтүнүч тобу (сураныч, кечирим суроо, макул болуу, тынчтануу, көндүрүү, жалбаруу); 3. Кеңеш тобу (кеңеш берүү, колдонмо, эскертүү, сактык, сунуш, каалоо); 4. Чакырык тобу (чакырык, уруксат берүү, киргизүү, макулдук, чакыруу).

Иште айтымдын түрлөрүнүн ар бир конкреттүү топчосунун интонациялык, маанилик параметрлери факты-материалдар менен далилденет. Тил таануу илиминдеги интонация түшүнүгүнүн калыптануу жана өнүгүш проблемалары изилдөөгө алынып, анын түрк тилдеринде жана кыргыз тилинде изилдениш маселесине кеңири талдоо жүргүзүлөт.

Интонация жалпы тилдер үчүн ой-сезимди, пикирди, адамдардын эмоционалдык абалын билдирүүчү универсалдуу кубулуш. Ал айтымга эмоционалдык түр берип, ойдун бүтүшүн шарттап, тилдик бирдик болгон сүйлөмдүн функционалдык түрүн да аныктоого шарт түзүп турат. Ал сүйлөмгө гана эмес, бир

сөзгө да функционалдык маани киргизиши толук ыктымал. Буга атама сүйлөмдөр, же сөз сүйлөмдөрдүн өзгөчөлүгүн мисал кылсак жетиштүү.Демек, интонация тилдин добуштук материалы болуу менен, айтым учурунда сүйлөмдүн негизги грамматикалык каражаты катары кызмат кылып, адамдын эмоционалдык-эрктик абалын билдирүүдө өзгөчө семантикалык касиетке ээ.

Интонация аркылуу кеп синтагмаларга ажырайт, айтымдын ар түрдүү типтерин түзөт. Интонациянын теориялык негизги маселелеринин бири – интонациянын бирдиктери болуп саналат. Интонациялык кубулуштун лингвоакустикалык, функционалдык жана семантикалык өзгөчөлүктөрүн эске алып, анын 6 маанилик функциясын бөлүп чыгууга аракеттендик: коммуникативдик, логикалык, синтаксистик, модалдык, структуралык, аныктоо. Интонациянын алты компоненти анын негизги өзөгүн түзүп турат: үн ыргагы, басым, темп, үндүн күчү, тыным, тембр. Бул иште аталган өзгөчөлүктөргө сыпаттама жана эксперименталдык методдор аркылуу изилдөө жүргүзүлүп, тиешелүү жыйынтыктар чыгарылган.

Айтымдын интонациялык өзгөчөлүктөрүнө арналып, кепти изилдөөчү эксперименттик методдорду жана негизги ыкмаларды колдонуу маселелерине өзгөчө көңүл бурулат. Кепти изилдөөдө биз, төмөнкү эксперименттик ыкмаларды кеңири пайдаланууга жетиштик: динамикалык палатография, кинорентгенография, глотография, электромиография, спектография, интонография, осциллография. Эксперимент жүргүзүүчү материалдар катары кыргыз адабиятынын профессионалдык классикалык чыгармалары, элдик эпостор жана котормо адабияттардан мисалдар алынып, аларды окутуу үчүн атайын дикторлор тандалып алынган жана тасмага түшүрүлгөн. Материалдар үч жолу копияланган. Тыбыштардын спектрин алуу үчүн МЭЗ-28А магнитофонунда эксперименталдык материалдар кайра жаңыртылып, 50 каналдуу динамикалык анализаторго анализденип, Н-115 тибиндеги осциллографка берилип,

тыбыштардын спектрлеринин сүрөтүн алуу үчүн осциллографтын чыгырыгына УФ-67-100 тибиндеги сүрөт кагазы түрүлгөн. Спектрограммада тыбыштардын чеги ажыратылып, үндүүлөрдүн форманталарынын жыштыгы аныкталган. Аудитордук анализ жай, суроолуу, илептүү, буйрук айтымдардын чегинде жүргүзүлүп, эксперименттик жыйынтыктар чыгарылган.

Жыйынтыктап айтканда, айтымдын интонациясы тилдеги лексика-грамматикалык каражаттар менен бирге контекстке жана сүйлөөчү кайрылып жаткан кырдаалга байланыштуу да чечилет. Бир эле айтым интонациянын өзгөрүүсү аркылуу бир нече маани берүүгө жөндөмдүү. Бул жагдайда, кыргыз оозеки кебинин экспрессивдүү синтаксисинин интонациялык өзгөчөлүктөрүн ар тараптуу изилдөө - кеп курулушунун синтактико-стилистикалык, экспрессивдик бөтөнчөлүктөрүн дагы да толук түшүнүүгө шарт түзүп турат.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


Абдуазизов А.А. К проблеме фонологической интерпретации результатов экспериментального анализа. Анализ и синтез как взаимообусловленные методы экспериментально-фонетических исследований речи. Тезисы докладов Всесоюзной научной конференции. – Минск: 1972, - 4-7-б.

Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили. Фонетика, орфоэпия, графика, орфография, фразеология. Бишкек: Кыргызстан, 1998.

Абдуллаев С. Структурно-семантические модели простого предложения в современном уйгурском языке. – Алматы: 1987. – 216 б.

Абдуллаев Ш.А. Место и природа словесного ударения в современном азербайджанском языке. – Баку: 1964. -127-б.

Абдурахманов Т.А. Основы синтаксиса сложного предложения современного узбекского литературного языка. АДД, - Ташкент: 1960, - 54 б.

Абуов Ж., Жунисбеков А. Фонетическая запись казахского текста. Алма-Ата: 1991.

Аванесов Р.И. Русское литературное произношение. –
М.: 1972. - 415 б.

Аванесов Р.И. Фонетика современного русского литературного языка. Изд-во МГУ,
М.: 1956. - 240 б.

Аванесов Р.И., Сидоров В.Н. Очерк грамматики русского литературного языка. ч.1,
М.: 1946. -236 б.

Агиева Франгиз Мамедали кызы. Синтаксис азербайджанской разговорной речи. АДД, - Баку: 1979, - 48-б.

Адамец М. Порядок слов в современном русском языке. – Прага: 1963. - 124 б.

Адамова Н.Ф. Конференция по вопросам синтаксиса и интонации. - Научные доклады высшей школы. –
М.: 1962.- 715-б.

Адамова Н.Ф. Фонетика современного немецкого языка. – М.: 1976. - 111 б.

Адмони В.Г. Содержательные и композиционные аспекты предложения. Теоретические проблемы синтаксиса современных индоевропейских языков. – Ленинград: 1975, - 296 б.

АКАТ - Азыркы кыргыз адабий тили: фонетика, лексикология, лексикография, фразеология, морфология, синтаксис, стилистика, текстаануу, лингвопоэтика. - Бишкек: Аврася-Пресс, 2009. - 928 б.

Акишина А.А. Фонетика современного русского языка. – М.: 1963. - 109 б.

Актанов Т. Грамматика II бөлүк. Синтаксис (педагогика окуу жайлары үчүн). – Фрунзе: 1940, - 104 б.

Актанов Т., Бакеев К. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Фрунзе: 1939. - 135 б.

Актанов Т., Макешов Н., Бакеев К. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Фрунзе: 1941. – 132 б.

Александрова О.В. Проблема экспрессивного синтаксиса. – М.: 1984. – 211 б.

Алиев У. Вопросы сложного предложения в карачаево-балкарском языке. - Нальчик: 1960.- 270 б.

Алымова А. Сингармонизм в современном киргизском языке. Автореф. дис...канд. филол. наук. Фрунзе: 1980.

Андреев Н.Д., Зиндер А.Р. О понятиях речевого акта, речи, речевой вероятности и языка // ВЯ, 1963, N 3.

Антипова А.М. Интонационные особенности поэтической речи. -М.: 1971.- 45 б.

Антипова А.М. Система английской речевой интонации. – М.: 1979. – 131 б.

Антипова А.М. Характер взаимосвязи ритма и других компонентов интонации - М.: 1979. – 142 б.

Античные риторики. – М.: 1978. – 352 б.

Арабай уулу И., Сарсеке уулу Х. Алифба йаки төтө окуу. Уфа: 1911.

Аралбаев Ж.А. Вокализм казахского языка. - Алма-Ата: Наука: 1970. – 178 б.

Аристотель. Антология мировой философии. Политика. – М.: 1969. т.1, 466.

Артемов В.А Психология обучения иностранным языкам. – М.: 1966. – 432 б.

Артемов В.А. Единство анализа и синтеза при структурно-функциональном изучении речевой интонации - Анализ и синтез как взаимобусловленные методы экспериментально-фонетических исследований речи. Тезисы докладов Всесоюзной научной конференции. –Минск: 1972. – 7-11-б.

Артемов В.А. Интонация и просодия. // Вопросы фонологии и фонетики - М.: 1971. – 33-36-б.

Артемов В.А. Метод структурного анализа речевой интонации. - М.: 1962. – 228 б.

Артемов В.А. Метод структурно-функционального изучение речевой интонации. - М.: 1974. – 159 б.

Артемов В.А. Об интонеме и интонационном инварианте.- Интонация и звуковой состав. Материалы коллоквицма по экспериментальной фонетике и психологии речи. – М.: 1965. - 262 б.

Артемов В.А. Экспериментальная фонетика. М.: 1956. 228 б.

Арутюнова Н.Д. О фонетической организации языка и иерархии его грамматических единиц. - В кн.: Фонетика, фонология, грамматика. К семидесятилетию А.А.Реформаторского. - М.: 1971. – 26-33-б.

Ахматов И.Х. Структурно-семантические модели простого предложения в современном карачаево-балкарском языке. – Нальчик: 1983. – 359 б.

Ахматов Т.К. Жалпы тил илими. – Фрунзе: 1986. – 45 б.

Ахматов Т.К. Звуковой строй современного киргизского языка (экспериментально-фонетическое исследование): часть 1. Пособие для студентов вузов. - Фрунзе: Мектеп, 1968. – 191 с.

Ахматов Т.К. Звуковой строй современного киргизского языка (экспериментально-фонетическое исследование): часть 2. Пособие для студентов вузов. - Фрунзе: Мектеп, 1970. – 156 с.

Ахматов Т.К. Кыргыз тилинин талас говору. – Фрунзе: 1959. – 147 б.

Ахматов Т.К., Давлетов С.А., Иманалиев С., Сартбаев К.К. Тил илимине киришүү. – Фрунзе: 1980. – 172 б.

Ахматов Т.К., Мукамбаев Ж. Азыркы кыргыз тили. – Фрунзе: 1978. -

Ахматов Т.К., Өмүралиева С. Кыргыз тили (фонетика, лексика). – Бишкек: 1990. – 234 б.

Ахундов Дж.М. Вопросительные предложения в современном азербайджанском языке. АКД. – Баку: 1968. – 24 б.

Ашмарин Н.И. Материалы для исследования чувашского языка. – Казань: 1898, т.12.

Ашырбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. – Бишкек: 2000. – 200 б.

Бабаев С.М. Особенности интонации простых повествовательных предложений с деепричастными оборотами в современном азербайджанском языке. АКД., - Баку: 1966.- 26 б.

Базарбаева З.М. Казак тилинин интонациялык жүйеси. – Кылым, Алматы: 1996. – 224 б.

Байжиев М.Т. В битве за истину. – Бишкек: 2002, -210 б.

Байтерекова Г. О фонологической интерпретации фонетических свойств гласных: Автореф. дис. канд.филолог.наук. 1978.- 21 б.

Байтұрсынұлы А. Тіл таглымы. - Алматы: 1992.

Байчура У.Ш. Инструментально-фонетические данные относительно интонации и словного ударения в тюркских языках. - Проблемы общности алтайских языков. - Л.: 1971.-17-25-б.

Бакеев К. Кыргыз тили. Башталгыч мектептер үчүн грамматика жана жазуу эрежелери. Биринчи бөлүк I жана II класстар үчүн. – Фрунзе: 1939. – 63 б..

Бакинова Г.О. О цокающем говоре киргизского языка /Звуковая и семантическая структура языка/ - Фрунзе:
1975, -57-63 б.

Балакаев М.А. Современный казахский язык. - Алма-Ата: 1959, - 219 б.

Балли Ш. Общая лингвистика и вопросы французского языка. - М.: 1955. – 416 б.

Балтаева Р.М. Интонационная структура общего вопроса в современном татарском языке. - АКД. - М.: 1973. – 24 б.

Барышникова К.К. Об экспериментально-фонетических исследованиях просодических характеристик речи. // Анализ и синтез как взаимообусловленные методы экспериментально-фонетических исследований речи. Тезисы докладов Всесоюзной научной конференции. –Минск: 1972. – 15-19-б.

Баскаков Н.А. Каракалпакский язык. Фонетика и морфология. - М.: 1952. – 411 б.

Батманов И.А. Грамматика кыргызского языка. Вып.1-3. – Фрунзе: 1940. – 72 б.

Батманов И.А. Современный киргизский язык. – Фрунзе: 1963. – 189 б.

Батманов И.А. Фонетическая система современного киргизского языка. – Фрунзе: 1946.- 175 б.

Батманов И.А. Язык Енисейских памятников древнетюркской письменности, Фрунзе, 1959, 31.

Бекимбетов П.Б. Интонация собственно-вопросительного предложения в современном каракалпакском языке. АКД. – Ташкент: 1965.- 22 б.

Бекмагамбетова Ш.Х. Интонация как средство выражения эмоции (экспериментально-фонетическое исследование на материале эмоции “сожаления” в казахском языке). Автореф. дис. канд.филол.наук. - Алма-Ата: 1978. - 21 б.

Бектемиров М.Н. Руководство к изучению киргизского языка. – Ташкент: 1909. – 86 б.

Белкина Е.С. Интонация побудительных предложений в индоевропейском языке. АКД. - М.: 1971.- 22 б.

Белошапкова В.А. Современный русский язык. Синтаксис. - М.: 1977.- 248 б.

Бельский А.В. Интонация как средство детерминирования и предицирования в русском литературном языке. - В кн.: Исследования по синтаксису русского лит.языка. –
М.: 1956.- 46-63-б.

Бельский А.В. Побудительная речь - Уч.зап.1 - го. МГПИИЯ, 6.- М.: 1953.- 109 б.

Бенвенист Э. Общая лингвистика. - М.: 1974.- 447 б.

Берковская С.М. Интонационное оформление пословиц и поговоров в английском языке. АКД. - М.: 1965- 23 б.

Бикель М.М. Языковые средства выражения побудительности и их стилистическое значение. АКД. – Горький: 1967 -24 б.

Бикульчене П. Интонация побуждения в литовском языке. АКД. – Рига: 1976.-22 б.

Близниченко Л.А. Актуальный вопрос отбора дикторов для эксперимтально-фонетического исследования речи. –
АиС, М.: 1972.- 34-36-б.

Блохина А.П., Потапова Р.К. Применение метода “анализ-синтез-анализ” в исследовании просодических характеристик речи. - Анализ и синтез как взаимообусловленные методы экспериментально-фонетических исследований речи. Тезисы докладов Всесоюзной научной конференции. – Минск:
1972- 36-38-б.

Блохина А.П., Потапова Р.К. Просодические характеристики речи. - М.: 1970.- 68 б.

Блохина Л.П., Патапова Р.К. Методические рекомендации. Методика анализа просодических характеристик речи. –
М.: 1977.- 77 б.

Блумфильд Л. Язык. - М.: 1968.- 607 б.

Богданов В.В. Семантико-синтаксическая организация предложения. – Ленинград: 1977.- 290 б.

Богородицкий В.А. Введение в татарское языкознание в связи с другими тюркскими языками /Под ред. чл.-корр. АН СССР, проф. Н.А.Дмитриева, изд.2-ое, испр.и доп. – Казань: 1953- 254 б.

Богородицкий В.А. Введение в татарское языкознание в связи с другими тюркскими языками. - Казань: 1953. – 370 с.

Богородицкий В.А. Движение тона в словах двусложных и трехсложных в татарском языке по экспериментальных данных. – Казань: 1930, -71 б.

Богородицкий В.А. Очерки по языковедению и русскому языку. - М.: 1939.- 224 б.

Бодуен де Куртенэ И.А. Некоторые общие замечания о языковедении и языке // Избранные труды по общему языкознанию. Т.I. - М.: 1963. – 441 б.

Бодуен де Куртенэ И.А. Опыт теории фонетических альтернаций // Избранные труды по общему языкознанию. т.I. - М.: 1963.- 441 б.

Бодуен де Куртенэ И.А. Резья и резьяне. // Славянский сборник, СПб, 1876, т.3. – 322-323-б.

Болинджер Д. Интонация как универсалия. - В кн.: Принципы типологического анализа языков различного строя. - М.: 1972- 73-96-б.

Бондарко Л.В. Звуковой строй современного русского языка. - М.: 1977- 175 б.

Бондарко Л.В. Осциллографический анализ речи. – Л.: 1965- 47 б.

Бондарко Л.В. Фонетическое описание языка и фонологическое описание речи. - Л.: 1981.- 198 б.

Бондарко Л.В., Вербицкая Л.А., Гордина М.В. Основы общей фонетики. - Л.: 1983.- 119 б.

Брызгунова Е.А. Анализ русской диалектной интонации. - В кн.: Экспериментально-фонетические исследования в области русской диалектологии. - М.: 1977. – 77-105-б.

Брызгунова Е.А. Звуки и интонация русской речи. – М.: 1969.- 395 б.

Брызгунова Е.А. Практическая фонетика и интонация русского языка. - М.: 1963.- 306 б.

Будагова Э.М. Простое предложение в современном азербайджанском литературном языке. - Автореф. докт. дисс. - Баку: АН Аз.ССР, 1963.- 37 б.

Бузаров В.В. Безглагольные побудительные предложения в современном английском языке. АКД. - Л.: 1969. – 26 б.

Ваараск П.К. Тонические средства речи. Исследование по синтагматической фонетике. Ч.1 и 2. – Таллин: 1964. – 157; - 130 б.

Ванникова Ю.В. Безглагольные побудительные конструкции в русском языке. – М.: 1962. – 104 б.

Васильев В.А. Анализ движения частоты осноного тона в интонационной группе - синтагме. – АиС, М.:1972. – 39-42-б.

Васильев Д.А. Синтаксическая роль интонации (в английском и русском языках) Phone-tuca. 1965. V/12? N 3/ 4 –45-49 б.

Вейсалов Ф.В.. Некоторые вопросы интонации азербайджанского языка. // Уч.зап. Азербайджанского университета. Серия языка и литературы. – Баку:103.: 1976.- 47-51-б.

Вербицкая Л.А. Звуковые единицы русской речи и их соотношение с оттенками и фонемами: АКД, - ЛГУ, - 1965.– 23 б.

Вербицкая Л.А. Русская орфоэпия. – Л.: 1976 –124 б.

Вилюняс В.К. Психология эмоциональных явлений. – М.: 1976. – 142 б.

Виноградов В.В. Исследования по русской грамматике. –М.: 1976.- 367 б.

Виноградов В.В. Русский язык. -М.-Л.: 1947 – 784 б.

Витт Н.В. Выражение эмоциональных состояний в речевой интонации. - АКД. - М.: 1965.- 24 б.

Всеволодский-Гернросс В.Н. Теория русской речевой интонации. Пг., 1922.

Гаджиева Н.З. Проблемы тюркской ареальной лингвистики. - М.: 1975.- 303 б.

Гак В.Г. Высказывание и ситуация. - В кн.: Проблемы структурной лингвистики. - М.: 1973.- 87-95-б.

Гак В.Г. Коммуникативные трансформации и системность средств логического выделения во французском языке. Филологические науки. – М.: 1975, N 5. – 49-56 б.

Гак В.Г. Проблемы лексико-грамматической организации предложения. Докт.дисс. - М.: т.1. - 1967.- 263 б.

Гак В.Г. Теоретическая грамматика французского языка. Морфология. – М.: 1986. – 312 б.

Галайдин Н.А. Закономерности интонационного оформления английской разговорной речи. - В кн.: Теория и практика лингвистического описания разговорной речи. – Горький: 1966.- 27-36-б.

Галамдина Н.А. Закономерности интонационного оформления английской разговорной речи. - В кн.: Теория и практика лингвистического описания разговорной речи. – Горький: 1966.- 22-27-б.

Галунов В.И. Речь, эмоции, личности: проблемы и перспективы // Речь, эмоции, личность. – Л.: 1978. – 3-18-б.

Галунов В.И. Структура формант русских гласных в слитной речи // Вопрос кибернетики. – М.: 1981. – 81-89-б.

Гамкрелидзе Т.В., Иванов В.В. Индоевропейский язык и индоевропейцы: кн. 1. Тбилиси: ТГУ, 1984. - 428 с.

Гарбузов Н.А. Зонная природа динамического слуха. –М.: 1955.- 108 б.

Гарбузов Н.А. Зонная природа тембрового слуха. –М.: 1956.- 71 б.

Гарбузов НА. Зонная природа звуковысотного слуха. –М.-Л.: 1948.- 84 б.

Гвоздев А.Н. Современный русский язык. Ч2. - Изд.2-ое. - М.: 1961.- 350 б.

Гинзбург Е.Л. Функциональной характеристике просодии. - В кн.: Исследования по фонологии. - М.: 1966.- 38-48-б.

Глисон Г. Введение в дескринтивную лингвистику. –М.: 1959.- 486 б.

Грязнов Б.С., Никитин Е.П. Теория и ее объект. – М.: 1973. – 248 б.

Гулямов А.Г. Грамматика ташкентского говора. – Ташкент: 1968. – 162 б.

Гумбольд Т.В. О различении организмов человеческого языка и о влиянии этого различия на умственное развитие человеческого рода (перевод П.Билярского). – СПб., 1859.

Данеш Ф. Пражские исследования в области структурной грамматики на современном этапе. –В кн.: Пражский лингвистический кружок. Сб.статей. – М.: 1969. - 327 б.

Дарвин Ч.. Выражение эмоций у человека и животных. - В кн.: Ч.Дарвин. Соч., т.5 - М.: 1953, -460 б.

Денисов В.Ф. Интонационная структура фраз, передающих комплекс эмоций от недовольства до ярости в английской речи. АКД. - М.: 1973.- 25 б.

Дербишева З.К. Теоретические основы сопоставительной грамматики русского и кыргызского языков.АДД, Бишкек: 2001, -38 б.

Джапаридзе З.Н. О меризматическом уровне лингвистического анализа // Звуковой строй языка. –М.: 1979.- 98-103 б.

Джапаридзе З.Н. Основные вопросы перцептивной фонетики. АДД, - Тбилиси: 1974. – 51 б.

ДжемсУ. Психология Уильяма Джемса. – П:Б., 1916. – 430 б.

Джунисбеков А. Гласные казахского языка. - Алма-Ата: 1972.

Джунисбеков А. Проблемы тюркской словесной просодии и сингармонизм казахского слова. Автореф. док.филол.наук. - Алма-Ата: 1988.- 58 б.

Джунисбеков А. Сингармонизм в казахском языке. – Алматы: 1980. – 77 б.

Джунисбеков А.Просодика слова в казахском языке.- Алматы: 1987.

Дмитрев Н.К. Грамматика башкирского языка. – М.-Л.: 1948.- 276 б.

Додонов Б.И. Эмоции как ценность.– М.: 1978.–272 б.

Дубовский Ю.А. Анализ интонации устного текста и его составляющих. – Минск: 1978.- 104 б.

Дүйшеев Ж. Интонация простого повествовательного предложения в современном киргизском литературном языке. Автореф.дис. канд.филол.наук. Фрунзе: 1980. – 25 б.

Дъячковский Н.Д. Звуковой строй якутского языка. – Якутск: 1971.- 192 б.

Дыйканов К. Кыргыз тилиндеги үндүүлөр. – Фрунзе: 1959. – 66 б.

Дыйканов К. Кыргыз тилинин таблицалары. – Фрунзе: 1971. – 343 б.

Дыйканов К. Өзбек жана кыргыз тилинин салыштырма фонетикасы. - Ф.: 1986.- 105 б.

Дыренкова Н.П. Грамматика шорского языка. - М.-Л.: 1941.- 308 б.

Егоров Г.Г. Интонация восклицательных предложений в современном английском языке. - Канд.дисс. - М.: 1963.- 150 б.

Ельмслев Л. Язык и речь // В кн.: В.А.Звягинцев. История языкознания. XIX-XX веков в очерках и извлечениях. Ч.II. – М.: 1965.

Есперсен О. Философия грамматики.– М.: 1958.–289 б.

Жакыпов Ы. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Фрунзе: 1975. – 179 б.

Жакыпов Ы.. Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси. – Фрунзе: 1958.- 282 б.

Жалилов А. Кыргыз тили боюнчаталдоонун түрлөрү. – Бишкек: 1995. – 116 б.

Жапар Абдыкул. Синтаксический строй кыргызского языка. – Бишкек: 1992, (Ч.I/ - 429 б., ч. II – 352 б.)

Жапаров А. Грамматическая структура словосочетания в современном киргизском языке. АКД. - М.:1955.

Жапаров А. Кыргыз тилинин грамматикасы, II б. /Синтаксис, 6-7 кл. үчүн. – Фрунзе: 1950.- 184 б.

Жапаров А. Кыргыз тилинин грамматикасы. Синтаксис. Педагогикалык окуу жайлары үчүн. – Фрунзе: 1951. – 223 б.

Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Фрунзе: 1979.- 323 б.

Жармакин О.К. Побудительные предложения в современном казахском языке. - АКД. - Алма-Ата: 1970, -21 б.

Жинкин Н.И. Механизм речи. – М.: 1958. – 370 б.

Жинкин Н.И. Отряшенков Ю.М. Геотографический метод выделения основного тона в потоке речи. // Иследования по речевой информации. М: 1968.

Жубанов К. Казак тили жөнүндөгү зерттеулер. – Алматы:1966. – 360 б.

Жунисбек А. Введение в сингармоническую фонетику. - Алматы: Арыс, 2009. – 108 с.

Жусупов К. Байыркынын издери. – Бишкек: 2001. – 324 б.

Жүнісбек Ә. Қазақ жазуы: төл дыбыс – төл әліпби. Астана: 2013.

Жүнісбек Ә. Қазақ фонетикасы. - Алматы: Арыс, 2009. – 312 б.

Жұбанов Қ. Қазақ тілі жөніндегі зерттеулер. Алматы: 2010.

Закиев З.М. Синтаксический строй татарского языка. – Казань: 1963.- 464 б.

Звягинцев В.А. История языкознания. XIX-XX веков в очерках и извлечениях. Ч.II. - М.: 1965. – 247 б.

Зиндер Л.Р. Общая фонетика. - М.: 1979.- 312 б.

Зиновьев В.Н. О ритмико-мелодической структуре казахского языка. Известия АН Казах.ССР, Серия лингвистика. Вып.5, 1948.

Златоустова Л.В. Фонетическая природа русского словесного ударения: Автореф. ...канд.филол.наук. - Л.: 1953.- 15 б.

Златоустова Л.В. Фонетические единицы русской речи (экспериментальное исследование): АДД – М.: 1970. – 30 б.

Златоустова Л.В., Потапова Р.К. В.Н.Трунин-Донской. Общая и прикладная фонетика. - М.: 1986.- 305 б.

Золотова Г.А. Очерк функционального синтаксиса русского языка. – М.: 1973. – 181 б.

Золотова Г.А. Синтаксическая сингармония и культура речи // Актуальные проблемы культуры речи // М.:1970.– 178-217-б.

Зулпукаров К.З.Вопросы интегрально-типологическое описание грамматики на уровне категории падежа. АКД, Бишкек: 1995, -38 б.

Ибрагимов С. Кыргыз тилиндеги тең байланыштагы кошмо сүйлөмдөр. ДДА., Бишкек: 2003. – 54 б.

Ибрагимов С. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Бишкек: 2001. – 184 б.

Ибраев А. Сопоставительная характеристика киргизских и английских гласных фонем: Автореф.дис. канд.филол.наук. – Фрунзе: 1986.- 24 б.

Иванов В.В. Историческая фонология русского языка. – М.: 1968. – 282 б.

Иванчикова Е.А. Парцелляция, ее коммуникативно-экспрессивные и синтаксические функции // Русский язык и советское общество. - М.: 1968.- 130-140-б.

Изард К.Е. Эмоции человека.- М.: 1980. – 439 б.

Илия Л.И. К проблеме соотношения интонации и грамматики. - В кн.: Иностранные языки в высшей школе. –М.: 1962.- 102-110-б.

Ильминский Н.И. Материалы к изучению киргизского наречие. Уч.зап.казанского ун-та. – Казань: 1861.- 130-162-б.

Иманов А. Кыргыз тилинин синтаксиси. – Бишкек: 1995.- 390 б.

Иманов А.Кыргыз тили (Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин сырттан окуган студенттери үчүн) Бишкек:1990, -280.

Исабеков М.М. Количественная характеристика гласных звуков современного киргизского языка. Автореф.дис. .канд.филол.наук. - Л.: 1970.- 24 б.

Ишанов К.. Повелительное и желательное наклонение в современном казахском языке. АКД. - Алма-Ата: 1963.- 23 б.

Каган М.С. Человеческая деятельность. – М.: 1974. – 211 б.

Кадырова Ш. Сонанты в современном киргизском литературном языке. Автореф. дис. ... канд. филол. наук. Фрунзе: 1988.

Казем-Бек М.А. Общая грамматика турецко-татарского языка. Изд.1. – Казань: 1839.

Калиев Ж.К., Ахмедсафина Д.У. К вопросу об интонации повествовательной фразы в казахском языке. - Алма-Ата: 1969. – 79 б.

Калиев. Б Редакция узких гласных звуков в казахском языке. - Алма-Ата: 1984.

Карасаев Х.К. Кыргыз орфографиясынын тарыхынан // Тюркологические исследования. - Фрунзе: Илим, 1970, 73-100-б.

Карасаев Х.К. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. Бишкек: 2009.

Карасаев Х.К. Орфографиялык сөздүк. Фрунзе: 1983.

Касперанский Р.Р. Теоретическая фонетика. – Горький: 1973.- 233 б.

Касымова Б. Исследование перцептивной базы в условиях киргизско-русского двуязычия. Бишкек: 1991.

Касымова Б.К. Восприятия фонетических и фонематических свойств гласных народного языка. /Экспериментально-фонетическое исследование на материале французского и киргизского языков/. Автореф. дис.канд.филол.наук. - Л.: 1982. – 17 б.

Касымова Б.К. Исследования перцептивной базы языка в условиях киргизского-русского двуязычия. – Бишкек: 1991.-97 б.

КАТГ - Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. – Фрунзе: 1980. – 532б.

КМТДТ - Кашкарлык Махмут жана түрк дүйнөсүнүн тили, адабияты, маданияты жана тарыхы. Эларалык конференциянын материалдары. Бишкек: 2007. - 515 б.

Ковтунова И.И. Современный русский язык. Порядок слов и актуальное членение предложений. - М.: 1976.

Кодухов В.И. О двух основных аспектах предложения // Теоретические проблемы синтаксиса индо-европейских языков. – Л.: 1975. – 33-47-б.

Колшанский В. Паралингвистика. - М.: 1976.- 81 б.

Кононов А.Н. Грамматика современного турецкого литературного языка. - М.-Л.: 1956.- 569 б.

Кононов А.Н. Грамматика современного узбекского литературного языка. - М.-Л.: 1960.- 446 б.

Константинов А.Н., Мовчан В.Н. Звуки в жизни зверей. – Л.: 1985. – 303 б.

Корш Ф.Е.Значение темпа в греческой ритмике. Филологическое обозрение. Т.4, кн.2, СПб, 1893, -44-52 б.

Кравченко М.Г. Членение простого повествовательного предложения в современном немецком языке. (Экспериментально-фонетическое исследование). Автореф. канд. дис. - Л.: 1953. – 22 б.

КТЭ - Кыргыз тили: энциклопедия. - Бишкек: МТЭБ, 2004. – 694 б.

Кудайбергенов С. Кыргыз тилинде созулма үндүүлөрдүн пайда болушу жана алардын ролу // Эл агартуу, 1984, N 4, -33-40 б.

Кузнецов П.С. Об основных положениях фонологии (Вопросы языкознания), № 2, 1959, -15-21 б.

Куренов С. Түркмөн тилинин узын ве гыска чекмилери. – Ашхабад: 1971.- 120 б.

Кыргыз тилинин жазуу эрежелери: жаңы редакциясы. Бишкек: 2002.

Кыргыз тилинин орфографиясы. Фрунзе: Мектеп, 1954.

Лайонз Дж. Введение в теоретическую лингвистику. –М.: Прогресс, 1978. – 243 с.

Ленин В.И. Чыгармалар. Кыргызча биринчи басылышы. – Фрунзе: 1956. 20-т. – 442-443-б.

Линдели Д.Б. Эмоции: Экспериментальная психология. – М.: 1960. – Т.1. – 629 б.

ЛЭС - Лингвистический энциклопедический словарь. –М.: Сов. Энциклопедия, 1990. – 685 с.

Макаренко Ю.С. Системная организация эмоционального поведения. – М.: 1980. – 207 б.

Мамытов Ж.Көркөм чыгармадагы эскирген сөздөр менен диалектизмдердин лингвостилистикасы.-ДДА, Бишкек, 2002.

Матезиус В. О так называемом актуальном членении предложения // Пражский лингвистический кружок. - М.: 1967.

Матусевич М.И. Введение в общую фонетику. Изд. 3-е. –М.: 1959.- 104 б.

Матусевич М.И. Современный русский язык. Фонетика. – М.: 1976. - 288 б.

Мелиоранский П.М. Краткая грамматика казакско-кыргызского языка. Спб.тип. Импер. Акад.наук, ч.I, - 72 с; ч.2, 92 с; 1894-1897.- 72 б.

Мельников Г.П. Системология и языковые аспеты кибернетики. М: 1978.

Мехтиев Н.А. Побудительное предложение в современном азербайджанском языке. - Канд.дисс. - Баку: 1973. - 227 б.

МИКК - Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана: т. 2. - Бишкек: КТМУ, 2003. – 260 с.

Момунбаева М. Воприятие и воспроизведение согласных неродного языка в условиях двуязычия. Автореф. дис. ... канд. филол. наук, Ленинград: 1984.

Мусаев С.Ж. Айтым, анын семантика-информативдик мазмуну жана синтактика-грамматикалык структурасы // Кеп маданияты жана норма. – Б.: 1999. – 136 б.

Мусаев С.Ж. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. - Бишкек: БГУ, 2004. – 169 б.

Мусаев С.Ж. Парадигматические типы причастных конструкций в киргизском языке.–Фрунзе: 1987.- 160 б.

Мусаев С.Ж. Текст: прагматика, структура. – Б.: 2000. – 206 б.

Мусаев С.Ж. Тексттин коммуникативдик структурасы. ДДА. – Б.: 2000. – 40 б.

Мухин А.М. Лингвистический анализ. Теоретические и методологические проблемы. – Л.: 1976. – 281 б.

Мухин А.М. Структура предложений и их модели. – Л.: 1966. – 139 б.

Наджип Э. Современный уйгурский язык. - М.: 1960.

Наш Р. Тюркская интонация. - М.: 1976.- 190 б.

Николаева Т.М. Фразовая интонация славянских языков. – М.: 1977. – 378 б.

Ниязов Д.М. Интонация повествования в современном узбекском литературном языке. Автореф. канд.дисс. – Ташкент: 1968. - 31 б.

Норк О.А. Милюкова Н.А. Факторы вариантивности интонационных структур. - Вопросы фонологии и фонетики. – М.: 1971. – 93-104-б.

Нурмаханова А.Н. Типы простого предложения в тюркских языках (грамматические и интонационные особенности на материале узбекского, каракалпакского и казахского языков). – Ташкент: 1965. – 156 б.

Нурмаханова А.Н. Турки тилдеринин салыштырмалы грамматикасы.- Алма-Ата: 1971. – 156 б.

Нушикян Э.А. Типология инстанции эмоциональной речи. – Киев-Одесса: 1986. – 158 б.

Омуралиев Б. Кыргыз тилинин синтаксисин окутуунун методикасы. – Бишкек: 1991. – 266 б.

Орузбаева Б.Ө.Сөз – Илим, Бишкек: 1994.

Орузбаева Б.Ө.Сөз курамы – Илим, Бишкек: 2000.

Орусбаев А. Динамика формантных частей кыргызского языка. – Фрунзе: 1976. – 117 б.

Орусбаев А. Кыргызская акцентуация. – Фрунзе: 1974.- 111 б.

Орусбаев А., Токтоналиев К.Т. Кыргыз тилинин фонетикасы боюнча изилдөө. – Бишкек: 1991. - 226 б.

Орусбаев А.О., Токтоналиев К.Т. Кыргыз тилинин фонетикасы боюнча изилдөөлөр. - Бишкек: Илим, 1991. – 227 б.

Осмонкулов А.Эне тилин окутуу тарыхынан.Фрунзе: 1983, -224 б.

Өмүралиева С. Текст: семантика, структура. – Бишкек: 2002. – 233-б.

Панфилов В.З. Взаимоотношение языка и мышления. – М.: 1971. – 232 б.

Пауль Г. Принципы истории языка. – М.: 1960. – 500 б.

Пешковский А.М. Наш язык. Книга для учителя. Ч.I. –М.: 1926. – 116 б.

Пешковский А.М. Русский синтаксис в научном освещении. - М.: 1956.

Поливанов Е.Д. Введение в языкознание для востоковедных вузов. Л.: 1938. – 97 б.; Избранные работы. – М.: 1991. – 622 б.

Поливанов Е.Д. Рец. на работу: К.Тыныстанов. Проект новой орфографии киргизского литературного языка. - Фрунзе: 1934. // КР УИА Колжазмалар бөлүмү, Инв. 124 (18).

Поливанов Е.Д. Субъективный характер восприятия звуков языка. Изб.раб. - М.: 1968. – 236-254-б.

Потапова Р.К. Основные современные способы анализа и синтеза речи. - М., 1971. – 154 б.

Поцелуевский А.П. Опыт изучения артикуляции звуков туркменской речи методом потограмм. Изд.Туркменского филиала АН СССР, 1945, N 3-4.

Радлов В.В. Образцы народной литературы северных тюркских племен. - Спб: 1885, ч.1.- 712 б.

Радциг С.И. Демосфен – оратор и политический деятель. – В кн.: Демосфен. Речи. – М.: 1954. – 104-216-б.

Раппопорт С.Х. Искусство и эмоции.– М.:1972.- 54 б.

Растопов И.П. Актуальное членение предложения. – Уфа: 1961. – 182 б.

Растопов И.П. Речь, артикуляция и восприятие. –М.: 1965. – 142 б.

Реформатовский А.А. Сингармонизм как проблема фонологии и общая лингвистика. - В кн.: Тюркологические исследования. – Фрунзе: 1970.- 79-100-б.

Реформатский А.А. Иерархия фонологических единиц и явления сингармонизма // Исследования по фонологии. М: Наука, 1966.

Реформатский А.А. Из истории отечественной фонологии. М: 1970.

Реформатский А.А. Фонологические этюды. – М.: 1976. – 133 б.

Речь, артикуляция и восприятие. – М.: 1965. – 241 б.

Решетов В.В. Узбекский язык. –Ташкент: 1959. – 359 б.

Розенталь Д.Э. М.А.Теленкова. Словарь-справочник лингвистических терминов.- М.: 1976.- 543 б.

Розыева О.Д. Интонация повествования в современном туркменском языке.- Канд.дисс.– Ашхабад:1975.- 148 с.

Русалова М.Н. Экспериментальное исследование эмоциональных реакций человека. – М.: 1972. – 172 б.

Рыбакова М.В. Эмоциональность в системе коммуникативных типов предложений: АКД. – М.: 1985. – 16 б.

Рысалиев К. Кыргыз ырларынын түзүлүшү. – Фрунзе: 1965. – 200 б.

Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: фонетика. - Бишкек: Бийиктик, 2006. – 120 б.

Садыков Т. Муун үндөштүгү жөнүндө // Қазақ тіл білімі: тарих, тәжірибе, болашақ. Алматы: 2011, 141-145 б.

Садыков Т. Основы кыргызской фонологии и морфонологии. - Бишкек: Илим, 1992. – 156 с.

Садыков Т. Проблемы моделирования тюркской морфологии. – Фрунзе: 1987. – 121 б.

Садыков Т. Профессор К.Жубанов илими жана морфоностатистика жөнүндө // Қазақ тіл білімінің өзекті маселелері. Проф. Құдайберген Жұбановтың 110 жылдығына арналған халықаралық ғылыми-теориялық конференция материалдары.. Алматы: 2009, 10-13-б.

Садыков Т. Теоретические основы кыргызской фонологии и морфонологии. АДД. Алматы, 1995.

Садыков Т. Түрк морфо-фонологиясынын теориялык парадигмасындагы жылыштар жөнүндө // Түрк альманахы. Астана: Түрк академиясы, 2012. - 188-199-б.

Садыков Т., Шаршембаев Б. Кыргыз тилтаанымында колдонмо лингвистиканын башаттары // Эпос тілін зерттеудің өзекті маселелері. Проф. Есет Жұбановтың туғанына 80 жыл толуына арналған халықаралық дөңгелек үстел материалдары.. - Алматы: КИЕ, 2011, 226-229-б.

Салахитдинова Н.К. О типах киргизского слога // Тюркологические исследования // - Фрунзе: 1986. – 94-104-б.

Санжеев Г.Д. Грамматика бурят-монгольского языка. – Улан-Удэ: 1941. – 188 б.

Санжеев Г.Д. Синтаксис бурят-монгольского языка. – М.-Л.: 1940. – 146 б.

Сапаев А. Словесное ударение в туркменском языке. – Ашхабад: 1967.

Сартбаев К.К. .Кыргыз тилиндеги кошмо сүйлөмдүн синтаксиси. – Фрунзе: 1957. – 175 б.

Севортян Э.В. Фонетика турецкого литературного языка. - М.: 1955.- 152 б.

Селютина И.Я., Уртегешов Н.С., Летягина А.Ю., Шевела А.И., Добрынина А.А., Эсенбаева Г.А. Артикуляторные базы тюркских этносов Южной Сибири (по данным МРТ и цифрового рентгенографии). Новосибирск: ООО «Твердый знак», 2011. - 352 с.

Сеппир Э. Язык. – М.: 1934. – 222 б.

СИГТЯ - Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. Региональная реконструкция. М: 2002. – 767 с.

СИГТЯ - Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков: фонетика. М: 1984.

Скаличка В. О грамматике венгерского языка. – М.: 1935. – 178 б.

Сковородников А.П. Экспрессивные синтаксические конструкции современного русского языка. – Красноярск: 1978. – 95 б.

Смирницкий А.И. Объективность существования языка. – М.: 1954. – 245 б.

Солнцев В.М. Язык как системно-струтурное образование. – М.: 1977. – 241 б.

Сопу уулу Т. Биздин тил (1-баскыч мектептердин IV окуу жылы үчүн). Кырмамбас, Ташкент, 1933. Прунза: 84 б.

Соссюр Ф. де. Труды по языкознанию. – М.: Прогресс, 1977. – 695 с.

Соссюр Ф. Курс общей лингвистики. – М.: 1933. – 270 б.

Сталин И.В. Чыгармалар. – Фрунзе: 1950. – 516 б.

Степанов Ю.С. Методы и принципы современной лингвистики. - М.: 1975.- 311 б.

Степанов Ю.С. Основы общего языкознания.- М.: 1976. – 271 б.

Сыдыков Ж.Ж. Фонетическая структура современного киргизского литературного языка и диалектов. - Фрунзе: Илим, 1990. - 186 с.

Сыдыков Ж.С. Безударный вокализм в киргизском языке. – Фрунзе: 1978. – 97 б.

Сыдыков Ж.С. Сопоставительная фонетика киргизского и английского языков. – Фрунзе: 1984. – 108 б.

Сыдыков Ж.С. Фонетическая структура современного киргизского литературного языка и диалектов. – Фрунзе: 1990. – 185 б.

Сыдыков С. Енисей жана Таластагы рун жазуулары, Бишкек, 2011, 241.

Талипов Т. Историческое развитие фонетической системы уйгурского языка. Автореферат дисс. ...докт.филол.наук. - Алма-Ата: 1983. – 52 б.

Талипов Т. Развитие фонетической структуры уйгурского языка. - Алма-Ата: 1972.

Терентьев М. Грамматика турецкая, персидская, киргизская и узбекская. Кн. 1, СП, 1876. – 108 б.

Тойчубекова Б. Кыргыз тилиндеги бир составдуу жана кемтик сүйлөмдөр. – Фрунзе: 1986. – 267 б.

Тойчубекова Б. Односоставные предложения в кыргызскомлитературном языке. АДД, Алматы: 1994. – 36 б.

Токоев Т.Т. Кыргыз тилиндеги парцеляция кубулушу. – Бишкек: 1996. – 102 б.

Токтоналиев К. Кыргыз тилиндеги айтымдын коммуникативдик-фукционалдык жана интонациялык структурасы. - Бишкек: УИА ТИ, 2004. – 308 б.

Токтоналиев К.Т. Изучения интонации тюркских языков. В кн.: Тюркологический сборник. - Илим, Фрунзе: 1986. 126-129-б.

Токтоналиев К.Т. Интонация // «Мугалимдер газетасы». - 05.01.1976. – 4 б.

Токтоналиев К.Т. Интонация побудительных предложений в кыргызском и русском языках. //ж. “Русский язык и литература в кырг.школе” - 1981, - N 6.- 26-29-б.

Токтоналиев К.Т. Коммуникативно-функциональная транспозиции побудительных предложений // Известия АН КиргССР. - 1980, N 6. – 69-73-б.

Токтоналиев К.Т. Кыргыз тилинин фонетикасы боюнча изилдөөлөр. - Илим, Бишкек: 1991. – 226 б.

Токтоналиев К.Т. Побудительное предложение в современном кыргызском литературном языке. АКД. М.: 1984. – 19 б.

Торсуев Г.П. Фонетика английского языка. - М.: 1950.- 239 б.

Торсуева И.Г. Интонация. – Киев: 1978. – 240 б.

Трактеров А.Л. Лекции по теоретическому курсу фонетики английского языка. - М.: 1955.- 159 б.

Трофимов М.И. Проблемы тюркского ударения и уйгурского вокализма. – Бишкек: 1991.- 172 б.

Троянский А.А. Краткая татарская грамматика. - Спб, 1914.

Трубецкой Н.С.Некоторые соображения относительно морфонологии // Пражский лингвистический кружок.
М: Наука, 1987.

Трубецкой Н.С. Основы фонологии. - М.: Аспект Пресс, 2000. - 252 с.

Трубецкой Н.С. Основы фонологии.- М.:1960. – 372 б.

Тулеева Ч.С. Типологические черты фонетико-фонологической систем немецкого и кыргызского языков. АДД. Алматы: 2009.

Тулеева Ч.С. Типология фонетико-фонологической системы языка (на материале сопоставления немецкого и кыргызского языков). - Бишкек: КГУСТА, 2008. - 272 с.

Туркбенбаев Н.И. Интонации простых вопросительных предложений в казахском языке. Автореф. ...канд.филол.наук. - Алма-Ата: 1966. – 25 б.

Турсунов А. Кыргыз тилинин тыныш белгилери. – Фрунзе: 1969. – 108 б.

Тыныстануулу К. Кыргыз адабий тилинин жаңы ымласынын долбору. Фрунзе: 1934b.

Тыныстан уулу К. Кыргыз адабий тилинин орфографиялык эрежелери. Фрунзе: 1936.

Тыныстан уулу К. Кыргыз тилинин морфологиясы. Фрунзе: 1934c.

Тыныстан уулу К. Лексикон киргизского языка. Фрунзе: 1934a. // КР УИА Кол жазмалар бөлүмү, Инв.
177/37-182/42; 79-84.

Тыныстан уулу К. Эне тилибиз. - Фрунзе: 1928. – 105 б.

Тыныстан уулу. Алгачкы эмгектер. - Бишкек: Кыргызстан-Сорос, 2001. – 372 б.

Тыныстанов К. Кыргыз тил: Морфология. – Фрунзе: 1934. – 100 б.

Тыныстанов К. Кыргыз тилинин синтаксиси. – 6-7-8-жылдар үчүн. – Фрунзе: 1936. –138 б.

Тыныстанов К. Эне тилибиз, кыргыз тилиндеги тыбыштарды жана сөз бүтүштөрүн таанытуу китеп. – Фрунзе:1928. – 68 б.

Убрятова Е.И. Исследование по синтаксису якутского языка. - М.-Л.: 1950.- 305 б.

Уорс Д. Трансформационный анализ конструкций с творительным падежом в русском языке. В кн.: Новое в лингвистике. - М.: 1962.- 637-683-б.

Уринбаева Б.У. Синтаксический строй узбекской разговорной речи. – Ташкент: 1978. – 144 б.

Усманов Х.У. Древние истоки тюркского стиха. – Казань: 1984. 1962– 147 б.

Фант Г. Акустическая теория речеобразования /Перевод с англ. А.Варшавского и Медведева. - М.: 1964. – 284 б.

Фант Г. Анализ и синтез речи. Пер. с англ. А.Варшавского и Медведева. - М.: 1970. – 68 б.

Филин Ф.П. Происхождение русского, украинского и беларусского языков; Л.: 1972. – 655 б.

Финкель А.И. Курс современного русского языка. –Киев: 1965. – 360 б.

Фирбас Я. Функция вопросы в процессе коммуникации / Вопросы языкознания/ - М.: 1972, N 2. – 25-30-б.

Фланоган Дж.Л. Анализ и синтез восприятия речи. –М.: 1968. – 396 б.

Халле М. Фонологическая система русского языка // Новое в лингвистике. Вып.IY. - М.: 1962. – 299-339-б.

Хачартян А.А., Айрепетян Б.Н. Экспериментальное исследование согласных фонем литературного армянского языка. Ереван: 1971.

Хоккет Ч. Курс современной лингвистики. - М.: 1958.- 310 б.

Хомский Н. Синтаксические структуры /Новое в лингвистике/ вып.II.- М.: 1962. – 412-527-б.

Хомский Н. Три модели описания языка. - М.: 1961. – 122 б.

Ху Чженхуа, Ги Имар. Фую кыргыздарынын тили (илимий колжазма). 1987.

Хэррис З. Совместная встречаемость и трансформация в языковой структуре // (Новое в лингвистике). - Вып. IV. - М.: 1962.- 529-636-б.

Цеплитис Л.К. Анализ речевой интонации.- Рига: 1974. – 272 б.

Цеплитис Л.К. Семантика речевой интонации. – Рига: 1971.- 119 б.

Чанаков Р. Интонация воросительного предложения в современном киргизском литературном языке: Автореф. дис. ...канд.филол.наук. – Фрунзе: 1980. – 18 б.

Чейд Г. Звук. М: 1975.

Черемишна Н.В. Русская интонация: поэзия, проза, разговорная речь. – М.: 1982. – 201-205-б.

Черкасский В. Тюркский вокализм и сингармонизм. –М.: 1965.- 142 б.

Чикобава А. Проблема языка как предмета языкознания. - М.: 1969. – 143 б.

Чистович Л.А. Психоакустика и вопросы теории восприятия речи. –В кн.: “Разнознавание слуховых образов”.Новосибирск, 1970; Фланаган Дж. Анализ и синтез и восприятие речи. –М., 1968.

Чонбашев К.Синтаксистический строй русского языка в сопоставлении с кыргызским.АДД, Бишкек: 2002, - 46.

Шабдан уулу Ажыйман. Биздин тил (кыргыз тилинин синтаксиси) 1-баскыч мектептер үчүн окуу шайманы. – Кырмамбас, Фрунзе: 1931.– 70 б.

Шаймергенова С.А. Акустическая характеристика связи гласного с согласным в различных фонетических последовательностях. Автореф. дис. ... канд. филол. наук, Ленинград: 1986.

Шарадзенидзе Т.С. Проблема взаимоотношения языка к речи. – Тбилиси: 1982. – 181 б.

Шахназарова М.Н. Опыт нотной записи туркменской разговорной интонации //Известия АН Туркменского филиала АН СССР. № 3-4. - 1945.

Шведова Н.Ю. Очерки по синтаксису русской разговорной речи. – М.: 1975. – 377 б.

Шведова Н.Ю. Структурное схемы и их регулярные реализации // (Грамматика современного русского литературного языка). - М.: 1970.- 415 б.

Ширалиев М.Ш. Сложноподчиненное предложение в азербайджанком языке. – «Вопросы языкознания», 1961,
N 1. – 25-33-б.

Щерба Л.В. Субъективный и объективный метод в фонетике. /Языковая система и речевая деятельность/ - Л.: 1974. – 135-141-б.

Щерба Л.В. Фонетика французского языка. - Изд.7-ое. –М.: 1983. – 309 б.

Щерба Л.В. Фонетика французского языка. - М.: Высшая школа, 1957. – 311 с.

Щерба Л.В. Языковая система и речевая деятельность. – Л.: 1974. – 429 б..

Ыдырыс уулу А. Орфография тууралуу// Кызыл Кыргызстан, 04.04.1933.

Эголинский Я.А. Эмоции человека и двигательная деятельность. – Л.: 1978. – 19-б.

Эсенбаева Г.А. Вокализм киргизского языка в сопоставлении с тюркскими языками Южной Сибири, Новосибирск: ИД «Сова», 2008, 316 с.

Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь. –
М.: 1940, 1965. – 4-б.

Юнусалиев Б.М. Кыргыз диалектологиясы. Фрунзе: Мектеп, 1971, 292 б.

Юнусалиев Б.М. Тандалган эмгектер. - Фрунзе: 1985. - 509 б.

Языки мира. Бишкек: 1997.

Якобскон Р. Халле М.Фонология и ее отношение к фонетике // Новые в лингвистике. Вып.II.- М.: 1962.- 231-277-б.

Якобсон Р. Избранные работы. - М.: 1985. – 455 б.

Якобсон Р., Фант Г.М., Халле М. Введение в анализ речи // Новые в лингвистике. Вып.II. - М.: 1962.- 173-230 б.

Arnold D.R. Streess in English words - Lingua, v.6,
3-4. – 1960. – 281 б.

Arnold M.B. Emotion and Personality – New-York, Colombia University Prass, 1960, Vol.1-2. – 281 б.

Chomsky N., Halle M. The sound pattern of English. N.Y. 1968.

Danes F. Sentense intonation from a finotional point of viev // Word. 1960. N 16. – 34 б.

Davis J.C. Rhythimie stress in Spransh – Hipania, V.1954. – 34-54-б.

Gabelentz G. Die sprachwissenschaft, ihre Aufgabe, Methoden und bicherigen Ergebnisse. Lerprig, 1891. – 339 б.

Georg von der Gabelentz. Die Sprachwissenshagt, ihre Aufgaben, Methoden und bisherigen Ergebenisse, Lecprig, 1891.- 339 б.

http: //www.kg.spinform.ru/people.html;

http: //www.centrasia.ru/news.

Kindon R. English intonation practice. – London: 1958. – 207 б.

Kiparsky P. Uber den Deutschen Akrent. - Studia grammatica, 7, 1966. – 87-94-б.

QTÇO - Qьrɋьz tilinin çanъ orfografiyasъ. Frunze: 1938.

Toma P. Accent et ictus - Cohiers de Linguirstigul theorigue et appligu ee, 3. 1996. – 89-96-б.

Tьnьstan uulu Qasьm. Ene tilibiz. Frunze: 1934.

Tьnьstanop Qasьm. Qьrɋьz tilinin morfologiyası. Frunze: 1934.

## МАЗМУНУ


**Алгы сөз** 3

**Киришүү** 9

0.1. Фонетика жөнүндө жалпы түшүнүк 9

0.2. Фонетиканын изилдөө объектилери 11

0.3. Фонетиканын түрлөрү 13

0.4. Кыргыз фонетикасынын кыскача тарыхы 16

0.5. Фонологиялык парадигма 46

0.6. Фонетиканын аспектери 51

0.6.1. Фонетиканын акустикалык аспекти 51

0.6.2. Фонетиканын артикуляциялык аспекти 57

0.6.3. Фонетиканын перцептивдик аспекти 60

0.6.4. Фонетиканын лингвистикалык аспекти 61

0.7. Фонетикадагы эксперименттик ыкмалар 64

0.8. Үндүү жана үнсүздөрдүн спектрин алуу 69

**I бап. Сегменттик бирдиктер** 72

**1.1. Үндүүлөр системасы** 72

1.1.2. Үндүүлөрдүн курамы 74

1.1.3. Үндүүлөрдүн ажыратуу белгилери 74

1.1.4. Үндүүлөрдүн артикуляциялык базасы 79

1.1.5 Үндүүлөрдүн оппозициясы 89

1.1.6. Үндүүлөрдүн акустикалык базасы 92

1.1.7. Үндүүлөрдүн белгилик мазмуну 109

**1.2. Үнсүздөр системасы** 112

1.2.1. Үнсүздөрдүн курамы 112

1.2.2. Үнсүздөрдүн ажыратуу белгилери 114

1.2.3. Жарылмалар түрмөгү 115
1.2.4. Жылчыкчылдар түрмөгү 116
1.2.5. Үнсүздөрдүн артикуляциялык базасы 117
1.2.6. Үнсүздөрдүн акустикалык базасы 135
1.2.7. Үнсүздөрдүн белгилик мазмуну 137
**1.3. Муун табияты** 139
1.3.1. Муун типтери 140
1.3.2. Муун түрлөрү 143
1.3.3. Муунга ажыратуу эрежеси 143
**1.4. Үндөштүк кубулушу** 145
1.4.1. Үндөштүктүн түрлөрү 153
1.4.2. Үндөштүктү талдоо 154
1.4.3. Үндөштүктүн солгундашы 156
1.4.4. Үндөштүктүн бузулушу 157
**1.5. Кеп агымында тыбыштардын өзгөрүшү** 159
1.5.1. Тыбыштардын айтылыш фазалары 159
**1.6. Окшошуу кубулушу** 162
1.6. 1. Алга окшошуу 165
1.6.2. Артка окшошуу 167
1.6.3. Кайчылаш окшошуу 168
**1.7. Окшошпоо кубулушу** 168
**1.8. Ыңгайлашуу кубулушу** 170
**1.9. Кыскаруу кубулушу** 172
**1.10. Кептин фонетикалык жактан бөлүнүшү** 173
**1.11. Басым жана анын түрлөрү** 176
**1.12. Алфавит, графика, орфография: жалпы түшүнүк** 178
1.12.1. Орфографиянын негизги принциптери 181

1.12.2. Кыргыз орфографиясынын кыскача тарыхы 183
1.12.3. Жазуу эрежелеринин жаңы редакциясы 195
**1.13. Транскрипция** 198
1.13.1. Транскрипциянын түрлөрү: 198
1.13.2. Транскрипциялык белгилер 199
1.13.3. Транслитерация 201
1.13.4. Транскрипция үлгүлөрү 202
**1.14. Латын алфавитинин долбору** 207
**II бап. Суперсегменттик бирдиктер** 238
2.1. Интонация жөнүндө түшүнүк 238
2.2. Интонациянын курамы 251
**III бап. Айтымдын максат кырдаал интонациясы** 266
3.1. Эксперимент жүргүзүү материалдары жана аларды изилдөө методдору 266
3.2. Жай айтымдын интонациясы: аудитордук жана акустикалык анализ 278
3.3. Суроолуу айтымдын интонациясы: аудитордук жана акустикалык анализ 287
3.4. Буйрук айтымдын интонациясы: аудитордук жана акустикалык анализ 297
**Корутунду** 321
**Пайдаланылган адабияттар** 332

Илимий-практикалык басылма

Ташполот САДЫКОВ
Курманбек ТОКТОНАЛИЕВ

**АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИ:**
**фонетика жана фонология**

*Биринчи басылышы*

Техникалык редактор *Семенова Ж.*
Терген *Садыков Т.*
Калыпка салган *Мурзабеков У.*
1-коректура *Мамаюнусова Ш.*
2-коректура *Кожокулова Г.*

Басууга кол коюлду 09.11.2015-ж. Офсет басмасы.
Офсет кагазы 80 гр. Көлөмү 11.25 басма табак.
Ченеми 60x84 1/32. Буйрутма № 41. Нускасы 500 даана.
Имак Офсет басмаканасында басылды.